Жаңылануунун башкы милдети — адамдарга бир топ жылдардан бери көнүмүшкө айланып кеткен: «Жогору жак эмне десе, ошонун баары туура» деп кол чаап отура берүү абалынан чыгууга көмөктөшүү. Андай идеологиялык күчтүү каражаттардын бири — көркөм сөз. Замандаштарыбыз коомдун өткөндөгүсүнө, азыркысына жана келечегине тиешелүү болгон бардык маселелерди чечүүгө түздөн-түз катышууга укуктуу да, милдеттүү да экенин сезүүгө жардамдашуу, тагыраак айтканда, аларды пассивдүү аткаруучудан, активдүү катышуучуга айландыруу үчүн жагымдуу жагдай түзүүгө жардамдашуу менимче, сөз чеберлеринин учурдагы ишмердигинин негизги өзөгүн түзүүдө.

Мезгилдин жогоркудай өзгөчөлүгү кийинки жылдарда пайда болгон чыгармалардын публицистикалык курч мүнөзүнөн көрүнүп турат. Буга мисал катары Ч. Айтматовдун «Кыямат», В. Астафьевдин «Кайгылуу детективин», В. Распутиндин «Өртүн» көрсөтүүгө болот. Окурмандардын жан дүйнөсүн дүңгүрөтүп, аны ныксыроо, үргүлөө, керендик абалынан чыгарып, жашообуздун жан кейиткен жагымсыз жактарына акыл-эс токтотуп, күргүштөгөн турмуш күрдөөлүнө салакасын тийгизип жаткан беймаза көрүнүштөргө сын көз менен карап, андап-талдап көрүүгө, аларды оңдоонун ийкемдүү жолдорун табууга, ички дүйнөбүздү тазартууга жардам берип, ой чабытын кеңейтүүчү чыгармалар — ушулар.

Окугандын көзүн ачып, ой-санаасын аруулантып, жогоруда айтылгандай көргөндөрүнө көз жумуп, уккандарына баш ийкеп гана тим болбостон, чечкиндүү аракети менен жооп берүүгө чакырган тигиндей чыгармалардын азырынча аз болуп жатканы, албетте, өкүнүчтүү. Муну мезгилдин үнүнө үн кошуудагы өзүбүздүн кашандык менен гана түшүндүрүүгө болот.

Албетте, көркөм чыгарма далай түйшүк, көп машакаттардан кийин гана көз жарчу нерсе. Тыякка-быякка кетип, нечен толгонууларды баш-



өлүү буюмдар кимдердикинен чыгын жатат? Чон кызматтагылардан. Бирөөнүн миллиметр болсо да өзүнөн алдыга өтүп кетишин каалабагандыктан андайдын үстүнөн ушак уюштуруп, а түгүл көрүнгөн жакка тоголок каттар жиберип турбаса, ичкен-жегени ап болбогондордун көбү да мына ошолордон. Кыскасы, менин жаңы чыгармам ушул нерсеге — ыйман маселесине арналмак.

**Салижан Жигитов,**

**СЫНЧЫ, КЫРГЫЗ ССРинин МАМЛЕКЕТТИК СЫЙЛЫГЫНЫН ЛАУРЕАТЫ**

КПСС БКнын 1985-жылкы апрелдеги Пленумунан бери өлкөбүздүн саясий турмушунда, партиянын өзөктүү идеологиялык принциптер системасында, саясий агитация жана пропаганда жаатында революциячыл процесстер жүрдү. Мурунку жана жакынкы тарыхыбыздын кыцыр кеткен жерлери, коомубуздун реалдуу өксүктөрү, социалисттик демократиянын белгилүү өлчөмдө кысылып келгени, бийлик органдарында айрым зомбулуктар өкүм сүргөнү, экономикабыздын өнүгүшү токтоп калганы, рухий маданиятыбызда жапырт зор жылыштар болбогону, койчу, жаамы совет калкынын, жамаатынын кендирин кесип, этегинен тартып, дымагын курутуп турган терс себептердин баары жарыя айтылып, сынга алынып, илимий жактан талданып жатат. Баарыбыз рухий үргүлөө, ныксыроо, шалдыроо абалынан кескин серпилип чыккансыдык. Жашоо кумарыбыз дүрт от алды, саясий активдүүлүгүбүз күчөй түштү, ыргылжың тарткан умуттөрүбүз жанданды.

Арийне, адам баласы сезим-туюмдары аркылуу тыштан кирген реалисттик маалыматтардын шарапаты менен акылдуу болот. Акыл-эс дайыма катуу чымырканып, алдынан чыккан ой карама-каршылыктарын чечмелеп, ар кыл курч пикирлердин өз ара кагылышына катышып, күйүп-жанган абалда жүрсө гана өсүп отурат. Бу жагынан алсак өткөн үч жыл ар бир советтик интеллигент үчүн өтө ынгайлуу болду. Борбордук орусча газеталардан жана журналдардан биздин башыбызга жаңы информациянын, мурда айтылбаган акыйкаттардын, акыл иштетчү карама-каршы ой-пикирлердин нөшөрлөгөн жамгыры төгүлдү. Бардык борбордук прессанын эл арасындагы кадыр-баркы көкөлөп көтөрүлдү. Маселен, мен үч жылдан бери жалаң газета-журнал окуганга убактымдын көбүн жедирип, менчик иштеримдин арабасын алга жылдыруу жагынан аябай мүчүп калдым.

Жалпы совет адабиятында, айрыкча орусча көркөм сөз өнөрүндө сенсациялуу окуялар болду. Көптөн бери басылбай жүргөн чыгармалар жарыяланды, адабият тарыхынан тышта калган ысымдар кайра жанды, өткөн убактарда сөз кылганга уруксат берилбеген темаларды козгогон ар кыл чыгармалар жаралды. Адабий талкуулар өтө курч өтө баштады, талкууларда айтылган пикирлердин ар түрдүүлүгү артты. Айтор, орусча адабий журналдарда жана газеталарда китепкөйлөрдүн ынтызарлыгын туудурган, делебесин козгогон, бүйрүн кызыткан материалдар абдан арбын басылды.

Ачык айтып, ак сүйлөө саясатынын советтик адабиятка кадыресе жан киргизгени көз көрүнөө факт. Албетте, кыргыз адабияты да мындай процесстен тышкары калган жок. Адабий чөйрөбүз аябай бурканшаркан түштү, эки жыл мурда көтөрүлгөн эмоциялык толкундар алигиче жерге төшөлө элек. Чогулуштардын көбү бирөөлөрдү «төө бастыга» алуу, мурдагы ыдык жегендердин арыз-муң айтуусу, эзелки кегин чыгаруусу менен өттү. Учурдагы ситуацияны өз мүдөөлөрү үчүн пайдалангандар болду. Ошону менен катар дурус идеялар да ишке ашты,



## Эркин Борбиев,

ЖАЗУУЧУ, КЫРГЫЗ ССРиинин ИСКУССТВОСУНА ЭМГЕК СИҢИРГЕН ИШМЕР

1. Ашыра пайлык, бирок партиянын ал пленуму — айрым курултайларга тете тарыхый пленум болдубу деп ойлойм мен өз ичимен. Андан бери мына төртүнчү жылдын көзү өтүп баратат, бу мезгилдин ортолугунда турмушубуздагы чон жана кыйла өзгөрүүлөргө өзүбүз күбөдөрбүз, өзүбүз да катышып жатырбыз. Калк демократияга, жаки бийликке умтыла баштады «Демократияны» эмелеп которсок — «эл бийлиги» дегенге келебиз. Чыгайган чыдыкты, кабырганы майыштыра, жанды кашайта турган ыңгайлуу бетти айтууга, басма сөздөрдө жарыялоого мүмкүнчүлүктөр түзүлдү жана түзүлүп да жатат. Кайта куруу, маалымдык, жаңыча ойлонуу күндөн күнгө күч алып өөрчүүдө. Бул маанилүү терең түзүлмөлөрдү жеткилеңирээк, толугураак түшүнүш үчүн 1985-жылдын апрелине чейинки турмушубузду элестетишибиз зарыл. Кыныр





ныштыра албасак — анда мунубуз да натуу.
Биз социалисттик түзүлүшүбүздү кай.
түзүлүштү чыноочу күч-арак
к. биз о
тап, ишке киргизүүдөбүз. Кайта
бүткүл тармактарды камтыйт — экономиканы, илимди,
коомдук турмушту, адамдык мамилелерди... Ар кимибиз
тырмак барыбыз дагы акылдуураак, ынсаптуураак, басмырыраак,
чынчылыраак, ишкерирээк, кененирээк, эркүүрөөк, күйүмдүрөө
жеке адамдын, инсандын кеп башындагы кемчиликтерди
коомдук турмуштагы кайта куруу жумурлашып шайкештелгенде гана
ан максатка жетмекпиз.

машаты гана эмес, ал сын-тангыттын күчөтүлүшү. Бирок
шы озунган таз бөрк алат болуп, шардандан кызыл-
лөмпоздор, демагогдор, оозуна алы жетпегендер да
пайдаланып калышты. Шардана жумурай журтка, аны
чулар бизге да айбай керек. Бирөөнүн китебин
койгон киши мыкты да, дос да, ал эми сындап койсо —
ден бер, жаман киши да ошо, кас киши да ошо. Эр болсоң
көр — «а өзүң эмнени кыратып
кекчилдигибизди айтпай-ак коеюн — эл укпасын.
жыргатып эчтеке жараталбайбыз. Дагы бир нерсе
лаш-тартыштын, пикир алмашуунун маданияты жокко эсе
максындын», «маа акыл үйрөтпөгүндүн» тегерегинде.
ызакордук; сөз көтөрүмсүздүк, ой токтото
абырдуулукту, талкуулоо маданиятын
тап, ыйкы-тыйкылыкты, кажы-к
ырбаткандан башкага пайдасы
сындай да, сынды көтөрө да билиш керек. Бирок сын
чыгарманы калыс таразалап талдоого гана багыштала

Жаңыча ой жүгүртүү маселеси да ар бир инсандын жана коомдун
алдына өзүнчө милдеттерди коюп жаткандан. Кишилердин дээрлик ка
чүлүү деменде кеп башынын тегерегиндеги сопкуттар жөнүндө ойло
нүшат, маселен, окуу же иш жөнүндө, ата-эне, үй бүлө, ага-тууга
ричилик, өзүнүн же жакындарынын саламаттыгы ж. у. с. 2000-жыл
астанада турат. XX кылымдын экинчи жарымында адамзаттын турму
ошондой чон өзгөрүүлөр болду жана калган он
толгон-топон жаңылыктар ачылмакчы. Бул б
ы. Экинчиден, жердин байлыгы жыл санап азаюп баратышы, биринчи
кезекте, кыртыштын арыкташы, аванын бузулушу, таза суунун азайы
шы ж. б. Үчүнчүсү — жаны согуш коркунучу, ал алааматтан жерди,
адамзатты сактап кала алабызбы деген суват. Бул маселелердин тете
гинде мамлекеттердин жетекчилери, окумуштуулар, белгилүү ишмер
лер гана ойлонушпастан жер планетасынын ар бир атуулу ойлонууга
езгил жеткендей шекилдүү. Адамзат — бул ааламда азырынча жапа
дан жалгыз окшойбуз. Андыктан бири бирибизге болгон, жер-энебизге
болгон ар кимибиздин жекече мамилебиз жаңыча ойлонуунун бир учу
гун түзмөк.

2. Мен өз ара маектешчү, курагыбыз боюнча бир муунду түзчү ке
сиптеш прозаиктер тууралу гана бир аз айталмакчымын. Менимче
М. Байжиев, Ө. Даникеев, А. Стамов, К. Акматов, Б. Жакиев, М. Гапа
ров, К. Өмүркулов, К. Жусубалиев, А. Жакыпбеков ж. б. жигердүү
эмгектенип жатышкандай. Бул муундун өкүлдөрүнүн устатчылыгы же
тилип, инсандык, атуулдук баралына келип, чыгармачылыктарынын
чилдеси чыгып турган чак. Азыр иштебесек, анан качан иштейбиз.

3. Үстүбүздөгү жылы мынабу маселелерди чечели, мынабу сопкут
тарды чагылдыралы деп мага кесе айтуу кыйын. Жазуучулук — кеп

адамдын иши, чыгарма — дааналанып жарала турган нерсе. Сүрөткер дин алдында алмустактан берки маселе ушул: адам жана айлана чөйрө, адамдын бирн бирине болгон мамилеси, анын ички дүйнөсү... Ар бир жазуучу өзүнүн талантына, устатчылыгына, материалды билгенине жараша ал маселелерди чыгармаларында чагылдыра бермекчи. Албетте, ушул таптагы турмуштун талабынан, агымынан эч ким четте калгысы келбейт денизчи.

Ойлор көп. Убакыт жетишпейт. Бир нече ангемелерди жазышым керек, повесть менен сценарийди аякташым зарыл. Кийинки учурда адабий публицистикага да кызыгып кетип, көлөмдүү макалаларды жазууга туура келди. Шашышыбыз керек. Жылдар болсо өтүп жатат...

**Осмон Ибраимов,**
СЫНЧЫ, ФИЛОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИНИН КАНДИДАТЫ

Акындар демейде Убакытты, Мезгил арышын учкан кушка, агын сууга, соккон шамалга салыштырышат. Акыйкатта да ташка тамга баскандай таамай эпитеттер... Мезгил эч качан кедерине бурулуп акпайт, жарык дүйнөгө бир келген сон кааласан да, каалабасан да өмүр арабасы сапар улаганы улаган; акын болбосон да бетине түшкөн тырышты саамайындагы улам арбып бараткаи күмүш кылдарды, кечээ эле күнү «р» дегенди «й» деп сүйлөгөн балдар бүгүн ортон колдой улан-кыздар экенин көргөндө убакыттын желдей учканын бир туясын. Бирок ошонун баары мезгил, убакыт деген түшүнүктөр менен тутумдаш. Ал эми тарыхчы? Аны да мезгил сынары көз көрүнөө, атүгүл физиологиялык түрдө сезүүгө, туюнууга мүмкүнбү? Менимче, дайыма эле эмес, күнүгө эле эмес. Жылыга да эмес. Бирок кээде илеи-салан гана тегеренгенсиген тарых дөнгөлөгү не бир катылуу жаткан факторлордон кубат жыйнап, алдагандай потенция топтоп, бара-бара кыймылга келип, чарк айлана баштаганына күбө болгон учурлар да болот. Аргасыз К. Маркстын: «еволюция — тарыхтын майрам учуру» деген гениалдуу афоризми эске түшөт. КПСС БКнын апрель пленуму (1985) биздин өлкөнүн турмушунда ошондой революциячыл процессти баштаган, экономиканы, рухий турмушту ыкчам кыймылга келтирип, алдыга түрткөн тарыхый окуя болуп калды. Анын жемиштери азыр эле кызарып бышып, даяр болуп калды деп айтыш али эрте, бирок айлана-чөйрөбүздө, күндөлүк турмушубузда өзгөрүүлөр канчалык көп болуп жатканына, ал өзгөрүүлөрдүн баары акыры келип коомдук процесстеги адам факторун активдештиргенине, демек, объективдүү тарыхый процесс мезгилинен кечикпей ылдамдап баратканына ар кимибиз күбөбүз. Моюнга алышыбыз керек: не бир кызык, өтө бир жоопкерчиликтүү тарыхый моментти баштан кечирүүдөбүз...

Андай учурларда абалтан турмуш күзгүсү, доор жарчысы болуп келген адабияттын, искусствонун мааниси өсөт эмеспи. Асыресе, азыркы кайра куруу доорун, жарыячыл жаны турмушту көркөм анализдеш, ошол революциячыл процесске обочодон же үстүртөн эмес, дал алдынкы чегинен кол кабыш кылыш — жазуучумун деп басып жүргөн ар бир адамдын милдети, парзы. Кайталап айтайын: адаттагыдай даңазалаш эмес, **реалдуу жардам көрсөтүш, кызмат кылыш** парз болуп турат. Азыр коомго даңазачыл, одачыл, конъюнктурачыл поэзия эмес, жылаңач төөнү бучкакка чапкандай өткүр поэзия, ташка тамга баскандай көркөм сөз керек болуп турат. Бүгүн бир кездегидей кандай лозунг, ураан болсо да: «Жашасын!» деп керней-сурнай тартуу эмес, катаал анализ, акыйкатчылдык, алга кетирбей кедерибизге тарткан кокуй көрүнүштөрдүн пардасын сыйруу зарыл. Чыңгыз Айтматов «Огонек» журналындагы интервьюсунда (1987, № 28) айткандай, кайра куруу анчейин бир



**Сагын Акматбекова,**

акын

Ооба, КПСС БКнын апрель (1985-жыл) Пленуму өлкөнүн саясий-экономикалык, коомдук-маданий турмушун жаңы бир нукка салды. Көп жылдар бою бир орунда дымып, ныксырай түшкөн коомдун турмушун нан та революциялык кыймылга келтирди. Ыкшоолук, кайдыгерлик сыяктуу илээшкен оорудан айыктырып, жаңы иштерге үндөдү. Өндүрүштүн ар кандай тармактарында мыкты эмгектик ийгиликтер жаралууда жана ал эмгек өз убагында партия менен эл тарабынан татыктуу баасын алууда. Ошонун натыйжасында эмгекчилер дагы да шыктанып иштей жатышат. Бул айтыла жүрчү жөн эле кургак сөздөр эмес, муну мен бир чети журналист катары жер-жерлерге командировкага чыкканда өз көзүм менен көрүп, күбө болуп жүрөм. Жөнөкөй эле мисал: жакында республикабыздын Ала-Бука районундагы көпчүлүк чарбаларда болуп, талаачылыкта жана малчылыкта иштеген адамдар менен жолуктум. Ошолордун арасында саанчылар да болду. Алар менен сүйлөшүү кызыктуу болгонун айта кетүүм керек. Мындан үч, төрт жыл эле мурда өзүнүн күнүнө канчадан сүт саап алып жатканын да билбеген саанчы бүгүн коомдук турмуштун бардык жагынан кабардар болгон таптакыр башка адам. Өз эмгегинин баасын мыкты билген, анын сапатына жана натыйжасына көңүл буруп, чын ниети менен эмгектенген сергек адам. Мурда: «күнүнө канча килограммдан сүт саайсыз?» — деп сурасаңыз,— «э, аны эсепчиден сурап алыңыз, мен кайдан билейин» деген саанчы бүгүн ошентип өз кесибинин нака ээси. Чарба жетекчилери да өзгөргөн. Галстукту чычайта тагынып, кычырай кийинип менменсинип, манчыркаган, бир ооз сөз сүйлөөдөн эринип ынгырангандар жок. Көбү эмгек кайнаган жерде, эмгекчилер менен бирге. Талаада болсо, талаада, тоодо болсо тоодо жүрүшөт. Ошондой жетекчилердин бири — жаңы уюшулган «Ак-Там» совхозунун директору Жумакадыров Абдыкадыр. Совхоз бүт бойдон чарбалык эсепке, башкаруунун цехтик системасына өткөн. Жаңы уюшулса да быйыл кирешелүү чарбалардын катарына кошулду. 1986-жылды мал кыштатууну ийгиликтүү өткөргөндүгү үчүн КПСС БКнын, СССР Министрлер Советинин, ВЦСПСтин жана ВЛКСМ БКнын өтмө кызыл туусу менен сыйланган. Элдин турмуш жыргалчылыгын жогорулатууга көңүл бөлүнүүдө, жакын арада чарбанын аймагында чон маданий-спорттук комплекс, ашкана, чайкана, турмуш-тиричилик жактан тейлөө үйлөрү курулмакчы. Мына ушул милдеттер өз убагында аткарылат деп ойлойм, анткени, директор өзү да белсенип иштеп, элди да ошондой иштете билген адам. Жазуучунун иши да эл менен, эл мүдөөсүн сезип, элге жете турган чыгармаларды жаратуу.

Жаңылануу, кайра куруу, айкындык деген — жазуучу үчүн биринчи кезектеги абийир менен иштөө, коомдук жана жеке турмуштун жарык жагын гана эмес, көлөкө жагын да айкын көрө билип, кашкайган чындыкты гана айтуу. Албетте, башкаларга окшобогон өз түшүнүгү, өз көз карашы, өз үнү болсун. Ушундай жагдайдан алганда менимче биздин адабияттын колу куру эмес. Чыңгыз Айтматовдун: «Акыр заман» китебин айтпаганда да далай жакшы китептер, чыгармалар жазылып жатат. Ошондой чыгармалардын бири — Кубатбек Жусубалиевдин «Күздүн акыркы күнү» повести, ал журналдын өткөн жылдагы 8-санына жарыяланды. Ырас, чыгарма бүгүн эмес, 1970-жылы жазылыптыр. 16 жыл өтүп 17-чи жылга караганда басылып отурат. Ооба, кеч. Кеч болсо да чыкты. Бу да болсо ошол кайра куруунун, жаңылануунун, айкындыктын үзүрү. Экинчиден, кеч болсо да басылып олтурушу ал — чыгарманын мыктылыгынан. Мыкты чыгарма качан жазылбасын, өлбөйт. Маркум Табылды Мукановдун ырлары да өлбөптүр. Ал да акын катары өз убагында бааланбаганы менен бүгүн өзүнүн татыктуу баасын алды. Бул да жаңылануунун белгиси. Ак нерсе ак делинип, көк нерсе



# Ала Тоо

АЙ САЙЫН ЧЫГА ТУРГАН АДАБИЙ-КӨРКӨМ ЖАНА КООМДУК-САЯСИЙ ЖУРНАЛ

КЫРГЫЗСТАН ЖАЗУУЧУЛАР СОЮЗУНУН ОРГАНЫ

## МАЗМУНУ


**Чыңгыз АЙТМАТОВ.** Кыямат, роман (соңу) 3

**Эсенгул ИБРАЕВ.** Малчылар жашайт бийикте, ырлар . . . . . 74

**Нууман САЙДУЛЛАЕВ.** Жылдын он эки ирмеми, новеллалардан турган повесть . . . . . 79

**ЖАШ КАЛЕМ**

**Керимбек КАДЫРАКУНОВ.** Ырлар . . . 125
**Кожогелди КУЛУЕВ.** Ырлар . . . . . 127

**ИЗДЕНҮҮ, ТАБЫЛГА, ЭСКЕРҮҮ**

Жаңыш акын . . . . . 130

**ЖАШ КАЛЕМ**

**Өмурбек ТИЛЛЕБАЕВ.** Ырлар . . . . 135
**Курмушу БЕКМУРАТОВ.** Ырлар . . . . 138

**ӨНӨР**

**Омор СООРОНОВ.** Мукай — артист жана драматург . . . . . 142
**Мукай ЭЛЕБАЕВ.** Тамаша сөз . . . . . 146

**ОЧЕРК ЖАНА ПУБЛИЦИСТИКА**

**Муса САПАЕВ.** Кунары качты жайыттын . 148

**АДАБИЙ СЫН, АДАБИЯТ ТААНУУ**

**Сагындык ӨМУРБАЕВ.** Орустун улуу дастаны эне тилибизде . . . . . 153



№ 2

ФЕВРАЛЬ

1988

1931-жылдан бери чыгат



ГБ Киргизской ССР
1988
имени В. И. Ленина

Муса Сапаев

ОЧЕРК. ПУБЛИЦИСТИКА

# Кунары качты жайыттын...

Бүгүнү жайыт маселеси республикебыздагы эң татаал да, түйүндүү де маселелердин бири болуп калды. Анткени, бул элат адамынын инсандык кереегесине демөөр болуу менен бир тарабы Ысык-Көлдүн айлана-чейресүндөгү көңүл өйүткен көрүнүштөрдү эзелесе, экинчи канаты токой корук — жалпы экологиялык өзгөрүүлөрдү камтып өтүп, курч туяк жылкынын көбөйүшүнө келтирбөлгөн себепке айланат да, ал гана эмес мөмө-жемишинин молдугу, малынын ырааттыгы менен Орто Азияга кеңири белгилүү болгон Ош шаарынын атактуу базарынын өгүл-төгүлдүгүнө өзүнүн таасирин тийгизип олтурат.

Бар болгону мындан сегиз-тогуз жыл илгери Ош базарында саратөө өз ектүүлүн сүрүп турган күндарда коон-дарбызды таразага тартуу деген болчу змес. Бакжайган жайдары мүнөз дыйкан жадырай күлүп, жарыла албай чатырап алаканга ооруп токтогон дарбызды канча десең, бир сом деп коер зле, ал эми терип-текшерип келгенде килосу 6-8 тыйындан ашчу змес. Азырчы? Мына кийинки жылдары дарбыздын килосу 20-25 тыйындан, коондун килосу 30 тыйындан төмөндөбөй койду. Бир кезде Ош Анжиян, Фергана, Кокондуи ашпозчуларын тамшанткан өзгөн күрүчүнүн бир килосу жайы-кышы беш сомдун айланасында. Эмне үчүн? Себеби зле багбанчылыктын ерчүшүкүн санап өсүп жаткан элдин талабына шайкеш өспөй жатат — аны тоют аянттаоы кысып салды. Мына ушундай тартышчылыктан пайдаланып, кызыл кулактар минералдык жер семирткичке «чылаиган» жашылча менен базарды толтуруп жаткандыгы тууралуу газета-журналдар бир нече жолу жазып чыкты. Базар дыйканчылыктын күзгүсү деп коет, базардагы абал биздин айыл чарбадагы абалды даана чагылдырып турат. Бир кезде колхоз-совхоздордун айдоо жерлеринин жака-белинде жакшы иштетилген, эч кандай шылтоо дооматсыз эле жумушчуларга берилген жер-жемиш эгилүүчү чекан чакан аянттар болор эле, бүгүн андай жерлерди атайлап издеп жүрүп араң табасың ал тургай жол салуу, курулуш куруу үчүн айдоо аянтынан жер бөлдүрүү тозок.

Ысык-Көлдүн азыркы ал-ахыбалы баарыбызга кеңири белгилүү. Ал эми көздүн жоосун алган, кумарыңды кандыргаи, миң кыялды толготкон атактуу токой коруктарды айтпай эле коелу, андан алда канча кичине болсо да ошол аймактын ажарын ачкан кооз кокту-колот, коолдогон капчыгай, сан керүү тайпалар огөлө көп десеңчи. Бирок аларды табигаттын керкү, өмүрдүн даңазасы катары кастарлап пайдаланууунун ордуна малга тебелетип-тепсетип каржайган карт токойчого айлантып отурабыз. Эмне, муну керүп-билип туруп ичибиз күйбейбү, туталанбайбызбы? Бирибиз калбай баарыбыз тең: сактоо керек, коруу керек дейбиз, үшкүрүнөбүз, көйийбиз, бирок келип эле жайыттын жетишсиздигинен алаканды жайып өзүбүздү-өзүбүз алдоого чейин барабыз: «Быйылча мал жайып турсак эчтеке болбос, келерки жылы ойлонуштурабыз», — деп соороноБүз, түпкү максатыбыз эптеп эле жылды томолотуп кийинки жылга өтүү. Анан кийинки жылы деле баягы эле тез кейпибизди кайрадан кийип, андан кийинки жылга ык салабыз. А жайыт жерлер болсо чаңы чыгып, уламдан-улам такырга айлануууда...

Ушундан улам мындай бир нерсе эске түшөт: 1271-жылы Алай өрөөнү аркылуу Италиялык белгилүү саякатчы Марко Поло венециялык көпөстөр менен Чыгыш Кытайга бара жатып күндөлүгүнө мындай деп жазган экен: **«Эки чокунун ортосундагы мына ушул бийик жерде ойдун созулул жатат, бул ойдунду көсип өткөн озөн адамдын көңүлүн эргитлей койбойт. Мындагы жайыттардын оттуулугун айтпа, эң арык мал бул жерде он күндүн ичинде кадимкисиндей семирип, аркасы ачылбай чыга келет. Ал эми**

---

**Муса САПАЕВ** — Фрунзедеги политехникалык институтту бүтүргөн. Кесиби инженер-механик.

Анын ырлары «Учкун», «Переаал» аттуу ыр альманахтарында, мезгилдүү басма сөздө жарыяланып келатат.

Алай районунун Дароот-Коргон селосунда жашайт.



жатыл ашыкча чыгымдарга кириптер болдук. Мунун түбү эмнеге алып келип соктуу Кийинки он жылда этке тапшырылган койлордун орточо салмагы 48 килограмдан 38 килограмга төмөндөдү, ал эми уйдуку болсо 327 килограмдан ашпайт. 1986-жылы ошондон улам мамлекетке 12 миң тоннадан ашык эт кем тапшырылган. Коромжу 46 миллион сомду түзүп, бир кезекте 8-9 центнер тоют биргинги менен баймелеп кыштан чыккан мал азыр 21 центнерди талап кылып олтурат. Чарбаларыбыздын 15 процентти зыян тартуу менен иштеп жатат. Же болбосо жетимишинчи жылдан сексенинчи жылга чейинки аралыкта республикабызда малдын саны 9 процентке өскөн да, тоют даярдоо 84 процентке көбөйгөн.

Чабандардын жайлоосуна барганда алардын турмуш-тиричилиги менен таанышкан соң адатта короону кездей басабыз, назар салсаң жуушап жаткан койдун арасынан жеткирген үн чыгат, эмне себептен мындай деп, чабанга суроо бергенде, «такырая оттолгон жайыттан кайтканда алдыңкы жандыктын туягынан чыккан чаңды арткылары жутуп апке оорусуна чалдыгат» деп калышат. Мал чөптүн чиринди темирин көшө жулуп жеп карын илдатын менен жабыгарын да айтышат, буга кошумча булактардын тоолушунан жана тоо жеринде бургулоо аркылуу суу чыгаруу кыйындыгынан малды жай мезгилинде ташкындаган ылай сууга сугарууга туура келет. Жогорулуктүү чөптердүн азайышынан жыл сайын уулуу жана зыяндуу өсүмдүктөр көбөйүүдө. Короолордун, өткөктөрдүн, дайыма пайдалануучу конуштардын айланасында акыр-чикир таштандылар додолонуп уйулуп жатат. Маңгудан сызылып түшүп, жайлоонун ортосу менен короодон-короону жандай аккан майда суулардын кык аралаш кирчимактаниши ойлонууга аргасыз кылат. Мына ушул кырдаалда жайыттын оттуулугунун төмөндөшү кулакка сиңген сөзгө айланып, анын гигиеналык абалынын начарлашы көңүлдү ийүтүүдө, малдын өлүм-житимине себепчи болууда. Бир кездерде Марко Полону таң калтырган аркар-кулжанын азыр Алай аралыгында кездешпей калганына канча жыл болгонун ар кандай боолгоп жүрүшөт. Жылга-жыбыт, чөр-токой, бөл-ашуу, бийик сырттар тыгыз жайытка айландырылгандыктан көчүп зле биз Дөрөөт-Коргондун бөт маңдайындагы тоодон карып жүрүүчү кийиктердин калган-катканы эми бийиктиги жети миң метр.ак маңгүлөрдүн астына корголоп күн көрүшөт, тариси баалуу этактуу алай кызыл суусу бирдеп-жарымдап калды. Бекинер бөтөгеси жок, шыбак-бадалы аз калган Алай тоолорунун улары да өтө сейрек үн катат. Минералдык жер семирткич чачып жайыттын түшумдүүлүгүн жогорулатабыз деп, кекилик менен чилди, эчен түр чымчыкты кантип азайтканыбызды байкабай да калдык.

Мал чарбачылыгын ургаалдаштырууга арналган илимий эмгектер өз алдынча өкүм сүрүп, жайыт өз алдынча жашап келатат. Жайыт жана тоют институтунун түзүлгөндүгүнө он жылдан ашып, жайыттын айланасында көптөгөн илимий даражалар жакталып, монографиялар, китептер басылып чыкса да, бүгүнкү күндө жайыттын чыныгы аянты, оттуулугу, калечиги, экологиялык-гигиеналык абалы тууралуу канааттандырарлык деңгээлде чындыкка жакындашкан маалымат жок. Китептен-китепке көчүп жүрген көрсөткүчтөр эбак эскирген, ага эч ким көңүл бөлбөйт, жайыттын түшүмдүүлүгү шартка жараша болжолдуу бааланат. Мисалы, Алай районунда 1976-жылы мал башына жылдык рацион түзүүдө колдо бар тоют менен жайыттын пропорциясы эсептегенде 1 га. жайыт жарынан 9 центнерден кесек тоют талап кылынган, ошондуктан жайыттын орточо түшүмдүүлүгү тогуз центнер деп алынган. Ал эми 1986-жылы мал чарбасын жыл бою талапка ылайыктуу тоют менен камсыз кылыш үчүн жайыттын үлүшүнө 11 центнерден кесек тоют туура келгендиктен, жайыттын түшүмдүүлүгү он бир центнер деп кабыл алынган. Бирок мындай түшүмдү жайыт тургай сугат жерлерден алуу кыйын.

Алай аралыгында үч республиканын (Кыргыз, Өзбек, Тажик) төрт областынын малы жайлайт. Бизге келген окумуштуулар, илимпоздор жайытты рационалдуу пайдаланууга аракеттенбейсиңер деп калат. Бул белгилүү даражада туура, бирок негизинен жайыттын жетишсиздигинен, чөбүнүн суюктугунан мал багуунун алдыңкы ыкмаларын, илимий сунуштарды кеңири практикалоого мүмкүн болбой жатат. Ошондуктан койлорду жайытта багуу кепчүлүк учурда бир эле ыкма менен, эркин жөөу ыкмасы менен жүргүзүлүүдө. Чабанга белүнүп берилген жайыттын жалпы аянтында койду кечке жайып келүү багыты каминде тогуз болушу талап кылынса, иш жүзүндө үч-төрттөн ашпайт, натыйжада тез-тез кайталап жая берүүдөн улам бөтөгөлүү бөт такырайып, кыртыш талталып жатат. Эгер мал сейрек жайылган беттн карасаңыз сөөлжандын уясындай көпшөк кыртышты, табигый майда жараңкаларды көресүз, жаанда бул жерлер сууну шимирип алат. Ал эми мал такай оттогон жер тыгыз ныкталгандыктан жаан суусу жерге сиңбей, нук менен агып кетет. Бул биринчиден, экинчиден, жайлоого көчүп барган малчыларды отун (көмүр, газ) менен камсыз кылууга узак жылдар бою талаптагыдай каңүл белүнбегендуктан малчылар шыбак оруп, бадал-тал менен арчаны кыйып жагууга мажбур болушууда. Мына ушунун кесепетинен бүгүнкү күндө көп колоттор, көпчыгайлар, көнөн дөралар жыланач калды. Алайда арчасынын бийиктиги он метрден ашкан Такалик аттуу жайлоонун беттери азыр аңызга айланды. Сандал деген жайлоодо кирген адам адашып кетчү талдары бийик өскөн кокту болор эле, эми анын талын кыйып жагуудан улам дүмүрлөр гана мулуят. Таканчы болбогондуктан башта тынч жаткан беттерден майда көчкүлөрдүн кетиши жыл өткөн сайын көбөйүүдө. Бул кер калың жатып чөп бийик өскөн беттерде нымды азантса, экинчиден, колоттордо кардын ашыкча топтолушуна алып келүүдө, ошондуктан кийинки жылдары суулардын ташкындешы өтө эле айпарандуу боло баштады. Айылдагы карыялар да мындай болгону эсибизде жок деп айтышат, буга эч кечен суу ташкынына көбилбаган жерлер-

дым ...арга айланып бера жатышы да күбө. Мына, беш-аяты жылдан бери ири көлемдегү тосуу жумуштарына карабай Кызыл-Суу дарыясы Жөкөнди менен Кара-Мык кыштагының ортосундагы кең түздүктү бузгандан бузуп, кичирейтип эле баратат. Өткөн жылы май айынын аягында Дөроот-Коргон айылына чоң коркунуч туудуруп, эл эки жума тынымсыз иштеп, анда да күндүн салкын тартышынан улам гана меңкүгөн дарыяны араң ооздукташтыр. Нөшөрлөп жааган жаандын суусу жерге сиңбөй бир көлөтко жыйылып, Гүлчө, Сопу-Коргон айылдарын нечен күрдай дүрбөлөңгө салды. Айрыкча жергебиздин нукура көркү, сүрдүү тоолордун бирден-бир ажары арчанын кескин суюлуп баратышы адамдын жүрөгүн сыздатпай койбойт. Окумуштуу Г. Проскурянын маалыматтарына караганда бир гектар аянтты ээлеген арча чоң шаардын абасын тазалоого жарап, ошондой эле тоо жеринде булактарды суу менен камсыз кылган, кыртышты кармап турган негизги өсүмдүк экен. Мына ушул жүздөген жылдарда гана жетилген баалуу даракты жоготуп алып, кийин эгип көбөйтүүгө жасалган аракет эч жерде жарытарлык жыйынтык бергени жок! Демек, жайлоону пайдаланган ар бир чарбага, малчыга, токойчуга, геология кызматкерине, туристке, альпинистке ошол жердин арчасын бирден эсептеп өткөрүп берип, кайрадан кабыл алууга чайники черага барсак ашыкчалык болбойт эле.

Албетте, жайытты жакшыртуу иштери жүргүзүлгөн эмес дал айтууга эч кимдин акысы жок, көптөгөн аракеттер жасалды, белгилүү жумуштар аткарылууда, бирок аныш дегээли малдын башынан өсүшү мөөнөн тең тайлаша албады. Азыр көп жылдардан бери эреже катары бааланып, күнүмдүк турмушубузда пайдаланылып келаткан суунуштарлы жаңыча ой жүгүртүүнүн элегинен өткөрүүнүн зарылдыгы турат. Мисалы, мал чарбачылыгын изилдөөгө негизги эмгектерди иргөө менен түзүлгөн «Кой чарбасы боюнча справочникте» («Кыргызстан» басмасы, 1974-ж., жазган-авторлор коллективи) мындай сунуштар бар: «Жайытты жылдан жылга пайдаланбай коюш дагы зыян экендиги белгилүү...», «жайыттарды жана чөп чабындыларды химиялык заттар менен тазалоого болот...», «жайыт жана чөп чабынды аянттарды малга зыяндуу тикенектүү дадандардан (ит мүрүндан, карагандан), өтөө, үлүү чөлтөрдөн тазалоо иштерин кечиктирбестен жүргүзүү, жайыттын түшүмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн минералдык жер семирткичтерди кеңири пайдалануу керек...» ж. б. у. с. Эми биз академиктер К. Константьев менен В. Зуевдин, техника илимдеринин кандидаты Л. Соловьевдин «Гроза над биосферой» аттуу макаласына кайрылалычы («Правда» газ. № 192, 1987 ж.) «Айыл чарба андурушун интенсификациялоо жана азоттук жер семирткичтерди арбын пайдалануунун кесепетинен биздин олконун ар кайсы райондорунда ар кандай оорулардын пайда болушу байкалууда жана малдардын өлүм-житими да көбөйүүдө...», «Бүгүнкү күндөгү кайра күрөө алдыбызда турган көп маселелерге жаңыча кароого мүмкөзчылууда. Эгер биз ядролук согушту болтурбай коюуга күдуретибиз жеткен күндө да, «адам баласынын алдына андан да чоң, түбөлүктүү — биосфера жана табият проблемасы дайыма күн тартибинде турган болот...» Табиятта бардыгы өтме катар байланыштуу: кыртышка түшкөн химикаттын бир бөлүгү андагы кычкылды көбөйтсө, бир бөлүгү жамгырдын суусу менен дарыяга кошулат. Дарыялардагы жан-жаныбарларды кырганды мындай кой, ал буулануп атмосферага көтөрүлүп чыгат, калган бөлүгү тоют аркылуу малдын денесине кирет да адамдын организмине өтөт. Алсак, Молдавияда пестициддерди ыксыз пайдалануудан адамдардын рөктик мүмкүнчүлүгү начарлап кеткендиги тууралуу жазуучу Ион Друце «Литературная газета» аркылуу кабарлады (№ 31, 1987 ж.).

Жайыттын абалын оңой турган негизги чара — жайытты көзөги менен эс алдыруу — чөп табигый түрдө уруктанып, ным топтолсо, ал кайрадан ошончолук калыбына келе баштайт. Бул эрежени билбеген, маанисине түшүнбеген чабан, мал чарба адиси болбосо керек. Ошондуктан бүгүн жайытты рационалдуу пайдалануу маселесине кеңири токтолгон атайын окууларды, семинар-кеңешмелерди уюштуруу, алдыңкы тажрыйбаны жайылтуу, жайыттын паспортун түзүү, аны рационалдуу пайдалануунун — кайрадан калыбына келтирүүнүн илимий негиздеги чарасын иштеп чыгуу, ага карата ар биребиздин жоопкерчилигибизди жогорулатуу алдыбызда турган кечиктирилгис бирден бир милдетибиз.

Демейде биз жайлоо жайытын арзан тоюттун булагы деп эсептеп жүрөбүз. Бул туура. Бирок бул булак бүгүн соолуп баратат. Биз аны көрүп турсак да көрмөксөн, билип турсак да билмексен болуп, бул маселени качүү биздин колубуздан келбейт деп, кайдыгерликке салып, калкая тартып жүрүп жатабыз. Жайыт тарып бараткандыгына, андан да такыр болуп бараткандыгына жаны ачыган адам, уюм жоктой дегеле. Антпегенде атактуу Алай азыр адам боору ачыгандай ушул абалга келет белеӊ.. Жалгыз эле Алайбы?.. Андай такырайып бараткан кан жайлоолор Кыргызстанда дагы канча?.. А биз болсо жогору жакта айтылгандай жер семирткич чачып койсок эле жайыт жерине жайнап чөп өсүп кетпейби деп, ошо натуура оюбуздан канаат алып, каларсыз кол куушуруп олтурабыз. А жайыттын абалы бүгүн эле минтип кабырга кайыштырарлык абалга келип калды, эртең ал эмне болот?.. Бүрсүгүнүчү?..

...Азыр Алайга барып калсаңыз: «Алай өрөөнү минтип жашыл көрүнгөнү менен, бирок мал чөп жазып оттогудай көтөрүлгөн чөп жок, бир-эки ай малды элтөл эле алаксытып турууга араң жарайт», — деген кейиштүү сөздү угасыз.. Ошондо Алайдын бир учурун эстеп ээзн кейип кетет...

...Казакстан биздин өлкөдөгү мал чарбасы күчтүү өнүккөн республикалардын бири, демек, анын көз жеткис талааларында кашар, короо деген жамгырдан кийинки

козу карындан эле жайнап болуш керек деген түшүнүктө жүрчүмүн. Өткен жылы — ай аягында Чимкент областында болдум. Ошондо ушундай көрүнүшкө кабылдым: чал жашыл түздүктер менен жапыз адырлардын ар кайсы жериңде алыс-алыс жайланып андан-мындан бир кошар көрүнөт. Мал эч-эркин жайылып, кезеңдешкен адамы жок эле бейпелен. А бизденчи! Апекандай бир эле коктунун ичинде төрт-беш кошар. Ар бир кошарда беш жүз, алты жүздөн кой. Ал эми кошарларды болсо уламдан улап курап эле жатабыз, курап эле жатабыз, качан чегине жетерибизди өзүбүз да билбей бир. Ооба, балээнин баары мына ошондо жатат: жайыт жер менен мал башы шайкеш келишпей, мал көп де, жайыт аз.

Койдун жайыттагы жыштыгы боюнча дүйнөдө биринчи орунга чыккандыгыбызга ошондон улам ашыктыр (КСЭ, Кырг. ССР, 216-бет.) Албетте, буга мактанабыз! А жайытты начарлатуу жагынан канчанчы орунда болдук экен!! Көптүн баары мына ошондо.

Кыскасы, республикабыздагы негизги тармак болгон мал чарбасында көп жылдар бою малдын башынын өсүшү жайытты илимий негизде пайдаланууу, мал чарбасында, телөөчүлүктө алдыңкы технологияны, илимий техникалык прогрестин жетишкендиктерин киирүүгө, социалдык демографиялык маселелерди чечүү менен тең салмакта жүргүзүлбөй бир беткей кеткендиктен бүгүнкү күндө ата-тегибиз кыргаан түзүлүп олтурат. Кыргаандын тегиндигин малчылар, айыл чарба адистери, партиялык-чарбалык жетекчилер өздөрүнүн күнүмдүк жумушунда баштан кечиришүүдө.

Ооба, уч республиканын төрт областынын бир жарым миллионго жакын коюнчусу, уй жүз миңден ашуун бодо малы жайлап жаткан Алай жайлоосунда жайыттын терип бараткандыгын улам азыркы күндө да малчы менен малчынын, чарба менен чарбанын, чарба менен мончиктин ортосунда жаныз талашып чырдашуу көндүм көрүнүш. Өткен жылдын июнь айында Кашка-Суу аттуу эсил түкүм кой заводу менен Чоң Алай совхозунун жетекчилери Таш Күңгөй жайытын талашып, бир нече күрдөй кетүү сүр-сүрө барышты...

Мындай мисалдарды айта берсе өтөлө көп. Көп — бүгүн жайыт маселесин чечип алууда турат. Эгер биз жаныз проблемасын жайына келтирип албасак, аны бапестеп багып сактабасак, анын өндүрүмдүүлүгүн арттырбасак, анда Азык-түлүк программасын ийгиликтүү чоң албашыбыз бышык.

Мына ушуп иште ирде республикабыздын мамлекеттик агроөнөр жайы, анын жер-жерлердеги органдары, партиянын обкомдору менен райкомдору, областтык аткаруу комитеттери менен райондук өкмөтү комитеттери, Кыргыз ССРнин суу чарба министерствосу тез арадын ичинде ишкердүүлүктү көрсөтүүлөрү тийиш.

□ □ □

КИТЕПТИН СЫРТКЫ АЛКАГЫН ЖАЗУУ

Сагындык Омурбаев

# Орустун улуу дастаны эне тилибизде

(ТАЛКУУНУ УЛАНТАБЫЗ)

«Кол баштоодон сөз баштоо кыйын», сөз кунун укмуш бабалаган элибиздин ойлорун берки ынактымасы бул. Өзгөчө көркөм адабиятта сөз айтуу, болгонго да ушул түпкүрдөгү казынасына ушулүп, кылымдардан берки ата-каргындей сакталып келаткан бай жеткис асыл мурасты элдеш-элге, тилден-тилге жеткирүү, ошо өзүнүн асылдыгы менен, өзүнүн өңү-түсү, өзүнүн дымында жеткирүү ар кимдин колунан келе бериүү ше эмес. Ушуга кичине далил болор элибиздин өкө эле ыр сабы эске түшөт:

...Алтын менен күмүштү
Зергер-үчүн жаратқан...

Сөз мааниси ачылсак, алтын, күмүштү зергер гана көркүнө чыгарып, алардын дүйнөлүк деңгээлдеги сапатын зергер гана адамга көргөзө алат. Демек, узангандын баары зергер сүйлөгөндүн баары чечен эмес да калем кармагандын баары тегиз чебер эмес, өзгөчө бир элдин казынасын билек элге жеткирүүгө чебердин чебери керек.

Кылымдарды карытып, Жер үстүндө тирилик этken элдин күрөшү менен жеңишлөрү, кайгысы менен кубанычынан, өксүгү менен мөөрөйүнөн жаралган элдик асыл мурас — элдик улуу дастандар келатат ошо Жер үстүнөн көчкөн доорлорду баян этип...

Мына, бабаларыбыз бизге калтырган баа жеткис казына, улуу мурасыбыз — «Манас». «Манас» — ар биребиздин туу карман тутунар сыймыгыбыз. Биз «Манасыбыздын» ошо океан калыбында дүйнөнүн көрө элек эли көрсө, уга элек эли укса деген ниеттебиз.

«Манасыбыз» оз калыбында, өз сымбатында, ар бир ыр түрмөгү өз даамында дүйнө элине жетип жатабы? «Ооба!» — деп жиберге албайбыз азырынча; океанды ошо калыбы менен дүйнөгө көргөзүү үчүн, өзгө тилдерге жеткирүү үчүн алп таланттар, не дегенде чеберлер, укмуштай зергерлер керек тура! Айтор, ушул зор тилек, умутту ишке ашырууга бүгүн өкмөтүбүз менен партибиздин зор көмөгү аркасында жалпы адабий жүрүмүлүгүбүз, анын алдынкы өкүлдөрү кызуу демилге менен ишке киришип жатышат. Атаганат! «Манасыбыз» өзгө тилдерде өз тилибиздей сүйлөп берсе ээ?!..

Эми ушундан улам бүгүнкү күндө дүйнөлүк улуу чыгармалардын кыргыз тилинде окулуп жатышы кубанарлык эле көрүнүш. Алардын баарын санап отурбай, мына жакында кыргызча которулган орус элинин улуу дастаны «Игорь жортуулунан баян» жайын айталы. Дүйнөлөгү элдердин улуу дастандарынын бири — ушул «баяндан» тээ, мектеп партасында кезибизден бери кабарыбыз бар. Бирок кеп чынында бузулбай, бул «баяндан» кабардар болгонубуз менен анын түп маанисин толук биле албай келгенибиз чырас; акыйкатта аны мектептен түгүл, кийин жогорку окуу жайын бүткөнүбүздө деле толук туюна албадык, себеби, кыргызчасы али жок эле да. Танып керегі не, «Игорь жортуулунан баянды» эле эмес, дүйнөлүк адабият казыналарынын көбүн эле бу күндө кыргызчага которуп алдык дегенибиз менен алардын ошо көбү өз өңү-түсүндө бизге жете албай жатканы чындык. «Бали!» — дей турган котормо беш манчабызда деле толук санала албайт...

Эмесе, бу орус элинин улуу «баяны» кыргызча кандай сүйлөду экен? Мына ушуга назар салалычы. «Баянды» кыргызча сүйлөтүүгө Сагын Наматбаев бел байлаган экен; айтор, ар кандай ишке бел байлап, аны баштоо кыйын, баштан алган соң анын өтөсүнө чыгыш андан бетер оной эмес; өзгөчө бу адабият майданындагы «кыйын келген» тирі укмуштай эрк-кайратты, анан дагы оной менен колго урунуп, казга көрүнө

---

**Сагындык ӨМУРБАЕВ** — 1930-жылы Кочкор районундагы Ак-Кудук кыштагында туулган. 1951-жылы Кыргыз мамлекеттик педагогика институтун бүтүргөн. «Бороондуу күндөр», «Телегөй», «Көк жайык», «Жер-Эне» аттуу романдардын, бир нече повесть, аңгемелердин автору.

Стасис КРАСАУСКАС. Чыгыш элдеринин чыгармаларына сүрөттөр.



# Ала Тоо

АЙ САЙЫН ЧЫГА ТУРГАН АДАБИЙ-КӨРКӨМ ЖАНА КООМДУК-САЯСИЙ ЖУРНАЛ

КЫРГЫЗСТАН ЖАЗУУЧУЛАР СОЮЗУНУН ОРГАНЫ

## МАЗМУНУ


ОЧЕРК. ПУБЛИЦИСТИКА

Мектеп, мугалим жана адабият, маек . 3

ДҮЙНӨЛҮК АДАБИЯТТАН

Эмили ДИКИНСОН, Габриела МИСТРАЛЬ, Саломея НЕРИС, Луи АРАГОН. Ырлар . 15

Мекди МАМАЗАИРОВА. Касырет, повесть 19

Гулсайра МОМУНОВА. Ырлар . . . . . 68

Турганбай КЫЛЫЧБЕК. Чолпон, повесть . 71

Роза КАРАГУЛОВА. Ырлар . . . . . 103

ЖАШ КАЛЕМ

Шербет КЕЛДИБЕКОВА, Каснет БЕКНАЗАРОВА, Гулжамила ШАКИРОВА, Алтынай ТЕМИРОВА. Ырлар . . . . . 106

АДАБИЙ МУРАС

Өмүркул КАРАЕВ. Академик В. Бартольд . 113

В. В. БАРТОЛЬД. Кыргыздар, тарыхый очерк . . . . . 115

ИЗДЕНҮҮ, ТАБЫЛГА, ЭСКЕРҮҮ

Акбермет КАРАГУЛ кызы. Ырлар . . . 139

АДАБИЙ МУРАС

Айтымдар . . . . . 143

ӨНӨР

Ракыя ЖУСУПОВА. Динара Асанова жана анын фильмдери . . . . . 146

РЕЦЕНЗИЯ

Санарбек КАРЫМШАКОВ. Адамга таазим 154

Мүңдүк МАМЫРОВ. Сездүн керкү макалда 157



№ 3

МАРТ

1988

1931-жылдан бери чыгат



ГБ Киргизской ССР
1988
имени В. И. Ленина



«АЛА ТОО»
ЕЖЕМЕСЯЧНЫЙ ЛИТЕРАТУРНО-
ХУДОЖЕСТВЕННЫЙ И ОБЩЕСТВЕННО-
ПОЛИТИЧЕСКИЙ ЖУРНАЛ

◆

ОРГАН СОЮЗА ПИСАТЕЛЕЙ КИРГИЗИИ

★

БАШКЫ РЕДАКТОР **Кеңеш ЖУСУПОВ**

РЕДАКЦИЯЛЫК КОЛЛЕГИЯ: **Шабданбай АБДЫРАМАНОВ, Сагын АКМАТБЕКОВА, Мар БАЙЖИЕВ, Камбаралы БОБУЛОВ, Өскөн ДАНИКЕЕВ, Ашым ЖАКЫПБЕКОВ, Асан ЖАКШЫЛЫКОВ, Төлөгөн КАСЫМБЕКОВ, Эсентур КЫЛЫЧЕВ** (жооптуу секретарь), **Акбар РЫСКУЛОВ, Жалил САДЫКОВ, Асанбек СТАМОВ, Каныбек ЭДИЛБАЕВ** (башкы редактордун орун басары), **Сүйүнбай ЭРАЛИЕВ.**

*Техн. редактор* Н. Кузиненко. Корректорлор З. Мамбетсалиева, Ж. Айткулова.

«АЛА-ТОО» БАСМАСЫ

Кол жазмалар кайтарылып берилбейт

*Редакциянын адреси:* 720301, ГСП. Фрунзе ш., Киров көчөсү, 205. Телефондор: Башкы редактор — 26-49-95; Башкы редактордун орун басары — 26-40-16; Жооптуу секретарь — 26-55-12; Бөлүмдөр — 22-38-29, 22-18-94.

*Терүүгө* 23. 12. 1987-ж. берилди. Басууга 3. 02. 1988-ж. кол коюлду. Кагазы типограф. № 3, форматы 70×108¹/₁₆. 13,65 шарттуу түстүү боёк. Бардыгы 10 басма табак. 14 шарттуу б. т. 15,8 учет. б. т. Заказ 3373. Д—01705.
Тиражы 66500. Баасы 70 т. Инд. 77300.

720301. ГСП. Фрунзе, типография издательства ЦК Компартии Киргизии, ул. Правды, 24.

© Издательство «Ала-Тоо», 1988 г.

ОЧЕРК, ПУБЛИЦИСТИКА

БИЗДИН МАЕК

# Мектеп, мугалим жана адабият

— Адабият программасы жагдайында айтаар кеп...
— Баары окуу планынан башталган сон...
— Окуу китептеринин жыйырма-отуз жылдык кызматын сыйлап жүрө беребизби, же алардын сапатын көтөрүүгө киришүү керекпи?..
— Окурманды телевизор жемип кетеби?..
— Мугалим эмнеге муктаж?..
— Адабиятты ким, кантип окутат?..
— Мектеп реформасы «сыйгалашып» калдыбы?..
— Мугалимдер менен окуучуларды качаига дейре негизги ишинен алагды кыла беребиз?..

**РЕДАКЦИЯДАН:** Журналыбызда уюштурулган ачеме-дүкөнгө Кыргыз ССРинин Эл акыны Темиркул Үмөталиев, жазуучу, Кыргыз ССРинин мектептерине эмгек синирген мугалим Жунай Мавлянов, адабиятчы, филология илимдеринин кандидаты Камбаралы Бобулов, акын Алымкан Дегенбаева, «Мектеп» басмасынын редакция башчысы, жазуучу Мелис Абакиров, ОШПИнин кафедра башчысы, доцент Жээналы Шериев, СССРдин 50 жылдыгы атындагы КМУнун окутуучусу, педагогика илимдеринин кандидаты Назаркул Ишекеев, Кыргыз педагогика илим-изилдөө институтунун кыргыз тили жана адабиятын окутуу методикасы секторунун башчысы, филология илимдеринин кандидаты Советбек Байгазиев, ушул сектордун илимий кызматкерлери Үмүт Култаева, Сулайман Рысбаев жана мугалимдер Бектур Исаков (Талас району, «Арал» орто мектеби), Акбар Абилов (Ноокат району, «Россия» орто мектеби), Бектурган Камчыбеков (Алай району, III Интернационал атындагы орто мектеп) катышты.

Бул маекте азыркы учурдагы мектеп проблемалары: кыргыз адабиятын окутууда орун алып келаткан өксүктөр, окуу планы, программасы, окуу китептерине байланышкан актуал маселелер, мугалимдин бедел-аброю, кесиптик камылгасы жана башкалар жөнүндө кеп жүрөт. Башкы сөз эртенки муундарды тарбиялоо багытына бурулат.

Ооба, эртенки муундарды тарбиялоо... XXI кылымда жашап, эмгектенип, өздөрүнүн рухий маданиятын, эстетикалык көрөнгөлөрүн дагы кийин келчү жаштарга өткөрүп берчү урпактарыбыздын он сапаттарын калыптандыруу... Бул оной-олтон бүтчү жумуштар эмес, баарыбызды түмөн түйшүккө салып, далай кыйынчылыктарга кириптер кылчу машакат иштер. Аталган маселеде кайдыгер калып, сырттан байкап туруга эч кимибиздин акыбыз жок, баарыбыз аракеттенип, канткенде бул тыным бербей, тынчыбызды алып келаткан оор милдеттин өтөсүнө чыгуубуз керек, канткенде биздин бүгүнкү берген билим--тарбиябыз жугумдуу болуп, балдарыбыздын акыл-парасатын, сезимин, атуулдук сапаттарын калыптандырууга жардам кылат деген соболдордун тегерегинде баш катырып, ушул багытта мектептерде кандай иштер жүргүзүлүп жаткандыгын, алдыда дагы эмнелерди иштөөгө тийиш экендигибизди, бул улуу милдетке кол кабыш этүүдө кыргыз адабияты сабагы өзүнүн үлүшүн канчалык деңгээлде кошуп аткандыгы жана аталган предметти окутуунун кандай зарыл проблемалары чечимин күтүп тургандыгын ж. б. ушуга окшогон толгон-токой маселелерди кайра курууунун, ачык айтуунун ырабдайы менен бел чече отуруп белгилеп алуунун нөөмөт-сааты чыгып, минтип кеп оролун ошол багытка бурууну ылайык таптык...

---

Бул маектин калем акысы В. И. Ленин атындагы балдар фондусуна которулат.





5

геневдин, Абайдын, Чеховдун, Горькийдин, Шолоховдун, Фадеевдин, Руставелинин, Шевченкоиун, Токтогулдун, Осмоновдун, Токомбаевдин, Айтматовдун чыгармаларын окуп, алын күчтүү таасирин алып, эстетикалык моокумун кандырып, кнтеп бетине көз жаштарын тамчылатпаса, окугаи китептердин улуу таасиринде жалгыз отуруп өмүрүндөгү эң бактылуу, ширин минуталарды башынан кечирбесе, ал турмуштагы эң эле жарды, бечара, өксүк киши болуп өсөт. Ошон үчүн да адабият дүйнөсү адамга эн керектүү гүлзык.

**А. МУРАТОВ**. Ушу тапта союздук республикалардын ичинен эне тилиндеги адабияттарга бөлүнгөн сааттардын ичинен биздин кыргыз адабиятына ыйгарылган тиешеси эң аз, болгону аптасына 90 мүнөт. Мына ушул 90 мүнөттө адабиятты ар тараптуу үйрөнүүгө, ар кандай жазма иштерин жүргүзүүгө кыйынчылык келтирүүдө. Жок дегенде дагы бир сааттан кошуунун мүмкүнчүлүгүн издештирсек коомубуз зор утукка эгедер болмок. Деги СССР агартуу министрилиги окуу планын башкача түзсө, бала азыркыдай жыйырмадан предмет окуп, чачылып, чайналбастан 10-12 гана предметти үйрөнсө, айрым сабактарды (маселен, астрономияны физнкага, этнканы биология менен адабиятка, информатиканы математикага ж. б.) бириктирип окутса, балким бир кыйла жыйнактуу болор беле? Анан эстетиканы өзүнчө предмет катары окуу планына киргизүү бышып жетилди. Кыскасы, окутуу системабыз радикалдуу өзгөрүүгө муктаж болсо, муну биринчи кезекте окуу пландарын караштыруудан баштоо керек.

**С. БАЙГАЗИЕВ**. Окуу планында кыргыз адабиятына ыйгарылган сааттардын аздыгы программа түзүүдө бизди абдан көп кыйынчылыктарга дуушар кылды. Буга чейинки программаларда мугалимдерди чайналтып келген чыгармалардын жыштыгы, чон-чон романдарга 2-3 саат гана бөлүп коюу адабиятты чындап үйрөнүүгө жол ачмак түгүл үстүртөн кетүү педагогко өз-өзүнчө шарт түзгөн. Программада негизги максат окуучунун нисандык бийик сапаттарын, атуулдук позициясын калыптандырууга караганда ар кандай маалыматтарды, фактыларды, билимдердин суммасын жеткирүү багытына бурулуп кеткен, улуттук сөз өнөрүндөгү белгилүү авторлордун дээрлик баарын күргүштөтүп киргизүү принциби өкүм сүргөн. Жаңы программа али долбоор түрүндө гана жашап жатат, бул жөнүндө кеңири кеп кылышты башка учурга коелу, бирок азыр айтып кете турган нерсе — бул-долбоордо чыгармаларды үйрөнүүгө бөлүнгөн сааттар бир топ көбөйтүлдү, төкмө акындардын тематикалык жактан бири бирин кайталаган 30-жылдардагы социалдык өзгөрүүлөрдү декларативдүү баяндаган ырлары кыскартылып, анын ордуна негизги басым үч классикке — Токтогулга, Тоголок Молдого, Барпыга бурулду, «Манаска» жана Чыңгыз Айтматовго берилген сааттар олуттуу түрдө көбөйтүлдү, бул эки феномен, сөз жок, биздин программабыздын негизги утугу. Кыскасы, жаңы долбоордун мазмунунда жана структурасында өзгөрүүлөр бир топ, али биз байкабаган, көрбөгөн кемчилдиктер да кетип жаткан болуусу мүмкүн, бирок бир айта турган нерсе — программанын рецензенттери «Паланча эмне түшүп калган?», «Түкүнчө неге кирбей калды?» деген дооматтарды көп айтышат, а ошол Паланча менен Түкүнчөнү кайда кнргизебиз, кимдин ордуна коёбуз? Акыры программа деген созулуп кете бере турган резина эмес го, наамдарга, кызмат орундарга, аксакалдыкка карап программага киргизе берсек, анда балдардын тагдыры не болот?

**А. ДЕГЕНБАЕВА**. Мына азыр драмалык театрларга көрүүчүлөрдүн аз келери жөнүндө айтылып жүрөт. Бул иште жалан эле бул, же тигил театрдын репертуары, режиссердук жана артисттик чеберчилиги гана эмес, элдин өзгөчө жаштардын театр искусствосуна болгон сый-урматы, туюп-түшүнө билүүсү да кедергесин тийгизип жаткан болуп жүрбөсүн? Бир топ жылдан бери адабият программасында болгону үч пьеса — «Алтын кыз», «Ажал ордуна», «Бийик жерде» гана окутулуп келди, алар тээ илгери жазылган, жанрдын чыныгы мыйзамдары менен карап келсе, бир кыйла бош жерлери чыгат, а мына ушул аз гана сахнанын адабияты менен, болгону беш-алты саатта бүтүндөй адабияттын чоң теги жөнүндө түшүнүк берүүгө болот беле? Жок! Мектептерде кыргыз адабиятын окутууда драма тегине олуттуу көңүл буруу керек, жаңы, азыркы учур жөнүндөгү белгилүү драматургдардын пьесаларын киргизип, класста жана класстан тышкаркы учурларда, ийримдерде аларга бийик искусствонун үлгүсү катары талдоолорду жүргүзүү зарыл. Келечектин муундары ар тараптуу өсүп-өнүгүш үчүн алар ар кандай пландагы спектаклдерди-комедия, драма, трагедия, трагикомедия, притча, фарс... жана ушуга улай башка жанрларды талдай алгыдай, түшүнө алгыдай болсо кандай жакшы болор эле...

**А. АБИЛОВ**. Окуу китептери жөнүндө сөз кылганда алардын сапатын өкүнүү менен белгилөөгө болот. V класстын адабиятын түзүүчүлөр канча жылдардан бери азмаз өзгөрүш киргизген болуп, окуу китептерин олуттуу жаңылабай келе жатат. Ар бир тема өтүлгөндөн кийинки үй тапшырма жана класска берилүүчү суроолордун мүнөзү информациялык гана максатта. Суроолор тексти чыгармачылык менен өздөштүрүүгө багытталбастан, сюжеттик чакан ойлорду, окуяларды кайрадан өзүндөй кылып кайталап берүүгө гана негизделген. Предметтик байланышты, проблемалык, дифференциялык окутуунун көрсөтмөлөрү болгон суроо-тапшырмалар өтө аз, жеңилден оорго, жөнөкөйдөн татаалга деген дидактиканын негизги принциптери бир топ учурда сакталбаган. IX-X класстар менен көп жылдар бою иштеп келаткандар билерсиздер, окуучулардын эсинде каларлык, же болбосо алардын адабияттык ойлорун, пикирлерин пайда кылуучу (адабиятка өз алдынча мамилеси ушул куракта пайда болуп калыптанат эмеспи) касиеттердин IX-X класстардын окуу китебинде бар экендигин табуу кыйындыгын байкаган чыгарсыздар. Окуу китеби биринчи кезекте

тажатма илимий стилде жазылган. Окуучулар канчалык тырышып түшүнөйүн десе да, түшүнүшпөйт. Китептин жазылыш стили илимий монографиянын, же жогорку окуу жайлары үчүн жазылган окуу китептеринин стилин эске салат. Кыргыз совет адабиятынын өкүлдөрү — А. Токомбаев, М. Элебаев, К. Маликов, Ж. Бөкөнбаев, Т. Үмөталиев, А. Токтомушев сыяктуу акындардын алгачкы ырларынын идеялык пафосу бир кыйла жогору болгону менен чыныгы адабияттын талабынан алып келгенде көркөмдүгү дурус эмес экендигин андоого болот. Кыскасы, окуу китебинин авторлору акын-жазуучулардын жазгандарынын баарын эле көкөлөтө мактай бербей, карасын-кара, агын-ак дечү мезгил жетти. Чыгармачылык жолуидагы оош-кыйыштуу этаптарды жөнөкөй, түшүнүктүү анализге алуу бир мезгил менен экинчи мезгилди салыштыруу аркылуу сапаттык өзгөрүштөрдү ачып берүү, кемчиликтерди ачык көрсетүү сыяктуу теориялык, дидактикалык мыйзам ченемдер окуу китебинин башкы критерийи болушу керек эле.

**С. РЫСБАЕВ.** Ырас, окуу программасы иштин чечилишинин бир жагы гана болсо, окуу куралдары анын экинчи жагы. Республикабыздын агартуу ишинин тарыхында окуу китептерин түзүүдө белгилүү тажрыйбалар топтолду, бирок кыргыз тили жана адабиятынан бүгүнкү окуу китептерин түзүүчүлөр эски нуктан чыгып, жаңы нук таап, бүгүнкү өнүп-өскөн доорубуздун сергек окуучусунун кызыкчылыгына, анын маалыматтарга бай дүйнөсүнө дал келген, өзүнүн билим берүүчүлүк, өстүрүүчүлүк, тарбия берүүчүлүк алдынкы ыкмалар менен куралданган окуу китептерин чынында жаратыша элек. Мисалы, IX-X класстын бүгүнкү күндө пайдаланылып келаткан кыргыз совет адабияты боюнча окуу китеби окуучуну адабияттын керемет дүйнөсүнө зээрчитип кирүүгө анчейин кудурети жок, жазуучунун көркөм дүйнөсүн терен ачып, окуучунун жан дүйнөсүн толкундата албаган, туташ окшош, калыпка салынган чыгармачылык жана өмүр баяндар таржымалга, кургак сыпаттоого толгон. Окуучу ал тургай чыгаан акын-жазуучулардын бири биринен эмнеси менен айырмаланып турарын бул китептерден таба албайт. Кыргыз тили китептеринде абал да негизинен мына ушундай. Маселен, IV класстын «Кыргыз тили» (Ф. 1984) окуу китебин алып көрсөк, орус мектептери үчүн «Просвещение» басмасынан чыккан «Русская речь» (М. 1983) китебинин изи менен жүрүп отурушат. Бирок ошондо да биздин кыргыз окуучуларыбыз орус тилин окугандай деңгээлдеги билим, тарбия жана эстетикалык рахат алуу деңгээлине жете бербейт. Кайсы жагынан өксүйт? Биздин авторлор негизинен кыргыз тили илиминин негиздери менен тааныштырууну гана максат кылып алышкандай таасир берет, албетте, бул жерде окуу китебин кенири таидап отуруунун ынгайы жок, бирок урунттуу учурлар жөнүндө айта кетүүгө туура келет: биринчиден, темалар өтө эле илимийлешип кеткен, окуучунун мүмкүнчүлүгү эсепке алынбаган, окуучунун бүткүл ишмердүүлүгүн илимий фактыларга күчтөп багыттоо менен алардын кызыгуусун төмөндөткөн: экинчиден, темаларды талдап үйрөнүү үчүн берилген эрежелер жаттоо үчүн гана сунуш кылынып жаткандай эн башында гана берилген да, калгандары шыпыраган көнүгүүгө толгон, бул болсо окуучу тезирээк жаттап алып элё мугалимден кутулганга ынгайлаштырылгандай түшүнүлөт. Ал эми «Русская речте» андай эмес, эн мурда текст, же сүрөт (көбүнчө ушундай), анан ошол текстти же сүрөттү темага ылайык суроолор менен талдоо, үйрөнүү, анан ошонун өзүнөн эрежеге келүү практикаланат; үчүнчүдөн, биздин кыргыз тилде берилген көнүгүүлөргө карата тапшырмалар баары коендой окшош, бир тараптуу, бул акыры тажатмага алып барып такайт. Көнүгүүлөргө карата тапшырмалар темага ылайык берилсе дагы, окуучулардын акыл-ой жорууларын, логикалык ой жүгүртүүлөрүн андан ары терендетсе; төртүнчүдөн, биздин китептерде материалдардын жайгаштырылышы, макет түзүү жаман абалда, окуучу кнтеп бетинен эрежеден башка негизги көнүл бөлө турган (эрежелер гана кара тамга менен берилет) нерсени таба алышпайт, таблица-схемалар өтө аз берилет, сүрөттөр жокко эсе. Акырында айта турган сөз — окуу китептеринин эстетикасы жөнүндө; бизде бул жагынан деги эле жылыш болбой калды, түстүү сүрөттөр, түрдүү-шрифтер кем пайдаланылат, биздин полиграфисттер балдар китеби үчүн өтө карыздар экенин түшүнчү мезгил жетти го?

**Ж. ШЕРИЕВ.** Мектеп реформасынын бир талабы — учурда өз милдетин аркалай алчу окуу китебин түзүү. Бул маселени колго албай туруп, билим, таалим-тарбия берүүнүн деңгээлин көтөрүүгө болбойт. Бул мезгилдин чакырыгынан жасалган проблема, ошол себептүү басма бетинде бул жөнүндө мезгил-мезгили менен кеп козголуп келатат. Албетте, азыр бардык класстар боюнча методикалык колдонмолор болбогон менен окуу китептери бар. Ушул жерде эскерте турган бир жагдайды көнүлгө тутуу керек: математика, физика, химия, ботаника, тарых... сабактары боюнча окуу китептери менен окуу куралдары жалпы союздук конвейерден түшөт, аларды жазууга жана түзүүгө союзга маалым аалымдар менен усулчулар тартылат, ошону менен бирге бул предметтердин окуу куралдарына байге уюшулуп, ага 20-30 кол жазма коюлуп, ошонун женүүчүсү гана колдонууга сунуш этилет. Кыргыз тили жана адабияты боюнча мындай мүмкүнчүлүк жок, ошол себептен бул иш республикабыздын мүмкүнчүлүгү менен гана чектелет, ачыгын айтканда, эне тилибиз менен адабиятыбыздан илимий деңгээлибиз канча болсо, окуу китептердин илимий-методикалык деңгээли да ошондой болот. Ушул жерде дагы бир жагдайды айта кетүүгө туура келет: кыргыз тили, адабияты боюнча окуу китебин жазууга белгилүү эле авторлор тобу катышат, аларды атабаса деле жалпыга белгилүү, алар өтө туруктуу, 20-30 жылдан бери ушул кызматын аркалап келе жатат. Кийинчерээк илимге келгендерге ал топтон орун бошобой калды, ошол себептүү ары жагы союзга

[illegible] жаңы окуу китептерибиз [illegible] [illegible] [illegible]

жана практикалык аспектиден изилдеп, аларды эксперименталдык сыноодон өткөрүп, башка улуттардын бул багыттагы иштери менен салыштырып изилдөө жүргүзгөн киши барбы? Бул жагынан кыргыз адабиятын окутуу илими жазуучулардан да бир топ жардам күтөт. Кийинки жылдарда эле латыш акындары Имант Зиедонис менен Ояр Вациетис башталгыч класстар үчүн окуу китебин түзсө, молдован жазуучулары Григорий Виеру менен Спиридон Вангели өздөрүнүн чыгармачылык ишин бул жакка жыйыштырып коюп, бир топ мыкты китепти — «Албуницени» («Алиппе») түзүп беришти. Орус балдар жазуучусу С. Алексеев «СССР тарыхы боюнча аңгемелер» китеби боюнча окуу куралын жазган. Өз кезегинде улуу Пушкин окуу китептеринин абалына кызыгып, аны түзүүчүлөрдүн бири А. С. Ишимовага кат менен кайрылган. Л. Н. Толстой болсо өзү балдар үчүн окуу китептерин жазып, мектеп ачкан.

**Ж. ШЕРИЕВ**. Менимче, окуу китептерин жазууну окумуштуу-методисттердин алдыңкы практиктер менен биргелешкен авторлор коллективи жазганы оң болуу керек, анткени накта илимпоз да, жазуучу да, же мугалим да бир жактуулукка жол берип коюшу ыктымал. Окуу китеби илимий иш эмес, ал өзүнчө стилге ээ илимий эмгектин бир түрү, анда эмоцияга ашыкча берилүүгө, же дидактикага ооп кетүүгө да болбойт. Практик-мугалим, илимпоз, жазуучу, методист бири-бирин толуктап, бир окуу китебин жазып чыгышса алардын бирдиктүү аракети түпкү максатка көтөрүлүүдө кыйла утук берер эле.

**М. АБАКИРОВ**. Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин биринчи секретары жолдош А. М. Масалиев Кыргызстан мугалимдеринин VI съездинде сүйлөгөн сөзүндө: «Жалпы билим берүүчү жана кесиптик мектептердин реформасынын» талаптарын ишке ашыруу боюнча чаралар көрүлүп жатканын айтуу менен, реформанын кайтарымы али сезиле электигин, реформаны жүзөгө ашырууга түздөн түз тиешеси бар мекеме-уюмдар пассивдүү жана күтүү позициясын ээлеп тургандыгын баса сындап айткан. Ырас, реформаны ишке ашырууда объективдүү кыйынчылыктар бардыгын да жолдош Масалиев белгилеп көрсөткөн. Бирок субъективдүү себептер дале көбүрөөк кедерги болуп жаткансыйт. Бул жерде өзү бүтөттүкө жол берилип, жогорку талап коюучулук, жаңы жолдорду изилдөөгө чыгармачылык менен мамиле кылуу жетишпей жатканын түз эле айта кетүүбүз керек. «От деп айткандан ооз күйбөйт» эмеспи.

«Жалпы билим берүүчү жана кесиптик мектептердин реформасынын негизги багыттары» жөнүндөгү КПСС БКнын жана СССР Министрлер Советинин (1984) токтомунда төмөнкүдөй деп айтылган: «...союздук-республикалардын Агартуу министерстволоруна мектептин милдеттерине жана жаңы окуу планына ылайык колдонулуп жаткан окуу китептерин кайрадан иштеп чыгуу, алардын идеялык-тарбиялык деңгээлин жогорулатуу, жеткиликтүүлүгүн, практикалык багыттуулугун, сабактар аралык байланыштуулугун камсыз кылуу тапшырылсын. СССРдин басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети менен бирдикте колдонмолордун жана дидактикалык материалдардын комплексинде өркүндөтүлгөн жаңы окуу китептери даярдалсын жана басып чыгарылсын. Окуу китептерин түзүүгө тажрыйбалуу мугалимдер, методисттер жана илимпоздор тартылсын. Жаңы окуу китептери, эреже катары (!) конкурстардын негизинде басылып чыгарылары жана мектептерде кылдат, кеңири эксперименттик текшерүүдөн өткөндөн кийин ишке киргизилери белгиленди», — деп айтылат. Ошондой эле токтомдо окуу китептерин жана окуу методикалык колдонмолорду, куралдарды түзгөндүгү үчүн авторлорду материалдык стимулдаштырууну жакшыртуу жөнүндө сунуштарды киргизүү тапшырылган. Тилекке каршы, мен жогоруда цитата келтирген пункттардын дээрлик көпчүлүгү али ишке ашырылбай жатканын айтууга тийишмин. Биринчиден, бизде ушу күнгө чейин автордук составдын бирдиктүү аракети, бирин бири толуктоочу жагы эске алынбай келе жатат, маселен, окуу китебин түзүүгө илимпоз тартылса, методист тартылбай, ал эми методист тартылса илимпоз же мугалим-практик аралашпай калат. Эң негизгиси — али конкурс жыйынтыкталган жок. Ал эми мектептердеги кеңири эксперимент жөнүндө сөз кылбай эле коелу. Эми качан конкурс жыйынтыкталат да, качан алар эксперименттелет да, качан басмага келет? Ыйманыбызга камчы чаппай ырасын айтсак, чын-чынына келгенде, колго тийген эле окуу китебин чыгарып жатабыз. Ырас, алар кандайдыр бир деңгээлде мурдагылардан бир аз дурус. Бирок ошол дуруска жетишүү үчүн кайра-кайра авторлорго кол жазмаларды иштеп чыгууга, басмага түшкөндөн кийин кайра кайра оңдоп чыгууга туура келип жатат. Бир эле мисал айтайын: III класстын «Эне тили» окуу китебине кирген аңгеме, ыр, макалалардын, жомоктордун 70 проценти котормолор, болгондо да адабий коомчулук билбеген авторлордон которулган чыгармалар. Белгилүү кыргыз жазуучуларынын чыгармаларына басым коюп, кыргыз балдарына жакын турмушту чагылткан ыр, аңгемелер негедир аз санда тандалган. «Эне тили» китебине болгон мамиле ушундай болгондон кийин түзүүчүлөргө эмне дейбиз?.. Айрым китептерге деги эле адабий коомчулукка белгисиз авторлордун идеялык-көркөмдүк деңгээли пас чыгармалары киргизилет, хрестоматиялык деңгээлде болсун десек чыгарманын сапатына да, автордун абройуна да (албетте, жасалма эмес) кароо керек эмеспи.

Дагы бир проблема — бизде окуу китептерин дагы да дурус чыгарууга полиграфиялык базабыз жооп бербей жатат, жаңы жабдуулар, техникалар жокко эсе. Бизде түстөрдү жөнгө салган, мукабаларды пресстелген пленкалар менен чыгарган техникалар алиге алына элек. Кыскасы, полиграфиялык базабыз жаңыртууга, жабдууга муктаж. Көп түстүү окуу китептеринин диапозитивдерин Минскиден жана Казандан чыгарып келебиз. Ага кеткен каражат жүз миңдеген сомду түзөт.

ийгиликтер пайда болуп, эми чеке жылытар абалга тушугар кезде бир парадокс менен бет келдик. Ал кандай парадокс? Бул методика илимине жаштардын келбей атышы. Айталык, кыргыз адабнятына жаш талапкерлердин күргүштөн кирип аткан кезинде, ошол адабиятты окутуу илимине бирди-жарым кишинин кошпогондо эч кимдин келбей жатышы. Себеп эмнеде? Бул келечексиз илнмбн? Чын эле ушунчалык баркы жокпу!?

**К. БОБУЛОВ**. Мектептерде адабият сабагын окутууну жакшыртуунун көп жагдайлары бул предметти окуткан мугалнмдердин кесиптик даярдыгы, чыгармачылык аракети менен да баглык. Көп учурда адабият мугалимдерн окуучуларга жазуучулардын тигил, же бул чыгармаларын супсак гана мазмунун кайталоо, ошондо баяндалган окуяларды жеткирүү менен көп аракеттенишет. Бүтүрүүчүлөр чыгарманын мазмунун билет, сюжетти айтып бере алат, а бирок ошол рухий байлыктын эстетикалык табиятын көрө албайт. Албетте, мындай учурда Пушкиндин «Дубровскийнн», Тургеневдин «Мумусун», Осмоновдун «Жеңишбегин», Айтматовдун «Жамнйласын» тажатма бир нерсеге айландырып, кунарын учуруп, маңызын бөксөртүп ийебиз. Ошондой сабактар көп болгондуктан, мына, көрүп-билип жүрөбүз, адабият-ка келген жаш калемгерлер 30-35 жашында аран жетилишүүдө. Мектепти бүтүп эле кадимки адабий түшүнүгү бар жазуучу жаралбай жатат, демек, мектептик билим чыгарма жазууга жаштарды даярдоого жарамсыз болууда. Менин пикиримче, мектептердеги көркөм адабият сабагы окуучулардын энсеп күткөн майрамына айланыш керек, алар күн сайын ошол сабакты, көркөм адабияттын мугалимин зарыгып күткөндөй абалга жетиши кажет. Бул сабакта окуучулар өтүлүп жаткан чыгарманын таасиринде болуп, бирде кубанып, бирде көз жаш төгүп, убакыттын кандай өткөнүн түк билбей калганда гана өз макçатына жетет. Бир-эки мисал келтирейин. Белгнлүү орус жазуучусу А. Алексиндин адабият мугалими Вера Смирнова болгон, ал өткөн Чеховдун «Ванька» ангемеси боюнча сабактан кийин айылдык балдар топтолуп алып чыгарманын каармаиы Ванькага кат жазып, аны мейманга такилип кылышыптыр. Ал эми көрүнүктүү литва акыны Э. Межелайтис өзүнүн бала кезннде Саломея Нернстен адабият боюнча сабак алып, ал мугалимдин таасири менен ыр жаза баштаганын айтып жүрөт. Мугалим жөнүндө сөз кылганда В. А. Сухомлинский жөнүндө айтпай коюуга болбойт. Биздин бул улуу замандашыбыз көп жыл башкарган Павлыш орто мектебинде өзүнүн демилгеси менен Жомок бөлмөсүн ачып, тестнер балдарды ал жерге ээрчитип келип, өзү ар түрдүү жомокторду айтып берген. Балдар инсценировкалап, сүрөттөр тартып, крайлык экскурсияга чыгып, чакан музей да түзгөн. Окуучуларды дүйнөлүк көркөм адабияттын эң мыкты үлгүлөрү менен тааныштырып, сабак учурунда классиктердин сонун ырларын өзү көркөм айтып берип, алардын кулагына кумдай куюп, сезимине кыттай уютуп, ички дүйнөсүн шөкөттөп байытып, сулуулукка болгон энсөөсүн күчөткөн. «Бизде ырларды окууга өзгөчө орун берилчү, — деп жазган ал бир эмгегинде. — Бардык адамзаттын дүйнөлүк маданиятынын таберигине кирген поэтикалык чыгармалардын эн жогорку үлгүсү болгон Пушкиндин, Лермонтовдун, Жуковскийдин, Некрасовдун, Феттин, Шевченконун, Украинканын, Шиллердин, Мицкевичтин, Гейненин, Беранженин жана башка акындардын ырларын жатка окуп беремин. Балдарда өзүнө жаккан ырларды жаттай турган ыклас пайда болду. Төрт жылдын ичинде алар өтө көп ырларды жаттап алышты... Мектепте төрт нерсе: Ата Мекен, Адам, Китеп жана Эне тили ыйык болгондо гана ал маданияттын чыныгы борбору боло алат».[1] Мына ушул Сухомлинскийдин усулу биздин мугалимдерге жетишпей жаткандыр, мүмкүн андай мугалимдер болсо да биз аларды көрүп-билбей жаткандырбыз. Жогоруда улуу педагог айткан Ата Мекен, Адам, Китеп, Эне тили — төртөөнүн биримдигин, гармониясын таба албай жаткандырбыз?

**Б. ИСАКОВ**. Эң башкы нерсе, бул — окуучуга терең, ойдогудай билим берүү үчүн мугалим педагогикалык устаттыкка көтөрүлүшү керек. Азыр окутуу майданы так ушундай мугалимдик устаттыкка көз каранды болуп отурат. Мындай бардык түйүндү чече алуучу чеберчиликтин маанисин чечмелөөнүн зарылдыгы жок, анткени ал жөнүндө өтө көп айтылган. Ошентсе да окутуу практикасында педагогикалык устаттык ураан катарында гана жашап, көп жылдар бою бааны жогорулатып коюунун, билсе да, билбесе да класстан класска көчүрө берүүнүн, окутууга жүрнары мамиле кылуунун тебелендисинде калып келген. Эми билим берүүнүн сапаты устаттык менен окутууга муктаж. Анда кантип жакшылап окутууга болот? Мисал келтирели. Элестетип көргүлө: VII класста жаш гвардиячы Сергей Тюленин жөнүндөгү өтүлгөн сабак аяктап баратат. Балдар жаңы эле көркөм текстке жакындаштырып сүйлөп беришти. Фашист Фенбогдун өжөрлүгүн Сергей бекем эрки менен жеңип чыгат. Окуучулар бул адабий деталды 100% шатырата сүйлөп бермек түгүл, окуяны көз алдына элестете да алышат. Бул жаманбы? Албетте, жакшы. Эгер мугалимдин максаты ушуну менен чектелсе, анда балдар «4», «5» деген бааларга тунмак. Бул кырдаал окутуудагы эң сонун жетишкендик катары эсептелиши да мүмкүн. Балким, мындан кынтык издөөнүн өзү кыйкымчылдык болуп сезилер. Көпчүлүгүбүз окуучулардын текши татынакай кылып кайталап айтып берүүгө жетишкенин окутуудагы ийгилик катары түшүнүп жүрөбүз. Оболу, бул бир тобубуз үчүн кол жетпеген бийиктик болушу да ыктымал. «Алтын куштан» «Манаска», «Метелицадан» «Гүлсаратка» чейин ушундай жол менен сабалап, өмүр өткөрүп келаткандар азбы? Биз баа-

[1] Сухомлинский В. А. Беш томдон турган чыгармалар жыйнагы. Киев., «Радянська школа» бас., 1980., 3-т. 212—214-б.

рыдан мурда адабият аркылуу окуучунун жеке керт башын, адамдык нарк-насилин, жигердүүлүгүн өнүктүрүүгө да атайын сааттарды бөлүү милдеттүү түрдө керек. Ошентип, адабиятты окутууну ургалдаштыруу керек.

**Ж. МАВЛЯНОВ.** Окуу планы. Окуу программасы. Окуу китеби. Мугалим. Мектептеги билим, таалим-тарбия деген узакка созулчу жооптуу процесс мына ушулардан турат. Башкача айтканда, мектеп турмушунун негизги компоненттерн (эгер ушундай деп атоо туура болсо) мына ушулар. Бул субхатта өзгөчө басым менен сөз болуп жаткан мектеп ишнн, ошонун ичинде адабиятты окутууну кайра курууда жогоруда аталгандардын баары маанилүү. Демек, буларды өзгөртпөй, тагыраак айтканда, ушуларды жакшыртпай, жаңылабай туруп, окуу-тарбия процессин өркүндөтүү жаатында сөз болушу мүмкүн эмес.

Бирок ошол өзгөрүү, жаңылануу тигилердин кайсынысынан башталуусу керек? Менимче, мугалимден, аны тандоого, даярдоого мамилени өзгөртүүдөн башталуу керек.

Мугалим жаңыланбай туруп, окуу планы, окуу программасы, окуу китеби канча жолу жаңыланбасын, өзгөрбөсүн, мектеп дарсынан, анын ичиде адабият сабагынан жаш адамдын жандүйнөсү азыркыдай жарды, өксүк бойдон кала бермекчи. Муну менен мен окуу планындагы сааттарды, окуу программасындагы материалдарды өзгөртүүнүн кажети жок дегим келбейт. Албетте, окуу планында бир сабакка жумасына 36 саат берилип, ал эми адабият сабагына (чын-чынына келгенде Томас Манндын сөзү менен айтканда, жырткыч айбан менен пёриштенин ортосунда турган наристени периштедей таза инсан кылып тарбиялоочу ушу адабият сабагы, ушу көркөм сөз эмеспи) IV класстан X класска чейин жумасына 2 гана сааттан бөлүнгөнү, албетте, калыстык эмес. Ошондой эле окуу программасына кандай чыгармалардын киргизилиши кайрадан каралууга тийиш. Биерде эске алынчу башкы нерсе — ал чыгармалар өзүнүн идеялык-эстетикалык кудурети боюнча окуучунун жандүйнөсүнө бүлүк сала алгандай (сөздүн жакшы маанисинде), бул маекке катышып жаткан К. Бобулов айткандай, аны окуганда «окуучунун көз жашы китеп барагына тамгандай» таасир берүүгө жарагандай чыгармалар тандалуусу тийиш. Ошону менен бирге окуу программасы бардык адабий жанрларды камтып, ага кирген чыгармалар мүмкүн болушунча коомдук өнүгүштүн уруттуу учурларынан да кабар бергидей тандалышы зарыл.

**А. ДЕГЕНБАЕВА,** Албетте, мугалимдердин эмгегин эч ким жокко чыгара албайт, миндеген мугалимдердин өмүрлөрүнүн майнабын көрүп келе жатабыз. Мугалим... Мугалим болуу үчүн ал кайсыл гана сабакты окутпасын, ирнде ага кандай сапаттар керек? Ар бир мугалимдин билим деңгээлине шек келтиргибиз жок, бирок ошол билимдүү, болгондо да, жогорку билимдүү мугалимге, менимче, өз сабагына болгон сүйүү керек.

Мектеп реформасы дегенди биринчи эле жылы угуп отурганыбыз жок. Бирок, ошол реформа биздин мектептерде кандайча жүрүп жаткандыгын бүгүнкү күндө так айтып бере алар ким бар? Ал иш өзүнүн негизги максат, маанызына жараша жүргүзүлүп жаткан жок, чын эле «сыйгыланып» калды дегибиз келет. Окуу куралдарын, мектептер үчүн программаларды, сабак берүүнүн усулдарын канчалык деңгээлде жаңыладык, деги жаныладыкпы? Басымдуу иштер мурдагы бойдон, эски арабасында кылдыраттап эле келаткансыйт. Адабият сабактарында балдар жазуучу, же анын чыгармасы боюнча информация гана алууда, түкүнчө жазуучу мынчанчы жылда туулган, момундай чыгармалары бар, тигил чыгарманын темасы тигил, идеясы бул, андагы он каарман — Акмат, терс каарман — Ташмат.... Мындай даяр, супсак, тизмегинен жазылбаган баяндамалардан окуучу эмнени үйрөнөт? Бүгүнкү окуучуга кечеги усул «тиши чыккан балага чайнап берген аш болбойт...» болуп калбадыбы. Муну менен сөзсүз эле сабак өтүүнү татаалдаштыруу керек дегибиз келген жок, татаалдаштыруу эмес, чыгармачылык менен, мектеп балдарынын курак өзгөчөлүгүнө туура келгидей илимий жол менен окутуу жана тарбия жүргүзүү талапка ылайык келет деп айтабыз.

**А. МУРАТОВ.** Адабият мугалими үчүн башка мугалимдерден өзгөчөлөнгөн талант керек. Бул сабак башка сабактардагыдай фактыларды тизмектештирип балага жеткирүү максатын көздөбөйт, мында баланы ойгото билүү керек. А баланы ойготуу деген оңой жумуш эмес. Ошондуктан азыр мектептерде диспут-сабак, конференция-сабак, лекция-сабак, семинар-сабак ж. б. киргизилип жатышы да мыйзамченемдүү нерсе. Кыргыз адабияты мугалимдерине адабият илиминин инструментарийлери менен куралдануу жетишпейт, сабактарда чыгармаларга эстетикалык талдоо жасалбай, мугалимдер көбүнчө мазмун суроо менен, мазмунду жеткирүү далбасасы менен көп алагды болушат. Мугалимдер талдоонун башкы таяныч учурун, чыгармадагы негизги нерселерди алып чыга албай калышат. Буга окутуучуларыбыздын өздөрүнүн эстетикалык көрөңгөсүнүн өйдөлөй албай жатышы кедергесни тийгизүүдө. Бизге, маселен, кыргыз тили жана адабияты мугалимдерине, көркөм окуй билүү эн эле зарыл нерсе. Айтылуу педагог, методист М. А. Рыбникова бүтүндөй чыгармаларды жатка айтып бере алчу экен, а биздин сабактарда А. Осмоновдун элегиялуу ырын кантип окусак, Ж. Бөкөнбаевдин романтикалык, Ж. Турусбековдун публицистикалык пафостогу ырларын дале ошол тон, ошол ыргакта эптеп окутуп таштайбыз. Бала поэзиянын күчүн, анын көзгө көрүнбөс нюанстарын түшүнө албай калууда. Жогоруда Б. Исаков сыяктуу новатор мугалимдер бизде бир топ болсо да аларды көрө албай, таба албай жатабыз, чынында ошол Исаковдун дале тажрыйбасын үйрөнүп, жайылткан киши жок, күйпөлөктөп эле өз казанында өзү каннап атканы

аткан. Азыркы советтик новатор мугалимдер (тилекке каршы, СССР Педагогика илимдер академиясы буларды көрө албай конфликтке барып атса да) Ф. Шаталов, Ш. Амонашвили, Е. Ильич, Шетинин, Дубинин Останкинодо телеге чыгып, Р. Гамзатов, Е. Евтушенко, Т. Исаев канча көрүүчүнү азуна багындырса, ошончо жамаатты булар да өздөрүнө каратып алышат. Ф. Шаталовдун китебин мугалимдер көрүп алып калдан калып өткөрсө, Пестелюшанын эмгегин окуу үчүн кечирим кескүтүшөт, а биздин В. Исаков, же дагы башка жаңычыл мугалимдер жаңылыктарын чыгара албай көрүнөн жерде терешелеп жетекчилерден жөн эшиктен босоп жүрөт.

**Б. КАМЧЫБЕКОВ.** Биз, адабиятчылар жана адабият мугалимдери адабияттын түпкү максатына, б. а. аның адамды адам кылуучу, адамга гүрмүштүү, табиятты таанытуучу, адамга адамдын өзүн үйрөтүүчү улуу, ардактуу шыпфасынан турун алыркы учурга мамиле жасаганыбыз абдеп. Сөз жана атом бомбасы. Кимнен күчтүү — сөз күдретиби, атом бомбасыбы? Же болбосо бизге жетиштүү болуп турган алыркы учурда эмне үчүн адамдын жан дүйнөсүн азапка салган карасанатайлык, ач көздүк, кайдыгерлик, паракорлук, кымтыкөйлүк, жыртыкчылык, бантичилик дагы жөн болсо биз менен жанаша жашап, миллиондогон таза жүректерге өзүнүн жуусага кеткис кара тагын салып жатат. Эмне үчүн? Тигил учурда дале, бул учурда дале мен көрүнүчтү мектептеги адабият мугалиминин инсандык дүйнөсүнөн жана алыркы учурдун адамдарын атом бомбасынын кубаты менен калтырак бастырып жаткан бир кездеги окуучунун, алыркы мамлекеттик ишмердин инсандык рухунун ортосундагы байланыштан көрөр элем. Адабияттын да, адабиятчынын да, адабият мугалиминин да кыралы — Сөз. Тилекке каршы, ошол сөздү жеткире алуу деңгээлине чыга албай жатканыбызды. Дүйнөнү жана алыркы доордун адамдарын, математикалык формулалар, статистикалык эсептер, физикалык гипотезалар, химиялык реакциялар аркылуу көрүп, адам баласын — табияттын уникалдуу жаратканын робот сыяктуу карагандар, айрым бир «адам сөөйлөр» биздин окуучуларыбыз эмес беле? Илим менен техниканын, маалыматтардын укмуштудай көбөйүп өсүшү алыркы күндүн адамын абдан кысып, рухтук өнүгүшүн чектеп бара жатабы деп да ойлойсун. Айтор, адабият сабагынын таасиреңдигине мына ушуга окшогон тышкы жана ички себептер да негиз болуп жаткандай.

**Т. УМӨТАЛИЕВ.** Биз, карыя жазуучулар, борбордук «Кыргызкитеп» дүкөнүнө билимин өркүндөткөнү келген мугалимдер менен жолугушууга барып калабыз, анан кээде мектептерге киребиз. Байкоомдо, алыркы учурдагы кыргыз тили жана адабияты мугалимдеринин билим деңгээли, кругозору төмөн турат, биз алар менен жолугушар алдында абдан илим-билимдүү адамдар катары чочулап барышыбыз керек эле, тилекке каршы, алар өздөрүн ар тараптуу өнүккөн, учурдун көч башы интеллигенттери катары көрсөтө албай атышат. Бир чети айыл-кыштак жерлеринде окутуучулардын абалкыдай абройлорунун жогору болбой атышы ушуну менен да түшүндүрүлөт. Мугалимдерде өздөрүнчө ой жүгүртүү, масштабдуу кыял агытуу, дүйнөлүк проблемалар жөнүндө ойлонуу сезилбейт, теледе Останкинодон чыккан мугалимдердин сүйлөгөнүн карап отурсан алардын интелликтисинин бийиктигине ыраазы болосуң. Ошондой чыгаан педагогдор бизде жокпу деп ойлойм. Эң негизгиси — адабият мугалимдеринин ар бир чыгармага карата чен-өлчөм, талдоо тараласы болушу керек, мына ушул нерсе жетишпей аткансыйт.

**А. ДЕГЕНБАЕВА.** Ушул мектепти текшерүүчүлөр тууралуу олуттуу айтпаса болбой турат. Жанагы жазуучулардан чочулаган себеби да ушундан, деги мугалимдер коркок болуп бүтүптүр. Адатта, мектепке «текшерүүчү» — комиссия барган убакта мугалимдердин ошолор үчүн иштеп калганы өкүнүчтүү. Аны балдар да көрүп, балдар да сезип турганын айтсаңыз! Ал эми комиссия кимди жана эмнени текшерет? Мугалим түзгөн күндөлүк, айлык, жылдык пландарды, сабактын жүрүшүн, б. а. мугалим доскага канча жолу жазды жана канча жолу жазбай сүйлөдү, ар бир баланы канча минуттан сурады, суроо-жоопко жана жаңы сабакты өтүүгө канча убакыт кетти, кимди баалады, кимди баалабай койду ж. б. у. с. Албетте, булар да керек. Бирок мектеп балдарынын таалим-тарбия, билим алуусунун, мугалимдин мугалимдик вазифасынын негизи ошол пландар менен минуталардабы? Мугалимдердин жасаган көрсөтмө куралдары да ошол комиссиялар үчүн гана жасалып жаткансыйт, анткени, алар сабакка кирбей туруп эле канча көргөзмө куралы, карточкасы, альбому бар экенине карап мугалимди баалап кетет турбайбы.

**Т. УМӨТАЛИЕВ.** Окуу тарбия ишине кедерги болуп аткан орчундуу нерселердин бири — балдарды айыл чарба жумуштарына эсепсиз көп чегерүү. Бул өзгөчө Ош областында биротоло тамырлап, ошол тамырын кырка албай оожаланып келатат. Бул маселени токтоосуз чечүү керек. Райкомго, чарба жетекчилерине план зарыл, пахта, тамеки керектей мамиле кылышат. А балдар керек эмеспи?

*РЕДАКЦИЯДАН. Эми ушул жерден маекти токтото туруп, баарлашууга көп чекит койсок... Ооба, биротоло чекит коюуга эрте, анткени жогоруда белгиленген толгоктокой проблемалар чечилишке муктаж. Албетте, маектин айрым катышуучуларынын айтканы бүгүн-эртең бүтө койчу өнөктүк жумуштар да эмес, а түгүл айрым бир пикирлер менен келишүүгө да болбойт. Ошентсе да, кыргыз адабияты менен тилин окутуу жаатындагы көкүрөктө түнөп келген көкөй кести кептер ачык айтылды. Эми, ушул маселелер тууралу тиешелүү уюмдар — Кыргыз ССР агартуу жана жогорку, атайын орто окуу жайлар министрлиги, Мамбасмаком, Кыргызстан жазуучулар Союзунун башкармасы баш кошуп, кеңири талкуу өткөрүп, пайдалуу иш чараларын жүргүзүшсө жакшы болор эле. Журналдын редакциясы макаланы даярдаган сынчы А. Муратовго ыразычылыгын билдирет. Окурмандан пикир күтөбүз.*

* * *

«К...» га.

Белгисизсиң дүйнөгө сен,
Тыш жердеги татынакай мадоннам.
Кичинекей өз чейреңде,
Сен өзүңдү билбей естүң.
...Рафаэлдей, кистисине суктанткан,
Сулуулукту, тартат кээлер жүрөгүнө.

Дал ошондой...
...Чоң сүнүүгө жол ачып,
Туулуп-өскөн үйгө келем,
Сага келем...
Бир кездеги сары кыздай — сен өзүң,
Окшоп эми бешиктеги наристең —
Эң бир ыйык кубанычың:
Алып бараар келечекке,
Адамдарга...
Бар бол дайым мен сыйынчу кубанчым,
Сен бар кезде дүйнө бүтүн, дайым кең.

* * *

Үнсүз күйүп, сурабай эч аёону,
Үнсүз кулайт тагдыр турган бийиктен.
Алар кыйып, таштап кеткен жашоону,
Улантууга дал ошондой бийиктен,
Бутактарда кез ача элек сабак бар,
Бутактарда керүнбөгөн эрдиктер...
А, мезгилдин бороонунда — бубактар,
А, мезгилдин бороонунда — кеңдиктер...

АДАБИЙ МУРАС

# Академик Бартольд

*РЕДАКЦИЯДАН. Улуу орус элинин көрүнүктүү окумуштуу-тарыхчылары, таа*
*тары байыркы дооролдон тартып, Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын*
*мезгилдеги кыргыз элинин ар түрдүү тарыхый этаптардагы социалдык тагды-*
*рын, руханий маданияты менен каада-салтына олуттуу көңүл бирүп, тарых үчүн баалуу*
*эмгектерин жазып калтырышкан. Башка илимпоздордун ичинен В. В. Бартольд, башка илимпоздордон*
*ашыгы менен изилдөөлөрүн жазып калтырышкан. Башка илимпоздордун, башка илимпоздордун

рын чогултуп, изилдеген. Улуу Октябрь революциясынан кийин анын илимий-коом дук ишмердиги кенири өөрчүгөн. Ал 1886-жылдан баштап өмүрүнүн акырына че Петербург (Ленинград) университетинде, ошондой эле Ташкент, Баку, Стамбул ж на башка шаарлардагы окуу жайларына атайын лекцияларды окуган.

В. В. Бартольд 1890-жылдары чурда жарыялана элек чыгыш кол жазмалар ның үстүндө айбай көп иштеген жана алардын негизинде «Монгол эзүүсүнүн рундагы Түркстан» деген орчундуу эмгегин жазган. Ал чыгармасы үчүн окумуш тууга чыгыш тарыхынын доктору деген илимий даража ыйгарылган. ал эми 1 жылы Петербург университетинин экстраординардык профессору, 1906-жылы орд нардык профессору деген наам алган. Ал 1910-жылы илимдер Академиясынын муч корреспонденти, 1913-жылы анын академиги болуп шайланган. В. В. Бартольд эмгектери англис, немец, француз, түрк, перс, өзбек, кыргыз жана татар тилдери которулган.

Албетте, айрым тарыхый процесстер менен окуяларды түшүндүрүүлөрүндө жа на чечмелөөлөрүндө окумуштуу талаш-тартыштуу ой жүгүртүүлөргө жол бергени маалым.

В. В. Бартольд «Монгол доорундагы Түркстандагы христианство жөнүндө» ат туу эң алгачкы эмгегинде Орто Азиядагы караханийлер, кара-кытайлар жана монго мамлекеттеринин айрым тарыхый маселелерине токтолгон, алардагы ислам, буддизм, христиан диндерининн өз ара катнаштарын изилдеген. Автор бул чыгармасында XI-XIV кылымдарда жашаган Утби, Бейхаки, Гардизи, Джувейни, Рашид ад-Дин, Руб рук ж. б. калтырган маалыматтардан пайдаланган.

В. В. Бартольд «1893—1894-жылдары илимий максат менен Орто Азияга барган ным жөнүндөгү отчетуун» аттуу эмгегинде бул крайдагы IX-XII-кылымдардагы соода жолдору, шаар-кыштактары жана орто кылымдарда Борбордук Тянь-Шанда болуп өткөн айрым тарыхый окуяларды изилдеген. Окумуштуу мында археологиялык эстеликтерди изилдөөдө биринчи жолу жазма булактардагы маалыматтарды пайдаланган.

Окумуштуунун «Жети-Суунун тарыхынын очерки» ушул крайдын орто кылымдардагы саясий тарыхына атайын арналган. Анын «Караханийлер», «Чагатай мамлекетинин бөлүнүүсүнө чейинки моңголдор», «Могулистан жана калмактар» сыяктуу главаларында кыргыздар жана Кыргызстандын тарыхына тиешелүү көп маселелер биринчи жолу кеңири илимге киргизилген. Мисалы, негизги аннагы Чүй, Талас өрөөнү болгон Хайду мамлекетинин түзүлүшү, Чагатан улусунун экиге бөлүнүшү, Мухаммед-хан башчылык кылган кыргыздардын могул башкаруучуларына каршы күрөшү сыяктуу саясий окуялар изилденген.

Орто Азия элдеринин, анын ичинде кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхын изилдөөдө В. В. Бартольддун «Түркстаны» өтө баалуу эмгек. Автор анын биринчи бөлүмүндө СССРдин жана чет өлкөлүк мамлекеттердин китепканаларында сакталып калган араб жана перс тилиндеги жазма булактардан Орто Азия элдери жөнүндөгү үзүндүлөрдү чогултуп жарыялаган. Ал эми «Түркстандын» экинчи бөлүмүндө ошол жыйналган үзүндүлөрдү жана чыгыш тилдериндеги башка материалдарды изилдеген. Анын II, III, IV главаларынан Жети-Суу жана Борбордук Тянь-Шандын XIV кылымга чейинки тарыхынан кеңири түшүнүк алууга болот. В. В. Бартольд бул эмгегинде чыгыш авторлорунун ичинен X-XIII кылымдарда жашаган Наршахи, Бейхаки, Гардизи, Утби, Карши, ибн ал-Аснр, Несеви ж. б. маалыматтарын көбүрөөк пайдаланган.

Бул окумуштуу «Улутбек жана анын доору» аттуу эмгегинде негизинен XIV-XVI кылымдарда жазылган эмгектердин негизинде Тимур жана тимурнйлердин Могулистанга жасаган жортуулдары, Борбордук Тянь-Шанда, Жети-Сууда жашаган элдер жана улустар жөнүндө кеңнри баяндаган.

Бартольддун «Түркстандын тарыхы», «Түркстандын маданий турмушунун тарыхы» аттуу эмгектеринен жана «Ислам энциклопедиясында» жарыяланган макалаларынан да Кыргызстандын тарыхына тиешелүү айрым маселелер боюнча баалуу маалыматтарды алууга болот.

Академик В. В. Бартольд кыргыз элинин тарыхына жаштайынан эле кызыгып келген. Ал XIX кылымдын аягында жарык көргөн «Байыркы түрк жазууларынын тарыхый маанисн» жана «Байыркы түрк жазуулары жана араб источниктери» аттуу макалаларында кыргыздардын эзелки тарыхы жөнүндө баяндаган. Ал эми анын андан кийинки көп сандаган эмгектеринде кыргыз элинин тарыхын изилдөө кеңири орун алып келген жана орчун эмгектн — «Кыргыздарды» — жазууга негиз түзгөн. Анда кыргыз элинин байыркы замандардан тартып, XIX кылымдын ортосуна чейинки тарыхы боюнча дээрлик негизги маалыматтар жынынтыкталган. Алардын бири кыргыз элинин чыгышы тууралу маселе.

Жыйынтыктап айтканда, академик В. В. Бартольддун башка эмгектери сыяктуу эле кыргыздар жөнүндөгү тарыхый очерки өзүнүн маанисин бүгүнкү күнгө чейин сактап келе жатат.

Өмүркул КАРАЕВ,
тарых илимдеринин доктору





# Кыргыздар

ТАРЫХЫЙ ОЧЕРК

## Эң байыркы маалыматтар

Кыргыздар Орто Азиянын эң байыркы элдеринин бири. Азыркы убакта Орто Азияда жашап жаткан элдердин ичинен тарыхта аты ушунча эрте жолук ган бир да эл жок болуш керек.

Монголдук мезгилге чейинки Орто Азиянын чыгыш бөлүгүнүн тагдыры жөнүндө бүт маалыматтарыбыз официалдуу [кытай историографиясынан алынган] ма териалдын аты жана башка жеке аттар, энчилүү жана географиялык аттар, албетте, иероглифтеринин (тамгасынын) айтылышы боюнча берилген. Кытай тексттерин которондо орус окумуштуулары адетте азыркы убактагы лекин наречиесинде сүйлөгөндөгүн айтылышын жетекчиликке алышкан, ал эми батыш европалык окумуш туулар адабий же «мандарин» деп аталган тилин «олдонушкан. Кээ бир сы мыктардан тышкары лингвисттин маалыматтардын негизинде сөз болуп жаткан тарыхый эстелик таандык болгон мезгилде бул же тиги иероглиф кандай айтылганды гын аныктоого ерекеттенген. Мына ушуга байланыштуу кытайлар эске алган эрдердин фонологиялык теги жөнүндө маселе да чечилген. Колубуздагы очеркте батыш евро палык синологдордун эмгектеринин ичинен көбүнчө Хирттин макаласына (1899), Ша вэннин эмгегине (1903) жана де Гроттун эмгегине (1921) таянуулар көп жолугат.

Орто Азиянын элдери жөнүндө орус тилиндеги кытай маалыматтары кечил (Бичуриндин) «Байыркы мезгилде Орто Азияда жашаган элдер жөнүндө маалыматтардын жыйнагы» (1851) деген эмгегинде топтоштурулуп, ал X кылымга чей ин мезгирилген. Бул эмгектнн уландысы катары В. П. Васильеванын «X кылымдан XIII кылымга чейинки Орто Азиянын чыгыш бөлүгүнүн тарыхы жана байыркы мезгилиэ деген эмгегин эсептөөгө болот.

Официалдуу Кытай историографиясынын мезгил боюнча алгачкы эстелиги «Кы тайдын тарыхынын атасы» Сыма Цяндын «Тарыхый записклары» болуп саналат, ал өзүнүн биздин доорго чейинки 99-жылы аяктаган. Бул мезгилде кытайлардын түн күштөгү көшулары Орто Азиянын тарыхында биринчи белгилүү кеңири көлөмдө им перийны түзген хуннлар болгон. Кытайлардын өздөрү адетте хуннларды түрк тегин дүү эдер менен жакындатышкан. Европалык окумуштуулар экинчи убакка чейин хуннларды да түрктөр деп эсептеп келишкен, ал эми азыр Орто Азия жө нүндөгү кытай маалыматтары боюнча адис профессор Пельо хуннлардын монголизми нин ордуна мурунку теорияга жакындагысы келет. Сыма Цяндын сөзүнө караганда, кытайлар менен биздин доорго чейинки 201-жылы Гэгунь падышалыгын өздөрүнө баш дегени алган. Кытайлардын өздөрү, ошондой эле европалык окумуштуулар да кыр гыз деген сөздү билдирүү үчүн пайдаланылып келген транскрипцияны ушул транс крипция менен жакындатышат, демек биздин доорго чейинки 201-жылдагы окуялар жөнүндөгү маалыматтар мезгили боюнча кыргыздар жөнүндөгү биринчи маалымат эсептелүүгө тийиш. Бул транскрипцияны башкача түшүндүрүүгө да аракет кылып көргөн биз азыр көрүп тургандай кийинчерээк Гянь формасынын биринчи муунунун «Кем» дарыясынын атынын берилишин, ал эми экинчисинен «Орхон» дарыясынын аталышын берилишин көрүшкөн, ошондуктан кытаилар Енисей менен Орхондун ортосун дагы аймакты ушундай деп аташкан деп болжошкон. Енисей чындыгында түрк элде ринде кайыма эле «Кем» деп аталып келген, бирок кытаилар буя сөздү башкы иероглифи менен бермп келишсе да, анын биринчи бөлүгү кыргыз деген атты билдирген. Ошонда эле экинчи бөлүгү кийинчерээк Орхон дарыясынын аты берилгендеи эле ошол эле иероглиф менен түшүндүрүлгөн, демек кыргыз элинин аты угулушуна жа ракын айтылып келген деп ойлоого болот. Пельонун пикирине караганда, жеке түрдегу «кем» деген монголчо түзүлгөн сөз деп эсептейбиз. Кытаилар кыргыздар жөнүндө маалымат кошуналары хуннлардан билген соң, муну менен буя элдин монголизм ге Пельонун пикирн ыраспалар эле.

Биздин доорго чейинки 201-жылдагы окуя жөнүндө баянда кыргыздардын жер ү жөнүндө, анын жашаган жайы жөнүндө эчтеке айтылбайт, а бирок кыргыздар бир бирге алардын коңшулары катары динлин эли аталган, муну «енисеилик остяк тер» деп аталгандардын ата-бабалары деп эсептешкен. Мына ушунун негизинде кыр гыздар ошол убакта деле, андан кийин деле Енисейде жашашкан деп болжоого болот.

Сыма Хачьдардын тарыхынан» (биздин доорго чейинки 206-25-жылдар) бир аз маалымат, бирок баары бир өтө аз географиялык маалыматтарды табабыз, мунун ичинде Гу биздин доорго чейинки 92-жылы дүйнөдөн кайткан. Биздин доорго

чейинки 1 кылымдын экинчи жарымындагы окуялар жөнүндө баянда кыргыздар гяньгунь деген ат менен эске салынат. Хүндардын падышалык кылып турган түкумуиун өкүлдөрүнүн бири батышты көздөй, усунь элинин эзелеп турган жерлери менен коншулаш өлкөнү көздөй көчкөн, бул жөнүндө аатор хүнндардын батыштагы коңшулары жана душмандары катары башка жерлерди да көп жолу эске салат. Усундардын өлкөсү жайгашкан жерди ел бнр кыйла так аныктаган, анын борбору Ысык-Көлдүн түштүгүндөгү аймакта болуп, батышта ал Фергана менен чектешип турган, чыгышта Эби-Нор көлүнөн чыгыш жактагы жана Шнхо шаарынан батыш жактагы жерлерди эзелеп турган. Хүнндардын жакындап келаткандыгы жөнүндө угуп, усундар аларга каршы 8000 адамдан турган кошуиду жиберген. Бул кошуиду хүнндар усуидер эзелеп турган жеринде эмес, андан ары чыгыш жакта талкалаган. Усундарды жеңип чыккандан кийин хүнндар түндүккө, угэ элине каршы, андан ары батышты көздөй, гяньгунь элиие каршы, ал жердеи түндүккө, динлин элиие каршы жортуулга жөнөгөн. Бул «үч падышачылыкты» багындыргандан кийин хүндар көп учурда усундарга каршы аскерлерин жөнөтүп, аларды даиыма жеңип турган. Хүнндардын башчысы бнр канча убакыт Гяньгундердыи өлкөсүндө жашап, андан кийин усундардын батыштагы коңшулары менен союз түзгөн, булардын эзлегеи жери Ферганаиын түндүк-батышына чейин жеткен. Хүнндар кангюйлардын өлкөсүнө өтүү жөнүндө өтүнүчүн кабыл алып, жолдо келаткенда зор жоготууларга учураган (аскерлерден 3000 адам гана аман калган), бирок алар кубаттуу падышачылыкты түзүп, усундардын үстүнөн зор жеңишке жетишет. Бул падышачылык биздин доорго чейинки 36-жылы кытайлар батышка жиберген аскерлер тарабынан талкаланып, хүнндардын жол башчысы, падышачылыкты негиздеген адам өлүм жазасына тартылган.

Гяньгундун өлкөсү жөнүндө ал хүнндардын борборунан батыш жактагы (Орхондогу же Толдогу) 7000 ли жерде (ли ал убакта үчтөн бир чакырымга барабар болгон) жана Чөши же Гусу аймагынан түндүк жактагы 5000 ли жерде, башкача айтканда азыркы Турфан шаары турган Кытай Түркстанынын чыгыш бөлүгүндөгү аймакта болгон. Кийин биз мусулман географтары тарабынан Турфанга жакын жерден түндүккө карай Енисейдеги кыргыздардын өлкөсүнө кеткен жол да сүрөттөлгөндүгүн жолуктурабыз. Эгер кытайлар көрсөткөн аралык чындыкка жакын болсо, анда кыргыздар ал убакта Енисейде гана эмес азыр Кыргыз-Нор көлү турган жерден түштүгүрөөк жакта да жашашкан. Менин билишимче, көл эмне үчүн мындай деп аталып калгандыгы жөнүндө азырынча маалыматтар жок. Жок эле дегенде Гяньгундун өлкөсү усундардын өлкөсүнөн чыгышыраак жакта жайгашкандыгын, хүнндардын Гяньгунь өлкөсүнүн Кангюй өлкөсүнө карай жылгандыгы тууралуу баяндагы жаңылыштыктын аркасында усундар жөнүндө сөз болгон эмес экендигин окуялардын жүрүшү көрсөтүп отурат. Бул жолдо барагканда хүнндар усундар тарабынан кырылгандыгында шек жок. Бань Гунун жаңылыштыгы биздин доорго чейинки Вэй династиясынын тарыхынын аатору, биздин доорго чейинки III кылымда жазган Юй Хуанды да адаштырган. Ал Гяньгундун өлкөсүн Кангюйдун өлкөсү менен катар, анын үстүнө андан түндүк-чыгышта жайгашкан деп эсептеген. Динлиндердин өлкөсүн ал кангюйлардын өлкөсүнөн чыгышта деп эсептеп, өзүнүн жазганына өзү каршы келип, Гяньгундун өлкөсү башка эки «падышачылыктын» ортосуна жайгашкан деп эсептеген. Бул жаңылыштыктар де Гротту да адашууга алып келген.

Хүнндардын кызматына өткөн кытай тегиндеги төбөлдөрдүн Гянь-гунь өлкөсүнүн жана башка түндүк өлкөлөрдүн акимдигине дайындалгандыктары жөнүндө да айтылган, бирок бул маалыматтар булактардын так далилине негизделбеген болуш керек. Биздин доорго чейинки II кылымдыи эң акырында хүнндардын тарабына көчмөн тектеги төбөл, бирок кытайча билим алган жана кытайдын кызматында жүргөн Вэй Люй өтүп кеткен, ал Кытайдан хүнндарга элчи катары жиберилген. Тан династиясынын (618—907) XI кылымда жазылган тарыхында Вэй Люй динлиндердин падышалыгына такка отургузулган деп айтылган, бирок улуу ханьдардын тарыхында мындай ачык көрсөтүлгөн нөрсе жок. Биздин доорго чейинки 99-жылы узакка каршылык көрсөткөн жана хүнндар талкалаган кытай полководеци Ли Лин хүнндардын кызматына өткөн, ал хүндардын өлкөсүндө 74-жылы өлгөн. Андан кийин хүнндардын төбөлдөрүнүн ичинен анын уулу жөнүндө маалымат бар. Котормого берилген эскерүүдө Иакинфте бул жөнүндө мындай деп айтылган: «Ли Лин хүнндарда кала берип Хягас жерин эзликке алган (Хягас — Тан династиясынын убагында айтылып жүргөн кыргыз деген сөздүн транскрипциясы), бул жерде анын укум-тукуму Чынгызхандын мезгилине чейин падышачылык кылган». Тан династиясынын тарыхынан кыргыз каганы деп эсептелген Ли Линдин тукуму гана белгилүү, ал 840-жылы уйгурлардын мамлекетин талкалап, 847-жылы өлгөн. Тандын династиясы Ли Линдин тукумуна таандык болгон соң, кыргыздардын каганы 841-жылдагы сүйлөшүүлөрдүн убагында Кытайды башкарып турган династиянын тууганы катары эсептелген. Анын ысмын падышачылыктын санжырасына киргизгиси келишкен, бирок кийин андан баш тартышкан, анткени «Хяйас Тандардын тукуму менен теңелүүгө кудуретсиз чакан уруу» деп эсептелген.

Биздин доорго чейинки алгачкы беш кылымда кыргыз элинин тагдыры жөнүндө эч кандай маалымат жок болуш керек. Биздин доорго чейинки 1 кылымдын акырында хүнндардын державасынын кулашы жана бийликтин кытайларда сяньби деген ат менен белгилүү болгон элге өтүшү кыргыздарга кандай таасир тийгизгендиги таптакыр бөлгисиз (Сяньбиликтерди ушул убакка чейин адетте тунгустар деп эсептеп келишкен. Профессор Пельо Ленинградда окуган лекциясында сяньби тилиндеги кытай сөздүгүнө таянып, аларды түрктөр деп атаган, басма сөздө бул сөздүк жөнүндө маалыматтарды мен жолуктура албадым). V кылымда гана түзүлгөн «Кенже Ханьдардын тары-

(225-220) сяньбилердин падышасы Таньшихай (181-жылы өлгөн) «түндүктө ...оон токтотуп, батышта үсүндарды талкалап, мурда хүннүлөрдүн державасы-...нын курамындагы бардык жерлерди өзүнө алган» деп айтылган. Динлиндер менен ...ай жөнүндө "сөз Таньшихай динлиндердин түштүктөгү кошуналары кыргыздардын ...ерин өзүнө алган деп ойлоого алып келет. Ошол эле тарыхта динлиндер алардын ...кошуналарынан көбүрөөк эске алынган үхуань эли кытайлар тарабынан «чы-...варварлары» деп эсептелген жана бир убакта Гоби чөлүнөн түндүк жактагы жер-...үндүлөрдүн чыгыш жактагы кошунасы болсо керек. Ошол эле убакта кытайлар ...тар кылмышкерлерди айдаган бул чөл динлиндерден түштүк-батышта жана ...дерден түндүк-чыгышта жайгашкан деп айтышат. Мындан тышкары ичине динлин-...менен бирге ухуандардын доордун башталышында кытайлар түз-...о кошундары жөнүндө айтылган.

...II кылымдан кийин динлиндер жөнүндө сөз жок. VI кылымда түркогуздарынын ...империясы түзүлгөнгө чейин кыргыздар жөнүндө маалыматтар да жок.

## II глава

## VI кылымдан IX кылымга чейинки кыргыздар

618-жылдан 907-жылга чейин башкарган Тан (Тан-шуу) династиясынын тарыхынан ...ында мурунку кытай тарыхый чыгармаларына караганда кыргыздар жөнүндө бир ...толу маалыматтарды табабыз. Кыргыздар кайда жашагандыгы жана алардын ...башка өлкөлөр менен кандай жолдор байланыштырып тургандыгы жөнүндө ...биринчи жолу географиялык жактан так көрсөтүлгөн. Кыргыз элинин өң түзү-...жана тили жөнүндө маалыматтар да биринчи жолу айтылган. Мындан тышкары, ...маалыматтар ошол эле мезгилде башталган араб географтарынын маалыматтары ...толукталышы мүмкүн. Эң акырында ошол убакта Монголияда үстөмдүк кылып ...түрктөрдүн Орхон дарыясында калтырып кеткен «Орхон» жазуулары деп ата-...тарыхый жазууларында кыргыздар жөнүндө бир канча жолу эске салынгандыгы ...маанилүү.

Кыргыздардын өлкөсүнө баруучу жол катары кытайлар Селеңгеден «Кара ...оргон» же Таньмань тоолоруна чейинки жол жөнүндө баяндашат. Ф. Хирт сөз Саян ...тоолору жөнүндө болуп жатат деп болжолдойт. Бул тоолор Орхон жазууларында Кен-...гю-Тарман же Кенгю-Тарбан деген ат менен эске салынган. Жазууларга караганда бул ...тоолор түрктөр эзелеген жерлердин эң батышкы чеги болгон, анын үстүнө бул жөнүндө ...кытайлар Кёгмен тоолорунун ары жагында жашагандыгы жөнүндө айтылат. Акыркы ...алым Хирт Кюи (Цюи) мандын транскрипциясындагы башка бир кытай булагынан VIII ...кылым) тапкан. Анын пикири боюнча Кюйманъ менен Таньмань түркчө айтканда Кёг-...мен менен Кенгю-Тарман бир эле ат экендигине ишенүү кыйын. Кёгмен тоолору кыр-...гыздардын түштүк-чыгыш чеги, Кенгю-Тарман тоолору батыш чеги экендиги чындыкка ...жакын, биринчи учурда Саян тоо кыркалары, экинчи учурда Алтай жөнүндө сөз болуп ...жаткан болушу мүмкүн. Бирок Тан-Шуда кыргыздардын өлкөсү түштүктөгү Таньмань ...тоолоруна чейин жайылып жатат деп айтылган. Кёгмен тоолору аркылуу кыргыздарга ...баруучу жол түштүктөн, азыркы Турфандан кеткен жол катары мусулман географтары ...эске салып кетет. Бул аймак менен Кёгмен тоолорунун ортосунда Кемиз-арт жана ...Чөнбек-Лу тоолору да болгон. Кёгмен тоолору аркылуу өткөндөн кийин кыргыз ка-...ганынын ордосуна чейин дагы жети күн жол жүрүү керек болгон. Мусулман географ-...тары кыргыздардын өлкөсү аркылуу агып өткен дарыя жөнүндө кеп кылбайт, кытай-...тарда бул дарыя Гянь, башкача айтканда Кем (Енисей) деп аталат, Тан-шунун маалы-...мы боюнча кыргыздар «динлиндер менен аралашып кеткен». Ошол эле убакта алар ...сырткы түрү жагынан кытайлар бома деп атаган элге окшоп кетет деп айтылган. ...Бома — «ала аттар» — бул элдин жылкысы ала болгон имиш деп айтылат). Бомалар ...түрк-огуздардын түндүк жагында жашаган, ал эми чынында ал жерде кыргыздар жа-...ган деп айтуу керек эле, анткени андан ары алар кыргыздар менен дайыма согу-...шуп келген деп айтылган. Алардын жерин дайыма кар каптап, түндүгүндө деңизге ...чейин жеткен. Алардын сырткы түрү бомдорду сүрөттөөдө эмес, кыргыздарды сү-...рөттөөдө да: «жээрде чач, кызыл жүздүү жана көк көздүү» деп айтылган, азыркы ...убактагы кыргыздардын тибине окшогон («кызыл чач жана ак денелүү») ушундай эле ...белгилер XI кылымдагы Перси автору Гардизинин баянында айтылган, ал VIII кылым-...да жазган Ибн Мукаффанын (757-жылы өлгөн) жазгандарынан алган болуш керек. Ибн ...Мукаффанын сүрөттөөсү боюнча ал кыргыздарды славяндардын туугандарынан деп ...эсептеген. Кытайлар кыргыздар бомадан тили менен да айырмалангандыгын белги-...лейт, анда бир канча кыргыз сездерү (маселен «ай» деген сөз) келтирилген, мындан ...кыргыздар ал убакта түрк тилинин наречиелеринин бири менен сүйлөгөндүгү керүнүп ...турат. Мусулман авторлору да кыргыздарды тили жагынан түрктөргө таандык кылат.

Мына ушул айтылгандардын баарынан кыргыздар түрктөшүп кеткен Енисейлик ...остяктар болгон жана мурунку тилин сактап калган өздөрүнүн уруулаштары менен ...сүйлөшүү жүргүзүп келген деп корутундулоого болот. Енисейлик остяктарда өздөрүнө ...«жогору жактан», башкача айтканда, түштүктөн кубаттуу кылики элинин кол салгандыгы ...жөнүндө уламыштар сакталып калган, бирок бул уламыштар андан кийинки окуя-...ларга тийиштүү болушу мүмкүн.

боюнча ал мамлекаттик чек ара катары эсептелген Хатын-арка ашуусу аркылуу 18-сентябрда катуу бороондун убагында Ижим дарыясынын ареонунда, ал жердан Енисейдин оң куймасы болгон Уса дайрасынын ареонуна түшкөн. Байыркы Означенная азыр Уса дайрасынын чатында турат. Аны менен Усанын чатынын ортосундагы аралык эки жүрүү үчүн эте коркунучтуу жер болуп саналат. Потанин Усанын кыштагынан Мишурюшкинге кезкен үч жолду «Саян тоо кыркаларынын тик тоолору аркылуу өткөн, «Салт атчан жайны үч анда гана өтүүгө боло турган ашуулар» деп сүрөттөп жазып калтырган. Уса дайрасы жана Енисей дайрасы боюнча кышкы жол да бар, балким, түркөр үшул жолду пайдаланган болушу мүмкүн. «Аны» деген сөз бул учурда Енисейди түшүндүрүшү мүмкүн, мындай аттын башкача аталышын биз билбейбиз. Түрк жана татар публицисттеринин «Енисей» деген сөз түрк тилинен келип чыккан (Енисей — «Жеңиш суулар») деп түшүндүрүүгө жасаган аракеттеринне карабастан, тунгустарда Иомеси («Чоң суу») деген ат бар жана бул түрк элдеринин бири тарабынан да колдонулбаган.

Түштүк-батыш тараптан кыргыздардын жергеси ал убактагы өздөрүнүн союздаштары: батыш түркөрдүн башында турган төргештердин түздөн-түз эзилгинен түтумдаш жаткандыгы жөнүндө жазууларда сөз жок. Төргештерге каршы жортуулга чыгуудан мурда Тоньюкук өзүнүн кошуну менен кыргыздардын жергеси аркылуу Саян тоо кыркаларынын түштүк тарабына кайрадан өткөн. Кыргыздар менен кошо езе эли бир канча жолу антылган, бир жерде азалар төргештер менен бирге жашайт, демек, кыргыздардан түштүк-чыгыш тарепта, Саян тоо кыркалары менен Алтайдын ортосунда жашаган деп антылган. Кыргыздар менен кошо чик эли жөнүндө да айтылган, түркөр кыргыздарга каршы жортуулга чыгардын астында 709-жылы эле бул элге каршы жортуул жасаган, мында Саян тоо кыркалары аркылуу эмес, Кем дарыясы аркылуу өткөндүгү жөнүндө сөз бар. Демек, чиктер бул тоо кыркасынан түштүк тарапта, Енисейдин куймаларында жашаган болуш керек. Кыргыздардан чыгыш тарапта жана үйгурлардан түндүк тарапта анчалык чоң эмес көлдүн (Косогол) түштүгүндө, кытай маалыматтарына караганда, дубо деген эл жашаган. Балкнм, бул уруулар ошол убакта эле түркөшүп кетиши мүмкүн, алар лыжа менен жүргендуктан «жыгач атчан түркөр» деп аташкан. Гянь-хай көлүнүн жээгинде (Иакинфтин пикири боюнча Байкалдын) кыргыздар менен тутумдаш дехань жана гюй элдери жашаган. Кыргыз мамлекети чыгышта гулигань элинин аймагына чейин жеткен, буя эл орхон жазууларында курыкан деп аталат. Иакинфтин которгомуна жана түшүндүргөнүнө карагында курыкандер Байкалдын түндүгүнөн тартып Муз океанына чейин, Шаванднн котормосу боюнча чолдон түндукту карай жана Банкалдан түштүккө карай кеткен жерде жашаган. Эмнеси болсо да кыргыздардын жашаган жери Банкалга чейинки кеңири аймакта болгон, ошондуктан кыргыздар түрк-огуздар күчүнө келип турган доорунда алар менен өтөөндөшө алган болуш керек. Ильтерес-каганднн кызын кыргыздардын каганына бергендиги жөнүндө факт жок, бирок түркөрдүн падышалык кылган тукуму адетте өзүнүн кыздарын кыргыздардын уруу башчыларына берип турганднгы жөнүндө кытай жазуулары баяндат.

Чыгыш Монголиядагы биниик түрк-огуздардан уйгурларга өткөндөн кийин кыргыздардын ебалы начарлан баштаган. 734-жылы Бильгекаганднн атынан түзүлгөн жазууда түркөрдүн падышачылык кылган тукуму өздөрүнүн кубаттуулугу узакка камсыз болду деп эсептешкендиги антылган. Уйгурларга ушунчалык аз көңүл бурулгандыктан, буя элдин аты жазууларда бир гана жолу жолугат. Ошондой болсо да 745-жылы Бильге-каган өлгөндөн кийин он бир жыл өткөндө Чыгыш Монголияда түркөрдүн бийлиги кулап, алардын эзлеген жерлерн уйгурларга өткөн.

Тан-шудагы кыргыздар жөнүндө баянда алар 758-жылы уйгурлар тарабынан жеңилгендиги айтылган, уйгурлар жөнүндө баянда бул окуя жөнүндө антылган эмес. 758-жылы кытайлар Гэлэ-хан Мояньчжо (745-759) деп атаган уйгур каганы башкарган, ошол эле 758-жылы анын элчиси Кытайдын борборунда араб элчиси менен кадыр-барк жогынан атаендашкан. Бул каганга Селенгага жакын жерде табылып, 1913-жылы финляндиялык окумуштуу Рамстед тарабынан басылып чыгарылган эте бурмаланган түрк жазуусу өрнелген болуш керек. Анда баяндалган окуялар 757-жылга чейнн жеткирилген, бирок, андан уйгурлар 750-жана 751-жылдарда эле чиктер жана кыргыздар менен кегилышкандыгы жөнүндө көрүнүп турат, анын үстүнө мында кыргыздардын ханы жөнүндө баян бар.

Анден бир кылка кечирээк мезгилге, VIII кылымдын акырында уйгурлардын өлкесүнде жашеган кыргыз тагнидеги аким түзген жазуу таандык, аны да Рамстед басып чыгарган. Жазууда анын насаатчысы жөнүндө сөз бар, анда Сирнялык «мар» — «мырза» деген сөз колдонулган, мындан Рамстед ошол убакта уйгурлардын өлкесүндө жайылган алдыңкы азнялык — манихей диниин кабыл алган деген корутунду чыгарат.

Эгер кытайпер 758-жылы кыргыздарды уйгурлардын багындырып алышы бирөтолө болгон деп эсептешсе, буя 758-жылдан кийин Кытайга кыргыз элчилигинин келбей калгандыгы менен түшүндүрүлүшү мүмкүн. Кыргыздардын уйгурларга нершылык көрсөтүшүнүн улантылып жаткандыгы жөнүндө 808-жылдан 821-жылга чейин өкимдик кылып көлген башка бир уйгур каганынын падышалык кылгендыгына тийиши бар кытай тилиндеги жазуулардан көрүнүп турат. Бул карагандын убагында уйгурлар менен Гянь-Гуиь падышачылыгынын, башкача айтканда, өте кубаттуу кыргыздардын ортосунда кайрадан согуш болгон. Уйгурларда жаа менен куралданган 1 400 000 чейин кошун (ал эми Тан-шунун жазганына караганда, кыргыздарда бар болгону 80 000 кошун) болгон имиш. Бул жолу кыргыз мамлекети биротоло талкаланып, мамлекет катары өзүнүн жашоосун токтоткон деп айтылат, бирок Тан-шуда, кыргыз-



жаңы каганы чыккандыгы жана анын уйгурларды 840-жылы толук жеңил жөнүндө, өзү жеңишке жеткенге чейки бул каган «жыйырма жыл бою согушту улантканднгы» жөнүндө айтылган. Эгер мындай болсо, Иакинфтин котормосу боюнча Тан-шуда кыргыз аталыш уйгур-каганынан Пицысе деген титул алган, мында каган деген сөз кошулган эмес. Ошентип кыргыздын жеңилиши каганднкты жана көз каранды эместикти жоготууга алып келгенен, мамлекеттик өз алдынчалыкты жоготууга алып келген эмес. Эгер ыктайлуу болгондо кытайлар атагандай кыргыздардын ажосу телкаланганднн кийин кан өзүнүн батыштагы союздаштарына таянып, уйгурларга каршы күрешту каалаган. Бирок, төргештер жөнүндө сөздүн болушу негедир түшүнүксүздей. Анын тегинен чыккан жесир энесин, аялын — карлук падышасынын кызын алганднгы айтылган. VIII кылымда батышка кетип, ал жерде борбору болгон мамлекетти 766-жылдан кийин түзгөн Карлуктар кийнин ошо боюнда өзүнүн коңшулары жана союздаштары болбогондугу жөнүндө маалыматтар бар

Дегеле кыргыздардын улуу державасынын доорундагы Орто Азия жөнүндө Кытай маалыматтары өтө аз. Жогоруда айтылган котормолордон тышкары кыргыздар жөнүндө Тан-шунун маалыматтары В. Шоттун макаласына (1865) чогултулган, бул кабарларда өлкө менен элдин сүрөттөмөлөрү берилген, бирок 847-жылдан кийинки кыргыздардын тарыхы боюнча эч кандай маалыматтар барилген эмес.

Кыргыздар менен мусулмандардын ортосундагы карым-катнаштар жөнүндө кытайларда да маалыматтар бар, алардын айткандарына караганда кыргыз мамлекети дашилер (ал убакта арабдарды атагандай тажиктар), туфандар (тибеттиктер) жана гэлолу (карлуктар) менен дайыма достук байланышта болгон. Арабдардын (дашилердин) өлкесүнөн кыргыздарга ар бир үч жылы алтын жип менен согулган жибек кездемелер жүктелген 20 төөдөн турган кербен келип турган, кээде төөлөрдүн саны 24кө жеткен. Бирок Тан-Шуда бул кербен кандай жол менен баргандыгы айтылбаса керек. Клапротта арабдардын кербенине тибеттер жөнүндө Тан-шуда айтылгандар таандык кылынган: уйгурлардын талап-тоноп алышынан коркуп, тибеттиктер карлуктардын өлкесүнө барганда, ал жерде узатуучуларды күтүшкөн. Иакинфтин түшүндүргөнүнө караганда, бул коштоочуларды аларга карлуктар, ал эми Шоттун түшүндүрүүсү боюнча кыргыздардын өздөрү барип турган.

Кыргыздардын арабдар, тибеттиктер жана карлуктар менен достугу жөнүндө баяндан кыргыздар ал түгул өзүнүн улуу державалык доорунда да Орто Азиянын батыш бөлүгүндө болуп жаткан согуштарга кийлигишпегендиги жөнүндө корутунду чыгарууга мүмкүндүк берет. Белгилүү бир мезгилге чейин алардын душмандары уйгурлар гана болушу мүмкүн, анткени алар 860-жыл менен 873-жылдын ортосундагы мезгилде азыркы Кытай Туркестанын Кара-Ходжа (азыркы Турфандын жанында) жана Бишбалык (кытайча Бейтиж, азыркы убактагы Гучэндин жанында) шаарлары менен кошо басып алган болчу. VIII кылымда бул жерде андан мурда жашагандар башка түрк элдери, адегенде басмылдар, андан кийин түрк-огуздар болгон, аларды арабдан тугузгуздар (түркчө токуз-огуз, огуздардын тогуз урууга бөлүнгөнү боюнча) кытайлар-шато (алар бир канча убакыт бою жашаган чөлдүн аты боюнча) деп аташкан. 794-жылы бул аймакты тибеттиктер басып алып IX кылымдын башында ал жерде жашаган түрктөр Кытайдын чегинен сүрүлүп чыгарылган. Ошентип бул жерде уйгурлар түрктөргө эмес, тибеттиктерге туш келген. Ал убакта огуздарга таандык болгон бул жер менен таанышкан арабдар андан кийинки болгон өзгөрүүлөр жөнүндө билбей, жергиликтүү калкты тугузгуздар деп атай бериши мүмкүн. Махмуд Кашкарий гана XI кылымда «тугузгуз» дегендин ордуна бардык жерде «уйгур» деп жазган, анткени ал араб тилинде жазган бирден бир автор болгон жана Орто Азия жөнүндө китептер боюнча эмес, өлкө менен өзү таанышкандыгынын негизинде айта алган. Монголияда уйгурлар менен огуздардын ортосундагы күрөштөн кийин уйгурлардын ичине огуз элинин бир бөлүгү кирген, жазуусун Рамстед басып чыгарган VIII кылымдын ортосундагы уйгур ханы өзүн эми Кытай маалыматтарына караганда, уйгурлар тогуз урууга бөлүнгөн, монгол мезгилин жазган тарыхчы Рашид ад-дин он-уйгурлар менен катар тогуз-уйгурларды да билган. Жок эле дегенде Рамстед басып чыгарган жазуулар уйгурлардын ханы барыдан мурда өзүн уйгур элинин акими катары сезгендигин көрсөтүп отурат, эгер арабдар Кытай Түркстанынын чыгыш бөлүгү менен уйгурлар жашап жаткан убакта биринчи жолу таанышкан болсо, анда арабдардын географиялык адабиятына тугузгуз деген ат эмес, уйгур деген ат кирип калган болор эле. Мунун натыйжасында тугузгуздар жөнүндө араб маалыматтары уйгурларга тийиштүү экендигин, ал эми кандай маалыматтары алардан мурдагыларга таандык экендигин чечүү өтө кыйын, мындан тышкары географиялык мусулман адабиятында Орто Азия жөнүндө башка маалыматтарды белгилүү санжырага такоону да кыйындатат. Мусулман географтары өзүнүн маалыматтарын өздөрү атын атабаган китептерден алышкан, азыркы учурда эмес, качандыр бир убактарда, ал түгул бир канча кылым мурда айтылгандыгы жөнүндө окурманды эскертпестен туруп маалым беришет. Бул, албөтө, кыргыздар жөнүндө сөз болгон маалыматтарга да тийиштүү (ошол убактагы араб жана парс авторлору хирхиз, дегеле ал убактагы түркчө «к» тамгасын «х» тамгасы менен жазышкан, маселен «харлук», парс авторлорунда карлук дегендин ордуна харлук деп жазышкан). Эгер бизге бул чыгарма канчанчы жылы жазылгандыгы белгилүү болсо да, анда баяндалган фактылар кайсы мезгилге тийиштүү экендигин эч кандай түшүндүрө албайт.

XI кылымда жазган Гардизиден тышкары перс тилинде жазылган «Дүйнөнүн чектери» (худуд ал-илам) деген автордуу эмгөк кызык маалыматтарды берет, ал хижраның 372-жылы, башкача айтканда, биздин доорго чейинки 982-же 983-жылы жазылган. Бул чыгарма маркум А. Г. Туманский тарабынан 1892-жылы Бухарада табылып, жалгыз гана кол жазма түрүндө бизге жеткен. Кийинчерээк бул эмгөк орус илимий адабиятында адөттө «Туманскийдин кол жазмасы» деген ат менен белгилүү. Бул булакка караганда, кыргыздар тугузгуздардын түндүк гана эмес, батыштагы да коңшулары болгон. Ошол эле автор Пенчула шаары жөнүндө (анын айтылышы толук аныктала элек, Кытай транскрипциясы боюнча Выньсу өзүнүн жайгашкан орду жагынан азыркы Уч-Турфанга туура келет), ал карлуктардын жергесинде болгондугу жөнүндө кабарлайт. Анын акими мурда тугузгуздарга көз каранды болгон, «эми» бул шаарды кыргыздар ээлеп тургандыгы жөнүндө кабарлайт. Арабдар тугузгуздар менен карлуктардын ортосундагы согуштар жөнүндө, мында артыкчылык мурда тугузгуздар тарабына болгондугун, андан кийин, тугузгуздар манхем динин алгандан кийин (балким, бул дин Кытай Туркстанынын чыгыш бөлүгүндө Монголиядагы уйгурлардан мурда кабыл алынышы мүмкүн) ийгилик карлуктар тарабына өткөндүгү жөнүндө баяндайт. Бирок Туманскийдин кол жазмасына таянып, тугузгуздар карлуктардын жерлеринин бир бө-



...р. Жыйнактын ушундай олуттуу ...тарынын айрымдары Ү. Асаналиева- «Кыргызстан маданияты» жумалыгына ...арыяланган «Оозеки көнчке орундуу ма-миле зарыл» (10, III, 1983) деген макаласын-да да сынга алынган. Мен бул макалада Ү. Асаналиевди кайталабаска да аракет жасадым. Эмнеси болсо да «бөдөнөнү сой-со да кесеп сойсун» деген макалды келти-рүү менен сөздү кыскартууга туура келет. Эми «Кыргыз макал, ылакаптары» жыйна-гынын экинчисине токтолоюн. Экинчисин филология илимдеринин кандидаты Ж. Төлөев түзгөн. Жыйнакка миңге жетпеген эле макал топтолгон. Бул жыйнактын көлөмү өтө кичине экенин көрсөтөт. Ылакаптар жыйнактан ырымга табылбайт. Көлөмү кан-дай чакан болсо, жыйнак ошондой «түзүү-чүдөн» деген жупуну сөз менен ачылат. Жупуну сөздүн аталышына караганда, жый-накты топтоодо түзүүчү алдына кандай максат койгон, кантип түзгөнү жөнүндө га-на кыскача ой айтылмак. Антпей, кыргыздын макал, ылакаптарынын мүнөздүү өзгөчө-лүктөрү, айрым тематикалары жөнүндө сөз чолуп, түзүүчү максатынан четтеп кеткен өңдөнөт.

Дүңүнөн айтканда, Ш. Усупбекова жибер-ген айрым кемчиликтердин кээ бирлерин Ж. Төлөев деле кайрадан кайталаган. Тема-тикага белүштүрүүсүн эле алалычы. Макал, ылакаптардын жаратылышы кандай кыска, так, мааниси ары айкөл, ары терең болсо, алардын тематикага белүнүшүндө да ошон-дой белгилер сакталышы мыйзам ченемдүү көрүнүш болмокчу. Бардыгы кыргыздын макал, ылакаптарын Ж. Төлөев жети тема-га белген. Алгачкы темасы «сөз, өнөрү, анын коомдогу адамдардын өз ара байла-ныш мамилелериндеги мааниси» деп аталат. Макалга ушундай түрдөгү узун тема коюу сөзгө алууга арзыбайт. Макалдын өзү кан-дай кыска, таамай айтылса, анын темаларга белүнүшү да ошондой ары так, ары шаң-дуу болууга тийиш. Бул бир жагынан. Экин-чи жагынан тилге байланышкан макалды би-ринчи атоого эч качан болбойт. Эмгек ме-нен тап күрөшүн чагылдырган макалдарды бири-биринен ажыратпай бирдикте карап, аларды темага белгөндө гана илимий ма-миле жасалат. Кемчиликтин мындай түрү Ш. Усупбекова түзгөн жыйнакка да тиешелүү.

Дала элдик жана акын-ырчылардын төр-ма, сөнат ырларынын айрым саптары жый-накта макал катары тиркелип жүрөт.

Чөпкө бергис такыр бар,
Байга бергис жакыр бар.
Жамгыр болбой дан болбойт,
Тегирмен болбой нан болбойт.
Айыл конбо антпөрго,
Жолдош болбо айгакка,
Жез кадырын жезчи билет,
Эр кадырын эл билет.
Жалгыз жыгач үй болбойт,
Жалгыз жигит бий болбойт.
Чыкпаган аштыкка — өтпөгөн орок.
Кыздуу үйдө кыңыр сүйлөбө,

Уулду үйдө узун сүйлөбө (15, 69, 19, 37; 28, 62; 11, 13, 68-беттер). Акыркы макал жыйнактын үч эле бетинен орун алган. Ма-кал, ылакаптарды өзүнчө жыйнак кылып түзгөндө алар элде кандай айтылса, дал ошондой берүү керектиги негизги талаптар-дын ирнси. Түзүүчү Ж. Төлөев аны деле жакшы билет. Бирок айрым макалдардын бурмаланышына жол берип койгон. Ага да айрым мисалдарды келтирейин.

Кыздын кырк чачы улуу.
Эчки туяй албай жатып,
Койго арачы болуптур,
Жаш улук эмес, өлүм улук.
Жаш улук эмес, акыл улук.
Өлүм бардын малын чачат,
Жоктун койнун ачат.
Киши акылы — кишен менен тушоо,
Өз акылың — өзүң менен тамыр.

Келтирилген макалдардагы кара шрифт-арип менен жазылган сөздөр элде-улук, аначы, абийирин, өлүк, ажал, өзөк болуп айтылат. Кыргыздын макал, ылакаптарын өзүнчө жыйнак кылып түзгөндө, академик К. К. Юдахиндин «Кыргызча-орусча сөздү-гүн» (М., 1965) зарыл түрдө пайдалануу ке-рек. Себеби миңдеген макалдар сөздүктө бардык жагынан так көрсөтүлгөн. Бурма-ланган макалдардын айрымдары ошол сөз-дүктө «эчки туяй албай жатып койго аначы кириптир», «жаш улук эмес, ажал — улук» (56, 803-беттер) делип берилиши ага ачык-айкын мисал болот. Ошентсе да Ж. Төлөев түзгөн жыйнактын алгылыктуу жактары да арбын.

Кыргыз элинин дайыма айтылып, жашап жана түзүлүп жаткан көөнөрбөс мурастары-нын бири — макал, ылакаптар. Аларды жаштар да, карылар да дайыма берилип окушат. Жөнөкөй эле адамдар бири-бири менен сүйлөшкөндө, макал, ылакаптарды өз сөздөрүнө дилгирлик менен колдоно билүүгө да тырышат. Алардын тарбиялык мааниси да аябай айкөл. Ошондуктан ма-кал, ылакаптардын элде айтылышындай, илимий мамиле жасалып, толук түрдө чы-гышын журтчулук көптөн бери зарыга күтөт. Ошондо гана эл сөздүн көркү аталган макал, ылакаптар менен кеңири таанышып, ыраазылыгын да билдиришет.

**Муңдук МАМЫРОВ**



Стасис КРАСАУСКАС. Чыгыш элдеринин чыгармаларына сүрөттөр.

ISSN 0320-7390

# Ауа тоо

4·88

Протокол
ОТР 110-127
от 1/

# Ала Тоо

АЙ САЙЫН ЧЫГА ТУРГАН АДАБИЙ-КӨРКӨМ ЖАНА КООМДУК-САЯСИЙ ЖУРНАЛ

КЫРГЫЗСТАН ЖАЗУУЧУЛАР СОЮЗУНУН ОРГАНЫ

**№ 4**

АПРЕЛЬ

**1988**

1931-жылдан бери чыгат



ГБ Киргизской ССР
1988
имени В. И. Ленина


## МАЗМУНУ.


**Тугелбай СЫДЫКБЕКОВ.** Акмурут Үметөй багбанга кездешүү, повесть . . . 3

**Тургуналы МОЛДОБАЕВ.** Жаратылыш — жан апам, ырлар . . . . . 47

**Касым КУШУБЕКОВ.** Түш, повесть . . 50

**Анатай ӨМҮРКАНОВ.** «Жашыл арал» ыр китебинен, ырлар . . . . . 106

**АДАБИЙ МУРАС**

**Тынчтыкбек ЧОРОЕВ.** Махмуд Кашгари жана анын «Түркий тилдер сөз жыйнагы» . 112

**Махмуд ибн Хусейин КАШГАРИ.** Түркий тилдер сез жыйнагы (Диван лугат ат-турк) . 117

**ЖАШ КАЛЕМ**

**Жедигер САЛАЕВ, Турабай ЖОРОЕВ.** Ырлар . . . . . 126

**ИЗДЕНҮҮ, ТАБЫЛГА, ЭСКЕРҮҮ**

**Кадыркул АЙДАРКУЛОВ, Анвар МОКЕЕВ.** «Семетей» эпосунун арабча кол жазмасы («Кысса Семетей бу-турур») . . . . 133

«Семетей» эпосунан үзүндү . . . . 136

**Шаршенбек ҮМӨТАЛИЕВ.** Таластагы табылга 141

**ОЧЕРК, ПУБЛИЦИСТИКА**

**Дүйшөкан МУКАМБЕТОВА.** Баатыр баянын улантсак..., очерк . . . . . 143

**АДАБИЙ СЫН, АДАБИЯТ ТААНУУ**

**Олжобай ОРОЗБАЕВ.** Котормонун бүгүнкүсү менен эртеңкисин ойлогондо (Талкууну жыйынтыктайбыз) . . . . 151

**Курманбек АБДЫКЕРИМОВ.** Кайталоодон каныгат . . . . . 153

**Осмон ИБРАИМОВ.** Котормобуздун келечегин ойлоп . . . . . 156

**Эсенбек МЕДЕРБЕКОВ.** Көркөм өнөрдүн өзгөчесү . . . . . 158

**АЗИЛ, МЫСКЫЛ, ТАМАША**

**Жакыпбек АБДЫЛДАЕВ.** Мончодогу монологдор, пародиялар . . . . 159



ОЧЕРК
ПУБЛИЦИСТИКА

Дүйшөкан Мукамбетова

# Баатыр баянын улантсак...

Дүйне боз чаңгыл тартып, дүмүрөйүп жеткенде тең аптa чартылдаган чагылган асман бетин тилип, жүрөгүңдү кошо дүркүретүп солкулдатса да көңүлүң көшүп, кандайдыр жакшылыкты күткөнсүйсүң.

«Өткүн, еткүи етүп кет,
Биздин үйгө жетпей ет!» — дейбиз жылаңбаштанып алып шатыраган жамгырга жүзүбүздү тосо.

«Ок! — дешет карыялар белдарды кагып,— еткүи етүп ак жаан бол дегиле. Жер жарылып көк чыксын, желин айрылып сүт чыксын. Жазгы жаан токчулук. Бала парыште, [illegible] тилегиле».

Бул сөздүн маанисине баш жетпей эле баарыбыз чуулдап, улуулардын үйреткенүн айтып, күн тосконсуп чуркайбыз айлан-кечек болуп. Ушинтип добул уруп. жаан көнөктөп теккен сайын ого бетер жаанды тосо беребиз. Шемтүрөп көкүл-саамайларыбыздан салаалап суу куюлгуча сыртта жүребүз. Жазгы жамгырдын ушундай бир күчү барбы болот эмеспи...

Балалыктын ошол жолугушуусу сымал мен да жүрөгүмден түнөк алып жүрүүчү Баатыр эже менен ушул жаз маирамында өзүнүн талаа станында алгачкы жолу жолукканынан ал таанышуу, кийинки жан дүйнөдөн сырдашуулар дал ушул жаз кайра айланып келген сайын көңүлүңдө жаңыра берет.

О-оо, ал качан эле? Андан бери канча суу агып, канча жаз алмашты?

— Жер жарылып жаз келгенде эмнегедир курушкан денем жазылып, чымырап барып жадырап кетээр элем. Антанын, дарак бүрү ачыла албай турганда, анын алдында шылдыраган суу жүрөгүмдүн кыбасына тийип, эмгекке эргип талааны сагынган какүлүмдүн жарпын жазмакка жалгыз кыдыраар элем. Ошондо эчен бир укмуш ойлор, таттуу кыялдар жадыңа тынчтык бербей, емүрүмдү өзүңө сиңирип алган күтман талаамды жаңырта үн салгым келүүчү. Күн нуру тээ кекке тегиз чачырап, өзү парынын сулуусундай бой салып, жоомарт тегүлүп кале жатканда терт тарабым кыбыла болуп, сүйүнгенүмү тигиге да айтып, буга да айтып, «жарыкты бүтүн пайдаланалы, айланайындар, жакшы күн жылды тойгузат» дечүмүн. Мага кошулуп баары кубанып, асманда томуктай булут жок болсо маңдайлары жазылаар эле... Бул адамдын өзгече жар жарылып, чыккан байчачекей менен келген жазды самап сагынаарын түйгандан кийин сурап каламынбы, же жен эле сөз нугу ушинтип барып токтолобу, деги жаз жанүйдө кеп кеп кылабыз. Ошол жаздагы бир бүткен өлчемдүү иштер, емүрлер, окуялар... — Ар жазда эженин ойчул эмгегинин бир гүлү жаңы ачылаар эле. Жардаштери дагы «Өлмесхан эми эмнени жасайлы» дээрин күтүшчү. Дегинкиси ар кимдин, ар емүрдүн өзүнүн жазы бар го.

— Бүткүл мээнетим менен дееретүм жаңы жылдын жазы калгенде толкуп-ташып ийиндешип тураар эле. Ушул эки нерсе ошол жаркыраган жаздан башталуучу нарсаби деп коер элем,— дечү бырыш саймалаган буудай жүзү жадырап, үнү бак-бак.

---

**Дүйшекан МУКАМБЕТОВА** — 1935-жылы Ысык-Көл областынын «Төрт-Күл» айылында туулган. 1958-жылы В. Маяковский атындагы Кыргызстан кыз-келиндер педагогиялык институтунун кыргыз тили жана адабият факультетин бүтүрген.

«Кыз уулу Мурас», «Таштагы мен» аттуу аңгемелер жыйнагынын, бир катар очерк-публицистикалардын автору.

...Өлмесхан эженин көкүрөгү жөн эле көркөм китеп боло турган. Кайсы кайсы күн, ким эмне жаратканын, кончу, өзү менен иштеген адамдар жөнүндө туганбеган дүйүм аңгеме эле. Ал адам Социалисттик Эмгектин Баатыры, жан эмгек эри болгондуктан ким гана жазбады дейсиң. Ага карабай ал ар кимдин [illegible] лүндө өзүнчө уялап жүрөт.

Өлмесхан эже менен көп жолуктум. Эстеп де, эңсеп да келээр эле... Канча луксаң ошончо жолу өмүрүнүн жаңы барагы ачылгандай болучу. Өзү айткандай [illegible] наттан колу бошобосо: «Чарчабасаң чогуу жүргөн оң» — дечү. Өзү жөнүндө сүй[illegible] баштасаң: «Агайым берген ат экен. Элеттеги эл кызыкпыз го. Апам улам кыз [illegible] бергенинен уялып, уулу келе жатканда шашып катип жеңи көз жарган кызын [illegible] орой салып, каптын үстүнө ыргыта коюп, саал көңүлү иренжип турганын агайым [illegible] зип: «Ик-и эмне көңүлүңүз түшүп, сүйүнбөйсүз? Кыз кана?» Каптын үстүн[illegible] даган кызды эле коюп: «Өлбес Өлмесхан болсун» деп асан чакырыптыр,— дечү.

Ошондо аганын оозуна сала бергендир. Бул адам өлбес өмүр өтөп жашады. Жаз тартуулаган мээнеттен башканы түйбөөчү ошол мунаса адам чоң жолду б[illegible] өткөн. Ал жол качан башталды эле?!

Бооруи жерден ала элек кыз эрте эсейди. Жети жылдык мектепти бүтүп-бүтпөй колхоздун анектүгүнө аралашты. Карган эне-ата аялмет эжелерине жукпаса да сы[illegible] паты тийип туруусун ойлоду. 1937-жылы беликата элек кыз «Кызыл-Ай» колхозунда адегенде катардагы колхозчу, кийин звено башчысы болуп келди. Ошондон жыл ай[illegible] лаибай жылас болгон согуш башталбадыбы. Жанып турган очок өчкөндөй эле боло түштү. Эми апта аралабай кызыл-айлыктардын арасы суюлуп, эркектердин сабы узун[illegible] түк тартты. Ээнсиреп кыштак да, кутман талаа да, эл де томсоро түштү. Кырчын кезин кыйын жылга туш келген жаш кыз биринчи жолу айлындагы кыздарды чогултуп, пах[illegible] тачылык боюнча бригада түздү. Бешенесинен берекеси төгүлчү талаанын ээси ушул кыз болсо бүтүппүз го жараткан дөшти айрымдар. Анткен менен бул демилге бүгүндү доордогу кийинки жаштардын күрдөөлдүү күжүрмөн ишинин көзү ачыла элек тоо булагы болгонун анда кайдан сезсин?! 1941-жылы анын звеносу ошол учурдагы көзге басаар, оозго алаар түшүм жаратып, ар гектарынан 17 центнер «ак алтын» алышса, жеңиштин күзүн рекорддук жеңиш менен — ар гектардан 48 центнерден түшүм а[illegible] менен тосту.

Талаада эр көкүрөк эрлер жаздагыдай бакылдабаса кыздарга ырасында эле кыйын болду. Мезгил өтүп кетсе эле баскан жол айтып койгонго оңой сыяктанганы менен ал учур кымбатка турду го! Аппак талаа үстүндөгү калкылдаган тегерек ай м[illegible] нен беттешип ээн калат. Асманда ай аркан бою созулганда Өлмесхан кайрадан Кадича эжесин ээрчитип, эки-үч этек болсо да жыйнайын деп пахтазарына келет.

— Эже, анда-санда үн салып четте турчу. Капырай, күн батса эле бүтүн ча[illegible] тап, чөпкө чалынасың. Же түшооң кесилбегендир. Апамай сурасаңчы? — Каткырып күлүп, шаңкылдаган үнү басылганча шабыратып эки солду бирдей өлүп ат чабы[illegible] узап кетээр эле. «Кайт, кайт» дей берет эжеси караанын көрүнбөгөн Өлмеске аяп. Ан[illegible] кантсин! Таң жер жарып үрүл-бүрүл боло баштагандан кызыл күүгүмгө чейин пахта терүүчү. Түнкүсүн ай чыга ушинтип аппак чанакты эңшерип бошотушчу. Түнкү жый[illegible] наган 220 кадактан кем болбогон пахтаны аппак инген чегергенсүп солго үйүп коюп үкүнө жөнөөчү.

Ушинтип таш бараңын кармаган оор жыл жаш кызды эмгекке эрте аралаштырды. Көз күндөрү ээсинен ажырап ээнсиреп жаткан талааны көрүп, өрөпкүп көзүнүн чөйчөгүн чайып алуучу...

Кыш айы болучу. Советтик аялдар Комитетинин пленумунан кайтып келе жаткамын. Самолеттун салонунда чогуу отурганга карабай эже жай сурашкан соң ал асмандагы мелтиреген аппак карлуу талаа — учу-кыйрына көз жетпеген орус талаасын зеңкайган тоолорду, уюлгуп бирин узата бири чубалжыган булуттардан көзүн албайт. Көрсө ал жолу жаңы уюшулган Бүткүлсоюздук колхоздор Советинин мажилисиндеги сүйлөнгөн сөздөрдөн жыйынтык-натыйжа чыгарып келе жаткан тура. Түмөн түйшүккө өмүрүн сайып койгон адам ушундайда эле баарын жыйыштырып, ой-кыялын бууп бейкапар боло түшөөр десем, саамга ишсиз калсаң да тозок тура, токсон тогузду бир ойлоп.

Чочугандай мага имериле карап:

— Жаздын жаныңдын кыбасына тынчтык бербеген касиетин сөз менен өйтө албайм. Дыйкандын баары ошондой. Анткени, жаздын күчүнө шаан жетпеечү ал бир керемет эмеспи. Алгачкы күндүн күркүрөгөнү астында көз ачкан майдалак, жер жарып чыккан жаздын сүйкүм сулуусу байчечекей, ошол чымырап ойгонуп келе жаткан талаада учуп конгон алгачкы келгин чыйырчыктар.... Атаганат, жазуучулар ушинтип сүрөттөшөт. Бул менин төл жазымдын кебете-кешпири, берекеси. Ар жылы жаз менен ушинтип жолугам. Бул жактын аппак талаасынын боору бүтүн тартып суналып жатканы менен бизде жаз келип калды,— деп жүзү жылдыздана түштү.

...Ошентип ар аптада айылдын ар кайсы түтүнүнөн чуу чыгып, коломто муздап турганда жаш кыздар эр көкүрөк берендердин талаасын тескеп, колхоздун оюн менен кырына ээ болушту. Кыз бригадирдин айтканы айткан, дегени деген. Согуш башталган жылдын күзүндөй күз бой көрбөспү. Же айыл ичи ээйып, өнүсү аз келгенсип ат-көлүк да тигинде-мында болгондуктан ушундай үзөрдүбү. Козопая чогултуп кыштын муздак түнүндө «ашың жок болсо, кашың кана» дедирбей өбөктөгөн кары, бокоосу ката элек балдарлуу жаш аялметтин короосуна түшүрүштү. Чагымда ошол жылы кыш болбодубу, же анын мизин алган эл кайратыбы өнөктүк тыным албеды.

Кеэгилдин мара чеги көрүнбей туягынан даңкан учкан баш жылга жакын убак
кезге илээшпей өтүп кетти. Үлүңдеп үзүлүп-созулуп турган очок тутөнгөндөгү жамы
журттун кубанычын айтпа! Кээде мындай жакшылыкты айтууга тил дарметиң жетпей
дейт. Жашына ээ менен эле туят экенсиң го!
Адам удаа-удаасы менен Жеңишти сүйүнчүлөшүп Өлмөстүн талаасына калишти.
— Укту... Сүйүнчүң кут болсун!
— Жеңиштен айланалы. Аны зарыгып күтпөдүкпү!
— Журтка тынчтык,— карысы-жашы дебей мүдүрүлүп-жыгылышып, кайра урунабирине бирине бир ый аралаш алкыш айтышат. Бирөөнө акыл-эс болуп, этегин жыдырып эбине келтирчү Өлмөстүн оозунан кап түшүп далдырады. Кара жол буулуп
бир тууганынын, жерге-жээгинин көмүгөнүнө ушул саам эси ооларыла түштү окшойт.
— Демейдеги чогулушуң кана, Өлмөс!
— Ошону айтпайсыңбы.
Чогулгандар аны алаксыталы дештиби туш-тушунан жаалап жиберишти. Ал эңшерилген жүрөгүн токтотуп, эсин жыйнап, талаага кол булгалады:
— Баарың мында келгиле! — заңкылдаган үнү жаңыдан кылтыйып есүп келе
жаткан өсүмдүктү жапыргансып катуу угулду алда кайдагыларга жете. Карысы-жашы
дебей үй мүйүз тартып станда отурушту. Эч кимиси сөз айтканга жарабай бышактасыпа сүйүнүчтү илип алып күлө да алышпады.
— Журт! — Өлмөсхан катуу бакыра жар салганы менен басандаган үнүн кайра
көтөрө албай саамга мууна түштү.— Жеңиш келди. Актык жеңди. Күттуу болсун! — Эми
эмнегедир үнү дирилдеп барып жок болду.— Үйүңөргө, көксеге баргыла. Бирөө-жарымынардын жакыныңар келип калаар.— Эмнегедир турган элдин баары эле кара жолго жөнөштү...
Үмүт деген аппак куйрук жылдыз сымал көрөңгүсү көтөрүлгөн нерседен да күчүү, самоо берип жарк-журк этип айланып келе бергү нерсе турбайбы. Бул турган эл Жеңиш десе эле жер жарган аскер тобу менен баягы узаткан көздегидей тосконго шашылат дешкендер. Ошол үмүт айылга алыстан, тиги Оштон келүүчү жолго чакырган болуш керек. Баары дүргүп ошол жакка агышты...
Бакылдап элди тейлеп, жерди иштетип жүргөн кыз да жүрөгү дүргүп, жүзүн албырта күткөнүнө кошулду. Колхоздогу көрүнүктүү бригаддын күйөөсү эми айылдын раиси болуп калды. Өлмөстүн багынын ачылганына бардыгери менен кубанышты. Эркектер атка минип тигил талаага чыгыппы, деген эле алар кыз-келиндерге кошулуп иштеп калган жаздагы Өлмөсхандын кубанганын айтпа. Ошоидуктанбы, оболу жазды жакшы көргөнүн өзгөчө эскерчү эле дедим го.
— Бизди кой. Жан-жаныбардын аракетин кара. Былтыркы чатыр алдындагы уясын кантадан тазалап, жаңыртып, ал да көөдөнүн толтура кубантып ары учуп, бери учуп, ошол уядан тукум күтүп жаны калбай чыйрыттайт...
Жер да адам сымал мөнө менен жандүйнөсүнөн сырдашат. Бул да көптү башынан өткөрбөдүбү. Жаз келгөндө асман да көк, жер да көк. Тээ тоонун боорунан тарта таш жарып чыккандай тегиз жашыл. Мына ушуну каоап туруп жүрөгүң толкуп, өзгөчө соко алдында бузулган дыңды көргөнүңдө көңүлүң көккө учат. Кыш бою түркүн «сайна сайып» жалтырап жатчу өзөң күүгө айланып, бирде күр-шар этип адам күчүнө күчүн тоссо, бирде комуздун кылын төргенсип назик шылдыр-шылдыр. Табыйгаттын шаа жетпеген бул бир ажайып дүйнөсүн жай бейиши улап, балакатка жеткен балжуудан кыздын кыялы сымал тоок да, оюң да сеңселет. Заматта аппак булут чубалжып тытылып кетип, салкын жел самаган денеңе төгүп жиберип, кыялкеч кыздай жарк этет. Мына ушундай учурда иштебесең качан эмгекке деген күчүңдү зарптайсың. Мезгил өзү эле көөдөнүңдү өрөпкүтүп, көкүрөгүңдү ачып, эмгекке кошот.
Күздүн күлмүң сары түсү, ак төөнүн карды жарылган молчулугу бир эсе табигаттын күч-кубатына таазим эттирсе, ошентип айлана-тегерегиңди мартабалуу дасторкон кылган эр азаматка, анын таң тосуп, ирең батырган талаадагы зркине баш ийесиң. Кырман да, жол да аппак пахта. Кызыл кирө чиркелишкенсип тоодой күэ берекесин алып жөнөйт. Ошонун баарын талаадан аласың.
Кыштын кыштай өткөнү жакшы дөшкени менен ичегисине чейин ичиркенткен күнү адам да талааны кутманым деп калмайы бар. Эми жайкы жашыл, күзгү аппак пахта кадимки мелтиреген карлуу мейкинге айланат. Ошондо жер менен баарлашсаң ушул кеңирсип турган турпатындагыдай турмуш болсо деп тилегенсийт. Төтөн ошол аппак кар үстүнө жалгыз чыйыр түшкөндө эмнегедир менин көңүлүмө биринчи баштаган өмүрүмдүн жазынын чыйыры келе калып, аны менен кайрадан баштап жолугаар элем...
Эми ошол чыйыр өрүүлөп отуруп, жылдар карытып бийикке бет алып бара жатпайбы.
— Кантесиң, Өлмөс, жер карыды, аны менен сен карыдың,— дейт бирөөлөр чыны менен эле мага жаны кейип. — Ушул да кеппи? Жер карымак бөлө. Сырын билбеген ушинтип жерди кемсинтөт. Анын жыл сайын алчыланып жаңырганын көрсөң сен дагы күлпунуп чыгып кетесиң...
Баатыр ырас айтса көрөк. Анткени, анын сырдашы да, мүңдашы да жер. 1947-жылы «Кызыл-Ай» колхозунун райисин — күйөөсү Акимжанды Фрунзеге окууга жөнөтүшүп, анын ордуна айылдаштары өздөрү көнүп калган бригадирин убактылуу шай-

па алышты. Бир аз тегулуп-чачылып, эми-эми оңолуп келе жаткан журттун ке... табуу, эптеп колдо болгон ат-келүк, соко менен жер буздуруп чарбакерчилик ... жумушту жалпы оңдоо бир топ ой-кыялдын тозогун берди. Бирди-жарым ... өзү түш...

— Жалпы эл көргөндү майышпай көтерчү. Согуш кен сурабай, жан сурабас эч кимибизди жортуулга узатпас элек го. Эми белиңди байла. Оор жылда ... жан омоктуу иш кылбайбы. Белдердин атасына тете чоңойтолу,— дешт... тегулген бүлөнүн көңүлүн көтөруп. Өзү да акылман көрүлөрдүн ... кылган. Эл үчү, алардын кеби бул адамдын жол көрсөтүп, ерге чакырчу ... жылдызы эле. Ошондуктан калк жашоосу оңолгондо, турмуштун ... нан кечирген улуулар көремөт кемелге жеткенде бир кубанды. Эми ко... тирчиликтен гүлдеген ажайып жашоого аткөнүн көргөндө дагы бир сүйүндү. Ар... аркалаган жүгү тегулбей-чачылбан ... нигилик бере баштаганын ... бакчан жетик дыйкандын перасаттуу жашоосу, астейдил түйшугү кана... сүп бул адамдын инсан сезиминде эми түбөлүккө уюп алды.

1953-жылы Билими күчтүү болбогону менен билгени миң бул ... онундагы ирилешкен Фрунзе атындагы колхозго раис бол дешти райондун ... ри чоң ишеним менен. Жаңы эле жарынан ажырап, кош бойлуу калып ... канда бир аз кейреттене түшкен учуру эле. Өзгөчө уулу бапырап күлүп ... жер үстүнде калчылдеп бара баштаганда эне байкуш кайрадан дүйнөге ... рөлгенсуп кубат алды. Кызы Мавлюдасын да эрте эсейтип, иниси... калганга жараганда канраден орошондуу эмгек, тыынчы жок күндөр башталды.

— Эми бөлүгүдан бетер үй көрбөй турган болду,— дейт өзүнен улуу эжеси ... ма. — Бригадир кези бейкутчулукпу деп койдум. Эми кээ күндөрү таңда көрбөй, ... жолукпай, күн аттатып учурашаар элек...

Ошонусу чындыр. Жаңы барган колхозу ар гектарынан 12-13 центнерден ашык ... пахтанын түшүмүн жыйнашчу экен. Минтип тараза... ... ... шун кантип ондомок. Эң оболу пахта аянтын кебейтүүнү чечти. Ал убакта МТС ... күчтүү болуп, чарбаларга мыкты жардам берип калган кези. Ошого жараша ... ичи, тоо этеги болуп отуруп тоют маселесин дагы келгендин биринчи эле жылы... жанга салып алды. Ал эми кыштак ичиндеги тоют үчүн бөлүнгөн жерди бүтүн бой... пахта аянтына айландырды. Жаздагы төккөн тер күздөгү береке менен колго ... Пахтанын түшүмү оозго алынып, ага кошулуп эт, сүт планы өткарылды. Ар жылы жа... дак отуруп калуучу элдин эмк эсеп-кысабына беш миңден ашык таза кир ше... Жыл тегеренип мезгил учкан сайын жыйындарда жаңы колхоздун аты ата-эл, ... жетекчисин алкап калышты. Өлмөс да маңданын шыпырып тер артып ичи ... үнүп жүрдү.

— Менин мээнетимдин оба жетпеген ... болот. Коломтосу толуп от жага элек болсо да коомдуку артсын дешчү. 1947-жы... бригадир кезимде түн сыйга эгедер болдум. Ал Эмгек Кызыл Туу орденин тагынга... жыл болучу. Кийин эл сыйын, алардын урматын көргөн ... ... жок экенин чын жүрөгүм менен сездим. Эл, ошол эл менен сен көкөлөйт экенсиң го!

Жарынан жаш ажырап, тул калган ушул келиндин келген түнөгүндөгү перасаттуу ... карыялар насаатын беришти. Алардан турмуштук сабак алды. Ошондуктан эл ичинде ... «кылым жашасаң, кылым бою үйрөн» деген кеп бар белем. Көп үйрөндү. Жер сырын ... беш колундай билсе дагы орошон эмгек обого алып чыгаарын мына эми-эми төрөк... ден түйду. Анын үстүнө пахта дегениң бирде ээ-жаа бербей тилиңди албаган кежир ... бала болсо, бирде жөн эле наристе бөпө. Ошондуктан саамда кубанып, кезме... ... кайгырган эмгек эрезеси болот тура. Өлмөсхан Атабекова жөн эле чайпалбай дөңгөр... жол басып атак алды деисиңби? Күндүн көзү жылчыксыз бүтөлүп, айлана-тег регип ... түнөрүп дегендей, ал денеңди кыскан сайын эмелеки кутман талаац томсорун, тосорун ... кеткендей болгон күндөр аз өткөн бекен?!

Шаркыраган сууну бойлоп келе жатып тиги төмөндөгү пахта талаага анын кыя... кылдап жайылып жатканын көз алдына элестетип кубанып толкуп кетти. Жаныңда к... хоздун парторгу Дарман бар эле. Машинанын үнү басаңдап түз жолдо тынчый... түшкөндө:

— Э, Дарман, Дарман дейм?

— И-и, чакырдыңызбы?

— Уктабадыңбы?

— Кайдам.

— Кубанып тургандырсың дейм ээ менчилеп.

— Эмнеге?

— Эмнеге? Карачы, сууну. Таң атканча далай жер боюн жибитип, пахтазар бүрүлдө эле жашыл буурул тартаар ээ?

— Аны бир айтасызбы, эки айтасызбы, ырас болбодубу.

— Мөңгү башы ыраса көлкүлдөп берген экен. Ушинтип суу болуп турса эр эмгегин жер жемек беле.

Аңгыча Фрунзе колхозу менен Киров колхозунун суу бөлгөн чегине жетип-жет... пей машинадан ыргып түштү.

— Карасанатай жетекчи да эл менен иштейт экен ээ. Сууну силер да соолто бургула. И-и, түшүнсүн. Аны издеп уяткаргыча, ушинтип кинелеп салалы. Болгула!!— Эмелеки таттуу санаасы, кубанычы чарт жарылып бычырады. Машинадагы отурган эки эркектен илгери чуркап, көйнөгүн кашатына илбей туруп сууга түшүп урунуп-бе... ринип кулак бекитип жатты. Ачуусуна чыдабай оргу-баргы катуу үнчүгат. Ошондон

...ын айдоштун айлана-тегерегинде жээк улап суу жетелегендер менен ...тигил чарбанын райиси да жетип келди. Кулактын кажыта бекилгенине ачуу-...да бүкүлүү төндөн сууга ыргыды...

...-н экөөбүз райкомго, пленумга чейин жетип, тартибибиз таразаланып, ...да ашык албай калганбыз. Ошого үйрөнбөдүкпү...

...рдын мээнети текке кеткен жок. Эми элдин жашоо шарты жөнүндө ойло-...куу да көп машакат эмеспи. Чарбанын кассасындагы акчаны да өз орду, ылайыгы ме-...серптебаса дагы алмакка ысыраптап эптеп колдон чыгарды кылып бир нерселер-...кезге ...нунта койгон менен иш бүтөбү. Айыл арасында мектеп, дүкөн, клубдун ...имараты кезге уруна түштү. Жер жаңырды, эл жаңырды дегендей райисти алкабаган ...адам калбады. Обулуста пахтанын түшүмүнөн бул чарбадан алдыга озгондор болбо-...ду. ...аптындын» ар гектарынан 39 центнерден тараза...ын ташы түшөдү. Улгүлүү ...колхоз...ун байманасы артып анын жетекчиси барк алды. 1957-жылы 15-февралдагы ...СССР Жо...оркү Советинин Президиумунун Указы менен Социалисттик Эмгектин Баа-...ты болду. Кийин эл ишенимин актаган эл депутаты болуп жүрдү. Эми баягыдай да ...оруураак даңкына жараша жүк көтөрүү жөнүндө ойлобой калган күндөрү болгон жок. ...Буга чейин жашынан жан курбу болгон жарыпан ажырап балдарына ата да, эне да ...болгонун ...эстесе бир кемтиги толбой турганына эңшерилчү. Азыр ал орду толбогон ...кайгысы көкүрөгүндө так болуп калса да аны эске алууга кудурети келбейт. Бирде ...бригад... берде райис. Эмне үчүн?

— Ошол суроо жетелеп ойго-тоого чыгарды го! 1964-жылы колхоздогу өзүм ...уюштурган ири бригаданы алдым. Ал бригаданын иши деги бир илгерилей албады. Аброй жөн көтөрүлөбү. Карууң казык, акылың туиук болбосо кайдан. Аныи үстүнө ...элга жатык, ...инсан бол. Калк тамырчы. Жүрөгүң кандай соккоиун айнексиз сезет. Бе-...керине, эл ичи акыл кенчи болмокпу. Бригаданын мүчөлөрү баарыбыз эле карыгаи-...сып к...типпиз. Алы-күчүң чак болсо айкөл жерге шаак жетеби...

Б...атыр ири алды менен пахтачы эле. Мектептин балдары менен жолукса да: «Пахта аппак, ал ак эмгек талап кылат. Бардыгер ишти колго алган соң үзөтүнө чык. Эгер өзүңдүн эрдигиңди сынайм десең, аида пахтага кел»,— дечү. Ал тиги он төртко ...толул-...-бой пахтазардын таңдарын тоскондон жүрөгүнөн түнөк тапкан эмгектин ысык жышаанасыдыр. Же болбосо пахтадан алган баатырдык наамдын алдындагы парзы-дыр. Эмнеси болсо да өмүр бою төрт жолу артта калган бригаданын бешенесии жар-кытты. Эл алдында аларды эрезеге жеткирди. Кийинки эле учурда жетектеген бри-гадасы ар гектарынан 32 центнерден аппак була алган. Андай албан эмгектин эзсин эл жөн коебу, кайрадан райис болуп, эми айылдын төгөрөгүн түгөлү менен жады-сында жаттады.

— Эмгек менен оозанган элди «айлыгың артат иштей бер» дейбизби? Эми алар-...ыт жашоо жагдайын карап, эртели-кеч эс алганын каалаганындай уюштурбаса, кай-да-ан. Мал чарбанын төрт түлүгү өстү, дыйканчылыктын маданияты артты. Колхоздун камласы толтура, кассасы бай дегендей таза киреше бар. Өмүрүн ушул айылдын ...жаны, атагы үчүн сайып келе жаткандар карып, эңкейип бара жатышат. Ошолор жө-нүндө кам көрүү, алар үчүн да башыңды оорутуп көңүлүн табуу, өмүрүн жашартуу ...селеси чарбанын планынан да күчтүүрөөк эле. Түркүн ойлор, адистердин пикири, улуулардын насааты күрдөөлдүү жаңы нерселерге жол ачкансыды...

Өлмөсхан Атабекова өзүнүн кыялында түзгөн плаидарынын бирин кеңешип, би-рин оюнда түйшөлтүп бышыргыча сактап жүрөт. Жаңы нерсенин кантип көз жарып турмуштан орун алаар жагдайын ойлонот. Фрунзе атындагы колхоздун кеңсеси, клу-бу, балдар бакчасы... булар жаңы курулуштун карлыгачтары болду. Татына жайга эге-дер болгон балдар бакчасынын башчысы Жабария райиске үн катты:

— Эже, ичкерден, Москөадан комиссия келиптир.

— Бизгеби? Атайлап келипти?

— Кыргызстанга келген бригаданын бир тобу. Ооба, балдар бакчасына келишти.

— Ыраазы бол. Көптү үйрөнүп кал. Ылайым эле алар ушул тоо-токойду аралап келе берет беле.

— Кубандык деңизчи.

— И-и кемчиликтин көзүнө черттиргендирсиң. Түзүк элең го. Мейли. Оңогонго алыбыз келет бекен?

— Жакшы дешти. Кыяк менен ырдап, бийлөп, балдардын өнөрүн көрсөттүк. «Бул аспабыңар балдардын тарбиясына бир аз мажес. Башка музыкалык аспаптар жокпу?» дешти.

— Туура айтыптыр. Дагы эмне керек экен?

— Пианинону карап көргүлөчү. Музыканын атасы эмеспи. Балдар да шаңдуу ка-был алышат. Үнү бир асөм. Аны укkан соң, баикасаңар деп, балдар да музыканын ажайып дүйнөсүн башкача кararын айтып эскертти.

— Дүкөндөрдө бар бекен?

— Бизде билбейм. Фрунзеде сөзсүз болот.

— Карайлы...

Раистин кызына арнап, ал окуганда алган бул музыкалык аспабы үйүндө турганы эсине түштү. Ал өзүнчө очор-бачар. Балдарын окута турган болсо таап алышаарга кел-ди. Тигил маектен эки күн өтпөй аны келинине каратты:

— Айымжан, пианинону көрчү, оң бекен?

— Жакшы эле.

— Эмесе ичти-тышты сүртүп, газалап, ыраста.

да өтүндүн байкоос албаганымы карасаң. Апер кичинекей. Окуусе А...
мекеме жете турган эле буюм.— келиндин кебегин тиктеп жылмайып коюу
пи-кино үшул күнү бакчада. Ал канча гана наристенин көңүлүн
дейсиң. Музыка менен бирге өстейдил адамдын жоомарт мүнөзү,
оюн ошо сыяктанар. Балдардын кубанычтуу ызы-чуусу үгүлген үйдөн
кайын эне көмөкчү оболоп барып жок болгон сайын Жабариманын к...
дында реңсиз берээндуу образы элес-булас кала калат.

Айылдагы жумурткадай оппак темдер туникесинен радио, телевизо
ры кеген жаңылыгын тоскоонсуп тартейишат. Алдыңкы эмгек
шайы тем, жаптуу короо-жайларга эз болушту. Бул үйлер үзөк убакы...
жабинан түрлүүлө элге берилген. Айылдын баары ачылган сайын дагы бир жаңы
дун да хирошеси артты. Өзүнүн өмүр сереси улам бийиктеген мамы...
кварбайбы. Буй үчүрде артыңа ылгайбай карасаң бүтүргендэй иштей эле...
дүн чыгып кетет эмеспи. Ошол сыңары жештын сом темирди кайшыла
кезу өтүп, аларды турмуштун шер жолуна чыгарып алып, эмгек
текеерлешкүсү келди. Ал оюн бир жылы жипке тизип жүрүп, толуп бы...
бир-түнө электе колхозго айыл чарба практикасын жендеөге кыздар келип ...
тыр Аларды ары карап, бари карап, баягы 1941-жыл эсине түштү.

Айыл данып, жоомартчылыктын куту өчкенсуп эзи. Кыздар чогулуп алып
тада иштеген топту түзөнү, менен Өлмөскан ойлогондой боло албады. Бир
телевда түнөсе, кебү үйүнө барышат. Чогул калган кары-картаңы бары
жардамдашып, кызыл күүгүмдө үйүнө кетишет. Бир күн да бул бригаденын сай...
тел болбогону менен чогуунун иши чогуу. Деген менен уюшкан күч коебу. Кыз...
лыктарды бир эле ыраазы, бир эле таңданткан кыздар бригадасы айыл ажары,
мын башаты болуп калыштыы...

— Асылкан, кайдансың айланайын. Биздин тегеректенби?

— Тоодонмун, эже. Арсланбаптагы Кек-Алмадан болом. Атам маркум өтүп
тип, окууга барайын деген энсеемдүн оту өчкенсуп, бир жыл чарбада иштеген ...
Жагып калды. Эми Оштогу айыл чарба техникумун бүтүп жатамын. Үкөлөрүм ...
кичө айылда иштеп тургандан артыгы жок көрүнөт. Ушинтип чечип алып үшул ...
беттеген элем.

— Жакшы экен. Дипломуңу алган соң Даанакем, Мисяр үчөөң тобуңарды
үшул жерден кыныр алгансыңаров!

— Көрөлү. Тигил кыздар кайда дел жүрүштү экен. Менин эним карыэле. Т...
турабыз. Талаа-түздүн сырын билбей сизди уятка калтырбасак болгону.

— Энең ойдогу жылуулукту жаман көрөт бала. Сүйлөшүп кор. Ооруктун
да түмөн түйшүгүн көрсүн...

Кыргызстандагы айыл чарбасынын өнөктүгүн уюштуруудагы бул кыздар бриг...
десынын уюшулушунун алгачкы түнүн да, экинчи жолкусун да Өлмөскан Атабекова б...
таган. Ушинтип түмөн байлыктуу түштүктө чоң жаңылык башталды. Баатырдын
сында «16 кыз» аттуу бригада ишке киришти. Ал кантип көз жарды? Эже эртели-кеч
төп сүйлөшүп жүрүп ошол жылы мектепти бүтүп, кыздардын чарбада иштегенд...
кавлоочуларын тартты. Сей күлүктүн арасынан белүнүп чыккандыбепелеп жолго с...
сең эмгегиң текке кетпей тургандын турмуш ырастап жүрбейбү. Дал ошентип алерды
мээнеттин баркын түйдүртүл эрезеге жеткирдн. Бул 1973-жыл эле.

Пахта назик болгону менен анын эмгегинин катуу экени баатыр жакшы билгенди
диктен кыздар жаш болуп, катыга албай кабырылбасын дедиби алердын талаа стан...
нан имерилип кете албайт. Түнкүсүн да кошо отуруп тээ түндүн бир оокумунда чыгат.
Кайрадан ошондой. Кийиники күнү да балык боор тартып егарып сегүлгөн таңды тоса
кыздарда болот. Антпегенде кантет. Кыздарын үйдөн чыгарбай баккан эне байкуш-
тардын жүрөгү кооптонуп, ошол кызы иштеган талаа станында конуп убара болуп жат...
са аларды да кендүүш керек эмес беле. Кыздар бош убагында сайма сайып, кийим
тигип алышат. Китеп окушуп, кимиси кейсы окуу жайын эңсесе ошого даярдык кер...
шет. Кино, спорт... деги жаштын көңүлү дегдеечү шарттын баарынын түзүлгөнүнө к...
рабай энелердин тынчынын кеткенин баспаса ранс да тынч уктай албас. Дегинкиси
ал мындай таңдарды канча ирет тосту дейсиң. Ал бир бүтүн өмүргө тете болду

— Жылдар жылып, балалыктан алыс калганымы көп жыл сезбепмин. Ушул
жаштардын бригадасын уюштурып, алар менен иштей баштегенде кайрадан жаштык
демөөр менен тээ эңкейгинче кошо жүрчүдөй болдум. Бригаденын биринчи жыйын
түшүмүн ала турган күн жеткендеги таңдын сүпа салбай сүналып, дүлөй болуп тургану
көкейүмө тийди. Мээнеттүү күн кап болду дечи. Антсе да ошо күн башкача уюду го
каңылымда. Мен станга келсем кыздар да укташпептыр. Жер жерылбай жээк көрүн...
бейт...

— Кыздар, мынча эмне эрте турдуңар?

— Сиз дале, эже, эрте келипсиз го.

Бир аз дымып ар кимиси өзүнчө ой терметти. Бул 11-сентябрь 1973-жыл эле. Бригаданын пахтасы 14-сентябрь күнү терилип бүтүп, план аткарылды. Жаштык жа- күчүн карабайсыңбы. Бул өзүнчө эң-жаа бербөтөн салдын толкуну. Милдет- 22 центнер 28 центнерге чыгып кетти. Күнүнө механизаторлор Д. Ташполо- това менен Н. Маматилоова 7—8 тоннадан ашырып «кегултур кораблдеринин» бун- керинен төгүп турса, теримчилер У. Дооронбаева, А. Токоева, Ч. Осмонова 180—220 ашырып кызыл кырмандын киресине кошушат. Үч жумушчу күндүн ичинде бригаданын 50 гектар аянтынын 85 процентн машина менен терилип бүткөрүлдү... ондон жыл өтүп ал кыздар бригадасынын бригадири Асылкан Акматова СССР Жо- Советтик депутаттыкка шайланды. Баатырдын кубанычы көкүрөгүнө сыйбай өзөн барып дагы бир жолу ошол «16 кыз» бригадасынын талаасын көрүп келди. жаштын күчүнө жараша дагы жар кошо тургандыгы пландады.

Айылдын ичинде жаңы кече пайда болду. Ал бир топтон бери салынып жаткан жаңы үйлер түшкөн кече. Азыр «16 кыз» бригадасы атындагы кайсынчы биринчи үйүнө ошол жаштардын эң-жаа бербөй шаркыраган эмгек күчүн жеткизгендер кач баштоо- Асылкан Акматова жашайт.

1979-жылы дүйнөдөгү биринчи космонавт аял В. Терешкова Кыргызстанга—Ошко кыздар бригадаларынын республикалык биринчи слетуна келип катышты. Өлмөскан Атабекованын карлыгачтарында да болгон. Түпсүз асман менен аламды айланып чексиз баатырдык жасаган адамдын жердеги эжебиздин баатырдыгына таң калганына эбак кубандык.

Ошол жолу Кара-Суу районундагы К. Токоева башкарган кыздар бригадасы В. Терешкованын ысмын алып, космонавты бригаданын мүчөсүнө кошушуп, анын иш нормасын кошкондо пахтанын жылдык планын алда-канча ашык аткарышып, өзүнө рапорт беришкен. Кийин Советтик аялдар Комитетинин бир пленумунда ошол бригаданын мүчөлөрүнө, алар жараткан ийгиликке, ар гектардан жыйналган 32 центнер «ак алтын» үчүн космонавт өзү ыол койгон куттуктоо катын ала келген элам. Анда: «1979-жылкы биздин жолугушуп аңгемелешкенибизде пахтанын ар гектарынан жогорулатылган милдеттеиме кабыл алып, аны ийгиликтүү аткаргандарга чын ыкласымдан кубанып турам. Жаңы ийгиликтерди жаратуучуларды чын жүрөгүмдөн каалайм!

Достук саламым менен
В. Терешкова,
Советтик аялдар Комитетинин төрагасы», — деп жазылган. Ал бригаданын станында космонавт чай ичкен идиш, кашык, сүлгү, сүрөттөр сакталуу турса, Өлмөскан эженин карлыгачтары жаңы турмуш эшигин ачып, ак ийкеге турган үй-бүлөлүк күбөлүгүн космонавтын колунан алышкан...

Азыр Өлмөскан Атабекованын уюштурган кыздар бригадаларынын жолун жолдоп, турмушка жолдомо алган кыздардын тобу эл чарба тармагында обулус боюнча 235 тен ашып, анда 3593төн ашык кыз иштейт. Ал эми жаштар бригадаларычы? Аларды атап да бүтө албайсың. Жыл сайын улам жаңы ысым, жаңы демилге көбөйүүдө. Мындай кыздар бригадалары башка бир да республикада жок.

Эсимде, Москвада аялдар журналдарынын редакторлорунун бир айлык курсу өткөрүлүп, ар кимибиз өзүбүзгө жакын темада реферат жазыппыз. Мен «Кыздар бригадаларынын иш тажрыйбасы басма сөз беттеринде» дегенди курста окудум. Бардыгы бул жаңылыкка таң калышты. Сурашты. Үйрөнө турган тажрыйба экенине кызыгышты. Чынын айтайын, 1941-жылы баштаган Өлмөскан эженин табылгасына, демилгесине шаам жетпей сүйүндүм. Баатыр жөнүндө азыноолак сөз айта аламынбы деп үшүл жупуну очеркти жазуу жөнүндө баскан жолун издегенимде булар оюма бүлүк салат.

Түштүктө иштеп жаткан ар бир кыздар бригадасынын уюшулушунун өзүнчө кичинекей тарыхы бар. Башкасын айтпаганда да «16 кыз» бригадасынан тарбия алып чыккандардын эле отузга жакыны жогорку билимдүү, дипломдуу адистер. Көпчүлүгү өз алдынча ар кай жерлерде иштешет.

Алардын станындагы каалоо-китепчелеринде дүйнөнүн кайсы гана өкүлүнүн кол тамгасы түшпөдү дейсиңер. Куба, Дания, Сирия, ГДР, Индия, Чехословакия... Бул тарых эмей эмне? Ошол меймандардын баардыгы кыздар бригадасынын ишин жазмакка, аны үйрөнүүгө келишкендер.

— Мен да Баатырмын, — деп калды кыздардын станында алардын ыр, бийин көрүп отурган Чехословакия Республикасынан келген журналист Н. Гайкова. — Мен эмгектин да, эрдиктин да баатырымын. Согуш учурунда кадимки силердин элдин досу Юлиус Фучик менен иштеген элем. Бирок жолдош Атабекова сиз үч жолу баатырдык иш жасапсыз. Оор жылы жилигиңиз катэлекте кыздарды уюштуруп, колхозду баштап, эми минтип жаштардын массалык кыймылына чыйыр салып... Нака жүрөгүңүздө кара жок баатыр турбайсызбы...

Чехословакияда чыгуучу «Новое Время» журналынын башкы редактору ушинтип баалаган эле. Кепке көзү жеткен аял көрсө баарын таразалаган тура. Ушинтип ар ким дөңгөө айтып, жогору баалаган эмгек тарых болуп сакталып калса, кийинки муундар үчүн баарыдуу чоң окуянын башталышынан баян барып турбайбы. Болуп өткөн жакшы нерсени кол тийгизбей баалуулугундай айкын билгендер жашаган учурда аны алып калганга эч бир жан каршы болбос. Ошондо **түштүктөгү кыздар бригадаларынын тарыхын толтоп (ал азыр колдо бар), облустук музей ачыл, анын атын булакты башат-**

тырдын ысмы

тачы эле.

Ал ... «16 кыз» бригадасынын пахтадан алган таза кирешесинен ...

жатка салынган заңгыраган үйлөрдүн биринде (азыр да ал кече ...

«16 кыз» атындагы көчөдө эженин баскан жолун чагылдырган айылдык ...

рулса. Ал жаштар үчүн кайраттуулуктун, интернационалдык достуктун ... мектеби ...

Анткени ошол алгачкы ... жоштурулган «16 кыз» бригадасы үч улуттун ...

Жана да пахтадан жыл сайын мол түшүм өстүрүп алган бригадага Өлмөскан ...

кова атындагы сыйлык ыйгарылып турса...

«Өлмөс эже бул турмушка бир келип кеткен кайраттуу ... экен», «Пахта ... кери өнүп калган тура» дегендөрдөн чебер пахтачыны жеткире таптаган ... машы ... турган акылдуу да, эбегейсиз эмгекчил да асылнарктуу жан эле ... — деп эскерген ... циалисттик Эмгектин Баатыры, Баатырдын шакирти пахтачы А. Жумабаеванын ... нын дайыма жадымда кайталаним.

Базар-Коргондун «Кек-Айдар» кыштагында ушундай адам ... ушун ... тыр жашаган.

АДАБИЙ СЫН, АДАБИЯТ ТААНУУ

Олжобай Орозбаев

# Котормонун бүгүнкүсү менен эртеңкисин ойлогондо

(ТАЛКУУНУ ЖЫЙЫНТЫКТАЙБЫЗ)

Кээде, зне тилибиз менен адабиятыбыздын, мүлдө эле улуттук маданиятыбыздын тагдыры жөнүндө ойлоно калган көздөрде, учкул кыял көз алдыга келечектеги кыргыз окурманын элестете кетет. Анын бай китепканасында элибиздин кылымдар бою кастарлап сактап келаткан «Манасынан» тартып, төл адабиятыбыздын ашкан мыкты үлгүлөрү менен бир катарда дүйнөнүн бардык континенттеринин эң көрүнүктүү сөз чеберлеринин түздөн-түз оригиналдын тилинен, же ... учурларда орусчасынан кыргызчага которулуп, полиграфиялык искусствонун ... жетишкендиктери боюнча басылып чыгарылган (азыркыдай бозала тыштуу эмес, кооз мукабалуу) не бир сонун кнтептери тирелип турган болот. Ал окурмаи ... кнтеп текчесинен бирде байыркы грек ааэди Гомердин «Илиада» менен «Одиссеясын», бирде улуу италиялыктар Данте менен Петрарканын же өзүбүздүн Пушкиндин кыргызча томун колуна алып, кумарлана, маашырлана окуйт да, ошол генийлерди биздин тилдъ кадимкидеи сүйлөтө билген, өзүлөрүнүн данакерлнк эмгеги менен ар түркүн маданияттардын ортосунда достуктун көпүрөсүн курушуп, элибиздин рухий казынасын байытышып аткан котормочу калөмгерлернбизге астейдил дилинен алкыш айтат. Ушундан улам котормочулук асыл өнөр экөндигин дагы бир жолу баамдап, бул ишке аздыр-көптүр катышып жүргөндүгүң үчүн тагдырыңа тан бересиң...

Анан кайтып котормо адабиятыбыздын, көркөм котормо өнөрүбүздүн өткөндөгүсүнө, азыркы абалына көз чаптырып өткен соң: жогорудагы таттуу кыял канчалык даражада чындыкка коошот, анын жүзөгө ашырылышын эңсөө менен реалдуу шарттарыбыздын, мүмкүнчүлүктөрүбүздүн оош-кыйышы кандай, элдии колго калем кармаган өкүлдөрү катары бизден мурункулар жана биздин замандаштарыбыз ушу жагынан эмне кызмат өтөй алды? — деген сыяктуу суроолор туулат.

Улуу Октябрдан кийин гана пайда болгон көркөм котормо өнөрүбүз өзүнүн символикалык башталышынан, бүткүл дүйнөнүн эмгекчилеринин гимни «Интернационалдын» алгачкы котормосун ишке ашырган күнүнөн бери, чын-чынына келгенде, бир топ эле үзүрлүү жолду басып өттү. Анын активинде кыргыз окурмандарынын көңүлүн ыраазы кылып, алардын рухий тажрыйбасын байыткан жана эстетикалык табитин жогорулаткан олжо-буйлаларыбыз да бар. Өңгөнү айтпаганда да, Шота Руставелиинн «Жолборс төрисин кийген баатырынын» Алыкул Осмонов жасаган котормосу кезегинде биздин элдин арасында кенири таралгандыгы жагынан теңдеши жок дээрлик чыгарме болгондугун, Лев Толстойдун «Согуш жана тынчтык» эпопеясынын Сүйүнтбек Бектурсунов ишке ашырган котормосу проза боюнча кыргыз адабиятында реалисттик котормонун өсүп-өнүгүшүндө өзүнчө бир этапы баштагандыгын, же болбосо, Александр Твардовскийдин «Василий Теркинин» которуу менен Сүйүнбай Эралиев биздин поэзиябыздын өрүшүн алда канча кеңейткендигин сөз оролу келгенде кантип көз жаздымында калтыра алабыз? Ал эми улуттук жазма адабиятыбыздын пайдубалын курушкан аксакалдарыбыздан тартып ушул күндө канат күүлөп келаткан жаштарыбызга чейин биздин адабиятчыларыбыздын көркөм котормо ишине киргизген жана киргизип аткан салымычы?!

Баарыдан мурда баса белгилеп кетчү нерсе: саясий, илимий-техникалык котормонун жана анын башка түрлөрү менен бирге көркөм котормо биздин адабий тилибиздин калыптанып, өсүп-өнүгүшүнө, анын колдонулуучу чөйрөсүнүн кеңейишине збегейсиз зор өбөлгө болгоидугу. Чынында эле, дал ушул котормонун аркасы менен кыргыз тилинин грамматикалык түзүлушү өркүндөп, татаал конструкциялар менен байыды, анын өздүк составына башка тилдерден, айрыкча орус тилинен көп сандаган жаңы сөздөр келип кошулду. Азыр биздин тилибизге төл сөзүбүз катары кирип, пайдаланылып жүргөн андай сөздөрдү оной-олтон санап чыга албайсың. Ошону менен катар котормо өнөрү өз эне тилибиздии көмүскедегү ресурстарын жарыкка алып чы-



Ырасын айтканда, көркөм көтормо жаатындагы талаш-тартыш кечээ-бүгүн эле башталып отурган жери жок. Ал дүйнөлүк көркөм маданиятта бир элдин адабий туундусун (мейли, элдик ооз эки же жазма адабият чыгармасы болсун) экинчи элге жеткирүү зарылдыгынан улам келип чыккан элдер ортосундагы рухий карым-катыштар атам заманнан бери эле болуп келе жаткан шекилдүү. Ар бир элдин көркөм көтормосуиуи тарыхы ошол элдин жалпы эле көркөм адабият тарыхына анын бир бөлүгү катары киргендиги да талашсыз. Ошондой эле жазма адабияты өнүгө баштаган элдерде адегенде азыр биз «эркин көтормо» деп атап жүр-



Курманбек Абдыкеримов

# Кайталоодон каныгат

Юристанбек ШЫГАЕВ, 1957.

«1942-жылдын күзү» үчилтигинен биринчи көрүнүш — «Коштошуу», экинчи көрүнүш — «Жоокердин баласы».



# Ала Тоо

АЙ САЙЫН ЧЫГА ТУРГАН АДАБИЙ-КӨРКӨМ ЖАНА КООМДУК-САЯСИЙ ЖУРНАЛ

КЫРГЫЗСТАН ЖАЗУУЧУЛАР СОЮЗУНУН ОРГАНЫ

## МАЗМУНУ


Бир ырдын тарыхынан —
Сүйүнбай ЭРАЛИЕВ. Быстровка — Өзгөрүш-түк Токтобай . . . . . 3
Сооронбай ЖУСУЕВ. Алдыга жүргүн, кыр-гыздар . . . . . 5
Акынбек КУРУЧБЕКОВ. Согуш талаасында . 6
«Эл үчүн намыс алып көл», ыр . . . . 7

Токтогул жөнүндө эскерүүлөр — Александр ЗАТАЕВИЧ, Виктор ВИНОГРАДОВ, Виктор ВИТКОВИЧ, Лев ПАСЫНКОВ, Александр ВЛАСОВ . . . . . 9

КЫРГЫЗ ССРынын ЭЛ АКЫНЫ ТЕМИРКУЛ УМӨТАЛИЕВ 80 ЖАШТА

Темиркул УМӨТАЛИЕВ. Бүтпөс ыр, ырлар 15
Жунай МАВЛЯНОВ. «Кандар баспас жол бастым...» . . . . . 18

Кубатбек ЖУСУБАЛИЕВ. Муздак дубалдар, роман . . . . . 21

Турар КОЖОМБЕРДИЕВ. Ырлар . . . . 60

Камбаралы БОБУЛОВ. Армандуу биздин балалык, үч баян . . . . . 64

ДҮЙНӨЛҮК АДАБИЯТТАН
Калевала . . . . . 128

АДАБИЙ МУРАС
Кытайдагы кыргыздардын жомоктору . . 134

ӨНӨР
Кадыржан КЫДЫРАЛИЕВ, Асанкул КАЛИДЕВ. Тунук камера жана турмуш акыйкаты 140

ОЧЕРК, ПУБЛИЦИСТИКА
Карыбек ТЫНАЛИЕВ. Эсепке алынбаган эреже . . . . . 145

АДАБИЙ СЫН, АДАБИЯТ ТААНУУ
Бекташ ШАМШИЕВ. Салттын жаңыланышы . 148

РЕЦЕНЗИЯ
Абдыкерим АБДЫРАЗАКОВ. Текмелүк — сейрек енер . . . . . 156

«АЛА-ТОО» КҮНДӨЛҮГҮ
Жаш сүрөтчү Шыгаев . . . . . 159



№ 5
МАЙ
1988
1931-жылдан бери чыгат



ГБ Киргизской ССР
1988
имени В. И. Ленина



Уадыржан Кыдыралиевич, сиз «Кыргызфильм
председатели экенсиз. Жаш
операторлор жөнүндө эчен туркун чагыш
келгени аны
катарып, кулде эч нерсе
бул бир боткойлук. Калыс пикир
Аскар Наматбек Мураев, Василий Соколов, Бакболот Ай-
Исмаил Мырзабеков, Леонид Ким, Мерлес Туратбаев, Му-
Ушул операторлор көркөм фильм
ишке аралашып келгенге чейин, интилиши жетишип, умут отуп тутвидырып
Ушул жүздөрдөн биз алардан акыл-насаатыбызды, көп-кемчи-
Негизгиси — алар кыргыз киносунун эртеси
Анын үстүнө азыркы жаңылануу мезгили, коомдогу өзгөрүү
чыгармачылыгында кичирек жол ачып берүүдө. Мындай ой
операторлордун кыска жашка келгиче көркөм фильм тартуу кезегин-
де турат, ушул күрөккө дейре ижашы деп аталышын жоюуга тырт
деген ишеним дебиз.

Күрөл берген мээнициз үчүн рахмат, Кадыржан Кыдыралие-
вич! Сизге жана жалпы эле Кыргыз кино ишмерлерине жаңы ийгилик-
терди каалайбыз.

Мээнеткеч Асемкул Калидек



ОЧЕРК. ПУБЛИЦИСТИКА

# Эсепке алынбаган эреже

Ананын, Кара-Кужурдун, Суусамырдын бийик тоолуу жайыттарында, же
чес жархайдын кыштоолорунда, Кыргыз, Талас Ала-Тоосунда болобу
жаздын оомати жүрүп, эмгек кызган учур. Чабандар менен малчы
бел чечпей катаал шарттарда күжүрмөн эмгек өтөп, мезгил сыноосуна туруштук
Малдын аман сакталышы, арык же семиз болушу мына ошолордун колунда.
Адатта жаздын нашарлаган кара жамгыры жок күндөрү чабандар койлорун
айдап чыгат. Бешимден өткөндө койлорун кайра короого кайрып келип чөп,
берүүнү эрежеге айландырышкан.

Малчылардын кашарларында жайыттарды аяр пайдалануу чакырган ураандар
бадырайып алыстан көрүнөт.

«Аяр пайдалануунун эмне кереги бар? — дешчү айрым адамдар. — Же эмне, биз-
де жайыт жетишпейби? Тогуз миллион гектар жайыт жерибиз бар эмеспи!»

Чындыгында эле республикабызда жайыт көп. Бирок акырындык менен жерге-
бизде жаратылышты жаңыча койбой эртеңки күн, келечек менен эсептешпеген, аң көз
жана алдым-жуттум чарбакер пайда болду. Ал эми бүгүнкү күндө эсептегенге, талдоо
жүргүзүүгө, көптөгөн жылдарга алга көз жүгүртүүгө үйрөнчү учур келбедиби.

Арыйне, биз буга чейин деле кол куушуруп олтурган жеribиз жок. Чарбасыздык-
ты көрүп, умубүздү жетишинче кыйкырып жаттык. «Малдын туягы жайытты такыр-
датып, жайдактап, чөптү курутат; куурай, бадалдар басып баратат!» Жайыттардын
жайдакталыш себебин билсеңи деген окумуштуу сөрөйлөр бийик тоолуу жайыттарга
сапар чегишти. Жоголуп бара жаткан флораны изилдешти, туяк тытып тикенектүү ба-
далдардын арасында калган чөптөрдү санап, кылдат таразага тартып жатышты. Мунун
баарын сунуштарды, кенештерди камтыган көлөмдүү эмгек катары тиркеп, биздин мил-
дет буюрса бүттү деген кыязда тынчып калышты.

Анын ортосунда план, милдеттенме, болгондо да жогорулатылган же үстөк кабыл
алган чабандар менен малчылар жайытты такыр жарактан чыгаруу боюнча мелдешип
жатты. Мындай тан каларлык чарбасыздыкка колхоз, совхоздордогу жайкысын жайыт
участкасын топ-топ короо койлорго бөлүштүрүү ыкмасы дагы көмөктөштү. Мына ошен-
тип озунушун жайыт эзелеп алыш үчүн же коюн эртерээк бөлөк жайытка айдаш үчүн
атаандашуу кулач жайды.

Өткөн жылы биз республикабыздагы чарба адистерин, малчыларды чогултуп,
мындай мамиле өзүн олтурган бутакты кыюуга барабар деп түшүндүрүүгө далалат
жасаган элек. Айрым участокторду сөзсүз эс алдырып, жайыт алмаштыруу ыкмасын
ишке киргизүүнү сунуш кылдык. Ар жүз гектардын чейреги табигий эс алууга тий-
иш ал жерлерде мал туягы тийбеши зарыл. Семинардын бардык катышуучуларына
жайыт которуштуруунун эң жөнөкөй схемаларын таратып берип, аларды чабандык
китепке салып коюуларын өтүндүк. Мына ушунун өзү жайыт резервдерин пайдалан-
бай жаткан жагдайлар экендигин, эгерде биз суук түшкүчө чөп сактасын десек муну
аткарууга милдеттүүбүз деген ойду баса белгилегенибиз.

Чарба адистери менен чабандар бизди күнт коюп угушту. Макулдугун билдирген
ишарат менен баш ийкеп олтурушту. Семинардан таркагандан кийин баягы иш эски
абалынан эч өзгөргөн жок. Эскиче ой жүгүртүү, бүгүнкү күндүн кызыкчылыгы менен
жашоо өз ишин жасады көрүнбөйбү. «Менден кийин сел жүрсө да мейли» деген психо-
логияны чоң күч менен алууга туура келди.

Өткөн жылы жаз адаттагыдан кыйла кеч келди. Ошондон улам мал жайлоого бир
ай кеч чыкты. Жаратылыштын чыгоо мүнөзү эң начар абалдагы, такырланган деп
эсептелген Арпа капчыгайында (Нарын области) дагы чөп бой көтөрүп калышына шарт
түзүү. Ойлонуп көрсөңүздөр: бар болгону бир ай убакыт такырланган жайыттардын түш-
мөдүүлүгүн калыбына келтирүүгө мүмкүнчүлүк берди. Ал эми биздин схема боюнча,

... [illegible] тегн Арпа-Сай, Сөөк капчыгайларынын жашыл туланы, көп [illegible] көрүүгө толмок.

[illegible] Кочкор районорунун айрым чарбаларында жайыт которуштурууну [illegible] эң туура алышка[illegible]. Ат-Башы районундагы СССРдин 50 жылдыгы атындагы [illegible] Кош-Кара-Таш капчыгайындагы 17 миң гектар жерди эс алдыр[illegible] [illegible], 18 отор койду мурда пайдаланыла элек Жаңы-Жер капчыгайына чыгарыш[illegible] Айтмакчы, райондун [illegible] көпчүлүк чарбаларында мал туягы баспаган [illegible] эмес.

Ленинполь районундагы «Красная заря» колхозуна бекитилген Ат-Ойнок [illegible] гайындагы жайыттарды эс алдыруунун эсебинен гана бир жыл ичинде чөптүн [illegible] үчтөн бирге өскөн. Эгерде ошол эле чарба түшүмдүүлүктү бөлөк жол [illegible] аракеттенсе жүз миңдеген сом акча сарптамак.

Ошентсе да мууу жайыттарды жакшыртуу үчүн каражат жумшоонун [illegible] деп түшүнүү натуура. Жайыттардын эс алуусу кошумча жана эң маанилүү [illegible] талашсыз. Ат резерв чөп өсүмдүктөрүн жакшыртуу боюнча каражат [illegible] иш-чаралар менен айкалышкан[illegible] гана тиешелүү натыйжа берээрин эстен чыгар[illegible] абзел. Отоо чөптөргө каршы күрөш жүргүзүү, минералдык жер семирткичтер [illegible] чачуу, чөптүн уругун себүү, мүмкүнчүлүккө жараша сугат ишин жүргүзүү [illegible] иш-чараларга кирет.

Өткөн жылы республикабызда план боюнча миллион гектар каралганы менен [illegible] 700 миң гектардан ашуун тоолуу жайыттар эс алды. Күркүрөгөн күз айларында [illegible] «эс алуудагы» жайыттарды текшерип, чөп кыйла калың өскөндүгүн, негизгиси алар [illegible] [illegible] уругун чачкандыгын — келерки түшүмгө жакшы негиз түзгөндүгүн [illegible] ийгебиз.

Биздин бирикме үч жарым миллион гектарга жакын аянттагы жайыттарды [illegible] руштуруунун эң [illegible] схемасын иштеп чыккан. Бул ыкманын негизинде төрт же беш [illegible] тепкич боюнча которуштуруу каралган. Аталган аянттардын үчтөн бир бөлүгү жыл сайын эс алганы талап[illegible] ылайык келээр эле. Мындай болгондо 4—5 жылдын аралыгында жерлерден түшүмдүүлүгүн 2—3 эсе өстүрүп, ар гектардан мурдагыга салыштырмалуу бир центнерден арбын кургак чөп алууга мүмкүнчүлүк түзүлөт. Болгондо да капиталдык [illegible] салым жумшабай туруп. Ошол эле учурда жайытка мал жаюу мөөнөтү бир [illegible] айга убакытка узартылат.

Өткөн жыл көпчүлүк чабандардын көзүн ачкансыды. Эми алар жазды күтпөй [illegible] жайыттарды жеке өзүнө гана, болгондо да бир канча жылга бекитип берүүсүн сурашып жатышат. Балким чабандарга жайыттарды малчылардын материалдык кызыкчылыгын [illegible] келишим боюнча арендага берүү максатка ылайыктуудур. Мындай [illegible] жайыттардын түшүмдүүлүгүн өстүрүүнүн, этти арбын өндүрүүнүн кубаттуу куралы болуп калмак.

Ооба, бүгүн биз улам барган сайын адамдар жайыт которуштуруунун артыкчылыгына бекем ишаныш, жерлерге «айыгуу» күчүн калыбына келтирүү үчүн убакыт берүүнүн зарылчылыгына көзү жетүүдө деп ишенимдүү айта алабыз. Мындайча айтканда иш жагдайы жакшы жагына өзгөрдү.

Тилекке каршы муну бардыгы эле түшүнө элек. Ошол эле Нарын областынын бир катар чарбалары жайыттардын жер которуштуруу системасын сактабайт. Аламүдүн районундагы беш чарба 5512 гектар жайытты эс алууга калтырган. Кийинчерээк ал жайыттарга мал жайылып кеткен. Кант, Сокулук жана башка райондордо да абал мына ушундай.

Колхоз, совхоздордун айрым жетекчилери көз боёмочулукка баруудан кайра тартпайт. Айталы, Тянь-Шань районундагы бир катар чарбалар чек ара зонасында жайгашкан жайыттарды эс алуудагы катары көрсөтүшкөн. Жети-Өгүз районундагы «Ак-Терек» совхозу Кызыл-Белдеги кыштоону эс алуудагы жайыт катары көрсөтүүгө аракеттенген. Шорун каткыр чарбакерлер кимди алдайын дегенин түшүнбөйсүн, анткени алар эң оболу өздөрүн алдап жатышпайбы.

Жайыттардын абалы тууралуу жоопкерчиликти бүтүн бойдон тоют, жайыт жана мелиорациялык курулуштун республикалык илимий-өндүрүштүк бирикмесине шилтей салууга аракеттенген областык, райондук АПОлордун адистери бул өңдүү «бармак басты, көз кыстыларга» көз жумууда. Ушул өңдүү жатып ичерликтен майнап чыкпасы бештен белгилүү.

Дагы бир ирет кайталап айтып коёюн, жайыттарды кошумча капиталдык салым кошпой туруп жакшыртуу эч мүмкүн эмес. Биздин оюбузча иш-чаралардын комплексинде бир гектарга төрт сом жумшалыш керек. Айрым жолдоштор каражат жумшабай туруп эле киреше алгысы бар. Айталы, Нарын областынын чарбалары гектарына 56 тыйын жумшаса, Талас областынын чарбалары 1 сом 25 тыйын сарптайт.

Бирикмебизге байланыштуу көп кылсак — биз жайыттардан аз эмес түшүм алаарыбызды эң оболу айтканыбыз дурус. Өткөн жылы машина-мал чарба станцияларынын күчү менен дээрлик 100 миң тонна кесек тоют, 39 миң тоннадан ашуун дан жыйнап алдык. Бул көрсөткүч пландагыдан эки эсе арбын. Ошол эле учурда жайыттардын түшүмдүүлүгүн арттыруу үчүн аткарган ишибиз чеке жылытпайт. 312 миң гектар жерге минералдык жер семирткич чачылды, 19 миң гектар жайытты отоо чөптөрдөн арылтып, асылдуулугун арттырдык. Бирок мунун өзү деңиздеги бир тамчы суудай эле иш. Муну менен биз жайыт маселесин чече албайбыз. Ошондуктан биз эң оболу малчылардын өздөрүнүн, чарба жетекчилеринин, райондук, областтык уюмдардын жардамына муктажбыз.

Республикабызда кышкы жайыттар жайкы жайыттарга караганда эки эсе аз [illegible] өзгөнү менен алар жакшы сакталган. Анткени, кышкы жайыттар конкреттүү



чабандарга бекитилип берилген. Чабандар өз жайыттарын жакшы сактап, маал-маалы [illegible] которуштуруп турат. Кышкысын жайытка жат мамиле жасоо чөптү толугу менен [illegible] кийин койлорун кырууга чейин алып келээрин жакшы билишет. Ошондон [illegible] көпчүлүк чабандар зоотехниктердин көрсөтмөсүн күтпөй жайыттарды бөлүктөргө [illegible] алды кыштан семиз чыгарыш үчүн кезек-кезеги менен орун алмашаары түшүнүктүү иш.

Жайкысын тоо-таштар жашыл кымкап жамынганда чабан менен чарба жетекчилеринин табитн өзгөрөөрү белгилүү. Балким мында аларды бир беткей күнөөлөй берүү дагы туура эмес болушу мүмкүн. Балким бул жерде жайыт маселесинин системасы жок [illegible]. республикабыздын жайытына зор чыгым алып келип жаткан чарба жүргүзүүнүн эски ыкмасы дагы салакасын тийгизип жатышы ыктымал.

Калың токойдо отун да көп деген макал бар. Ошентсе дагы чабандар отор кой менен көзөмөлсүз калганда токойго терең дебестен, авто магистралга жакын [illegible] ык [illegible].

Дагы бир маселени тегерегинде сөз кыла кетейин. Көпчүлүк регионлордо жайыттар бир кылка бөлүнгөн эмес. Айрым райондордо жайыт кенен болгондуктан эч кандай которуштуруунун зарылчылыгы жок. Ал эми кээ бир райондордо жайыттарга [illegible] батпайт. Маселен, Талас областындагы Манас району жайкы жайыт менен 8 процентке гана. Киров району — 41 процентке камсыз. Ал эми Токтогул районунда жайыт нормадагыдан эки жарым эсеге көп. Ош, Нарын областарында дагы мына ошондой эле көрүнүш. Мындай туура эмес бөлүштүрүүнү чарбалар арасында дагы байкоого болот. Мына ушул маанилүү маселеге көңүл топтоп, жакынкы бир-эки жылдын аралыгында жайыттарды бир кылка бөлүштүрүүгө жетишүү зарылчылыгы бышып жетилди.

Жайыт биздин байлыгыбыз деп айтуудан тажабайбыз. Бирок ошол эле учурда жайыт чексиз эмес экендигин эстен чыгарып жибергенсийбиз. Мындай баалуу байлыкты кемитпей, кор кылбай, ар дайым арбытып, акыл-эстүүлүк менен пайдаланалы.

**Карыбек ТЫНАЛИЕВ,**
**жайыт, тоют жана мелиоративдик курулуш боюнча республикалык илимий-өндүрүштүк бирикменин генералдык директору.**

Юристанбек ШЫГАЕВ, 1957.
«Эфиопия элеси».

Газы ЭМЕТ. [Кытай эл республикасы] «Манас» эпосуна тартылган суреттөрдөн.



# Ала Тоо

АЙ САЙЫН ЧЫГА ТУРГАН АДАБИЙ-КӨРКӨМ ЖАНА КООМДУК-САЯСИЙ ЖУРНАЛ

КЫРГЫЗСТАН ЖАЗУУЧУЛАР СОЮЗУНУН ОРГАНЫ

## МАЗМУНУ


**Жалил САДЫКОВ.** Ички бушаймандар (ыр түрмөгүнөн) . . . . . 3

**Кубатбек ЖУСУБАЛИЕВ.** Муздак дубалдар, роман (уландысы) . . . . . 19

**АДАБИЙ МУРАС**

**Жолон МАМЫТОВ.** Жүсүп Мамай — кытай кыргыздарынын атактуу манасчысы . . 73

**Жүсүп МАМАЙ.** Манастын каруу-жаракгарынын жасалышы . . . . . 76

**Кеңеш КЫРБАШЕВ.** Кызыл-суулук кыргыздардын «Манасы» . . . . . 83

**ЖАШ КАЛЕМ**

**Таалайбек (Карим) ТАШМАМАТОВ.** Ырлар 87

**Бейшенбай УСУБАЛИЕВ.** Диссертация, повесть . . . . . 90

**ӨНӨР**

**Бектемир ЖУМАБАЕВ.** Орус саякатчылары кыргыз этнографиясы жөнүндө . . . 137

**ОЧЕРК, ПУБЛИЦИСТИКА**

**Токтомат ЗУЛПИЕВ.** Кыя-Жол баяны . . . 144

**АДАБИЙ СЫН, АДАБИЯТ ТААНУУ**

Сынчы Кеңешбек АСАНАЛИЕВ 60 жашта

**Абдыганы ЭРКЕБАЕВ.** Адабий сындын кайраткери . . . . . 151

**РЕЦЕНЗИЯ**

**Сооронбай ЖУСУЕВ.** Чебердиктин чектерин ачып . . . . . 154

**ЫСЫК-КӨЛ ФОРУМУ**

Афеворк Текле . . . . . 156

**«АЛА ТОО» КҮНДӨЛҮГҮ»**

Достук байланыш чыңдала берет . . . 158



№ 6

ИЮНЬ

1988

1931-жылдан бери чыгат



ГБ Киргизской ССР
1988



«АЛА ТОО»
ЕЖЕМЕСЯЧНЫЙ ЛИТЕРАТУРНО-
ХУДОЖЕСТВЕННЫЙ И ОБЩЕСТВЕННО-
ПОЛИТИЧЕСКИЙ ЖУРНАЛ

ОРГАН СОЮЗА ПИСАТЕЛЕЙ КИРГИЗИИ

БАШКЫ РЕДАКТОР **Кеңеш ЖУСУПОВ**

РЕДАКЦИЯЛЫК КОЛЛЕГИЯ: **Шабданбай АБДЫРАМАНОВ, Сагын АКМАТБЕКОВА, Мар БАЙЖИЕВ, Камбаралы БОБУЛОВ, Өскөн ДАНИКЕЕВ, Ашым ЖАКЫПБЕКОВ, Асан ЖАКШЫЛЫКОВ, Төлөгөн КАСЫМБЕКОВ, Эсентур КЫЛЫЧЕВ** (жооптуу секретарь), **Акбар РЫСКУЛОВ, Жалил САДЫКОВ, Асанбек СТАМОВ, Каныбек ЭДИЛБАЕВ** (башкы редактордун орун басары), **Сүйүнбай ЭРАЛИЕВ.**

Техн. редактор Н. Кузиненко. Корректорлор З. Мамбетсалиева, Ж. Айткулова.

«АЛА-ТОО» БАСМАСЫ

Кол жазмалар кайтарылып берилбейт

Редакцияның адреси: 720301. ГСП. Фрунзе ш., Киров кечесу, 205. Телефондор: Башкы редактор — 22-12-70; Башкы редактордун орун басары — 26-40-16; Жооптуу секретарь — 26-55-12; Бөлүмдөр — 22-38-29, 22-18-94, 26-49-95.

Терүүгө 21. 03. 1988-ж. берилди. Басууга 20. 04. 1988-ж. кол коюлду Кагазы типограф. № 3, форматы 70×108 1/16. 13,65 шарттуу түстүү боёк. Бардыгы 10 басма табак. 14 шарттуу б. т. Учеттук табак 15,8.
Заказ 628. Д—01737. Тиражы 67500. Баасы 70 т. Инд. 77300.

720301. ГСП. Фрунзе, типография издательства ЦК Компартии Киргизии, ул. Правды, 24.

© Издательство «Ала-Тоо», 1988 г.

## Ички бушаймандар

(ЫР ТҮРМӨГҮНӨН)

*Акын Жалил Садыковдун жакында жазып бүтүргөн көлөмдүү ыр түрмөгү ушундай деп аталат. Ыр түрмөктө акын азыркы турмушубуздун өйдөңүнда тамыр алып жаткан таш боордук, мээримсиздик, адепсиздик сыяктуу залалдуу көрүнүштөрдүн натыйжалары коомдук турмуштун гуманистчил-нравалык идеалына, жашоонун социалисттик түрүнө доо кетирип жатканына аябай тынчсызданат, булар жер жүзүндө тынчтыкты сактоо, жаратылышты жабыр тартуудан коргоо өңдүү азыркы мезгилдин өктөм маселелериндей эле мааниге ээ болуп отурганын ишенимдүү туюнтат.*

*Төмөндө ошол ыр түрмөктүн соңку бөлүмдөрүн окурмандарга тартуулап жатып, алардан түрмөк тууралу окугандан кийинки ой-пикирлерин билдиришин күтөбүз.*

### ӨЗҮ ТӨРӨП, БАЛАСЫН БАШКА БИРӨӨГӨ ТАШТАП КЕТКЕН КЕЛИНЧЕКТИН БУШАЙМАНЫ

— Ойдон кетпей дайым сыздайт жүрөгүм,
Баары менде, баары менде күнөөнүн.
Андан бери өтүп кетти канча жыл,
Али күнчө баласы жок жүрөмүн.

Ким тыят деп кимдин ойноп күлөөрүн,
Тобокелге, жүрүп алып жүрөөрүн,
Бойго бүтүп, төрөп калган чагымда,
Таштап кеттим эшигине бирөөнүн...

Айрымдары сөз кылышса табалап,
Абийриме көлбесин деп жаман ат,
Курсагымды таңып жүрүп кындырдай,
Каткан балам, көзүн жарды саламат.

Түн ортосу. Бүт айланам карарат.
Балам колдо... Жамгыр турат чаба жаап.
Таштай албай, эшигине канча үйдүн —
Барып кайттым сагалап...

Көп кабат үй — жаңы сала баштаган,
Кирөөм дагы, тепкичтерге баш багам.



Кадам шилтеп жогорулап барсам деп,
Тааныш бирөө чыгуучудай жазганам.

Канча эшикке кирип барып мен эчө,
Кайра тарттым башка чапкан немече.
Ошол түнде, көзүм жетти бир сапар,
Турмуш менен кылганына келеке.

Көп кабат үй, таштап койсом, ыңгайлап...
Эшигинен кимдер чыгат, ким алат?
Же болбосо, көрүп калган алда ким,
Келип кармап алаар бекен кубалап?

Деген ойдо учуп бүткүл зардабым,
Ууруларча кылчак караим жан жагым.
Кече бою бир топ үйгө барсам да,
Таштаймын деп, бирок таштай албадым.

Таштап кетсем эшигинин жанына,
Кандай неме дуушар кылет багына?
Үйдегүлөр картаң бекен, жаш бекен?
Кудурети жетээр бекен багууга?

Эгер, кокус ооруп жаткан жан болсо,
Анда кантет төкөр болсо, шал болсо?..
Кандай болот бул кургурдун абалы,
Экөө бирдей карган кемпир, чал болсо?

Дүлөй болсо шыңгыратсаң укпаган?
Ичкич болсо елүк болуп уктаган?..
Же болбосо, коркок неме болсочу,
Түн ичинде эшигине чыкпаган?

Жок болгон соң сыртка чыгып алаары,
Курган неме дымы чыкпай калабы?..
Деген ойдо, ар кайсыга санааркап,
Таштай албай бара жаттым баламы.

Дитим барбай, мүмкүн болбой кирүүгө,
Кеп кабат үй артта калды тигине,
Ойго келдим, таштасам деп езүмдүк —
Алды жакта жапыс үйдүн бирине.

Ай ошол түн кетпес мениң эсимден.
Асфальт бүтүп, кече баткак эзилген...
Бардык үйдө бийик-бийик короолор,
Бардык үйдүн дарбазасы бекилген.

Жамгыр куюп, малма-челме чыланып,
Баткак андан ишпалдамды чыгарып...
Тамталандап келчүк кечип бараттым,
Тайгаланып, кете жаздап куланып.

Мына бир үй кеп үйлердүн биринде,
Бирок, ачык, дарбазасы илинбей.
Калды енденет дарбазадан ар жакка,
Кантип кирип кеткендигим билинбей.

Эптеп жеттим үй эшиги астына,
Үрүп чыккан ити да жок бактыма.

Чиркин, ойго келер келип, не кетпейт,
Дал ушундай чактыда!!

Бул кандай үй? Деги кишн бар бекен!
Болсо, неге, короосу ачык калды экен!
Кайра баштан чуруп келет кеп суроо;
«...Кемпир бекен, чал бекен!..»

Короосу ачык... Кызык үй го бereги!
Же бир жакка кетип калган немебн!
Кандай болот таштап салсам баланы,
Бир топ күнгө күмөн болсо керээри!

Бир топ күнгө күмөн болсо керээри,
Анда, бала, аныk дечи элеерү.
Эмнегедир, элет деген бир сөздүн —
Коркунучу, титиретет денамн.

Эмне болсо, ошо болсун баарысы,
Эптеп-септеп адам чыкса багуучу,
Мейли сокур, дүлөй, чолок жан болсун,
Мага керек бала тнрүү калышы.

Айтуу кыйын манин ошол көзими.
Ар кыл ойдон араң жыйып эсими,
Адам барбы дегеним го чамамда,
Тартып көрсөм эшик нчтөн бекилүү.

Ороо-чулгоо баарын бекем кымтылап,
Төпкич үстүн жайга айлантып тынчыраак,
Өйдө болуп босогосун таянсам,
Коңгуроонун үнү чыкты чыркырап.

Ой ашыктым, жаным чыга ашыктым,
Байкоосуздан коңгуроосун басыпмын.
Бир заматта дарбазадан нары атып —
Сыртка чыга качыпмын.

Коңгуроонун үнүнөн бөйм чыркырак,
Күйдү дароо төр жагынан бир чырак.
Анан келип сырткы эшигин ачкыча,
Далдоо жерден карап турдум кылтырап.

Иш болгон соң такыр ойго кирбеген,
Үндөр чыкты чочулаган-дүрбеген.
Бир кубанчым; жашап калган бир адам,
Сүйлөп жатты биздин эне тил менен.

Сүйлөп жатса биздин эне тил менен
Кубанчым айт, жашоочудай бирге мен.
Турам, бирок, далдасында даректын
Адам өңдүү эч нөрсени билбеген.

Баятадан мени турган далдалап,
Куурап калган дарак экен ал дарак.
Коркуп кеттим бир жалбырак таба
албай —
Бутактарын кармалап...

Куурап бүткөн дарак туура келиши,
Тагдырыма төлгө болду негизи,

Ушул тура оомал-төкмөл дүйнөнүн —
Бир жеринен көмиши.

Жаман саиаа булкуп алып журөктү,
Жаман ойдои бүткөн боюм «дүрр» этти.
Азыр менин жалбырагым — балам жок.
Куурап калган ошол дарак мунөздүү.

Толгон жерден куу даракка жанакы,
Тагдыр мени сүйөнткенүн карачы?!
Андайларды, башка бир иш түшмөйүн,
Абайлабайт бардык адам баласы.

Айтып болбойт менин ошол чагымды.
Көздөрүмдөн сансыз учкун чагылды.
Бир кергенүм, жаткан бала табылды,
Бир көргенүм, эшик кайра жабылды.

Катар-катар терезеден от жанды.
Сезип турам, тиричилик башталды...
Менин болсо, жамгыр куюп төбөмдөн,
Кара булут каптап турду асманды.

Кара булут каптап турду асманды,
Бирок, билем, таң атууга аз калды.
Кайра аркама кетип бара жатканда,
Жүрөк сыздап көздөрүмдөн жаш тамды.

Нелер келип, нелөр кетпейт санаага,
Бирөө сыздап жетпей жүрсе балага,
А мен минтип кандан чыккан баламды —
Таштап кетип бара жатам талаага.

Ак сүт берип ала жатып жаныма,
Менин алым жетпейт беле багууга?
Жетет болчу. Бирок, алым жетпеди —
Намысыма-арыма.

Күйөөм жүрсө алыс жерде, аскерде
Не демекмин жакындарга, башка элге?
Бүт өмүрүм өткүчөктү калмакмын,
Бетке чиркөө, кутулбаган кептерге.

Көөнүм жумшак... Жан эмесмин деги
мен!
Алдап коисо, асылганда эриген...
Эми минтип бара жатам шелбүреп,
Элдин коркуп кебинен.

Чыгып кетип адептүүлүк чегинен,
Арам иште, аттап еттүм эримен.
Мен да куду Күкүк куштун езүмүн,
Өз баласын башкаларга телиген.

Кургак намыс баткандыктан жаныма,
Жаңы төрөп, келбей жатып карууга,
Канча күндөр ооруп жүрдүм кийин мен
Калган үчүн кечки күздүн жаанына.

Ар нерсеге алаксытып адамды,
Мезгил — дешет — айыктырчуу жарандыы.
Менин болсо ырбап турат ыйлаткым,
Ар бир секунд ойлогондо баламды.

Күн артынан айлар өтүп жыл чубап,
Андан бери өтүп кетти канча убак?
Азыр деле ал тараптан еткенде,
Аргасыздан эт жүрөгүм жанчылат.

Жумушум жок, адамым жок таанышган,
Нечен өттүм ошол үйдүн жанынан.
Нечен өтүп бала көрдүм бир сапар,
Ашып калган маалынан.

Кас-кас туруп анын айтпа басканын,
Кас-кас туруп анын айтпа шашканын,
Кучак жайып көчө жакка келатса,
Жер күүгүмдөп, кулап кала жаздадым.

Алдым тосуп бери басса ал бала,
Арак өттүм өзүмдү-өзүм кармана,
Ак чач адам, аркасынан кубанып —
Сүйлөп келет жалбара.

Не деп айтты, кандай сөздү арнады,
Чынын айтсам, бири эсимде калбады.
Бүткөн боюм эрип кетип укканда,
Кымбаттыгын эми сездим — жалбаруу.

Кези келсе ар бир жума, ар айда,
Өтөөр элем үйдү салып абайга.
Ошол күнкү жалбарууну укkан сон,
Ал тарапка барбай калдым далайга,

Ызаланам, өзүмдү-өзүм карманам,
Неге барам? Не барам? — деп арданам.
Энелигим кайсы дейм да, жат болуп —
Өз балама жалбарына албаган?

«Өз балам» деп, кандай менин ез балам?
Өздөн артык багып жүрөт башка адам...
Энеминби? Ким эне дейт мендейди,
Тууган уулун такыр бакпай таштаган?

Мен эне эмес! Менин жүзүм кararган,
Мен айрылгам түбөлүккө баламдан!
Чоңойгондо; «Менин балам болчу» — деп,
Кантип барып талашамын алардан?

Түн төрметип, эмчек сүтүм бербесем,
Ким ишенсин: «Сенин энең, мен» —
десем.
Азыр, кайгым, — ошол түнкү булуттай,
Аккан жашым, — жамгырына теңме-тең...

Бек тиштөнип барбаймын деп көшөргөн,
Кайра да өттүм, кийин ошол көчөмдөн.
Жамгыр жааса тайгаланчуу жол эмес,
Жол болуптур түп-түз асфальт төшөлгөн.

Ам тун багып мени бир кез шаштырган,
Мурдагыдай бала чыныгы астымдан,
Ыйлап ачып... Ар жагынан экөөлүн
Үнү чыкты бөөр эзиле катыша...

Абайласам, ак чач киши болгом,
Бала нуска, күлүп жатат а даяк.
Ал ачыча үнү чыкты алдыдан,
«Жинсоң болбо, муздан калды тамагым».

Ирилдедим. Ирилдүүгө чак барбы?
Жарык турун, күүгүм каптап асманды,
Ошол айткан бир сөзүнөн эненин.
Жер жарылып кете жаздап аз калды.

«Тамак муздап...» Не деген сөз жагалы?
Бетон турун, кам көргөнүн карачы!
Бетон эмес! Бетон дешке акым жок.
Ал — булардын балеси!

Булар ондуу ичтен букту чыгарып,
Күлалдымбы жоругуна кубанып?
Нете жүрөм, тигил эне сыйктуу,
Колдон жасап бералбасам буламык?

Тамтаңдадым түп-түз жердон чалынып,
Неге жүрөм? Неге келдим жаңылып?
Андан көрө ачтарылып көк асман,
Бул кара жер кетсе болмок жарылып!

Келбей калды эми мында кайрылгым.
Келбейм! Келбейм! Мен баламдан
айрылдым...
Кусур урду!.. Болбой калдык балалуу...
Жаман жери, менин ушу — кайгымдын.

Эч күнөө жок ал балада — төрөлгөн.
Баарын, баарын бир өзүмдөн көрөм мен.
Бактым тайып, ошол түндөн бир төлгө —
Куу даракка желенгем...

Кетти, кетти бүрдөп турган көзөгим!
Азыр ошол куу даракка тетемин.
Жылдар өтүп, эми байкап отурам,
Бул дүйнөнүн ооматөкмөл экенин.

Эч ким билбейт жүрөгүмдө жараны,
Кимге айтамын болгомун деп балалуу?
Кийин билдим баккандыгын баламы,
Бир кыргыздын академик адамы.

Ошол адам, ак чач болуп карыган,
Адам экен бүтүн кыргыз тааныган.
Адам экен адал жүргөн, ак пейил,
Аты чыккан илимпоздук жагынан.

Ортоң болбой менин тарткан шорума,
Бала багы — анын түшкөн колуна.
Жакшы шартта, жакшынакай тарбия,
Жакын калды эрезеге толууга.



...рүп, чырмоор кездө торуна,
Оо тагдырым, калдың бала сообуна!
Сураныарым шуртулдаган алдамчы —
Сала көрбө атасынын жолуна.

Адегенде жалбарынып-жалына,
Анан ийген менин намыс-арыма,
Тартпаса экен бала каны, туруксуз —
Атасынын канына!

Ошол шумпай сырт келбети татына,
Канча аялдын кайгы салды башына.
Дале болсо, шилекейин чубуртуп,
Жүрөт — аял затына.

Биз аялдар, дегиңкиси, бирдейбиз,
Ким чын айтып, ким алдаарын билбейбиз.
Кийин келип башка кайгы түшкөндө,
Көтөргөнгө — пилдейбиз.

Шыйпалактап жетип келсе ириде,
Мен акмакмын анын кирген тилине,
Азыр болсо эч ишенмек эмесмин
Анын айткан сөздөрүнүн бирине.

«Балак» десем, курсактагы баланы,
Басып кетти «жаппагын» — деп жалаяны.
Ушул тура көз көрүнө көөлөнгөн —
Окуянын жаманы.

Өз баласы туйлап турса денемде,
Өлө жаздым «Башканыкы» дегенде.
Бир заматта кулак укпай, сөз таппай,
Окшоп калдым керөңге...

Ой куруду, курган башым куруду!
Кимге барып, кимге айтамын мунумду?
Бир жаңылып, анан мындай кеп угуп,
Аял болдум, жаман жүрүм-туруму.

«Башканыкы?» Кордук мындай кеп угуу,
Айтпайт муну шылуундардын шылууну.
Оо жараткан, буга окшогон жоруктан,
Алыс кылгын менин жетим уулуму.

«Уулум» дедим, аргасыздык бул кебим.
Санаа жышып, өчүп барат сүлдөрүм.
Бар тилөгим, ал баланын бир жери,
Тартпаса экен атасынын бир жерин!

Жамандасам, жаман десем бирөөнү,
Жалгыз ага, үйуш оңой күнөөнү.
Жалмаңдаса, көңүл жибип, көз жумуп...
Көп иштерге өзүм болдум күнөөлүү.

Өз колумдан өзүм кылган жазанын,
Канча жылдар тартып келип азабын,
Ак аялча, никелешкен күйөөмдүн —
Коюнунда жатамын.

Ал, милдетин өтөп келди аскердин,
Баарын айттык өткөн, көткөн кездердин.
Баарын айттык... Бирок, бала жөнүндө —
Келбейт али шек биргим.

Мезгил кыйла өтүп кетти иш эми,
Кантип айтам бузгамын деп никеми?
Айтсам айтып тазартмакмын дилимди,
Күмөн анын кечээри.

Оңой болчу үй-бүлөлүк жарылуу,
Ошондуктан, калды баары жабылуу...
Бирок менин кылган арам иштерим,
Кыйнап келет жанымы...

Бир төшөктө бирге жаткан чагымда,
Кээде менин, жаным күйүп жалынга,
«Ак аялча кантип жатам — деп кетем —
Алган жардын жанында?»

Мен аялмын, кее сүртүлгөн көңүлгө,
Актануу жок такыр өзүм жөнүндө!
Бактысызмын!.. Бала, күйөө тууралуу,
Бушаймандуу болуп өтөм өмүрдө!

## КАРЫЛАР ҮЙҮНӨ ӨТКӨРҮЛГӨН ЭНЕНИН БУШАЙМАНЫ

— Мен айрылып бардык күткөн
максаттан,
Келдим мында өз үйүмө батпастан.
Ойлоп көрсөм, чүкак экем бактыга —
Шорум арбын жаш чактан.

Күндөн бери — мында апкелип
ташташкан,
Жатам түндө кирпик-көзүм какпастан.
Ойлоп көрсөм, Азыр төмир өңдүүмүн —
Ай талаада дат баскан.

Кезегинде, берип колдон келээрин,
Ал темирдей, менин да жок — керегим.
Көңүл чөгүп не жаралдым дүйнөгө,
Көрөөр күнү ушул болсо эненин?

Канча жылдар бала көрбөй зарылып,
Канча жүрдүм жаратканга жалынып?
Кең дүйнөгө сыйбай турган шөкилдүү,
Кете жаздап думанача ак уруп.

Бала жүрсө энесинин жанында,
Көңүл жибип көрө калган чагымда,
Эңсээр элем бала болсо деп тилөп —
Менин дагы жанымда.

Бирөө көрсө баласына камылга,
Эт жүрөгүм эрип кетчүү жалынга.
Андай эне, маа сезилчүү — даректай
Мөмөсү бар шагында.



Мен да жетак. Менде да бар кегеруу,
Кеткеп жүрөм байласам деп мөмөнү.
Анан барып кабыл болуп тилегим,
Кетке күнге бир жеткизди төбөмү.

Бала бойдо туйлай калган чактыда,
Бакыт жетпей менин ошол бактыма,
Шашаар элем алдей айтып бешигин —
Термелтсем деп, астыма.

Жаш айдөлөп кырктан ашкан кезегим,
Кыял ойдоп мен да кызык экемин...
Төрөөр менен там-туң басып ал бала,
Анан дароо эр жетчүдөй сеземин.

Шашкан экем. Шашыптырмын көрүнөө,
Жерик болуп тамактардын кебүнө,
Ач арбактын сүлдөрүндөй кыл кыркпай —
Араң калдым өлүүгө.

Эңсеп жүрүп болгон жатсак балалуу,
Ичилбесе куруп кетсин тамагы!
Күйөөм байкуш күлкү кетпей жүзүнөн —
Жаркып жүрдү кабагы.

Кээ бир түндө ойгоо жаткан чагымда,
Бала туйлап бүлк-бүлк этсе карында,
Кубангандан адаты бар болуучу,
Күбүрөнүп жалынма.

Кээ бир күндө күлө сүйлөп барбандай,
Кыялында ат тандачу ар кандай.
Баарын санап балкый бөрчүү езүнче —
Бала туулуп калгандай.

«Эркек болсо атын Эрбол койдурам,
Макулбу?» — деп кучактачуу мойнумдан.
— А кыз болсо?
—Атын Миңгүл коём да,
Айлыбызга эстен кеткис той кылам! —

Деп сүйлөсө, жан эргитчүү кептери.
Бирок кургур максатына жетпеди.
Өмүр деген, айтканыңа баш ийбей,
Болот тура чектелүү.

Мен төрөөрге жакын калган кездери,
Соп-соо туруп оорубастан эч жери,
Көз алдымда, бир теңселе жыгылып,
Чалкасынан кеткени.

Кеп күн болгон, кан басымы ашынып,
Жатып калса үйге врач чакырып,
Жан кыйналган учурларда дары ичип,
Анан кетчүү жазылып.

Кез-кездерде алка-шалка тер кетип,
«Чыкый ооруп, кетет — дечү — жер
кечүп»...



Эми ойлоп калганда мурт кетип
Кала бердим кез жашымды келдетуп...

Төрөлгөнүм күн калганда санаалуу,
Күнүт тартып башка чыкпай карамы,
Анан мен да ата жалдап тырмалдым —
Каз жарганда балаңы.

Бала түшсө, тоңу түшпөй баланын,
Дем кыстырып, кетип бардык амалым,
Бир бөлөмүн кулап бара жатканды —
Көрүмбөй түш тарабым.

Кап-карангы түнгө айланып жан-жагым,
Билбей калдым, билбейм андан ар
Жагы.....
Эс жыйганда үгүп чексиз сүйүндүм —
Балам тирүү калганын!..

Антсем балам, эмчекти жон эмбеген,
Былаак болду түн тынымды бербеген.
Так атканча кирпик какпай, бешигин —
Термегенмм-термеген.

Кээде, күндүз уктай калган убакта,
Мен жанында үргүлөймүн бир азга.
Анан кайра жаагын жанып ыйласа,
Мүмкүн эмес чыдашка!

Бала дедим, бала көрбөй зарладым,
Жаратканга эми болбос арманым!
Не болсо да тирүү болсо деп тилейм,
Элес албан жанга бүлүк салганын.

Билсем дагы алды кургак экенин,
Мезгилдетип бешигинен чечемин.
Өбөм, жыттайм, жалбарганым жалгыз
сез:
«Карааныңдан мен садага кетөмнн!»

Кайра бөлөп, кайра термейм жалына,
Ыраазымын муну берген багыма!
Эмчегимди эмизгендө, аз калам,
Коргошундай эрин жаздап табына.

Бала тилеп, төрөй элек кезде мен,
Мындай чексиз ырахатты сезбегем.
Ичтен аяйм төрөбөген аялды,
Азыркыдай ырахатка жетпеген.

Ах, езгече алкымынын жытын айт!
Ал сүйкүм жыт, жанда, сейрек учурайт.
Ал сүйкүм жыт, моокумуңду кандырат.
Анан кантип эт жүрегүң ысыбайт?!

Кандай сүйкүм алгач кезүн ачканы?
Кандай сүйкүм тырбалаңдап жатканы?
Кандай сүйкүм, наристенин, эң алгач,
Кас-кас туруп, кадам шилтеп басканы?

Күлкүсүн айт — кудум жандын ак таңы,
Кымылы гүл — бүрдөп турган шактагы,
Бүт умтулат уйку көрбөс түндөрүн,
Анын ыйлаак чактары...

Балдыр тили жанга кандай шагымдуу,
Балга айлантып ннөт деңде каныкды.
Баары ошондой болот экен деп жүрсөм,
Үч жашында капыс дартка к.б.лды.

Бала ооруду, бала суукка чалынды.
Өлкөсүнөн, кабыргадан кагынды.
Оо, ошондо жаратканга жалынып,
Мен оозума тиштеп жүрдүм жанымды.

«Оорукана, наристеге, жаштарга,
Орун жок дейт энелери баткан а»
Бир кубандым арачтарга жалынып —
Өзүм кошо жатканга».

Кубансам да өзүм кошо жатканга,
Жаным сыздай иине сайган чакта да.
Төбөм көккө жеткендигин жашырбайм,
Төртүнчү күн балам көзүн ачканда.

Ачты көзүн, тамак ичип жарытпай,
Эрди кургап сыйрылуучу кабыктай,
Алдан тайып солуп жатты канча күн,
Жээкке чыккан балыктай...

Чөксиз тийди врачтардын жардамы.
«Бактым — дедим — балам тирүү
калганы».
Анткен менен жнгит болгон чакта да,
Ал оорунун катуу тийди залдары.

Көзүн карап жандан карыш жылдырбай,
Басса турса «тамак ич — дайм —
ырбыйбай».
Бар тапканым ага сунуп турсам да,
Арык жигит болуп өстү шыргыйдай.

Ондү бүтүп окууга өткөн чагында,
Дале болсо ага көрүп камылга,
Үйдү сатып, көчүп барып калаага,
Патир жалдап кошо жүрдүм жанында.

Үйдү сатып, малдын сатып бардыгын,
Жыл айланбай күнүн көрдүк жардынын.
Отун саттык, көмүр саттык, нан саттык,
Жүдөйт экен көнбөй жүргөн жан мурун.

Оюбузга келүүчү эмес оболу,
Жада калса сүүнүн сатык болоору.
Патир эзси даараткана толот деп,
Кулпу салды баштап жаман жорону.

Адам экен өлсөң алың сурашкыс.
Анда бирөө, бизде дагы бнр ачкыч.

Жаңы келип жан көрбөгөн кордукка,
Чыдаппыс да, чыдаппыс!

Киши кирсе, тапкыла деп башка жай,
Адаты бар дароо чырды баштамай.
Айла канча анын көнүп ыркына,
Айлыбыздан эч ким калды каттабай.

Өз үйүмөн, өлөң төшөк-жайыман,
Бүт айрылдым, жалгыз бала айынан,
Ушул тура, көзүн карап башканын,
Баштан бакыт тайыган.

Үч жыл өтпөй тиричилик кысылып,
Тыйын жетпөй, кийген көйнөк тытылып...
Арга кетип, бир өлбөгөн жумуш таап,
Калдым көчө шыпырып.

Эрте туруп үрүл-бүрүл ак таңда,
Көчө бойлоп чаң шыпырып жатканда,
Жандап өтүп жалт караса бир адам,
Тете болчу баштан ары чапканга.

Чоочун элдер мени кайдан таанысын,
Бар тилегим, көрбесө дейм таанышым.
Айыл жакка айтып бүткүс кеп болот,
Менин минтип калышым.

Эмне дейт деп угуп калган абысын,
Ардандырып жүрдү далай намысым...
Акырында; «кандай намыс?» — деп
чечтим —
Балам үчүн жасап жатсам баарысын.

Жалгыз бала, жапа чеккен дартынан,
Элди таштап, ээрчип жүрөм артынан.
«Башкалардан менин жаным артыкпы,
Эмнесинен тартынам?» —

Деген ойду туура көрүп жүрөгүм,
Кайрат берип өзүмдү-өзүм бүлөдүм.
Анан барып арданганды унуттум,
Патиринде жүргөнүмө бирөөнүн.

Турмуш деген жүгөн салса башыңа,
Кыйын тура андан чыга качууга.
Жерип жүрүп араң көндү кулагым,
«Уборщица» атыма.

Келатканда баарысына баш чыдап,
Уулум бүтүп институтун жакшылап,
Андан ары дагы окууну улантып,
Болуп калды аспирант.

Жылдар менен окшош суунун акканы,
Өтөт экен ылдам дагы, бат дагы.
Уулум болсо, кандидаттык дегенин,
Үч жыл өтпөй убагында жактады.

Жакшы жактап бардыгына макталып,
Иштеп жүрдү бир кызматты аткарып,
Айлык алып акча деген бапырап,
Биз кенеле баштадык.

«Тек кетпептир аракетим — өмүрүм», —
Деп өзүмчө тынып келет кеңүлүм.
Төлөгөн соң бизге калат көп акча,
Үй акысын, электрин, көмүрүн.

Мурдагыдан турмуш бир аз кеңелсе,
Курган жаным, кубаныпмын мен эрте.
Бири толсо, эңшерилип бир жагы,
Толбойт тура кенемте.

Тилеп жүрсөм жолукса деп жакшыга,
Байкуш балам, бир келинчек тапты да,
Аз күн өтпөй экөөбүздү бип-бирдей
Кармады бөйм капшыра!

«А деп келип, тарсылдаган не? — десем,»
Ал оңбогур эрден чыккан неме экен.
Карап туруп адам дешке тил барбайт,
Кандидаттык билими бар дебесең.

Толгон кыздан дал ушуну тандаган,
Мен уулумдун тагдырына таңгалам.
Байкап көрсөм бир мусапыр сыяктуу —
Өөдө карай албаган.

«А деп айтса, ага маакул кургуруң,
Бу деп айтса, буга маакул кургуруң».
Торпок сындуу жетеледи заматта,
Таноосунан тешпөй туруп мурдунүн.

Дааратсана дайым жатса кулпулуу,
Ал көлди да, жулуп салды кулпуну.
Ошол күнү бир чарпышып алган соң,
Үй ээсинде болбой калды унчугуу.

Улуулардан эч тайманбайт жаш сындуу,
Бөттешкөнде дароо жаагын жап кылды.
«Сен» дегиче сексөн сөздү жаадырып,
Сөлгө айлантып кетет экен ташкындуу.

Көрүп туруп ал чатакты ырбаган,
«Кой-ай!» — дешке батынбады бир да
жан.
Ай ошондо, сынды белем үй ээси,
Такыр шагы сынбаган.

Албуут көлин алган экен өчүгүп,
Аз күн өтпөй жаккан отту өчүрүп,
Көп кабатта турган үйү бар экен
Ошол үйгө бизди кетти көчүрүп.

Мындай кордук көрөөрмүнбү карганда,
Күнкор болдук ага көчүп барганда,
Ай, өзгөчө, күйүп жүрдүм өз балам,
Биротоло көзүн карап калганга.

Курган балам мынча мокок болоорбу,
Сурай албайт, сурай турган соболду.
Кайда калды эркек деген атагы,
Алган билим не болду?

«Аял алсаң башкармагың өзүңөн» —
Деп, башынан айтпаганга өкүнөм,
Мен сүйлөсөм, кагып-силкип ал келин —
Жаалын чачып көзүнөн.

Балам шордуу «кой» дөй албай калганга,
Күйүп жүрдүм, түтөп жүрдүм арманда.
Кирлерди жууп, мындай тамак жаса дөп,
Жумшап салат андан да.

Болбой калды, болбой калды кармашыш,
Анын кирин кошо жууймун аргасыз.
Кеч киргиче колум туткуч болсо да,
Адамсынтат пайдасыз.

Көкейүмө бата берип жоругу,
Күйүтүмдөн болуп калдым оорулуу.
Кекээр сүйлөп, суроо салат уулума;
«Дени-карды сообу, бу?»

Уулум үнсүз... Эмне деймин андайда,
Таймашууга, кармашууга ал кайда?
Кетөрбөске чара болбойт турбайбы,
Жазып койсо маңдайга.

Тагдыр дейбиз, тагдыр экен ушундай,
Кечкөн күндөн калгам көчө шыпырбай.
Мен, келинге, алсыз жанмын оорукчал,
Пайдасы жок кыпындай.

Ал эз болуп үйдөгүнүн баарына,
Көрбей калды, бизди киши санына.
Курган уулум бүт айлыгын апкелип,
Чака тыйын салбай калды жанына.

Буйрук берип, баарын өзү башкарып,
Айтчуу болду: «Болдуңго — дөп —
ашка жүк!»
Ал жок кезде ыза болуп солуктайм —
Көздөрүмөн жаш тамып.

Балам болсо жоругуна келиндин,
Бир «быш» этпейт — мүнөзү бар
төмирдин.
Ар сезүнө төбе чачым тик туруп,
Мен аябай жеңилдим.

Бүткөн үчүн анын заар тили өтүп,
Түсүн керсем бүткөн боюм «дүрр» этип,
Калч-калч этип, калчылдагым баса албай,
Өзүм менен өзүм калдым күрөшүп.

Оо жараткан, кордук тарттым мен неге?,
Неден жаздым? Кылган күнөөм эмне эле?

Мин жазала, бирок сенден сурaарым,
Мындай келин бере көрбе пенденге!

Мен, уулума: «Тапкын — дедим —
башыңды.»
Нечен айттым, бирок кулак какпады.
«Пам» — деп коибос мүнөзүне таңгалам —
Анын ушул чактагы.

Келин ана, жанга сөзү жакпаган.
Уулум мына такыр кулак какпаган.
Жек көрүнүп, ортосунда экөөнүн —
Эми кантип от жагам.

Аз жыл өтпөй аппак болуп чачтарым,
Баш калтылдап алдан тайый баштадым.
Мен жакында угуп калдым, экөө тең —
Докторлукка эмгек жазып жатканын.

Бир жакшылык сөз угулса үйүндөн,
Жакшылыкка эне болбос күйүнгөн.
Угаар менен чоң илимпоз болор деп,
Экөөнө тең сүйүнгөм.

«Балким уулум илим менен алышып,
Келин чарчап ошон үчүн кагышып,
Жүргөн чыгаар» — деп, мурунку
ойлорду —
Тазаладым арытып.

«Көптү көргөм... Көп билбепмин дагы
да»..
Кейип койдум түшүнбөстүк жагыма.
Бирок, менин көрөөр күнүм башка экен
Жазып койгон багыма.

«Алым жетпейт бул кемпирди бакканга,
Жолтоо болот доктурлугум жазганга,
Кир-когун жууп, ким асырап, ким карайт,
Биз кеткенде алысыраак жактарга?

Жарабаса өзү дурус басканга,
Жарабаса өзү казан асканга,
Жеткирип сал!» — деген анын бир сөзү,
Тете болду баштан ары чапканга.

Буйрук алды... Үндөгөн жок ойронум,
«Мен, айылга жеткирээр» — деп
ойлодум.
Кайдан билдим, карылардын үйүнө,
Кагаздарым бүт тапшырып койгонун.

Күн өткөн жок, уулум мени: «жүр!» —
деди,
Кул кейптөнөт куурагырдын жүргөнү.
Карылардын үйүн мактап сөз айтат,
Кулагыма кирбөди.

Ошол бойдон сөзгө кулак какпадым.
Жол катары «лам» деп оозум ачпадым.

лып, кучактап өөп жатканын, артындагы алакандай темир тор каптал-
ган айнегинен кокусунан кантип көрүп калганын, кыз түтпөй кармай
калганда, машина дагы ойкуштай, кайкыштай баштап, оцкочук-тоңко-
чук атып кете жаздап барып, жигит кызды жыттап, машина жарды жыт-
тап дагы токтоп калгандыгын эстеп, бирок атасынын ошондо эмне кыл-
ганын эстей албай, же минтип сурай албай, «кубанды бекен? Кубанды
бекен? Менден кубанды бекен?» деп көкүрөгү какшып үн чыкпай, көзү
какшып ый чыкпай, жүрөгү какшып унчукпай отурган Арыковдун көкү-
рөгү жибий түшүп, көзү ийий түшүп, көл-шал түшүп, ата-
сын жоктоп, Өмүрдү жоктоп, Өлүмдү поктоп, Сүйүүнү жоктоп, ушул
жолдо, ушул белде, мындан жүз жыл мурун ала тоодой ат минип, ак
элечек кийип, аткан октой келаткан Чоң энесин жоктоп, ушул жолдо,
ушул белде, күн кетип, түн кирип, куштай учуп, асмандагы жылдыздар-
дын көз ымдашкандарын жердеги машиналардын көз ымдашкандарын
карап кубанычы коинуна батпай, Улуу тойго, Улуу маирамга келишкен-
ден бака-шака түшүп, көз ымдашып, каш серпишкен жылдыздардын
ичинде Сүйүү кушундан ойкуштаган, кайкыштаган машинанын шаты-
сын бекем кармап, кубанычы койнуна батпай, биринчи жолу шаарга ба-
раткан, сууга салса чөкпөгөн, отко салса күйбөгөн, мүрөктүн суусун ич-
кен, өлбөс, житпес, он жашар Арыковду эстеп, жоктоп, ошол жолдо,
ошол белде күн үшүп түн түшүп, эми минтип экөө үйгө кайтып келатыш-
канын жоктоп, «б о б о й т!» деген сөздү жоктоп, эмнегедир, үч сөздөн
турган түшүн эстеп, жоктоп өксүп-өксүп ыйлап жиберген)...

**1969-жыл**

Жолон Мамытов

# Жүсүп Мамай—кытай кыргыздарынын атактуу манасчысы*

Кылымдар кыйрын басып өткөн ар бир элдин аздектеген көөнөргүс мурастары салт-санаасы, үрп-адаттары, өнөр-бүкүмдары, ырлары, күүлөрү болот эмеспи. Ошол сыңары улуу «Манас» баш болгон кыргыз эпостору жүртчулугу мезгилдер түпкүрүнөн келаткан сапарындагы улам эмки муунга бағышталган мурасы го. Көөнөдөн (байыртан) калк канына сиңген, анын тили менен дилинин ... калган аздек нерсенин баарысы, ошол этникалык биримдикти түзүп турган ... байлыгы. Ал эми элдик мурастарды сактоочулар, сактап гана тим болбостон, ... жашаган доордун чыгына чылап, кубаттантып, кийинкиге берип жүрүп ... өнөркеш ынсандардын тизмеги бүгүн бизге бейдарек...

Бейдаректик, сени менен күрөшөм
Өмүрүмдү үлөштүрүп жылдарга.
Жүрөгүмө толкуп кирип бир өзөн,
Жүрөгүмдөн мөңкүп чыгат бир дайра.

— ошол толтосуна толкуп кирген эл рухун кайра ысык жүрөгүнөн мөңкүтүп ... ыгарган калк генераторлорунун өстелиги.

Кыргыз журтчулугу бүгүнкү күндө «кыргыз маданиятынын эпицентри» болуп эсептелген Советтик Кыргызстандын чегинен сырткары да бир кыйла жерлерди байырлап калышкан. Алар өзүнчө этникалык топ болуп, Тажикстандын Памиринде, Өзбекстандын Анжыян, Жызаак областтарында, Казакстандын чектеш райондорунда, Кытайда, Афганистанда, Монголияда жашашат. Кыргыздардын майда топтору Индияда, Пакистанда, Турцияда, ал эмес Австралия материгинде жашашканын кулагым чалган. Насип буйруп, мындан бир жарым жылдай мурда Кытай жергесине кыргыздар жашаган аймакка жолум түштү.

Жолго чыгаар алдында жолдоштордун, таанып ыш адабиятчылардын мага берген тапшырма-буйругу, өтүнүчү бул болду: «Манасчы Жүсүп Мамайга жолук, сөзсүз таап кездеш, бизден салам айт, ал кишинин айтымындагы «Манастан» көтөрө кел». Муну бирөө, экөө айткан жок, муну мага көп адам айтты. Көп адамдын кызыкчылыктары бир чекитке чогулду.

Чек арадан өтүп, кытайлык достордун мээримдүү ыкласына туш келгенден баштап мен өз өтүнүчүмдү айттым: «Мени Кытай жазуучулар союзунун мүчөсү, манасчы Жүсүп Мамайга жолугуштурушуңуздар, ал киши менен сүйлөшөр сөзүм, айта турган дубайым бар». «Аракет кылабыз, жолуктурабыз» деген жооп алдым. Ээлеген аянты ... Кытай Эл Республикасынын эң ири провинцияларынын бири болгон Синцзянь-

* Маркум **Жолон МАМЫТОВ** редакциянын өтүнүчүнө адаттагыдай эле илбериңкиреп менен макул болуп, саналуу күндердүн аралыгында ушул макаласын жазып, ... редакцияга өз колу менен тапшырган эле.

Үйгүр автоном районунун борбору Үрүмчү шаарында өткөргөн үч күндө айтылуу на насчыны көрө албадым. Ичимден ойго баттым, ушинтип эле эл-журт тарпи кылган адамга кезикпей кете беремибн деп. Өзүмдүн бул күдүктөнүүмдү совет элдерни адабиятын изилдөөчү, филология илимдеринин кандидаты, педагог Чэн-Сюесинге ай тым. Ал күлдү. «Атайылап жолуктурбай жаткансып ойлоп калбаныз, Жүзуп аксака азыр Үрүмчүдө жок экен, айылга кетип калыптыр. Көксеген адамыныз менен кездеш тирүү биздин моюнда болсун» Ошондон сон тынчыраак болуп калдым, жаны жер, жа ны элде улам саякатта жарала берчү тааснрлерге баш отум менен кнрип кеттим.

Эки күн Кашкарда болуп, Чыгыштын улуу ойчулу Кашкарлык Махмуддун каб рыстанына таазим кылып, таң заардан Кызылсуу Кыргыз автоном областынын борбору Артушту көздөй жол тарттык. Мизилдеген асфальт менен кырк беш чакырымдай ар лыкты тез эле өтүп, ойдунчадан орун алган бак-даректуу шаарчага кнрип келднк. Бул жерде бизди областтын жетекчилери, коомчулуктун өкүлдөрү, гүл кармаган окуучулар тобу күтүп турушкан экен. Дароо эле ак калпакты канкалата кийген бир боор элге аралашып кеттик. Мен өзүмдүн издеген адамым менен ушул жерден, Артуштан жолу гуштум. Жүсүп аксакал кайраттуу бакубат колдору менен колумду көпкө кыса силкип

— Биздин журтта мейман болуп турганына өтө кубанычтуумун,— деди. Мен кезегинде ал кншини көрсөм деп ак эткенден так эткенимди кыскача баяндоого үлгүр дүм. Ал кишн Үрүмчүдөн Ак-Чийге тууганчылап келиптир, ал эми Ак-Чий менен Ар түштүн ортосу көрсө машинада 8 сааттык жол экен. Жүсүп аксакалды түнү менен ма шина жиберишип, Артушка алдырышыптыр. Кытайлык достордун түйшүккө салганым ды мен ошондо сезип отурбаймынбы.

Жүсүп Мамай орто бой, чымыр дене, мандайы жарык, багжагай буурул сакал адам экен. Адегенде эле ал бир боордош элдин эсендигин сурады, адабият аксакалда рынын бир тобунун ысымдарын оозго алып, азыркы кыргыз адабиятынан кыйла кабар дар экенин туюнтту. Жүсүп аксакал менен убакыттын тартыштыгынан улам ынгайы кеде калганда баарлаша калып жаттым. Ошол Артуштагы жолугушууда Жүсүп Ма майдын өз оозунан угуп, блокнотума жазып алгандарым булар:

— Мен, Мамай уулу Жүсүп, 1918-жылдын 4-айында Ак-Чий ооданындагы Мер кеч айлында дүйнөгө келиптнрмин. Атам Мамай 72 жазды көрүп, мен он алты жашка чыкканда жантаслим болду. Жети жашымда кат үйрөнүп, ошондон атамдын көзү өт көнчө төшөккө жатып уктабаган, китеп десе эт-бетимен кеткен бала болдум. Ошондо кыргыз-казактын кырктан ашык дастандарын окудум, уктум. Мен анан да агам Балбай жөнүндө айта кетейнн, ал төңкөрүшкө чейин эле, 46 жашында Кашкарга айдалып, түр мөдө жок болду. Балбай билимдүү адам эле, эл нчинен көп нерселерди жыйнаган, эчен манасчыларды айттырып жазып алган. Чойбек, Ырысменди, Шапак, Найманбай, Ба лык, Тыныбек, Сагымбай, Жусупакундардын айтымдарын билген, айрымдарын катка түшүргөн. Ак-Чийлик Апайдан, ушул эле биздеги жоош уругунан чыккан Ыбырайым манасчыдан Балбай Манас, Семетей, Сейтекти топтогон. Анан да ошол эле Ыбырайым дан ал жетн жылда Кененим, Сейти, Сейтиден Асылбача, Бекбача, Бекбачадан Сомби лек, Сомбилектен Чигитай сыяктуу Манастын тукумунун 8 муунун жазып алууга үл гүргөн эле. Балбайдын жазгандарын Үсөнакун деген киши Ысакбек суратып жатат деп алып кетип, ал кол жазмалар ошол бойдон түп дареги менен жок болгон. Мен кийин өзүм «Төштүк», «Мамаке Шопок», «Көбөөн», «Толтойду» басмадан чыгардым. Алибетте, менин манасчылыгыма бала кезде Балбайдын кол жазмаларын окугандагым да таасирдүү болду. «Манасты» жазып койгонумда «маданий төңкөрүш» деген апаат чыгып, ошондо кол жазмаларым өрттөнүп кетти. Эми кайра эмгек жумшап, жанылап жазып чыктым. Мен «Манасты» айта алам, бирок эл кыдырып айтпайм. Мен жазма манасчымын. (Менин жазуумдун ушул жерине Жүсүп Мамай кийин өзүнүн катында тактык киргизиптир, төмөндөн окуйсуздар).

Жүсүп Мамай сөзүн улап, анан мага буларды айткан:

— Биздин басманын планында баарысы 26 китеп чыгууга тийиш. Анын алты кнтебнн «Манас», үч кнтебнн «Семетей» ээлейт. Калгандары Манастын кийинки урпак тары жөнүндө. Азыр катарлаш «Манас» эпосунун биринчи китебн, «Семетейдин» би ринчи китеби чыкты. Бардык жазганым 580 мин жол ыр. Сейтиден калып калган жери бар эле, ошону тактап жазып жатам, ошондо көлөм 600 мин жол ырды түзөт. Башка манасчылардын таасирлери бар. Көпчүлүгүн өз карашым боюнча калтырдым. Эми өзүм жөнүндө сурадыныз. Үч балам бар, бири кыз. Үчөөнөн он беш небере көрдүм. Кытай жазуучулар союзуна мүчөмүн. Үрүмчү шаарында жашайм.

Кытайлык кыргыз достор биздин үйүрмөгө (делегация деген сөздү аидагы кыр гыздар ушинтип айтышат экен) арнап берген бир сааттык концертте, коомчулук өкүл дөрү катышкан сый тамак учурунда Жүсүп манасчы менен дагы бир азга ангемелеше калдым.

Улуу Токтогулдун Кытай жергесинде болгондугу жөнүндөгү маалыматты да мен Жүсүп аксакалдын өз оозунан уктум. Бул жөнүндө өткөн жылы «Ленинчил жаш» га зетасында чыккан маекте сөз кылып өткөм. Ошондой эле бүгүнкү турмуш тууралу да учкай кеп уруштук.

— Өкмөтүбүз, партиябыз 1987-жылдан баштап жаңы багыт алды, ошонун жары гы бизге тийип, турмуш абалыбыз тездеп онолду. Чарбабыз, адабият-маданиятыбыз дүркүрөп өнүгүп баратат. Аны «Манас» эпосуна жасалган пешкадам мамиледен эле байкасан болот, уулум.

Мен анын жүрөгү менен сүйлөп турган ыраазы абалына чын пейлимден курсант болдум. Андан соң Артуштук кыргыз агайындар менен топтолуп сүрөткө түштүк.



...елик үчүн сиз менен алейне түшөйүн, Кытайдагы атактуу манасчы ...шул деп эл-журтка көрсөтөйүн.
...тограф биздин чырк дедире тартып алды. Ал сүрөттү мага кийин акын жана ...Момун Турсун кат менен салып жиберди.
...мүчөлөрүн Кашкардын учак жайында Үрүмчүгө учуучу само- ...жатты. Баарыбыз менен бир туугандай мейримдүү коштоштук. Жүсүп акса- ...мүдү бекем кысып Ала-Тоолук кыргыз элине ысык дубайын, ак тилек, каалоо- ...айтты.

...ал сапарда Кытайдагы кыргыз адабияты, маданияты, «Манас» тууралу ...үчүн кыргыз тилин, адабиятын жана тарыхын үйрөнүү боюнча коомдун төра- ...орун бас ры Кылыч, эл чыгармачылыгын изилдөө коомунун төрагасынын ...бя ары жол ош Лиу-Фажүн, казак жазуучусу жолдош Курбаналы Осмон жол- ...натор менен пикирлештим. Тууган жерге бир канчалаган китеп, альбомдорду, «Ма- ...«Семет эпосторунун алгачкы томдуктарын ала келип, кызыккан жолдошторго ...«Ала-Тоо» журналынын иш пландарына байланыштуу жазган катыма жа- ...карыя манасчыдан жооп алдым. Меи ал катты журналдын окурмандарына жа- ...кылсам деген ниетимди автору билет, анда чет элдеи келген ошол саламнамэни ...эле келтирейин.

«Иним Мамытов Жолон, 87. 10-сентабир жазган катыңды тийгизип алдым. Ыраат- ...жазган саламынды окуп, айткан ак тилегиңе ыракмат айтпай туралбайм.
Биз — Үрүмчүдө. Сиздердин «Кыргызстан маданияты» жумалыгы, «Ала-Тоо» жур- ...Советтик Кыргызстан» газетасы сыяктууларга жазылып алганбыз, ар бир са- ...зарыга күтүп окуу менен Сиздердин рухий маданиятыныздардын өрүшүнө серп- ...карайбыз: элп жазуучу, ардагер акын, албан эмгектериниздерден кабардарбыз. ...з адабиятынын эки доору менен («Манас» доору, Ч. Айтматов доору) биз да ...ыймыктанабыз.

Ал эми өзүнө жазган саламымда мындай бир сөздү айта кетким келди: «Манас» ...осу тээ ата-бабадан, анын акыл гөхарынан тама-тама молугуп биздин доорго жет- ...ен мына ушул доорубузга жете келген «Манас» эпосунун бир күйөрманы катары, ...көкүрөгүнө бекем түйүп, мындан кийинки урпактарга кагаз бетине түшүрүп калты- ...га далбас уруп калган кишимин. Дүйнө ойчулу, инибиз Чыңгыз «кыргыз рухунун ...чокусу» деп «Манас» эпосуна жетик баа айткан.

Бизде, мамлекетибиз боюнча, үч гөхардын бири («Манас», «Гисар», «Жаңгыр») ...алып, партия, өкмөтүбүз зор маани менен карап, ыраазы кылаарлык шарт-жагдай ...ратып берүүдө. «Манас» жана «Семетей» 88-жылы беш китеп болуп басмадан чыгат. ...алган бөлүктөрү жыл сайын жарык көрө бермек. Мен билген вариант дээрлик кагаз ...бетине түшүрүлүп болду, өзүм аргыналды кайра-кайра карап жатам.

Ал эми Сиздердин «Кыргызстан маданияты» жумалыгындагы «Манаска» кайра ...сылуучулук үйүтүнө берилген пикирлерге жалпы кыргыз эли үн кошо турганына ише- ...биз. «Манас» дүйнөлүк казынадагы гөөр. Ага эч ким чок таштай албайт. Аны эмки ...деологиялык ченемге салып кароо азыркы рухий маданият менен азыктанган адамдар ...үчүн күлкүлүү болооруна ишенебиз. «Манас» эпосунун баркы-баасы дүйнөдө изилден- ...ген сайын өсө бермек. Кыргыз эли аны тарыхым, тилим, үрп-адатым сакталып жаткан ...казына деп билет, ага тил тийгизе албайт.

Бизде чыккан эки китеп боюнча менин вариантымдан «Ала-Тоо» журналында ...зүндү жарыялай тургандык жөнүндө билдирипсин. Ал тууралу журналдын башкы ре- ...дакторунун маегин да окудук. Мен абдан ыраазымын, ал да болсо улуу «Манастын» ...сыйы. Кыргыз элинин гөөхарын барктай билгендик, эки элдин достугунун бекемделе ...бергендигинин күбөсү катары каралмак. Редакцияныздарга өз атымдан ыракмат айтам.

«Ленинчил жаш» газетасындагы «Сапар саптарын улаган маектн» окудук. Мында ...менин «Манасты» айтуу жөндөмүмү кайра бир айтып кетким келет. Мен өзүм айткан ...вариантты ооз эки жатка айткандан башка, өзүм кагаз бетине түшүрүп, кайра-кайра ...толуктап бере турган жөндөмүм бар. Ошого жалан эле айткыч эмес, жазып да берем ...дегендик.

Иним Жолон, дүйнө ойчулу, инибиз Ч. Айтматовго менден ысык салам айтып, мен ...жиберген «Толтой» вариантымды белек иретинде берип койгун. А. Токомбаев, Т. Сы- ...дыкбеков аксакалдарга салам айтып кой, бнз, аксакалдар Ч. Айтматовго окшош дүи- ...нөгө ата тааныткан атуулдарыбыз менен парктуу-баалуубуз. Ч. Айтматовдун Сагымбай Орозбак уулунун вариантын жарык көргөзүүдөгү эмгегине ыраазы экендикти анта кет- ...ким келди.

Кайрадан кат алышууга насып болсун.

Жүсүп МАМАЙ»

Кытай кыргыздарынын биздин күндөрдөгү атактуу манасчысы Жүсүп Мамай жө- ...нүндө менин окурмандарга айтаар учкан маалыматым ушул. Дос өлкөдө өз журтунун ...асыл рухун көкүрөгүнө сактап, урпактарга тартуулап жаткан урматтуу манасчы бый- ...ыл 70 курагында. Анын вариантында азыр колдогу жана келечек жылдарда жарык ...көрүүчү китептер улутчук эпоско агып кирген кубаттуу дайрадай «Манас» океанын ...толмилдетип турушаарына бек ишенимдебиз.

Жасабай туруп Бөлөкбай
Айткан кеби чын болду.
Көкжал Манас баатырдын,
Кылычы сынга толгону.
Андан кийин дүкөнгө,
Жолобой Манас койгону.
Үңгусу болот, учу курч,
Учуна салды кара курч.
Айтканымдай кылам деп,
Чиркендин тумшугунан курады.
Жаба чочко, мегежин
Сийдигине сугарды.
Тие турган жерине,
Беру тилме чыгарды.
Бүткүл бардык темири,
Ак болоттун кыймасы.
Саптаган жыгач наизега
Кек карагай сындасы.
...абындагы жыгачты,
...н эки түрдүү кырдады.
...түз эки түр менен
...ймо-чийме сырдады.
...дон тамма болот деп,
...го менен чырмады.
...ту үшүп кетет деп
... бакмал менен каптады.
...ыр шердин Сырнайза,
...р заман элине
...лып калар ыр наиза.
...түбүн тенеди.
...ыз кармал эгеди.
...ка тендуруп
...ростен жасады.
...ал жакын түздөду.
...ту жаңы тиштеди.
...уу жаңы издеди.
... ооз Алмазбаш,
...түз алмазбаш.
... движок оту ачкан,
...туман, түбү жоган,
...ы бир темир.
...ерге бир темир
...н жан келте,
...: Аккелте.
...ore жарыкчан
...ык келте.
...са Уркербоо,
...Кайгагар.
...а Оюгар
...кедо от бөлгөн.
...са заңбаган.
...ан сөлө этет.
... башы дүлүгөп,
...як болуп этет.
...ер кезикче
...десе эткелет.
...ер Белекбай
...ата хутунду.
...р, жер көкүр.
...тпейт.
...терин
... берди көөрүкту.
...тпейт.
...ылабай,
...ачып көздү.
...ылабай
...көздү.
...ылабай
...сөлүдү.
...ылап,
... башпаана
...ылабай
...ер үйдө.

Алаканын бек кылды,
Душманды карай кезетти.
Кубандырып баарыны
Келиштирип камчыны.
Табылгыга саптады,
Кызыл жез менен мыктады.
Бүлдүргө такчу жерине,
Чолгуур салып көзөткөн.
Абышканын көк торпок,
Эки этеги тел торпок.
Күдөрү кылган ак кайыш,
Чаян түйүп, терс байлап,
Бүлдүргөсүн тактырды,
Арстан эрге тапшырды.
Акылдашып шей кылды,
Жоо шаймандын тел кылды.
Беришип алтын, ак күмүш
Аянбай кыргыз дем кылды.
Жагырчы, Шыгай элинен
Бир күнү тыңбай бир миң,
Беш миң балбан жыйды.
Кошойдун адам, төөлөрү
Темир ташып, тыл ташып,
Алтынын ташып, мис ташып,
Көмүр ташып, туруп ташып,
Толук бир жыл жыйды.
Бай Бакайдын алтын зоо
Төрт аяктап баскан мал.
Ашып кетти жеби
Эки жүз миң тогузда.
Андан да ашса мейли эле,
Аябай эсеп калыбай.

# Кызыл-суудук кыргыздардын «Манасы»

Кыргыздарды аралап, укмуштуу турмушта өтүп келген «Манас» каармандарын улуу мурасы, улуттук сыймыгы, ... жаңыдан жаралып, өөрчүп кайгы менен кубанычын кереметтей баяндаган поэмалык ... чыгармачылык менен өмүр сүргөн көчмөн элдин турмушу, ээ ара мамилелери, үйбүлө жана тирчилик карым-катыштар, таанып-билгендер, кайын-бечелерине, үйлөнүү, ...рунган курал-жарагынын аталыштары, салт-жоралгылар, кыркаларын ...ытмыр жана элдин мурунку замандагы психологиясы менен тууралуу маалыматтарды ...ыдырылат.

Кыргыз элинин улуттук сыймык-даңкы Манастын эпикалык жомогу болуп кыргыз элинин тарыхый өткөнүнөн ... даанектын бүтүндөй өчпөс изи менен ... эсепсиздин даңы бар жана ырчыга ... бузга тийди. Кытай Эл республикасынын Синьцзян провинциясында жашаган кыргыздар «Манас» эпосу биринчи жолу ... дарда жарык көрдү. Эпос жарык ... гасында жаңы көрүп, Эпос жарык ... чейин эле 1961-жылы кытай ... тарабынан «Манас» эпосун ... тыда «Манас» эпосун жыйноо ... луп, Кызыл-Суу Кыргыз автономиялык ... экспедиция ... мурдагы экспедициянын ... жетишкен ... тин «Манас» ... жетиби ... гыздардан ... дүз эле ... дер эпосчусунан ... өчөрдү.

Жалпысы ... дастанын ... Арстан, Кара-Жол ...

дын плеядасы тараган. Бул манасчылардын арасында өзүнөн мурунку манасчыларды мурасын үгүп, таалимин алып, айтып жүрүшкөн манасчылар менен катар эле, кийин алардын айткан «Манасын» жөн жаттап айткан жаш манасчылардын топтору да пайда болгон. Булардын ичинен «Манас» училигин толугу менен айткан жана көркөмдүк жагынан жогору бааланган Ак-Чий аймагынын Меркеч айылында жашоочу Жусуп Мамай болуп саналат. Анын айтуусунда «Манас» эпосунун сегиз муунуна чейин жазылган. Жусуп Мамай 8 жашында диний мектепке кирип, кат сабатсыздыгы жоголат. Атасы Балбай манасчынын «Манасын» сегиз жыл бою окуп жүрүп жат алат да, эл арасына айта баштайт. Кийин, 1937-жылы атасы Балбай ак жериңен кармалып, түрмөдөн чыкпай калат. Ошол кармалганда анын көптеген кол жазмалары кошо кетип, жоголот. Ал эми азыркы Жусуп Мамайдын айтып, жазып берип жаткан «Манас» эпосунун материалы ошондогу атасынын ата мурас кылып калтырып кеткен чыгармачылык үлүшү.

Жусуп Мамайдын вариантында бизде айтылып жүргөн «Манас» эпосунун салттык туруктуу өзөк окуялары толугу менен сакталган. Колубуздагы китепте деле Манастын ата-бабасынын таралыш тарыхы, баатыр баланын дүйнөгө келиши, ат коюлушу, алгачкы эрдиктери жана хан көтөрүлүшү менен аяктайт. Ж. Мамайдын айтуусундагы «Манас» эпосунун окуялары негизги варианттардан деп эсептелген С. Орозбаков, С. Караласев, Ш. Рысмендеев ж. б. «Манасын» сапма-сап кайталап, алардан эч кандай айырмачылыгы жок дегендикке жатпайт. Анткени, манасчынын таалим алуу мектеби менен чыгармачылык дараметине байланыштуу эпоско болгон ар биринин өз ара көз карашы болот да, өз тарабынан эпостун мазмунуна зыян келтирбегендей, салттык өзөк окуялар бузулбагандай алымча-кошумчаларын киргизип, чыгармачылык менен мамиле жасап, андан ары өөрчүтөт.

Кайсы гана вариант болбосун «Манас» эпосунун сюжеттик өзөгү Манас баатырдын төрөлүшүнөн эмес, ата-бабасынын тароо санжырасынан башталат. Эгерде бир манасчында ата бабанын тароо тарыхы өзүнчө эпикалык баяндоого алынып, эпизоддук терең окуяга айланса (С. Каралаевде), экинчи бирөөдө кыска гана кара сөз түрүндө кимден-ким тарагандыгы эскерилгендигине карабастан (С. Орозбаковдо), бул эпизод эпостун мазмунуна сиңирилип, башынан аягына чейин ар бир окуяда эскерилип тургандыгын байкайбыз. Ал эми Жусуп Мамайдын вариантында эпосто кездешүүчү эпикалык салт толугу менен сакталат да айрым гана өзгөчөлүктөр менен айырмаланып турат. Туруктуу айтылган адам аттарынан Бөйөн хан, Чаян хан, Кара хан жана Ороздуу сактаган. Мында Ороздуу Жакыптын атасы Ногой хандын милдетин аткарып, Жакып анын биласы болуп эскерилет. Мындай мотивдештирүү, колдо турган варианттардын бирөөндө да эскерилбейт. Ошондой эле кыргыздардын Адооке тарабынан чабылышы жана айдалышы бардык манасчыларда бирдей даражада айтылат. Жусуп Мамайдын вариантында Ороздунун он уулу калмак байларына таркатылып берилет да ар бири ошол байдын ысымдары менен аталып, ошолорго таандык эл болушат. Мисалы, Жакыпты Ногойго, Акбалтаны Нойгутка, Жамгырчыны Эштек аттуу калмакка кармап бергендиктен, алар ошолордун ысымы менен ногой эли, нойгут эли аталып калышкан. Биздеги варианттарда Жакыптын атасы Ногой, Акбалтанын атасы Нойгут болуп берилет. Дагы бир эскере турган нерсе — Жамгырчы Жусуп Мамайдын вариантында Ороздунун он баласынын бири болсо, С. Орозбаковдо Эштек Манастын таятасы катары эскерилип, анын баласы Жамгырчы экендиги ачык көрсөтүлөт. Ушундай ажырымдыктарга карабастан, кайсы гана вариантта болбосун Акбалта, Жамгырчы, Орозду эпостун мазмунунда туруктуу айтылып келген каармандардан. Ошондой эле Манастын жакын туугандары менен жан-жөкөрлөрү катары эскерилет.

Эпикалык чыгармаларда кездешүүчү карыган ата-эненин бала жөнүндөгү ой-тилеги тууралуу мотив «Манас» эпосунда да эпикалын салтынан сыртқары калган эмес. Жакыптын бала үчүн болгон зары психологизмге толгон арман ыры аркылуу баяндалат. Варианттарда эскерилип жаткан Жакыптын арман ыры ар бир манасчынын таалим алуу мектебинин салттык жөрөлгөлүү өзгөчөлүгүнө жараша, мотивдердин үндөшкөндүгүнө карабастан, түшүндүрүү жагдайлары ар башкача. Мындай түшүнүктү С. Орозбаковдун, С. Караласдин, Жусуп Мамайдын ж. б. варианттарынан баамдоого болот.

«Манас» эпосунун салтында кеңири сакталган мотивдердин бири Манас төрөлө электе эле Жакыпка жана эпоско катышкан айрым каармандарга көрүнүшү же добуштун угулушу бул варианттан да орун алган. Анткени, токойдо жалгыз калтырылган Чыйырдыга тамак жеткирген балага Манаска кызмат кылган кырк бала кошулат. Аталып жаткан вариантта Манас жөнүндө Жакыпка бала менен Адылбек курданы тарабынан эскерилсе С. Орозбаковдо болсо Жакыптын атын күүп кеткен Мелдибай кырк балага кошкөсүнү айтат. Демек, окуянын чечилишинде мотивдер үндөшсө да, жүрүп жаткан ситуациялык аракеттер бир вариантты экинчисинен айырмалап турат.

Калмактардан коркпон Жакып Манас жөнүндөгү сөздү токтотуу аракетинде балага ээ болуп байлага таянып, токойго айдап жиберип жок кылат. Акырында баланын эжеси Магдымай Жакып айдыкка алып, Манас жөнүндөгү сөз жаңа балынын чыгы токтолот. Жакыпка тийгенден кийин Магдым эки эркек төрөп, аттары Сыргак менен Серек коюлат. Жалпысынан алганда, окуянын мотивдештирүү бирдиктерин эпикалык чеберчиликтери ар кыл жеңдиги байкалат. Эгерде башка варианттарда түш көрүлөрдөн кийин таяк Чыйырды кош бойлуу болсо, Жусуп Мамайдын вариантында ырым-жырым ишенимге аркылуу түшүндүрүлүп, турмуш чындыгына жакын окуяларга байланыштырылып, башка каармандын эпикалын дүйнөсүнө келишине шарт түзүлөт. Ошондой эле, катышкан каармандардын ар түрдүүлүгү менен бирдейлиги окуянын жүрүшүнө жана чечилишинде ар биринин аткарган милдети эпикалык салтты бузбастан, өз



олтурат. Мында Чыйырды Акбалта тарабынан Жакыпка тар-
Биздеги варианттарда болсо Чыйырды (Шакан) Жакыптын агасынын
Жусуп Мамайдын вариантында кездешкен Магдым жөнүндө
н бирөөнөн да учу
ы албайбыз. Серек менен Сыргак болсо
ынын балдары эмес
с. жакын аталаш туугандары катары баяндалат.
ндеги адаттан тыш процесстин өөрчүтүлүшү төрөлө элек баланы
ар түркүн фантастикалык жагдайлары, баланын укмуштуу төрөлүшү
да, алага ат берилиши ар бир манасчыда бирдей эле даражада
кууланышы жагынан кырдаалга, мезгилдин шартына байла-
ымчылыгы бар.
Чокморовдун варианттарында баяндалгандай, Жусуп Ма-
нда да Манас атасына таарынып, Турпанга барып, дыйканчылык кы-
Жакып Манастын жыйган түшүмүн алып, Чыңгыш ханга тартуулап,
келечекте Манас мине турган тулпарды, Акбалтанын кенеши
урап алат. Эскерилген Аккуланын эгинге сатылып келиш мотиви
таандык көрүнүш эместигин, бул мотив байыркы замандан бери
туруктуу салт катары айтылып келгендигин Жусуп Мамайдын вариан-
бир жолу күбөлөдү. Демек, мунун өзү бир ареалдык манасчыларда кеңири
экендигин далилдеди.
намысын сактап, эл-жердин душмандын колунан ажыратып кала
ардын курал-жарагы жана жигиттери жөнүндө да Акбалта баш болгон
алдынча чогулушуп, аңгеме-дүкөн курушат. Манастын баатырлык ка-
зор ишенимде баа беришкен аксакалдар колдогу болгон каруу-жарак ага төп
жеткен соң, анын өзүнө арнап курал жасоо аракетине өтүшөт. Бул
Кошой, Жамгырчы, Шыгай жана Бөлөкбай уста эки уулу менен
ашыруугa киришет. Манастын курал-жарагы башка варианттарда эпи-
же окуялардын жүрүшүндө аталган куралга карата гана сыпаттама бе-
кандайча жасалгандыгы кыскача баяндалып олтурат. Жусуп Мамайдын ай-
каруу-жарак жасоого атайын көңүл бурулуп, эпостун мазмунуна өзүнчө
ылык киргизген. Окуянын өөрчүтүлүшү негизги салттык туруктуу өзөктөн чык-
, аны андан да кеңейтип өркүндөтүп, бирок башка варианттардын бирөөндө да
ган мотивдердин негизинде трансформацияланган. «Манас» эпосунун башка
тарында курал жасоо ыкмасы бул варианттыдай кеңири формада учурабайт.
варианттa сүрөттөлгөн өндүрүштүк процесстин жүрүшү тарыхый маалымат-
гана учурайт. Демек, эпостук сюжетте ушул тарыхый факты эпикалык негизде
.
Кенди иштетип, андан ар кандай жана ар кыл шаймандарды, үй буюмдарын,
ык куралдарды жана жоо куралдарын жасоо кыргыздар арасында байыркы
эле колдонулуп келгендиги жазма маалыматтардан, тарыхчылардын эмгекте-
кенен маалым. Мына ушул жагдайдан алып караганда Жусуп Мамандын ай-
курал-жаракка карата өзгөчө көңүл бөлүнүп, эпостун сюжетине өзүнчө
катары киргизилиши бекеринен эмес. Окуянын сүрөттөлүшү эпиканын шартына
жана эпикалык зор пафос менен ар бир куралга карата берилген баанын өзү
таандык өзгөчөлүктү терендетип, андан ары өркүндөтүп турат. Башка манас-
эскерилген Бөлөкбайдын чебер усталыгы, анын жасаган куралы, анын өнөрү
катышкан кааpман тарабынан жогору бааланып, таазим этилет. Ал эми бул
антта манасчы тарабынан Бөлөкбайдын чебер уста экендиги жөн гана бааланбас-
андан да ары терендетилип, Манаска таандык деген куралдын ар бирине мүнөз-
берилет, касиети сыпатталат. Бөлөкбайдын сөзү менен айтканда, жасалган ку-
өз мезгилинин эч бир куралы тендеше албай. канчалык доор өтсө да кылымга
ылып калары эскерилет.

Куралды жасооодон мурун Бөлөкбай тарабынан кенди иштетүү жумушу жана
канчалык эмгек менен күч жумшалып, канчаларан каражат кетерн жана аны ким-
р берери белгисиз экендиги ачык айтылат. Эскерилген жумушчу күчү, каражат, унаа,
лоо күчтөрү Бакай, Кошой, Акбалта ж. б. тарабынан өз ыктыярлары менен аткары-
кендер ташылып, аны иштетип алуу жолдорунун процесси толугу менен сүрөт-
үп олтурат. Кен эритилип, болот алынган соң анан барып Манаска деген курал
сала баштайт. Эпикалык пафос менен метафоризацияланган кылычтын курчтугу
коондугу төрт кулач» келген чынарды чапканда май кесендей өтүп кетет. Аны бай-
ган Мажик чынарды шатынан тартып койгондо, кулап түшөт. Ошондой эле кылычты
-бери имергенде, кызыл жалын чачырап турат. Манаска леп арналган калган ку-
лдардын бардыгы тең укмуштуудай касиетке ээ экендиги манасчы тарабынан Бөлөк-
йдын сөзү аркылуу баяндалып олтурат. Бирок ушунчалык тактык менен киргизил-
фактылык материал «Манас» эпосунун мазмунунда байыркы замандан бери ту-
туу айтылып, салт болуп калган кура.-жарakка берилген сыпаттамалар эпикалык
үрөттөөлөр, клишелер эпостун сюжеттик өзөгүнө сиңирилип, салттык нукту сактап,
айкеш келген.

Варианттa айтылган кырк чоро менен аколпок жөнүндөгү баяндама башка ва-
риантгардын эч биринде учурабас өзүнчелүккө ээ. Анткени, аколпок негизги вариант-
рдын бардыгында Кашыкей маналса келгенден кийин даярдалып, анан Манастын
олуна тиет. Олпокту жасоо мотиви баатырга тете келген жана аны иштетүү жолдо-
уш мыкты билген чебер уз жүйөй гана жасай тургандыгы бардык манасчыларда Ка-
жакейге бирдей даражада нагарылып, аның касиеттүү уздугу баса көрсөтүлгөн. Ал эми
Жусуп Мамайда
жолпоктун жасалышы



АФЕВОРК ТЕКЛЕ. «Африка үйү» үчүн тартылган витраж


ISSN 0320-7390
Ava
Too
9-7·88
XP



Ала Тоо

АЙ САЙЫН ЧЫГА ТУРГАН АДАБИЙ-КӨРКӨМ ЖАНА КООМДУК-САЯСИЙ ЖУРНАЛ

КЫРГЫЗСТАН ЖАЗУУЧУЛАР СОЮЗУНУН ОРГАНЫ

МАЗМУНУ


Чыңгыз АЙТМАТОВ. Гундула жана анын бир туугандары . . . . . 3

Сооронбай ЖУСУЕВ. Сонеттер алкагы . . 13

Рамис РЫСКУЛОВ. Жылдыздуу доктрина, эссе . . . . . 24

ЖАШ КАЛЕМ

Ранат АЙТАЛИЕВА. Тынчтыкбек НУРМАНБЕТОВ. Ырлар . . . . . 60

Акжолтой ТЕКИНАЕВ. Эстей жүр, повесть 64

Абдимитал КАМАЛОВ. Айдана, аңгеме . 112

ИЗДЕНҮҮ, ТАБЫЛГА, ЭСКЕРҮҮ

Кыргыздар . . . . . 124

ӨНӨР

Мамен АРСТАНБЕКОВ. Башат көзүн баркталы! . . . . . 130

Бекмурза ЖУМАБАЕВ. Рухий тарбияны күчөтүүдө искусствонун ролу . . . 133

ОЧЕРК, ПУБЛИЦИСТИКА

Мырзаш АШЫРБЕКОВ. Алтын планета, айыл саижырасы . . . . . 137

АДАБИЙ СЫН, АДАБИЯТ ТААНУУ

Мамасалы АПЫШЕВ. Мезгил, адабият жана кайра куруу . . . . . 150

РЕЦЕНЗИЯ

Абдыкерим МУРАТОВ. Ыймаңыбыз таза болсун . . . . . 158

АЗИЛ, МЫСКЫЛ, ТАМАША

Жолочу РЫСБАЕВ. Тамсилдер . . . . 160


№ 7

ИЮЛЬ

1988

1931-жылдан бери чыгат

ГБ Киргизской ССР
1988



★

«АЛА ТОО»
ЕЖЕМЕСЯЧНЫЙ ЛИТЕРАТУРНО-
ХУДОЖЕСТВЕННЫЙ И ОБЩЕСТВЕННО-
ПОЛИТИЧЕСКИЙ ЖУРНАЛ

◆

ОРГАН СОЮЗА ПИСАТЕЛЕЙ КИРГИЗИИ

★

БАШКЫ РЕДАКТОР **Кеңеш ЖУСУПОВ**

РЕДАКЦИЯЛЫК КОЛЛЕГИЯ: **Шабданбай АБДЫРАМАНОВ**, Сагын **АКМАТБЕКОВА**, Мар **БАЙЖИЕВ**, **Камбаралы БОБУЛОВ**, **Өскөн ДАНИ-КЕЕВ**, **Ашым ЖАКЫПБЕКОВ**, **Асан ЖАКШЫЛЫКОВ**, **Төлөгөн КАСЫМБЕ-КОВ**, **Эсентур КЫЛЫЧЕВ** (жооптуу секретарь), **Акбар РЫСКУЛОВ**, **Жа-лил САДЫКОВ**, **Асанбек СТАМОВ**, **Каныбек ЭДИЛБАЕВ** (башкы редак-тордун орун басары), **Сүйүнбай ЭРАЛИЕВ**.

*Техн. редактор Н. Кузниченко.* Корректорлор **З. Мамбетсалиева, Ж. Айткулова.**

«АЛА-ТОО» БАСМАСЫ

**Кол жазмалар рецензияланбайт жана кайтарылып берилбейт.**
**Журналдагы полиграфиялык жактан кеткен өксүктөр боюнча Кыргызстан Компартия-сынын Борбордук Комитетинин басмасынын басмаканасына кайрылыңыздар.**
**Журналга жазылуу жана жеткирүү маселелери менен «Союзпечаттын» жергиликтүү, областтык жана республикалык белумдөрү иш жүргүзөт.**

Редакциянын адреси: 720301. ГСП. Фрунзе ш., Киров көчөсү, 205. Телефондор: Башкы редактор — 22-12-70; Башкы редактордун орун басары — 26-40-16; Жооптуу секретарь — 26-55-12; Бөлүмдөр — 22-38-29, 22-18-94, 26-49-95.

Терүүгө 20. 04. 1988-ж. берилди. Басууга 17. 05. 1988-ж. кол коюлду. Кагазы типограф. № 3, форматы 70×108 1/16. 13,65 шарттуу түстүү боёк. Бардыгы 10 басма табак. 14 шарттуу б. т. 15,8 учет. б. т. Заказ 880. Д—01759.
Тиражы 68000. Баасы 70 т. Инд. 77300.

720301. ГСП. Фрунзе, типография издательства ЦК Компартии Киргизии, ул. Правды, 24.

© Издательство «Ала-Тоо», 1988 г.

Чыңгыз Айтматов

# Гүндүла жана анын бир туугандары

Мына, алдыбызда жери жана калкынын саны жагынан бир кыйла эор аймак — мурдагы Германиянын бир бөлүгү чалкып жатат.

Биз түшкөн самолет Мюнхендин үстүнө көлгөнде ылдыйлай баштады. Аялым экөөбүз эми ФРГ деп аталып калган жерге биринчи ирет кадам койгону келаттык. Бул үч тамгадан турган мамлекеттин Европанын жаңы тарыхы үчүн өзүнчө мааниси бар, анткени согуштан кийинки доор деп аталган мезгилдин көп чоо-жайы ушул жерге келип такалат...

ГКПнын чакыруусу боюнча реалдуу социализм жөнүндөгү алым сабак аңгемелешүүгө катышып, окурмандар менен өткөрүлгөн көптөгөн жолугушууларда чыгып сүйлөп, басма ишмерлери, жазуучулар, журналисттер менен маектөшүү үчүн көлсем да, жол болуп Батыш Германияда, анын шаарлары мөнөн кыштактарында эки жумача жүрүп калдым. «Штерн» өзүнүн бетинде бүгүнкү ФРГ жөнүндө айтып бөрүүмдү сунуш кылганда, ага каршы болгонум жок. Менин жеке оюм баарын камтыган пикир боло койбос, ошондой болсо да ал батыш герман окурманы үчүн тийиштүү кызыгууну жаратат деп ойлойм, анткени «Штерн» буржуазиялык журнал, а мен болсом советтик жазуучумун.[1]

Ушул жерде бир караганда бул маселеге эч бир тийиштиги жоктой, бирок мен үчүн азыр айтаар кебимдин түпкү башаты сыяктанган бала чактагы бир окуяга кайрылгым келет.

Ал кезде мөн, кыясы, бештерде болсом көрөк, демек 30-жылдардын башы экен. Бир жолу жайдын саратан мезгилинде чоң атам Алымкул (ал киши атамдын агасы эле, ошондо ал айыл кеңешинин төрагасы болчу) көчке жуук агала үй жетелеп көлип, боз үйүбуздүн жанындагы ат казыкка байлап койгону эсимде. Үйду ат казыкка байлаш түшке кирбес жорук эле — баарыбыз таң калдык. Көрсө ал «немис сыйыры» экен. Айыл кеңешинин төрагасы Алымкул сонуркай карап тургандарга бул үйду немис кыштагындагы эски таанышынан сатып алганын айтып жатты. Азыр ойлосом, эзелтеден ат тезегин кургатпай көчүп конуп, буга чейин эптеп мал башынын көбөйгөнүнө гана сүйүнгөн көчмөн эл мындай сүрөк малды биринчи ирет көрүп жаткан экен. Бир күндө немец ую берген сүттү көчмөн элдин колундагы он үй зорго берерин

[1] «Гундула жана анын бир туугандары» деген очерк 1987-жылы «Штерн» журналынын № 19-санына кыскартылып жарыяланган (ред. эскертүүсү).



айлы жатып Алыкулдун сөзү баарын таң калтырганы да ошонд
туро.

Буга менин бизде «немис» деп аталган белек эл менен б
кө көлөмүндө биринчи жолугушуум болчу. Көрсө алар кечүп келге
немистер экен, ж. тагыраак айтканда, Октябрь революциясына
эле Россия падышачылыгы белуп берген жерге, биздин Талас ороонун
келип, конушун бекем жайып, жергиликтүү элге жанын үрөгөн мээ
нетken, кунуна дыйкан жана багбан катары таанылып, кадыр-барк алган
немец колонистери экенин кийинчерээк билдим.

Кыргыз тилин үйренүп, эркин сүйлөй алышы таластык не
дин кадыр-баркын ого бетер көтөрдү. Ошол немецтердин урпа
агыр да Талас ороонунда, областта гана эмес, жалпысынан республик
када да алдыңкылардан деп эсептелген Ленинполь районунда турушат.

Мунун баарын, анан алиги агала «немис сыйыр» деген үй олуката
деп аталган жергиликтүү бодо малдын сүтү мол тукумуна иегиз бо
гон остфрид тукуму экенин кийинчерээк билүүгө туура келди.

Ошол кезде бой тартканда айыл чарба институтуна өтөрүмдү, ал
жерде бодо малдын олучата тукумун иликтөө-үйрөнүү негизги сабак
тардын бири болорун, анан тагдырдан буйрук болуп олучата тукумду
боюнча адис катары совхоздо иштээримди кайдан билипмин. Мунун
баары али алдыда эле. А мен, ошондогу ойнок бала, агала үйдүн ар
тыкчылыгы жөнүндө көбүрөшүп жаткандардын жанында айланчыктап
ойноп жүрдүм. А тиги чоң кишилердин алдында чукул арада, айыл ар
басын коллективдештирүүнүн күрдөөлдүү жылдарында колхоз ферма
ларын түзүү жана өнүктүрүү, мээнеткеч немец малчылары Кыргызстанда
түхүмдаштырган сүтү мол олучата тукумун дагы көбөйтүү милдети турду.

Анан калса мектепте бешинчи класста немец тилин окуурумду,
анан фашисттик Германия менен согуш башталарын, ошондо «немец»,
«Германия» деген сөздөр таптакыр башка мүнөзгө ээ болуп, бул согуш
биздин элге эң катаал сыноо болорун кайдан билмекмин.

Ал эми келечекте менин китебим немец тилине которулуп, Чыгыш
жана Батыш Германияда массалык тираж менен кайра-кайра басылып
чыгары, Европадагы эң көп окурмандарым ГДР менен ФРГда экени,
мунун өзү менин жазуучулук таржымал-баянымда, немец маданият иш-
мерлери менен болгон алака-мамилемде өзгөчө мааниге ээ болору,
ошол жайкы кечте боз үйдүн жанында немец үю тууралуу сүйлешүп
жаткандардын биринин да үч уктаса түшүнө кирбөсө керек.

Дал мына ушул жагдай Батыш Германиянын бүгүнкү чындыгына
кандайдыр бир деңгээлде тийиштиги бар жеке таасирлеримди жана ой-
пикирлеримди «Штерндин» окурмандарына тартуулоого аздыр-көптүр
мүмкүнчүлүк берет деп ойлойм.

Биринчи эле күнү кечинде ФРГдагы эң чоң концерттик залдардын
бири — Мюнхендеги немец музейинин конгресс залында немец му-
зыкасы менен хорун угуу бактысына туш болдук. Иоган Себастьян
Бахтын си-минор мессасы аткарылды. Бул өзүнчө бир кайталангыс
накта майрам эле. Концерттик залдарда мурда да болгом деңизчи,
бирок конгресс залына жык-жыйма толгон элди көргөндө өз көзүмө
өзүм ишене албай турдум. А залдын чоңдугун айтпаңыз, бир учунан
бир учу үлбүр көрүнгөн аэровокзалдай, бирок бош калган бир да орун
жок. Эл дегениң кылкылдайт. Эң башкысы, алардын жүздөрүндө-
гү мынчалык муюп кумарланууну, классикалык музыка менен вокал-
дын дүйнөлүк туу чокусу болуп саналган музыка менен үнгө мынчалык
берилип көңүл төшөөнү мурда чанда көргөн элем. Ушул саамда демин
ичине катып олтурган угармандар эмне жөнүндө ойлоп, кандай ой-му-
дөөгө чөмүлгөнүн билгим келди. Мүмкүн алардын ой чабыты тээ алыс-
та оболоп, башка бир мейкинде жүргөн чыгар. Бирок жер шарынын ар
кайсы бурчунда аянттар менен стадиондорго жык-жыйма толуп алып,
рок жана поп-музыканын кулактын кужурун алган электрондук-тажат-
ма чуулдагын угуп жаткан биздин көптөгөн замандаштарыбызга мунун

бир тыйынча кереги жок экенин боолгоп билип турдум. Булар эки башка кумар оту экендигинде талаш жок, бирок ошондой болсо да Мюнхенде баккаганым нукура немец маданиятынын, нукура немец рухунун көрүнүшү го деген ой келди.

Мага эң чабер аткарылган Бахтын массасынан да, угармандардын бүт жан-дилин төшөп, өлдөрү кошо аткарып жаткандай катышта олтурганы өте чоң таасир берди. Мына ушул залда, болгондо да жүз деген адамдардын арасында жападан жалгыз олтургансып ой чабытына жетелегендей жетелене бердим. Ал эми дагы Бетховен, Вагнер, ошондой эле немец музыкасынын көптөгөн залкарлары бар эмеспи! Ошол кеч нарктуу немец маданиятынын каалгасын ачты.

Түндүн бир оокумунда шаардын четиндеги отелди көздөй кетип бараттык, жамгыр конектеп турду, жанаракта ыккан Бахтын музыкасы түнкү токой менен талаалардан чөмүлгөн мейкиндикте дагы эле жаңырып тургансыды. Бахтын музыкасы — бул чабыт жетпес мейкиндиктин жана улуу кумардын музыкасы деп ойлоом.

Бирок чындыкты жалаң гана музыка менен мерчесек, анда ал өте эле опурталдуу поэтикалык идиллия болор эле. Кийинки күнү ошол эле Мюнхендеп биз эзн жерге жайгашкан бир кызыктай курулушту көрдүк, — ичине авиалайнер кенен батчудай болгон бул курулуштун үстүнө эбегейсиз чоң кендир-таар тартылыптыр, ал жактан пивонун заар жыты бир чакырым жерге жетип турду. Көрсө бул жармарке павильону экен, мына ушул жерден көбүрүп-жабырган пивону да, кара таандай каптаган элди да көрө бер. Бизге бул жерде өткөрүлгөн элдик майрам ачкан баратканын айтышты. Ошондой болгон күндө да, пивонун ушинтип үстөкө-бостон ичилип жатышы өөн учурап, итиркей келтирчү көрүнүштөй сезилди. Өзгөчө пивого шнапс дегениң кошулуп, жыбыраган эл, көпчүлүгү эркектер экен, тамылжып алакүү болгон чакта, ага кошул-ташыл мастыкка алдырып, биринин сөзүн бири укпай, клуб ичи кажы-күжүгө толуп чыккан кезде кимиси соо да, кимиси мас экенин иликтөп көр. Алар автомашиналардын, рекламалардын, радиолоштурулган ар кандай чакырык-жарыялардын арасында ошол пиво айлампасынан чыга алышпай бир нече саатгап жүрүштү, — мына ушунун баары кечээ күнү көргөн концерттеги ажайып дүйнөгө эч бир коошпой турду. Ылжып мас болгондор жок болсо да, элдин мынчалык көптүгү мени сөстөндирди. Классикалык музыканы угуу жана пивону шыңгытуу — карымы жок карама-каршы нерселер деңизчи, бирок канттип эле ушулар бир эл, 80-жылдардагы батыш немецтери болсун? — деген ой өзүнөн-өзү уурданып келет экен.

Мындай коллективизм тигилби же булбу, айтор бир формада өзүнүн ишке ашышын талап кылчу бир жамандыктын баштапышы катары кызмат кылбас бекен деген ой келди. Мындай топтолуу немецтерге мүнөздүү белги экени ойго салды: анан калса топтолуунун мына ушул инстинктти Гитлерге касабалуу чоң стадиондорго жык толгон элдерди нацизмдин чырмоогуна ороо үчүн каргашалуу себеп болуп берген жок беле, бул бери болгондо немец улутунун тарыхындагы каргашалуу себептердин бири болду го. Андай стадиондордун бирин мен эки күндөн кийин Нюрнбергдин жака-белинен көрдүм. Аңгыраган плац-стадиондун муздак таш дубалдары баарын унутуп, көк жайсаңга оронгусу келип турду. Нацизмдин заар шамалы азыр да өпкө-жүрөгүмдү тилип өткөндөй болду, агрессиянын парады кабыл алынган жерден эртерээк кетким келди. Эми бул жерге чоң автожарыштарды өткөргөнү жатабыз, деп айтышты мага. Мейли, өткөрсө өткөрүшсүн, эмнеси болсо да бул жерде эми согуш алдындагы бетпак жосун кайталанбаса экен. Ушул аянтта, дал ушул жерде цирктин чок ортосуна чыккансып жагалданган Гитлер он, жүз миңдеген адамдардын бир ооздон сүрөп, этегине жыгылганына маашыркап тургандыр деген ой мени келекедей зэрчип алды. Ал кезде баары өзүнүн нукура жүзүнөн ажырап, көз боочу-саясатчынын кандуу колундагы чалакайым, сокур кучкө айланган болчу. Дүйнөгө, ошондой эле немец элине ушунчалык орду толгус

ИЗДЕНҮҮ,
ТАБЫЛГА,
ЭСКЕРҮҮ

# Кыргыздар

Кыргыздар — Борбордук Азиянын эң байыркы элдеринин бири. Алар биздин көзмөн урууларынын биринчи бирикмесинин — кыргыз [illegible] түзүшөн.

Бул ат биринчи ирет гүнндар каратып алган уруулардын катарында Гэрэ[illegible] Енисей-Тувадагы падышачылыгы делинип биздин заманга чейинки 201-жылдын [illegible] жолдорунда учурайт[1]. Гяньгундар сыйкы ал кезде Саян кыркасынын [illegible] тундук-батыш Монголия аймагында ушул кезге чейин Кыргыз-Нур [illegible] аталып жүргөн көлгө жакын жашап турушса керек.

Биздин заманга чейинки I кылымдын башталышында гүнндар Хакасиянын ойдуңун басып алган кезде бул жерде тагар маданнятынын эстеликтерин — [illegible] менен уруусу жашаган деп болжолдошот. Гүнндардын 150 жылга созулган [illegible] гүнүнүн түшүнда Хакас-Минусин ойдуңунда гяньгунь уруусу пайда болот; ал бул [illegible] ка гүнндардын кысымы астында жер которуп келген же болбосо күчкө [illegible] чүрүлген болуш керек. Ошол мезгилден тарта Гянь (б. а. Кем-Енисей) дарыясы [illegible] өткөн Хакас-Минусин ойдуңу гяньгунь (кыргыздар) уруусу байырлаган аймак [illegible] ортолугу болуп калган. Бул жерде динлиндер менен гянь-гүнндардын өрүк-үрүк [illegible] лашып, натыйжада калктын жаңы түрү келип чыккан. Чачы сары, көзү көгүш [illegible] тиндер монголтейиндеги түрк тилдүү гяньгундарга кошулуп кеткен.[2]

Аргындашкан элдин түспөл-тейин таштык маданнятынын түшүндагы көрүстө [illegible] кептеримин таасын көрүнөт. Бирок андан кийинки кылымдарда да кыргыз [illegible] бирге Хакас-Минусин ойдунунда, ага чектеш тоолордо угор жана самодий тил [illegible] ал эми түндук-батышта Енисейдин төмөнкү, Ангаранын жогорку алабында кет [illegible] де сүйлөгөн башка уруулар жашашкан.[3]

Балким, палеоазиялыктар — кеттер жарым легендарлуу ошол динлиндердин [illegible] кумү болгон чыгар.[4]

Андан кыйла кийин да кыргыздардын ошол эзелки динлиндерден келип чык[illegible] издери табылган. Тан династиясынын жылнамаларында кыргыз мамлекети Хагас [illegible] аталган. Жылнаманын түшүндүрмөсү боюнча, бул термин кыргыздардын атын [illegible] лар бурмалап айтышкандан улам келип чыккан, кыргыздарды алар өз-түсүнө [illegible] ушинтип аташкан, анткени кыргыздар сары чачтуу, кызыл жүздүү жана абий [illegible] келишкен.[5]

---

1. В. В. Бартольд. 1) Киргизы. Исторический очерк. Фрунзе, 1943, стр. 16. 2) Сочинения, т. II, ч. I, М., 1963, стр. 475—478; ср.: Н. Н. Козьмин. Хакасы кутск, 1925.

Макала «Истор[illegible] Сибири с древнейших времен до наших дней» (Л., 19[illegible] деген китептен алынды.

2. Л. А. Евтюхова. Южная Сибирь в древности. «По следам древних [illegible] тур», М., 1954, стр. 199.

3. Л. Р. Кызласов. К вопросу об этногенезе хакасов. «Ученые записки [illegible] касского института языка, литературы и истории» т. VII, Абакан, 1959, стр. 70—[illegible]

4. В. В. Бартольд. Сочинения, т. II, ч. I, стр. 476.

5. Н. В. Кюнер. Китайские известия о народах Южной Сибири. Центральной Азии и Дальнего Востока, стр. 557.



Жылнамада айтылгандай, алардын ата-бабалары «кыргут» же «кыркыс» деп аталышкан, мунун түп маанисин которгондо «кыялдар», «кызыл жүздүүлөр» дегенди билдирет. Ал эми алардын жердеген аймагы Кыргун (Цзянь-гунь) делинген.[6]

Андан кийинки династиялык санжыраларда «хагас» сөзү жоголуп, ал «килигис» деген термин менен алмаштырылган, бул болсо кыргыздардын атын алда канча так даректеп турат. Акырында кыргыздарды өз аты менен атап, алардын тек-жайынан маалымат берген даректер чыгыш түрк каганатынын түшүндагы (VIII к.) орхон жазуу эстеликтеринде айтылат.[7]

Малчылык жана дыйканчылык. Енисейдеги кыргыздардын чарбалык ишинин негизин түзгөн.[8] Мал чарбасы көчмөн мүнөздө болгон деп божомолдоого болот. Кыргыздар жылкы, төө, уй жана кой багышкан. Саралин районундагы Подкамень улусуна жакын асканын бетине чегилип тартылган уйдун сүрөтү бар. Анда жаа асынган саадакчан чабандестер эки уйду кубалап айдап баратышат, баскынчылардын бири малчыга качырып тийип кол салууда, бериде аны токулгалуу аты турат. Сулектеги ташка чегилген оюм-чийимдерде болсо төөлөрдүн сүрөтү тартылган, алардын бири чапыга чегилип, экинчиси арт жагына аса байланган. Жылкының, уйдун жана койдун эти, бээнин сүтү кыргыздардын негизги оокат-азыгы болгон.

Кыргыздардын көрүстөндөрүндө өлгөн адам менен кошо көмүлгөн азык түлүктөрдүн арасынан койдун сөөгү башкаларынан көп табылат. Көпөн кеткенде табылган сөөктөрдүн көпчүлүгү койдун сөөгү болуп чыккан.

Жылкы жоокердин, малчынын жана анчынын айныбас унаасы болгон. Ал төө сыяктуу эле көчүп-конгон учурларда да пайдаланылган. Дегинкиси кыргыз доорундагы ташка чегилген оюм-чийимдерден чабандестердин сүрөтү арбын жолугат. Археологиялык табылгалардын арасында да ат жабдыктары абдан көп, алар эркектер көмүлгөн кабырлардан сөзсүз түрдө табыла турган буюмдарга жатат. Байлыктын өлчөмү жылкылардын үйүрүнө жараша аныкталган. Көрүстөн саганаларындагы жазууларда мындайча айтылат: «Жер үстүндөгү тамга басылган мал эсеп жеткис эле»[9] Өлгөн адамдын атынан башка бир саганада төмөнкүдөй жазуу калтырылган: «Алты мин жылкыман бөлүндүм».[10] Тан династиясынын санжырасында кыргыздар колукту үчүн калыңга жүздөп жана миңдеп жылкы же кой төлөшкөнү айтылат.[11]

«Жер айдаган байкерилер» бир канча миңдеп уй жана кой күтүшкөн.

Дыйканчылык кыргыздарда кыйла эле чоң мааниге ээ болгон. Тан династиясынын жылнамалары кыргыздардын чарбалык иштеринен кабарлап келип, дыйканчылыкты ал турсун мал чарбачылыгынан да өйдө коёт.

Жер иштетүүдө ал кезде кетменден буурсунга өтүү башталып калган эле, буга бир канча ирет табылган соко тиштер далил боло алат, аларды сырт жактардан алып келген чоюндан, ошондой эле жергликтүү аймактын кендеринен ылгап алган темирден жасашкан. Кыргыздар таруу, арпа, буудай, гималай арпасын жана кара куурай айдашкан. Апрелде сээп, сентябрь — октябрда түшүм бастырышкан.[12] Орум-жыймда темир орокту пайдаланышкан. Орок менен бирге сабы кыска иймек чалгыларды колдонушкан. Акыркысын, сыягы, чөп камдоо үчүн да урунушса керек.

Дыйканчылыктын маданияты бийик өрүшкө жеткени Хакас-Минусин ойдунундагы кайрак жерлердин жасалма жол менен сугарылгандыгынан көрүнүп турат.[13] Енисей менен Абакандын сол жээгинде байыркы сугат өстөндөрдүн, таш көтөрмөлөрдүн, суу кубурлардын жана ноолордун урандылары сакталып калган. Айрыкча Уйбата, Аскыз, Туба жана башка дарыялардын өзөндөрүндө өстөндөр көп. Чоң өстөндөрдүн узундугу 10-30 чакырымга чейин жеткен. Алардан шакап чыгарып, майда арыктар тартылган. Айрым учурларда шак арыктан күтүрөгөн мал-жандыкты сугарып турушкан болуу керек.[14]

---

6. История Киргизии, т. I, Фрунзе, 1963, стр. 236.

7. С. Е. Малов. Памятники древнетюркской письменности. М.—Л., 1951.

8. Енисей кыргыздары жөнүндөгү маалыматтарды төмөнкү эмгектерден караныз: С. В. Киселев. Древняя история Южной Сибири. М., 1951; М., 1953; Л. А. Евтюхова. 1). Археологические памятники енисейских кыргызов (хакасов). Абакан, 1948; 2) Южная Сибирь в древности. Сб: «По следам древних культур», М., 1954.

9. С. Е. Малов. Енисейская письменность тюрков, М—Л., 1951, стр.49.

10. Там же, стр. 19.

11. Н. Я. Бичурин. Собрания сведений о народах... обитавших в Средней Азии в древние времена, т. I—3 М., 1950, стр. 353.

12. Н. В. Кюнер. Китайские известия... стр. 158.

13. С. В. Киселев. Древняя история Южной Сибири, стр. 570—572.

14. Л. А. Евтюхова. Археологические памятники енисейских кыргызов (хакасов), стр. 81—82.

Таш дөбөлүү көрүстөндөрдүн — чаатастардын казыналар катылган
рынан С. В. Киселев менен Л. А. Евтюхова бир нече алтын идиштерди жа
жалатылган табактарды табышкан, анын ичинде өсүмдүк орнаменти жана
дуктуу жандыктардын түрпаты чөгөрүлгөн идиштер да болгон. Орнаменттик
йимдери боюнча бөтөн жерлик асем-кайрыктарды эстетип турса да идиштер
чөчөлүү жактары аларды жергиликтүү буюмдар деп болжоллоого жүйө бере
Тири шумдуктуу жаныбарлардын, канаттуулардын жана балыктардын
ленип, башка да асемдер түшүрүлүп, кемер курларды, ат жабдыктарды коозд
колодон, күмүштөн жана алтындан тогоо жасалган. Адамдын түлкүсү чөгөрүл
дүктөр орнаменти менен асемделген ушундай көп сандаган буюмдар Тюхтят
казынасынын составынан табылган эле.[19] Одуракай тери тон, булгаары чокой
жырткычтарды кубалап бараткан чабандестердин сүрөтү түшүрүлгөн коло
лар ээрдин алдынкы кашын жасалгалоодо пайдаланылган. Кейпи, алар да
түү буюмдардан болуу керек.

Карапачылык кыргыздарда бийик деңгээлге жеткен. Сапал идиштер
мандарда жасалган. Ашканада урунчу жөнөкөй идиш-аяктардан сырткары

[18] Н. Я. Бичурин. Собрания сведений о народах... стр. 352.
[19] В. Кюнер. Китайские известия... о народах, стр. 59.
[20] С. В. Киселев. Древняя история Южной Сибири, 1951, стр. 574–
[21] Л. А. Евтюхова. Южная Сибирь в древности. стр. 216.
[22] Л. А. Евтюхова. Археологические памятники енисейских кыргы
касов), стр. 71.



жумуртка себетчелерин, түп жагын куюп кылып, оозун кенен чыгарып абдан
ышык идиштерди жасашкан. Алар «Кыргыз казасы» деген ат менен белгилүү болгон
ан. Идиштердин капталдарына четтектин сүрөтү чегерүлүп, жоолдогон. Мындай
идиштер абдан баалашган болуу керек, анткени алардын айрымдарына мончок белги
катары эң тамгалары басылган. «Кыргыз казалары» катталуу кыргыз көрүстөндөрү
нөн сазсуз жолуга турган табылгаларга кирет. Алардын түндүк Кытайдагы, Монголия
жана Буриятиянын аймагы кездеги археологиялык эстеликтерине окшоштук жак
тары бар.[20]

Кол өнөрчүлөрдүн арасында таш сомдоочулар менен оймочулар да болушкан. Байыркы түрк жазмаларынын биринде үшул өнөрдү аркалаган адамдардын «усул колдуу уулдары» жөнүндө айтылган кабарларга караганда, алардын кесиби мурас катары улам кийинкилерге өтүп турган болуу керек. Алар көрүстөн саганаларына да өлүү санжыраларды оюп жазышкан. Кыргыздардын турмушундагы күнүмдүк тиричиликке жана согуштарга байланышы бар аска таштардагы сүрөт чиймелерин да ошолор чегишкен.

Кыргыздардын башка элдер менен жүргүзгөн соода-сатык байланыштары жөнүндө жазма даректер, анын ичинде мусулман жазмалары, ошондой эле археологиялык табылгалардан айкындалгандай, кыргыздарга чет жактардан алынып келген буюмдар да кабар берип турат. Алар арабдар, уйгурлар, тибеттер, кытайлыктар, карлуктар менен соода-сатык кылып турушкан. Арабдардын өлкөсүнөн кыргыздарга жылына үч маал саймa гүлдүү, алтын түстүү жибек кездемелерди артып, кире тарткан төөлөрдүн көрбөгөн (20-24 төөдөн турган) келип турган. Чет жерден келген товарлардын арасында чоюндан куюлган соко тиш, металлдан жасалган күзгүлөр, асемделип кыракталган үзөңгүлөр (аның бири Уйбат чаатасынан табылган) жана башка ат жабдыктары, лакталган буюмдар болгон.

Кыргыздардын өлкөсүнөн темирден жасалган буюмдарды, атап айтканда жебенин учун, андан тышкары алтын, жыпар, кайың жыгачын жана бычактын сабына каптай турган «худу» деп аталган мүйүздөрдү сатып кетишкен.

Кыргыздардын үрп-адаттары жайына келсек, жазма даректерге ылайык, алар колукту үчүн жылкы жана кой берип, калың төлөшкөн. Күйөөгө чыккандан кийин аялдар мойнуна тамга чегип, эң басышкан. Көйкашка баатыр атыккан эркектер болсо сөтине эң салышкан. Башка бир даректерде болсо мунун ордуна алар бетин жана мойнун көөлөп алышат деп да көрсөтүлгөн.[21]

«Алардын мыйзамы,— деп айтылат жылнамаларда,— абдан катуу, урушка киргендин алдында коркоктук кылгандар, элчилик иштин өтөсүнө чыкпагандар, акимдарга натуура кеңеш бергендер, ошондой эле уурулук кылгандар башын кыя чабууга өкүм кылынган».[22] Кыргыздардын уурулук үчүн өлүм жазасын колдонушкандыгы жеке мөнчикке канчалык маанн берилгенднгин көрсөтүп турат. Мыйзамдын бул эрежеси калктын жакыр-бакыр катмарына каршы коюлган.

Кыргыздардын дини жөнүндө, белгилүү болгондой, алар өздөрүнүн шамандарын «гянь» («кам») деп аташкан. Кудайларга багыштап талаада курмандык чалышкан. Андан кыйла кийинки мезгилдерде, тактап айтканда, X кылымдагы автор Абу Дулеф калтырган маалыматтарда айтылгандай, кыргыздардын ыйбаадатканалары болгон жана алар жылына үч ирет мааракe өткөрүшкөн. Таат кылуу маалында ыргактуу, башкача айтканда, поэтикалык речти колдонушкан жана түштүккө карап табынышкан. «Планеталардын ичинен алар Сатурн менен Венераны жактырышат. Марсты кырсык алып келүүчү жылдыз деп эсептешет.[23] Кыргыздар жылды айларга бөлүп, биринчи айды «маошн ай» деп аташкан. Үч айды бир мезгилге бириктиришкен. Он эки жыл алардын эсебинде бир мүчөлдү түзгөн, ар бир жыл жаныбарлардын аты менен — жолборс, чычкан, ит жана башкалардын жылы делип эсептелген.

Майрамдарда жана тантаналуу окуяларда уюштурулган чоң жыйындарда төө лөрдү, үйрөтүлгөн арстандарды жарыштырып, ат оюндарын көрүшкөн.[24] Ат чабышуу жана шамдагайлыгын көрсөтүп, күч сынап мелдешүү үйлөнүү тоюнун айнымас салты болгон жана бул тууралуу алтайлыктар менен хакастардын баатырдык эпосторунда такай эскертнлет.

Най, дап, сыбызгы, чоор жана жылаажын кыргыздардын музыкалык аспаптары болгон.

Кыргыздардын өлүк коюу ырым-жырымы жайында мындайча айтылат: «Өлүк көмүү учурунда беттерин тытышпайт, тек маркумдун денесин үч катар кылып оройт да, аза күтүп ыйлашат, андан соң табытты өрттөшүп, сөөктөрдү чогултуп бир жылдан кийин жерге көмүшөт».[25] Чаатас түрүндөгү кыргыз мүрзөлөрүнүн түзүлүшү бул ай-

[20] С. В. Киселев. Древняя история Южной Сибири, 1951, стр. 589—590.
[21] Н. Я. Бичурин. Собрание сведений о народах... стр. 351; Н. В. Кюнер. Китайские известия о народах... стр. 59.
[22] Н. Я. Бичурин. Собрание сведений о народах... стр. 351.
[23] В. В. Бартольд. Сочинения, I, II, ч. 1, стр. 34.
[24] Н. Я. Бичурин. Собрание сведений о народах... стр. 353.
[25] Н. Я. Бичурин. Собрание сведений о народах... стр. 353.

ыларды толугу менен ырастайт, алардан өрттөлгөн адам
ган.

Кыргыздардын өздөрүнүн жазуусу болгон, бул алардын
рунктуу жетишкен. Кыргыз жазмасынын эстеликтери биздс көрүстөн
Дулеф эскертет. Кыргыз жазмасынын эстеликтери биздс көрүстөн
кат баалуу идиштерге, аска таштарга чегилген жазуулар
синей рунической деген ат менен белгилүү. Жазуулар үчүн, кыныз
материалдар да колдонулган болуу керек. Бир мертебе ал
жазуулары бар жыгач таякча табылган. Л. Р. Кызласовдун
енисеи рунической
нышкан.[26]

Хакас фольклорунда кабар көп учурда кат аркылуу жөнөтүлөт, сыйк
өткөр жөнүндө да айтылат, аларды окуп, жомоктогу каарманда
т б
Кыргыз коомунун ички жиктелүүсү кыйла эле ачык көрүнгөн. Ли
марын ак сөөктөр түзгөн, алар жер жайнаган төрт түлүккө, толгон-токой
ыкка, аның ичинде кымбат баалуу металлдан жасалган буюмдарга
Мине жылнамалар, көрүстөн саганаларындагы жазуулар
өткүү адамдардын мүрзөсүнөн табылган кымбат баалуу идиштер

Коомдун экинчи уюлундагылар кулдар болгон. Аларды көшүлөш
жашаган уруулларга качырып кирип кол салган учурларда туткундап алы
Тынт токойлуу жамаатташ аймактарда жашаган майда уруулар, кыштап
рга көз каранды болушкан жана кундуз, суур терилерин жөнөтүп, салык
рушкан.

Ак сөөктердун **башында каган турган. Ага бектер, тархандар,** анд
лар менен огландар баш ийишкен. **Алардын баары жоокер** болушкан. К
ын жак менен жазылып, мүрзө үстүнө коюлган элитафняларында бектер
гуштук эрдиктерин, байлыгын мактап, өзүлөрүн жер ээлери деп аташат.

Кыргыздардын негизги массасы ал кезде, чамасы, толук бойдон
менен батурларга баш ийген абалга жете элек болсо керек. Анткени жазуу
ган жана эль деп аталган ак сөөктөр жамааты менен бирге эле өз ал
катары көрсөтүлөт. Эль ак сөөктөр уюму болгон. Алардын «кыргыйдай
ру, башкача айтканда, кошуну бектерге баш ийген.

Уруулук мамилелердин ыдырашы жана мүлк жагынан теңсиздиктин
менен эл ал кезде акырындап жикке бөлүнө баштаган. Бай кыргыздар —
ы, кулдарды гана эмес, ошондой эле өздөрүнүн жакырланган
рукташтарын да чарбалык иштерине чегип же салык төлөтүп, эксплуатация
таган болуу керек. Сапал идиштерде: «Бектин күмүшүн бнз бердик», «А
тартуусу» деген жазуулар жолугат. Муну С. В. Киселев салык төлөөнүн
эсептейт. Бектердин жортуулдарына катышуу, божомолдо элдин
Байлар менен бакырлардын ажырымы кийим-кече жагынан да көрүнө
дөөлөттүү эркектер кундуздун, сүлөөсүндүн терисинен тигилген кийим
байкери аялдар тыштан келген саймалуу жибек көйнөк, кымкап кийсе,
дун терисинен жасалган тон менен жүрүшкөн.[27]

Социалдык катмардын жиктери кыргыздардын көрүстөндөрүнөн да
Адатта диаметри 30—40 метрге жетип, көп адамдын күчү менен бүткөрүлгөн
татаал чаатастарда — таш дөбөлүү чоң көрүстөндөрдө кымбат баалуу мет
салган буюмдар коюлган. Алар менен бирге анчалык чоң эмес массалык бей
болгон, аларга коюлган жупуну буюмдар көмүлгөн адамдын жардылыгын
турат. Көрүстөн дөбөлөрүнүн корумдалган топурактарынан дегеле эч кандай
жок кабырларды да табышкан. Буларды кулдардын мүрзөсү деп эсептөөгө

Орхон эстеликтери берген даректерге таянып, ал кээде кагандар менен
каршы көтөрүлүп турган деп тыянак жасаса болот. Бектер болсо өз кезинде кол
аймактарга жортуул жасап, муну менен элди ар кандай нааразылыктардан ал
луугa аракеттенишкен. Мындай жортуулдар кол башчыларды олжого тү
туткунга түшкөндөрдү анын кулуна айландырган. Ошол эле учурда карапайы
керлерге да жортуулдан түшкөн олжонун жарнагы тийген.

Ийме жаа, темир учтуу жебе жана найза кыргыздардын согуштук курал
түзгөн. Найзанын уч жагына желекче-белги тагылган. Мындан бөлөк алардын
жана калканча түрүндөгү коргонуу куралдары да болгон. Кол менен бутту каз
чу калкандарды шак-шак түрүндө жыгачтан жасашкан. Ушундай эле ыкма мене
керлердин казатка минер аттарын да коргошкон.[28] Кыргыздар 30 минден 80 м
йин кол курай алышкан.[29]

[26]. Л. Р. Кызласов. Новая датировка памятников енисейской письм
«Советская археология», 1960, № 3, стр. 148.
[28]. Н. Я. Бичурин. Собрание сведений о народах... стр. 352.
[29]. Там же, стр. 351. Н. В. Кюнер. Китайские известия о народах... ст
Н. Я. Бичурин. Собрание сведений о народах... стр. 351; Н. В. Кю
Китайские известия о народах... стр 59.



Кыргыздардын тарыхындагы окуялардан бизге маалымат берген Тан династиясы
ның (618—907 жылдар) санжырасы, ошондой эле орхон жазуулары кыргыздардын
башка өлкөлөрдөгү элчилик мамилелеринин жана өздөрүнүн конушулары: кытайлыктар,
түркттөр, уйгурлар менен болгон көп сандаган уруштары жөнүндө кабарлайт. VII кы-
лымда кыргыздардын мамлекети чыгышынан гулиган (курыкан) эли жашаган аймак-
тан, Байкалдан тарта батышынан Алтайга чейин, Хакас-Минусин ойдунунун түндүк
тараптагы чектеринен түштүктөгү Саян тоолоруна, кайсы бир мезгилдерде болсо андан
да төмөнүрөөк аймактарга чейин созулуп жаткан.

VIII кылымдын башталышында кыргыздар чыгыш түрк каганатына каршы уруш
баштаган, ал алмак-телмек ийгилик менен жүрүп турган. Түрк каганы Моҷжо кыргыз
каганы Барс-бектин күчүн сезип, ага Ильтерес кагандын кызын берет, бирок кийинки
уруштардын биринде аны өлтүрөт. Барс бектин сүрөтү Моҷжонун күмбөзүнө чегил-
ген. Түргештер менен биргелешип чыгыш түрк каганатына каршы жүргүзгөн урушта
кыргыздар 710—711-жылдардын кышында катуу жеңилүүгө учурайт. Чыгыш-түрк ка-
ганаты уйгурлар тарабынан талкаланагандан кийин кыргыздардын алар менен жоо-
лашуусу башталат. 758-жылы кыргыздар уйгурлардын көз карандылыгында калат.[30]
Бирок кийин узак мезгилге созулган жана көшерген күрөштүн натыйжасында кыргыз-
дар жеңишке жетишет: 840-жылы Орхон дарыясына жайгашкан уйгурлардын борбо-
рун (азыркы Харбалгастын урандылары) басып алып, талкалашат жана уйгур кага-
нын өлтүрүшөт. Алар ондогон жылдар бою үшул аймакта бийлик курушкан. Бул кыр-
гыз каганатынын ал-кубаты толуп, абдан күч алып турган мезгили болгон. Бирок ки-
йин уйгурлар киданлардын жардамы менен кыргыздарды кайрадан Енисейден ары
сүрүп салышкан. Мындан кийин кыргыздар киданлар жана кара кытайлар менен ча-
бышкан.[31] Андан соң төрт кылым бою кыргыздар Енисейде жашашат, XIII кылымда
аларды Чынгыз хандын монгол аскерлери каратып алган. Бул жерде кыргыздар
XVII кылымга чейин, б. а. алардын негизги массасы Тянь-Шанга көчүп, ал жердеги
кыргыздарга келип кошулган[32] мезгилге чейин турушкан.

**[«История Сибири с древнейших времён до наших дней» деген китептен көторулду. 1—5-томдор, Л., 1968-69-жж., 296—303-беттер].**

[30]. В. В. Бартольд. Сочинения, т. II, ч. I, стр. 22, 26.
[31]. В. В. Бартольд. Сочинения, т. II, ч. I, стр. 26, 27.
[32]. История Киргизии, т. I. Фрунзе, 1963.



АДАБИЙ СЫН, АДАБИЯТ ТААНУУ

Мамасалы Апыш

# Мезгил, адабият жана кайра куруу

(ОЙ ТОЛГОО)

Жаштык өмүрдүн эң сонун курагы деп калышат. Бирок чыгарм[а] тык жөнүндө сөз болгондо «эң сонун курак» деп айтууга э[] кимдин барбастыр. Анткенн, «сөз азабынан өткөн азап жок» дешкен[] зуучунун ар бир чыгармасы (мейли чакан ангемс, мейли ыр болсун) эбегейсиз чоң эр[] ти талап кылган чыгармачылык күрөштө гана жаралышы керек.

Калемгерлердин баары кезегинде жаш болушкан. Баары ошол жүрөк өйүгөн знмдердн баштан кечирншкен. Ошентсе да, ар бир муундун жаштыгы өз доор гилдин, адабий чөйрөнүн өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу болуп, бири экинчисин эч кач чан кайталабайт. Эмесе сөз азыркы учурдагы жаш жазуучулар жана алардын чыгы малары жөнүндө болсун. Бирок айта кетчү сөз — бул ой толгоолор жаштардын чы гармаларын талдоого арналган сын макала эмес, болгону бүгүнкү жаш тал керде дин адабият «босогосун» атташканда кабылышчу айрым маселелернне көз карашт Бул субъективдүү ой толгоолор кайсыл өлчөмдө реалдуу чындыкка жакын экен окурман өзү чечсин.

Адегенде эле баятан айтып өткөн ар бир муунду кабыл алган доорлорду гилдин) өзгөчөлүктөрүнө токтоло кетсек...

Адабиятты турмуш күзгүсү дешет. А турмуш доор деп аталган өзүнө гана таан дык социалдык-экономикалык, маданий жана башка өзгөчөлүктөрү бар мезгил бөлүк төрүнөн куралат эмеспи. Демек, адамзат менен кошо ойгонгон чыгармачылык дагы ан дай доорлордун сансыз эсебин басып өтүп, артында «кылым» деген «из» калтырып жалпы адамзаттын сыймыгы болгон дүйнөлүк адабиятты толуктап келет. Ошол доо лор да түркүн — бири убактылуу тыныгуунун, өөрчүп-өспөй калуунун мезгили бо со экинчилери «Алтын Кылым» аталышып, башка доорлорду өзүнүн бараандуу «көлө сүнө» калтырып жүрөт. Алардын жаралуу процессиндеги басып өткөн чыгармачылык жолду, өзүнө тиешелүү өзгөчөлүктөрдү талдай келгенде, бир жалпы белгини оной эле байкоого болот — Алтын Кылымдардын баары өз учурунун (доорунун) социал дык-экономикалык, маданий жана башка өзгөчөлүктөрү боюнча прогрессивдүү «секи рик» жасашканы менен байланышкан. Мисалга, алыска барбай эле бизге жакын тур ган орус адабиятынын он тогузунчу кылымын (анын дүйнөлүк адабиятта Алтын Кы лым катары каларын эч ким тана да албас) алып көрөлү. Улуу Петр биринчинин реформалары падышалык Россиянын турмуш-шартын түп тамырынан өзгөртүп, жого руда биз айтып өткөн түркүн тармактар боюнча «секирик» жасалганы белгилүү. Са лыштырмалуу кыска убакта (эки кылымдын чегинде) феодалдык түзүлүш өз ордун буржуазиялык коомго, ал өз кезегинде капитализмге бошотуп алмашышты. Орус ада бияты да он сегизинчи кылымга чейин дээрлик бир гана нукта — фольклордук негиз де,— өнүгүп келсе, коомдун турмушунун жанданусу менен бирге Европага, жалпы эле дүйнөлүк адабиятка, маданнятка үкүлүп кароо башталып, котормо иши колго алынып, айтор, прогрессивдүү кадамдар жасалды. Ломоносов, Сумароков, Державин, Карамзин сыяктуу адабият ишмерлери «кара жумушту» жасашып, келерки XIX Алтын Кылымдын «пайдубалын» түптөштү. А кийин ошол «пайдубалдын» негизинде жаралган залкар «мунаралар» — азыр жалпы адамзаттын, дүйнөлүк адабияттын сыймыгы...

...Мезгил, доор, адабият жана алардын өзгөчөлүктөрү демекчи, азыркы кезде өлкөбүздө тарыхта эч качан болбогон доор жүрүп жатат: КПСС Борбордук Комитетинин апрель (1985-жыл) Пленумунан жана КПССтин тарыхый XXVII съездинен соң совет элинин адабияты, маданий жана жалпы эле турмушу жанданып, жаңырып, кайра куруу процесси башталды. Азыркы учурда адабият менен искусстводо болуп жаткан эбегейсиз чоң кыймылды тарыхта бир гана жолу болгон, орто кылымдардагы кайталангыс Ренесанс же чиркөөлөрдүн, диний ырым-жырымдардын кысымынан кутулган Кайра Жаралуу Доору менен гана салыштырууга болор. Акыркы бир нече жылдын ичинде эле совет адабиятынын бөксөргөн казынасы толуп, бир топ бараандуу чыгар



лдар менен толуктялды. Алардын катарында кыргыз адабиятынын кошкон салымы — Ч. Айтматовдун «Кыямат», Т. Касымбековдун «Келкел» сыяктуу романдары да бар. Ал эми түздөн-түз жаштар чыгармачылыгы жөнүндө сөзго келсек — аларды өзүнчө өз сөздөрүн айтпаса электиги белгилүү. Буга эгерде мурда басма сөз редакцияларынын ашкере сактыгы кедерги болсо, азыркы ачык айтуу жана кайра куруу мезгилинде аларга эмне «бут тосуп» жатат? Анан калса, мурдатан жарык көрбөй жүргөн чыгармалар окурман колуна жетип, айрымдары ортосунан эле деңгээлде экендиги билинебединби?..

Жогоруда биз интеллектуалдык деңгээли көтөрүлгөн окурмандар аудиториясы орус адабиятынын өсүшүнө көмөкчү болгонун айтып өттүк. Ушул жалпы ойлордон кийин жаш жазуучу үчүн эмне белгилүү «шык, талант» деген түшүнүктөрдөн башка дагы жалпы чөйрөнү таанып билүүчү (кругозордук) маданияттын, билимдин керектиги дайын болгонсуйт. «Жакшы окуучу жакшы акынды жаратат» деп америкалык алы жазуучу Фолкнер айткандай, ушул тапта кыргыз окурманынын, интеллигенциясынын деңгээли да мурдагыдан өскөндүгү айкын. «Учурунда айтылбаган сөздүн атасы өлөт» дегендей, ачык айтканда, адабияттын өрчүп өнүгүшү үчүн эч качан азыркыдай ыңгайлуу шарт болгон эмес. Анткени, Октябрь революциясынан кийин граждандык согуш үзакка созулуп, маданият менен билимдин, адабият менен искусствонун өрчүшүнө кедерги болуп жүрүп олтурду. Андан соң турмуш шарты эми гана бир аз калыптана баштаганда, Октябрь революциясы негиздеген демократиянын жоголуу белгилери пайда болуп, 30-жылдардагы репрессиялуу окуялар жана Улуу Ата Мекендик Согуш. Айтор, 50-жылдарга чейин мезгил адабиятка «тыныш» бербей жүрүп олтурган. 50-жылдардын аягында гана айрым жалпы белгилери менен КПССтин XXVII съезди менен үндөшкөн КПССтин тарыхый XX съездинен кийин адабият жана искусство жаңданып, өрчүй баштады. Конъюнктуралуу, ал тургай «лауреатталган» чыгармаларды сүрүп кирип, өз чыгармалары менен ошол кезде адабиятка кошулган жоон топ акын-прозачыларга азыр биз тирүү классиктерибиз сыяктуу карайбыз.

Азыркы шарттарда болсо баары жаш жазуучунун өз колунда — билим, маданият жана демократиялык централизмге негизделген басма сөз... Деги жашырбай айтканда, бүгүнкү жаш жазуучулар өз мүмкүнчүлүктөрүнөн төмөн деңгээлде калып келишет. Бирок акыркы жылдардагы жүрүп жаткан процесстердин таасири менен жакынкы жылдарда азыркы адабияттын деңгээли жогорулап, жаңы муундун жоон топ күчтүү акын-жазуучулары кошулуп калышса, бул эч тан калчтуу деле эмес...

Атүгүл, 30-жылдарга чейинки кыргыздын жаш жазуучулары менен бүгүнкү күндүн жаш жазуучуларынын ортосунда жаткан айырманын чондугун белгилеп өтсөк эле жетиштүү болор — аларды кээ бир элдердин адабияты (маселен, орус адабияты) кылымдар бою басып өткөн жол бөлүп турат. Бул — элдик оозеки чыгармачылыктан, фольклордук негизден жазма адабиятка өтүү процесси. Кесе айтканда, Мукай Элебаев, Кусейин Эсенкожоев сыяктуу классиктерибизге караганда (албетте, эгерде ошончолук талант болсо) бүгүнкү жаш жазуучулардын потенциалдык мүмкүнчүлүктөрү кеңири. Бул парадоксалдуу ойго иллюстрация катарында дагы бир жолу лирикалык чегинүү жасап өтсөк: жогоруда биз айтып өткөн орус адабиятынын Алтын Кылымынын «пайдубалын» түптөшкөн акын-жазуучулар эмне үчүн он тогузунчу кылымды даярдаган «кара жумушту» гана жасашып, өздөрү ошол деңгээлге көтөрүлө алышкан жок? Эми ошол «Орус мамлекетинин тарыхын» жазган Карамзин, адабияттын алгачкы теориялык талаптарын такташкан, өздөрү анын үлгүсүндө чыгармаларды жаратышкан Сумароков, Державин сыяктуу акындар орус адабиятынын XIX кылымынын өкүлдөрүнөн эмнелери менен айырмаланышарына көңүл бөлүп көрөлүчү. Эгерде алар 19-кылымдын атмосферасында жашап, иштешкенде кандай чыгармаларды жаратышмак?.. Бул суроого кесе жооп берүү кыйын. Ошентсе да болжолдуу түрдө айтканда — алар 19-кылымдын мыкты чыгармаларынан кем калышпаган шедеврлердин жаратышмак. Бул, албетте, парадоксалдуу, субъективдүү жыйынтык. Бирок ошол эле ойду дагы бир контранализ менен бекемдөөгө болот. 18-кылымдын өкүлдөрү Сумароков, Карамзин, Державин 19-кылымдын өкүлдөрү болушкан Пушкин, Лермонтов, Достоевский, Толстой сыяктуу акын-жазуучулар менен элге белгилүү «шык-жөндөм, таланты» боюнча бирдей деңгээлде деп көрөлү. Анда алардын айырмачылыктары эмнеде? Эгерде 18-кылымдын өкүлдөрү өздөрүнүн ишин улантканын өкүлдөрдөн билимдин, дүйнөлүк маданият, адабият жана искусствонун үлгүлөрүн билүү жагынан кыйла артта турушканын моюнга алсак. Бул эч талашсыз маселе. Демек, алардын айрымасы — алардын жашап өтүшкөн доорлорунун айырмачылыгында гана экен!

Жыйынтыктап айтканда, азыркы кездеги кыргыздын жаш жазуучулары өздөрүнөн мурдагы улуу муундардын баарына караганда чоң мүмкүнчүлүктөргө ээ. Албетте керектүү деңгээлдеги талант азыркы күндүн талабына жооп берген кругозордук (чөйрөнү таанып-билүүчүлүк) маданият, билим менен гармониялуу синтезделген кезде мыкты чыгармалар жаралат. Бирок, тилекке каршы, ошол сапаттар азырынча жаш жазуучуларда синтезделбей, колдо болгон мүмкүнчүлүктөр пайдаланылбай жатат. Буга жаштардын көбүнүн чыгармалары айкын далил боло алат.

30-жылдардагы таланттуу, жаш кыргыз жазуучуларынын бири Мукай Элебаев билимге, дүйнөлүк деңгээлдеги адабият жана искусство үлгүлөрүнө чанкап:

«Москва, Ташкент ураанын,
Жакшы деп элден угамын...»

деп жазгандай, кыргыз адабиятынын жаңы жазма түрүндөгү негиз салуучулары өздөрү да аларда билимдин, жалпы чөйрөнү таанып-билүүчү маданияттын, интеллектуалдык жана эстетикалык көрөнгөнүн чукактыгын сезип-билип жүрүшкөн. Жазма адабиятыбыз жаңы гана башталып, бүтүндөй маданият жана искусстводо революциячыл



...о мүмкүнчүлүк алды. Ошол кездеги эң билимдүү чыгармачыл адамдар ...ин бир... дүйнөлүк адабият менен искусстводон тартып элдик фольклорго чейин терең ...ы Алыкул — азыр кыргыздын улуу акыны. Ал өзү айткандай, «Уставсыз ...абысы менен сырдашып». Пушкинди түп нускасында окуп, Шекспирди кыргызча сүй... ...дөгөн, анан оюнун баарынын шарапаты акындын тубаса таланттына көмөкчү болуп, ...ентездөөнүн ким тана алат?!

Жогоруда адабиятка келип кошулган ар бир муундун өзүнчө өзгөчөлүктөрү бар экендигин белгилеп өттүк. Анда эмесе бүгүнкү жаштардын өзгөчөлүктөрү эмнеде? Дегеле аларды «жаңы муун» деп атоого болобу?.. Ушул кезге чейин жазма адабият башта гандан тартып ар бир муун адабиятка өз салымын кошуп, улуттук адабият казынасын байытып, муундан муунга өтүү эволюциялык жол менен гана жүрүп олтурса (80-жылдарга чейин), азыркы орто муун деп аталган жоон топ талант... ...ундардын чыгармаларынан соң бир кыйлага созулган «тыным» пайда ...ту акын-жа... болгонсуйт. Бул эмне себептен?

80-жылдарга чейин ар бир муун кыргыз адабнятына эволюциялык (өрчүп-өсүү) ...у менен га...а кошулуп келгенин белгиледик. Айрыкча 60-жана 70-жылдарда ко... ...лган акын-прозачыларыбыз кыргыз жазма адабияты кыска, элүү жылга жетпеген ...убакытта ...тилгенин айгинелеп коюшту. Ошол муундун залкар акындарынын бири ...маркум Жолон Мамытов «Жасайлы бир зор эрдик эстен кетпес» деп жазган сымал ...ул муундун өкүлдөрү чындыгында эле чыгармачылык эрдик жасашты. Атын атаба... ...да ө... ...уу жоон топ акын-прозачыларыбыз азыр кыргыз жазма адабияты... ...сыймыгы болуп калышты. Бул жаңы баскычка көтөрүлүүгө бир чети адабиятта Ч. Айтматов сыяктуу алп фигуранын пайда болушу түрткү берсе, экинчиден элдин ...алпы социалдык-экономикалык, маданий турмуш жайы оңолгондугу, интеллектуал... ...дык деңгээли өскөндүгү себеп болду. Дагы бир кызык байкоо Ч. Айтматов адабия... ...тыбызга Европадан, орус тили аркылуу кирди. Бул деле анча тан калычтуу эмес, ...анткени 50-жылдардын аягында кыргыз интеллигенциясы толук калыптанып бүтпөй, ...табити дүйнөлүк адабияттын деңгээли менен өлчөнгөн окурман бизде чанда болчу. ...Кесе айтканда, жалпы адабий чөйрөнүн, окурмандын деңгээли Ч. Айтматовдун чыгар... ...малынан төмөн турган»...

Ошентип, окурман да, жазуучу да бирдей жогорку деңгээлге көтөрүлгөн кез кыргыз жазма адабияты үчүн 60-70-жылдарда гана келди. Бирок, тилекке каршы, ошол учурда өз окурманыбыз тарабынан кабыл алынып, бааланган муун эрте жети... ...лип, кезекти сонку муунга бергенде, дагы бир парадоксалдуу көрүнүш пайда болду. Анткени, 70-жылдардын аягында, 80-жылдардын башында адабиятка кошулган муун ошол күндөн ушул күнгө чейин «жаш» бойдон эле кала берүүдө. Алардын тобунда ...ирин-экин гана өзгөчөлөнгөн ысымдар болбосо, калгандары өз «жүзү» көрүнбөй, «жаштар» деген гана жалпы түшүнүктүн ичинде калып жүрүшөт.

Адабиятка 70-жылдардын аягында, 80-жылдардын башында киришкен акын-прозачылар — азырынча калыптана элек жана эң жаш муун. Алардын арасында аз бол... ...о да ...п баштаган чыгаандары бар экенине карабастан, жалпысынан жаштар орто ...муундун артында, чон «көлөкөнүн» алдында калгандай болуп келишет. Албетте, ада... ...спорт оюндары эмес. Анда тигил же бул муун тарабынан коюлган «рекордду» ...ким кийинки муундун иши эмес. Ар бир муундун бар болгон милдети — өз ...ы менен, өз сөзүн айтып окурманына чыгуу... Бирок бул үчүн баягы өздөрүнөн улуу муундун чыгармаларын окушкан, дүйнөлүк адабияттын мыкты үлгүлөрүндө тар... ...бияланышкан табити бийик, талабы күчтүү окурман кызыгарлык чыгармаларды жа... ...ратышы керек.

70-жылдардын экинчи жарымында жана 80-жылдарда адабиятыбызга кошулган ...муундун өкүлдөрүнүн ичинен өз тобунан бөлүнүп чыгып, окурманга жетип кал... ...гандарынын аз экендигин белгилеп өттүк. Эми ошол азыноолак көрүнүп, бирин-экин чыгармалары жакшы бааларды алып жүргөн акын-прозачылардын чыгармачылыгы... ...на кайрылалы. Алар прозачылар Орозбек Айтымбетов, Бейшенбай Усубалиев, Абдила... ...мит Матисаков жана акындар Акбар Рыскулов, Эгемберди Эрматов... Бул кыска тиз... ...меге көз жүгүртсөк адам дароо эле биздин адабий коомчулукта жана адабий сында ...жалпысынан жакшы бааларды алып жүрүшкөн өкүлдөрдү гана атаганыбызды байкайт. Ооба, булар ошол жаштыгы узарып кеткен муундун көч баштаган ысымдары — айрымдары ошол жаны, азырынча калыптана элек муундан бөлүнүп кетишкенине карабастан, баары чыгармачылыгын бир учурда башташкан. Алгач адабиятка кадам шил... ...теп атташканда эле аталган акын-прозачылар да өз алдыларында турган жооптуу милдетти, талаптарды — орто муундан кийин окурманга жетүү үчүн алардан төмөнкү деңгээлдеги чыгармаларды жазуу керексиз экенин сезип башташкан. Алсак, акын Акбар Рыскуловдун өзүнүн биринчи эле жыйнагында («Көгүчкөндөр бийик учушат». ...1975, Фрунзе, «Мектеп»), мындай деп жазган саптары бар:

Кечегиден балдар акылдуу,
Кечегиден бийик теректер.
Кыйлаларды жасап акыл бу,
Күрөш менен жашап келет жер...

Ушул жалпысынан алганда жөнөкөй, ал тургай кайсыл бир өлчөмдө шаблондуу («Күрөш менен жашап келет жер!..») ойлордун ичиндеги биринчи сап өзгөчө маанилүү —

акындын өз окурманынын кечеги окурманга караганда табити өскөнүн
мекенин сезип айтып жатканы. Демек, интеллектуалдык деңгээлин өскөн
бүгүнкү окурманына өзүнүн мууну жаны ойлор, жаныча образдар менен
даш окурманын адабият «күзгүсүнөн» чагылдырып) келишин керек болчу.
интерпретация закончененмдүү, кадырресе эле чечмелөө экендигин моюнга
Акбар Рыскулов жогоруда аталган биринчи жана «Мезгилдин жебеси»
жыйнагы менен кыргыз поэзиясы дагы бир күчтүү, кайталангыс акын
нын далилдеген. Тилекке каршы, акындын кийинки «Көч» жана «Үч кайнар»
келемдүү жыйнактары мурдагы деңгээлден өйдөлөбөй, тескерисинче, кайсыл
чемде артка кетүү болгонун ашкереледи. Анткени, жалпысынан алып карага
рус эле ндеялар менен сугарылып, техникалык жогорку чеберчилкте, пуб
лык илеп менен жаралган жыйнактар акынга мурда тиешелүү болгон нукуп
лык сапаттар менен жабдылбай калганы көрүнөт. Поль Валери «поэзия д
деген суроого «көзүн менен окуп, же кулагың менен укчу ыр саптары,
сөзүн менен кайра айтып берүүгө болбойт» деп жооп берген. Муну эскере
дни жең бар — Акбар Рыскуловдун аталган жыйнагы прозаизмге чөгүп кеткенби
жеттүү, окуялар ыраттуу өнүгөт. Кыскача жыйынтыктап айтканда, ыр менен
зылган прозадай таасир калтырат.

Акын Эгемберди Эрматов да өзүнүн алгачкы «Ак днл» жыйнагы мен
поэзияда өз «үнүн» тапкан. Ошол жыйнагындагы ырларынын биринде («А
1978 жыл. Фрунзе, «Мектеп») акын өз мезгилиннн татаалдыгы жөнүндө
лык ой жүгүртүп келип, күтүүсүз бүтүм чыгарган:

«Табышмак бол сен мага чечилбеген, .
Боло көрбө эч качан бийлнгимде.
Бозомукка айланып кетер аалам,
Эгер сени түшүнгөн мезгилимде...»

Бул күтүлбөгөн бүтүмдө үстүртөн караганда, эклектикалуу сентенция бардай туюлат. Ошентсе да «бардык бийлик адамдын колунда, адам азыр каалаганды
космоско учат, айга конот ж. б.» деген сыяктуу баналдуу, шаблондуу көп саптар акындын бул ырынын алдында кургак баяндама, риторика болуп калышат.

Бирок Эгемберди Эрматов улам кийинки жыйнактарында чыгармачылык
насоонун ордуна баягы эле денгээлде калып, көп ырларында өзүн өзү кайталай к
таганын да белгилей өткөнүбүз туура болор.

Албетте, өсүү — шарттуу түшүнүк. Асыресе, алгачкы жыйнагы менен эле чыгармачылык устаттыкка жетишкен акындан андан жогорку деңгээлди талап кылуу
да эместир. Бирок биз тематикалык жактан жана образ түзүү жагынан кайталанмаларды айтып жатабыз.

Эми прозага келсек, бул жерде деле баягы абал. Орто муундай дүбүрт са
кирген чон топтун ордуна эки-үч жакшы бааларга арзып, бирок улам кийинки жа
көргөн чыгармалары бирдей денгээлде болбой, жогорку критерийлер менен алып ка
ганда, сынга туруштук бере албай турган авторлор...

Орозбек Айтымбетов адабият «босогосун» аттаганда, көп окурманды, коомчулукту биздин бай салттуу прозачылардын «көчүн» улай турган жаштардын бири катар
күттөндүргөн. Жазуучунун «Аныз жыты», «Кызыл өрүк» жыйнагында топтолгон
мыкты ангемелерин санабай койсок деле болот. Анткени мындай ангемелер бүткү
кыргыз адабиятында эсептелүү эле. Бирок, эмнегедир, жазуучунун «Торгойлуу
талаа» повестинен кийин жаралган чыгармаларынын баары дээрлик ортосаар деңгээлде болуп, көптөгөн провинциалдуу, өз «жүзү», «үнү» жок авторлордун катарында
калып, мурдагы чебер стилист, өзүнчө лирикалык интонациясы бар автор — О. Айтымбетовдун деңгээлинде эмес.

Адабияттагы ар кимдин өз чыйыры, жолу бар. Ал атайын заказ боюнча ачылбайт. Ар бир жазуучу (албетте, сөз эпигондор жөнүндө болбогону түшүнүктүү) өз чыйырын өзү салат. Ошондуктан кайсыл бир авторго «мурдагы чыгармаларын жакшы эле, азыркыларын начар» деп эшик жаап кое албайбыз. Бирок чыныгы сүреткер жазуучу эч качан өз деңгээлинен төмөн түшпөйт. Чыгармачылык изденүү, тыным жүрүп жаткан чакта начар чыгармаларын окурманга сунуш кылбайт. Айталы орустун азыркы мыкты ангемечилеринин бири Юрий Казаков өзүнүн бардык ангемелерин дээрлик 25—35 жаш курагында жазып, жарыялаган да кийин 20 жылга жакын өз окурмандарын сагындырып күттүргөн. 54 жаш курагында дүйнөдөн кайтардан бир аз мурдаадак гана баштагыларынан да мыкты эки-үч ангемесин жарыялайт! Бул, албетте, жазуучу өзүнө талапты катуу коюп, окурман андан мыкты чыгармаларды гана күтүп калганын түшүнгөндөн улам жасаган «тынымы». Дегеле өзүн сүйгөн, барктаган окурманды сыйлап, ага аяр мамиле жасоо да ар бир эле жазуучунун колунан келе бербейт окшобойбу. Муну айтканыбыздын себеби (албетте, тигил же бул чыгармасын жарыялоо автордун өз эркн дечи), жазуучу О. Айтымбетов өзүнө коюлган окурман талабын төмөндөтүп жибергендей түюлат.

Бейшенбай Усубалиевдин «Түркүк» атуу чакан ангемелер жыйнагы О. Айтымбетовдун алгачкы чыгармаларындай чоң резонанска түшпесе да басма сөздө дурус баа
ларды алган. Чындыгында да тил менен иштей билген, өзүнчө көз карашы бар автор
ангемеге параметтүү караган жаштарыбыздын бири. Анын чыгармаларында дурусу
да бүдүшү да бар. Эң негизгиси бул автордо изденүүнүн, талбай жогорулоонун
акыркы жолун көздөгөн аракеттер бар. Бирок жаш авторго экспериментталык чыгар
мачылыктын да өзүнчө чектери бар экендигин билүү зыян болбос эле. Эгерде Усу



ангемелердин жоон топ ангемелерин топтоп алып, биринин артынан экинчисин
дарын өтө эле туюнун экенине ынанасын, стилдик чачкындыктан
горлорлун ангемелерин окуп жаткандай сезимге туш болосуң. Автордун ре
алында, жөнөкөй жазылган ангемелери же публицистикалык курч сюжеттүү
сын айтканда, экспериментталык чыгармачылыктын туундусу болгон
зүрү бар. Маселен, жакында эле «Кыргызстан маданияты» газетасында жарыяланган
«Кыз ык» аттуу ангемесин талдап көрөлү. Бул жерде да баягы эле сыртка
ематлуу, өзгечөлөнүү үчүн жасалган аракет. Мурдагы «Түркүк» жыйнагындагы кээ
бир ангемелердегидей терендик, ийгиликтүү чыккан образдар жок
мандары — редактор жана анын кызматкерининн образдары шарж сыяктанып, карикатуралуу чыккан. Ангеменин сюжети, проблематикалык-тематикалык түйүну типтүү
болгон калган.

Усубалиев өзүнүн изденүүлөрүндө жазуучу Кубатбек Жусубалиевге жакын турат. Изденүү колдоого ала турган аракет экендиги талашсыз, бирок айрым учурларда «тийип-качып» жүрө берип, өз жүзүн, почеркин таппай калгандар азбы?

Жаш прозачы Абдыламит Матисаков, тескерисинче, «тапталган» ыкма, жаңакөй стиль менен эле өзүнүн «үнүн» табууга аракет кылат. Автор Айтымбетовго тнл мен
ин иштөө, материалды башкара билүү жөнөмдүүлүгү менен жакындашып кетет. анын
ал ушул ангемелер жыйнагы «Дандыр» дурус ангемелерден турган китепче эле. Эми
бул жерде да макаланын автору көндум болгон бурулушту жасоого мажбур болуп
олтурат. Анткени А. Матисаков да сонку жарыяланган «Ак коргон» аттуу алгачкы
повесслнде кайсыл бир өлчөмдө жеңил жолго азгырылганы ачык байкалат. Автор өзү
үчүн тарыхый болгон материалдын (жаш автор революция мезгилиндеги окуялар жө
нүндө) үстүндө иштеп, бирок тандап алган темасында архивдик жө башка бир метод
менен иштебестен, «уккан-билгенди» жыйнап, өз элегинен өткөрүү менен чектелген
сыяктанбыреп, жорго сөз, желдирме баян менен окуя кызыктуурак болсун үчүн кез-кез
гана тигил же бул сюжеттик бурулуштарды жасап коюп жүрүп олтурат. Чыгарма
газеттик-фельетондук элементтерге жыш. Кесе айтканда, табити ортосаар, окуя күүп
окурган массалык окурманга багытталган беллетристикалык үлгүдөгү чыгарма жаратпаган.

Азыркы жаштардын чыгармачылыгындагы тыныгуунун дагы бир объективдүү себебин токтоло кетели. Ар бир жазуучу-акын калын окурманга жетип, адабий «журттуктан» өз ордун табышы үчүн аны ачып берүүчү сынчыга муктаждыгы талашсыз адабиятыбызга 60-70-жылдарда келип кошулушкан акын-прозачылар бул жагынан жолдуу болушту. Анткени, ошол жылдарда кыргыз адабиятынын сын жанры мурда болуп көрбөгөндөй өөрчүп, жоон топ күчтүү, таланттуу сынчылар Абдыганы Эркебаев, Совөтбек Байгазиев, Калык Ибраимов жана Осмон Ибраимовдор жогоруда аталган
тамындын өкүлдөрүнүн өзгөчөлүктөрүн ачып, алардын өз окурманына жетип, адабияттан өз ордун табуусуна зор көмөк жасашканы айтпасак да түшүнүктүү.

Ал эми акыркы он жылдачы? Сын жаатында такай, активдүү иштешкен жогоркудай жоон топ күчтүү дегендей эмес, көзгө басар, карманар жаш сынчылар да биринжок. Демек, жаш сынчылар мууну да (ошол аз авторлорду муун деп айтууга мүмкүн болсо) тыныгууну баштан кечирип жатышат. Дегеле жаштардын чыгармаларын талдоого арналган макалалар, алардын аз да болсо жетишкен ийгиликтери менен кемчиликтерин далилдеп, алардын эртенки күнүн ойлогон авторлор аз. А бул болсо өз кезегинде адабиятыбыздын жалпы эле келечегине кайдыгер мамиле экендигин моюнга албай коюуга болбойт.

Сонку жылдарда чыгармачылык «тушоолору кесилип», бирин-экин жыйнакчалары жарык көрүп, өздөрү жөнүндө адабий сындан пикир угуша элек авторлор көп. Алардын баары болбосо дагы өзүнчө сезгө арзый тургандары бар. Маселен, жаш акындар Шайлообек Дүйшеев, Өмүрбек Тиллебаев, Алым Токтомушев, Кемел Белекөн Нуралы Капаров жана Кожогелди Кулуевдер ырларында кыргыз поэзиясына жаңы образдарды, поэтикалык сапаттарды кошууга (форма боюнча), дегеле жаңычыл нукка (направление) умтулушкандыгын байкабай коюуга болбос. Албетте, бирибирине окшобогон индивидуалдуу өзгөчөлүктөрү бар калемгерлердин ар биринин өзүнө гана тиешелүү кемчилдиктери да бар. Алсак, Шайлообек Дүйшеев («Аптап», 1985-жыл, «Мектеп», Фрунзе), көпчүлүк ырларында традициялуу нукка басым жасап, ошол себептүү мурдатан эле айтылып жүргөн ойлорду, образдарды өзүнүн поэтикалык каражаттары менен кайталап тим болот: (аталган жыйнактагы «Алыкулга», «Тууганджер», «Партизандын өлүмү» ж. б.) Албетте, ар бир ырда эле жаңычылдык боло бербейт. Бирок жаш автор ошол эле жыйнактагы «Бу жолдор кумурска жол...» же «Жол» ырлар циклиндегидей изденүүгө умтулса жакшы болмок. Алым Токтомушевдин да («Жолдогулар», Фрунзе, «Мектеп»). Дүйшеев сыяктуу эле атайын жалпы темаларда жазылган ырларынан («Комуз», «Акын», «Жаз» ж. б.) автордун лячностүүк сапаттары көрүнүп турган ырлары күчтүүрөөк чыгышкан.

Нуралы Капаровдун «Тамызгы» аттуу алгачкы жыйнагы («Кыргызстан» Фрунзе, 1986-жыл) көп жаш акындардын ырларынан дароо эле өзгөчөленүп турат. Анткени бул автордо кайсыл бир өлчөмдө колдой турган сапаттар бар. Маселен, көп жаш акындар ырларында өздөрүнүн жеке интимдүү маселелерине алысташпастан, ошол сапат аларды жалпылап, бири-биринен анчалык айрымалабай турат. Ал эми Капаровдун аталган жыйнагы граждандуулукту, ал тургай өндүрүштүк көп темаларга арналып жазылган ырларды камтыган. Бул албетте, колдоого алардык көрүнүш. Ал эми ошол ырлардын сапаты, көркөмдүк денгээли жөнүндө сөз башка. Дегеле кыргыз поэзиясында Маяковский сыяктанып күнүмдүк «дубал газеталары» үчүн актуалдуу ыр

жазып, аларга түбөлүк өмүр берген акын да жок [illegible]. Бул жагынан алып [illegible] жаш таланткердин аракети, баштаган саамалыгы дурус. Бирок атайын «социа[illegible] [illegible]» [illegible] да акын жүрөгүнөн өткөндө гана нукура поэзиялык сапаттарга [illegible] ни. Ал эми Капаровдун көпчүлүк ырларында («Бүтүрүүчүлөргө», «Үчүнчү бет», [illegible] клеат үй», «Улуу Ата Мекендик» киноэпопеядан кийин», «Макет шаар», «Акындар [illegible]» окуган бүгүн цехте», «ДТ-54», «Заводдон келген тракторго») курулай риторикага, [illegible] дактикага батуудан кутулган эместиги өкүнүчтүү.

Ал эми Кемел Белеков менен Кожогелди Кулуевдин ырларына традициялуулук мүнөздүү. Айрым дурус чыккан ырларга карабастан негизинен прозаизмдин, [illegible] түзүлүштүн белгилери бар. Бул авторлорго көп учурларда кайсы бир окуянын [illegible] аркылуу баяндап, анан акыр аягында эки-үч ооз сентенциялуу бүтүм чыгаруу ([illegible] рифма сыяктуу ачык болбосо да) калыпка куюлгандай өнөкөт болгон.

Проза жанрына келгенде жогоркудай өзүнчө сөз болууга арзый турган [illegible] аз. Ошондой болсо дагы алгачкы жыйнакчалары жарыкка чыгып, аздыр-көптүр дурус ангемелери бар айрым авторлорго кайрыла кетели. Алар Тойчубай Субанбеков («Издер өчпөйт, издер жаңырат», «Кыргызстан», Фрунзе, 1986-жыл), Чоюн Өмуралиев («Ча-барман», «Кыргызстан», Фрунзе, 1988-жыл), Султан Раев («Чаң жол», «Мектеп», 1988-жыл, Фрунзе). Бул жаш калемдердин ангемелерин окуган адам кайдыгер калбайт. Анткени жакшы сапаттары менен да, айрым кемчиликтери менен да алар орто-[illegible] көп авторлордун «өңү-түссүз» чыгармаларынан айырмаланып турат.

Дагы бир кызык жери алар өз кемчиликтери менен да бири-биринен кескин айырмаланып турушат. Алсак жалпы стили, баяндоо манерасы боюнча Тойчубай Субанбековго газеталык-фельетондук элементтерге бай болгон ыкма мүнөздүү болгону менен, асыресе, автор баяндаган окуяларын реалдуу турмуштан алыс кылып берет. Ал эми Чоюн Өмуралиев өз ангемелерин поэтикалуу жасалгалоого көп көңүл бөлөт. Ошондон улам айрым дурус эле ангемелер («Чабарман», «Тоодогу жомок») [illegible] чыгарылгандай таасир калтырат. Албетте, бардык эле чыгармада автордун логикасы [illegible] кез карашы катышат дечи, бирок ошол сапат өзгөчө орунду ээлеп, чыгарманын башка жактарын жаап калганы жакшы эмес. Ал эми Султан Раев тескерисинче «турмушту көчүрүп жазылгандай» натурализмге ыктаганы байкалат. Бул сапат автордун [illegible] ангемелерине — «Чаң жол», «Пусу шаарга барганда» да мүнөздүү. Бул айрыкча диалог куруудагы (кайсыл бир учурда автордук баяндамада дагы) диалект сөздөргө көп көңүл бөлүүдөн көрүнөт.

...Демек, убактылуу тынымга карабастан адабияттын түбөлүк көчү уланып, улам жаңы муундун өкүлдөрү болгон жаңы ысымдар келип кошулуп жатышкандыгы айкын болду. Убактылуу тыныгуунун дагы бир субъективдүү себеби — аталган жаштардын дээрлик баары өз дебюттарын адабий критерийлер өз доору менен кошо өзгөрүп жа-тышканда жаратышты. Жогоруда биз жакынкы эле кайра куруу, ачык айтуу доору-на чейин басма сөз жалпы эле коомчулук көп жаап-жашырууларга кириптер болуп жүр-гөндүгүн белгиледик. Ал эми жогоруда аталган жаштар бул көрүнүш башкача болуп өзгөргөн убакта алгачкы чыгармаларын жарыялап олтурушат. Бул бир жагынан алар-га кеңири мүмкүнчүлүктөрдү ачканы менен экинчиден көркөм чыгармаларга коюлган талаптардын кескин жогорулап кетишине байланыштуу кыйынчылыктарды туудурду. Анткени, азыркы учурда күндөлүк мезгилдүү басма сөз беттеринде да кээ бир «көр-көм чыгармалар» камтыган ойлорго караганда алда канча трагедиялуу, драмалуу турмуш чындыгынан алынган кайталангыс фактыларды камтыган окуялар чагылдыры-лып жатат. Бул болсо өз кезегинде окурман үчүн болгон «атаандашууну» туудуруш-керек. Албетте, мезгилдүү басма сөз менен көркөм адабият аткарчу озуйпалардын бири-биринен кескин айырмаланары жалпыга белгилүү. Бирок ошого карабастан, мез-гилдүү басма сөз бетинде күн сайын жолуккан баягы биз айтып өткөн сапаттар (курч проблемалуулук, трагедиялуулук, драмалуулук, ж. б. турмуш чындыгынан алынып жа-зылган фактылар) көркөм чыгармада жок болсо, бул кемчилдик экени түшүнүктүү эмеспи. Асыресе, акын-жазуучунун күчү да биринчи иреттен өзү жашаган коомдун, элдин көйгөй маселелерин канчалык денгээлде чындыкта чагылдырганы менен өлчөнөт эмеспи. Сөз келе калганда айта кетүүчү нерсе — кайра куруу, ачык айтуу доорунда көркөм адабият да публицистикалык илепке катуу басым жасап, курч маселелерди көтөргөн бир топ бараандуу чыгармалар пайда болгонун эч ким тана албас. Алар Чың-гыз Айтматовдун «Кыямат» романы, Валентин Распутиндин «Өрт» повести, Анатолий Рыбаковдун «Арбаттын балдары» жана Даниил Гранининдин «Зубр» романы... Эгерде жогоруда аталган чыгармалар масштабдуулугу, маселенин орчун коюлушу боюнча Лев Толстойдун «Унчукпай кое албаймын!» деген бийлик ээлерине жазган ачык каты менен теңтайлашса, бүгүнкү кыргыз адабиятына келе турган болсок көпчүлүк чыгармаларга турмушту «боеп-коөздоп» көрсөтүү байкалат. Айрыкча, жаш прозачылардын чыгарма-ларынын көпчүлүгү турмуш чындыгынан алыстап, реализмдин принциптеринен тайып, кээде аларда кайсыл мезгил жөнүндө сөз болуп жатканын да ажырата албай калууга болот. Биз бардык эле чыгармаларда публицистикалык элементтер болушу керек де-ген ойдон алыспыз, тек гана ар бир чыгармада абстракттуу элестерден арылган, конк-реттүү проблема коюлган түйүндүн зарылдыгын айтып жатабыз. Тескерисинче, бул маселенин экинчи тарабы — жаш авторлор кээде турмушту газета сыңары көчүрүп, натурализмге баткан учурлар да арбын. Чыныгы көркөм чыгармага коюлуучу крите-рийлер «турмушту өзүндөй кылып көчүрүп жазууда» эмес. Ошондуктан А. П. Чехов айткан «Жазуучу турмушту кандай көрсө ошондой сүрөттөбөй, ал кандай болушу ке-рек — ошондой кылып жазганы абзел» дегенин эскере кетсек.



Дыргы он жылдан бери жаштардын чыгармачылыгына советтик партиялык же-
текчилик жана чыгармачыл союздар тарабынан ишкердүү камкордук көрүлүп, бир нече
томдор менен а анганы белгилүү. Бул болсо жаштардын чыгармаларына мелги-
сөздөн жана басмалардан көбүрөөк орун берилишине алып келди. Айтор,
салыштырмалуу абал бир топ жакшырганы дайын. Бирок ошол жарыяла-
көрүп жаткан чыгармалардын санынан сапатына өтүп, ошол жөнүндө
жарыяланып, жыйнактардын санын арттырып турууда эмес экен-
башка абалга дуушар болгонубузду да айтпай кетүүгө болбос.
бир гана жарыяланып, жыйнактардын санын арттырып турууда эмес экен-
көрүлгөн чыныгы камкордук — адабияттын эртеңки келечегин ойлоо —
чыгармаларга көңүл бөлүп, алардын ийгиликтери менен кемчил-
талдап белгилеп, жаш авторго өз жолун, стилин, үнүн табууга көмөкчү
гана реалдуу ишке ашат. Маселенин ушул тарабы азырынча талапка ылайык
сезилет.

Ошентип, азыркы жаш калемгерлердин чыгармачылыгындагы убактылуу тыным-
объективдүү жана субъективдүү себептерин талдай келип бардык «болгон айып»
алардын мойнунда эместигине күбө болгонсудук. Албетте, «ак кагаз үстүндө иштеп
турган ар бир жазуучу жеке курман болот» дегендей тигил же бул чыгарманы жа-
луда эч ким конкреттүү жардам көрсөтө албасы анык, бирок ошол чыгарма жа-
ган соң аны «ачып», «оң» жана «терс» жактарын авторго жеткирип, кийинки иште
көрсөтүү адабий коомчулуктун иши.

Эми акырында айтылган ойлорду жыйынтыктоо иретинде бир-эки ооз сөз: азыркы
жаштардын чыгармаларына токтолуп, алардын чыгармачылыгындагы айрым жал-
пы маселелерди талдап көргөн соң кыргыз жазма адабияты бүгүнкү күндө татаал про-
цессти баштан кечирип жаткандай сыяктанат. Баягы биз жогоруда айтып өткөн-
дөй — улам жаңы муундар алмашкан сымал азыр да кыргыз адабиятындагы бир муу-
ну — жаңы муун муунду толукталып жатат.

Жаштык өмүрдүн эң сонун курактарынын бири. Чыгармачылык жаштык жөнүн-
дө сөз болгондо деле ошону кайталоого болот. Себебин ушул куракта гана сүрөткер
өзүнө изденүүлөрдү (өз стилин, үнүн, темасын ж. б.) баштан кечирет. Мына, жакында
(он жылдан бир аз ашуун убакыт калды) кыргыз адабияты да өзүнүн жаңы «барагын»
ачып, жаза учуру башталган биринчи кылымды тарыхына калтырат... Макалада
каралган авторлордун дээрлик баары жаштар (же чыгармадагы дебютун бир учурда
ашкандар) азыр алар элибиз айткандай, «бешиктеги баланын бек болорун ким би-
лет» деген куракта. А жаңы кылымда кыргыз адабиятынын жаңы
айкын болуп, адабиятка кийинки жаш муун кошулган чакта аталган авторлорду
рыны чыгармачылык жетилген курагы болот. Ким билсин, алар ошол чыгармачылык
жетилүү курагына чейин дагы кандайча изденүүлөрдү баштан кечиришерин, ошол
жетилген чыгармачылык куракты кандай деңгээлде тосуп алышарын? А биз болсо
адабиятыбыздын келечеги болгон жаштарга баятан айтылган ойлорду кайталап коелу:
алар азырынча өздөрүнүн потенциалдык мүмкүнчүлүктөрүнөн төмөн абалда калып
калышет. Бул биз бөлүшкөн ой толгоо башка жаш авторлорду да ойго салып, аларды
жаңы кылымды жаңы деңгээлге көтөрүлүү менен тосуп алуу керек, кыргыз жазма ада-
биятынын жаңы этабы анын тарыхында өзгөчө орунду ээлеши керек деген ой толгоолор-
го багыттаса чакан макала өз ишин аткарган болор. Азыр болсо жалпы жыйынтык
чыгарбай эле, ашыкпастан макаланы ушул суроолуу интонация менен аяктайлы.

АЗИЯ
МИНСКЫЛ
ЗАМАША

# ТАМСИЛДЕР

## Кунаажын менен өгүз

Кыштын күнү
Кызыл өгүздү көрүп,
Кырда жүрген оттоп.
Сарала кунаажын
Сандан чыгып барып,
Салам айтты токтоп:
— Булкунуп турган,
Буканчар кезиктен бери билемин.
Ошон үчүн келдим,
Орундалар бекен тилегим?..
Ырас азыр андай эмес,
Ыргалып арыксыз.
Жаде келсе чөптү,
Жакшылап чайнөй албай калыпсыз.
Мээреше басып,
Мелтүр булактан ичип суусасак.
Чокулуп эзрчил сөз менен,
Чогуу жатып, чогуу жуушасак.
Кокус кырсык тоорусе,
Кор кылбан карга, кузгунга
Этиңиздан илдирип,
Эң биинк устунге.
Чүкүлдеген суктарга,
Чүчүгүңүздү чактырбай,
Тал жүнүңүздү,
Талаага жаткырбай,
Башым жерге киргиче,
Баалап-барктап сөздөй эрибизди
Үстүме жамынып жүрөт элем.
Үлпүлдеген алдагы жып-жылуу терилүү
— Токтот сезүңдү,
Толтомду чымчылаган.
Колуктудан сөндөй,
Кош мүйүзүм делөй зыркыраган.
Кургак алдебай
Куулукту да ыгы менен үйрөнсөң.
Ысыганда эле ыргыта сүзөөрүн б ишип,
Үшүгөнүңдө үйлөнсөм.

Өзүңөр күбөө мына,
Өгүздүн кебине.
Кол куушургандан бөлөк,
Кошумчалайт элек эмнке.

## Өгүз менен кунаажын

Карүл-билип калып,
Көмүскө жүргүзген көп ишин
Сарала ун аркандап салды,
Сазга өзүнүн Өгүзүн.
Күп ошол кезде,
Күйрүктү көтөрүп жогору,
Жаш кунаажын сайгактап,
Жанынан өтсө болобу.
Көрө сала ак төш, алак көз неменик
Кейрөк баккуштун.
Кеадемү тыкчтык береби.
Эсине түшүп,
Эски өнөрү.
Атырылып делдектеп,
Артынан жөнөдү.
Аңга түшсүнчү бирок,
Алжыганда салган оюну,
Аркан чөгүнө жеткенде,
Ала салып кеткенде,
Астында калды кайрылып,
Арка-моюну.
Эмесе бул темсилге,
Эркектер билөм, унчукпайт.
«Ошентмек андай немөө деп,
Окуган аяштар гана тыкч уктөйт.

## Ташбака менен үлүл

Так атпай үрүл-бүрүл,
Талаадан жолугул калышып,
Ташбака менен Үлүл.
Убанымга түшүшүп,
Учурашмак түгүл.
Баштарын ичине катышты.
Чук кыймылдашпак
Түш оолп, кеч киргенче жатышты.
Көз баңканын,
Көрүнбөй калганда гана эч марсе
Эстерин жыныштып,
Экөө эки жакка качышты.
Ары-бери чаргытпай,
Айтсак сөздү эмдиги,
Ары коркок ары елсыз,
Алардын табияты белгилүү.
Бирок адамдарды да көрүп,
Өмүр бирнинн саламынен чочуган
Чыдам албай бул мисал,
Чыгып катты оозумен.

РАМИС РЫСКУЛОВ. «Адам жана алам» үчилтигинин үчүнчү көрүнүшү.



РАМИС РЫСКУЛОВ. «Футбол жана планета бийи»

ИЛЬИНА Л. А.. 1915. Жазуучу Түгөлбай Сыдыкбековдун «Бүздин замандын кишилери» романына тартылган сүрөт.



# Ала Тоо

АЙ САЙЫН ЧЫГА ТУРГАН АДАБИЙ-КӨРКӨМ ЖАНА КООМДУК-САЯСИЙ ЖУРНАЛ

КЫРГЫЗСТАН ЖАЗУУЧУЛАР СОЮЗУНУН ОРГАНЫ

## МАЗМУНУ

**ВУТКУЛСОЮЗДУК V ТУРКОЛОГИЯЛЫК КОНФЕРЕНЦИЯГА**

**Азиз САЛИЕВ.** «Манас» жана Саякбай . . 3

**Асанбек СТАМОВ.** Ууру менен сүйлөшүү, юморлуу аңгемелер . . . 21
**Асан ЖАКШЫЛЫКОВ.** Ысык-Көл сонатасы, ырлар . . . . . 51
**Орозбек АЙТЫМБЕТОВ.** Эки аңгеме: Боз байтал, Келчуктөгү элес . . . . 61
**Асылбек МЕДЕТБЕКОВ.** Ырлар . . . . . 98

**ИЗДЕНҮҮ, ТАБЫЛГА, ЭСКЕРҮҮ**

**Нарман МУХАМЕТХАНОВ.** «Феникс»-«Манас» жана Муктар Ауэзов . . . 101

**ОЧЕРК, ПУБЛИЦИСТИКА**

**Жыргалбек ТУРДУКОЖОЕВ.** Азгырык . . 118

**ИЗДЕНҮҮ, ТАБЫЛГА, ЭСКЕРҮҮ**

**Өмүркул КАРАЕВ.** Байыркы түрк эстеликтери жана араб-перс аяторлору кыргыздар жана Кыргызстан жөнүндө . . . . 127

**УСТАТТЫН ӨНӨРКАНАСЫНАН**

Америкалык жазуучулар адабият жөнүндө:
**Коттон МЭЗЕР.** Поэтикалык курум . . . 136
**Эдгар АЛЛАН ПО.** Чыгармачылыктын философиясы . . . . . 137
**Томас ВУЛФ.** Бир романдын тарыхы . . 139

**ӨНӨР**

**Леонид СТРОИЛОВ.** Афгандык кыргыздар 142

**АДАБИЙ СЫН, АДАБИЯТ ТААНУУ**

**Калыбек БАЙЖИГИТОВ.** Азыркы кыргыз повесттери . . . . . 154

ГБ Киргизской ССР
1988
имени В. И. Ленина

№ 8

АВГУСТ

1988

1931-жылдан бери чыгат

«АЛА-ТОО»
ежемесячный литературно-
художественный и общественно-
политический журнал

Орган Союза писателей Киргизии

Башкы редактор Канаш ЖУСУПОВ

Редакциялык коллегия: Шабданбай АБДЫРАМАНОВ, Акмалбекова, Мар БАЙМИЕВ, Камбаралы БОБУЛОВ, Осман Д. [illegible] кеев, Ашым ЖАКЫПБЕКОВ, Асан ЖАКШЫЛЫКОВ, Толгонай [illegible] ков, Эсенгул ЫЛЫЧИЕВ (жооптуу секретарь), Анвар РЫСКУЛОВ, Садык САДЫКОВ, Асанбек СТАМОВ, Кашкен ЭДИЛБАЕВ (башкы редактордун орун басары), Сейтибай ЭРАЛИЕВ

Техн. редактор И. Куликова. Корректорлор З. Жамбетсалиева, Ж. [illegible]

«Ала-Тоо» басмасы

Кол жазмалар рецензиялангандан жана кайтарылып берилбейт.
Журналдагы материалдарды жалпы көчүрүп басууга Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин Басмасынын басмаканасында кайрылгандан журналга макулдук алынгандан кийин гана жарыялоого болот.
Редакциянын адреси: 720131, Фрунзе ш., Киров көчөсү, 207. Телефондор: редактор — 21-11-76, башка редакциялык отуучу бөлмөлөр — 26-46-14, секретарь — 26-55-12, Бөлүмдөр — 22-18-94, 26-49-95, 22-38-21

Терүүгө 18.05.1988-ж. берилди. Басууга 27.06.1988-ж. кол коюлду. Кагаз [illegible] № 1. Форматы 70×108 1/16. 11,45 шартуу басма б. т. 12,8 эсеп-нашр б. т. Заказ 1830. Д—01796. Тиражы 49000, Баасы 70 т. Инд. 77460.

720131. Фрунзе, типография издательства ЦК Компартии Киргизии, ул. Правды, 24.

© Издательство «Ала-Тоо», 1988 г.

Азиз Салиев

# «Манас» жана Саякбай

I

ликке тартылгандардын саны 1987-жылы 1986-жылга салыштырганда 66
процентке өстү.

Республикабызда аракечтикке, алкоголизмге, самогон тартууга
—зна спирт ичимдиктерин алыпсатарлык кылууга каршы күрөштө про
филактикалык тарбиялык чаралар көңүрү ишке ашырылууда. Бул мак
сатта соттук кечме заседаниелердин, өкүмдөрдү эмгек жана окуу
коллективдеринде талкуулоонун, атаандын аныктамалардын, укук-у про
пагандалоонун мүмкүнчүлүктөрү пайдаланылып жатат.

Айрым жерлерде аракечтикке каршы күрөшүү администрациялык
чараларды колдонуу менен гана чектелип калууда. Коомдук тарбия
лык мүнөздөгү таасир көрсөтүү чаралары анча пайдаланылбай жатат.
Алкоголизмге каршы закондорду пропагандалоодо жана түшүндүрүүдө
да системалуулук жетишсиз болуп, бул иш бир беткей жүргүзү
лүүдө.

КПСС Борбордук Комитети 1987-жылы 22-майда кабыл алган
«КПСС Борбордук Комитетинин аракечтикти жана алкоголизмди жоюу
боюнча токтомдорунун аткарылышынын жүрүшү жана бул ишти актив
дештирүү жөнүндө» токтомунда социалдык коркунучтуу иллетти жоюу
ну партия кайра куруунун составдуу белүгү катары караарын, ба
багытта артка чегинүү жана күч-аракетти бошоңдотуу болбой турганын,
сергектикти турмуш нормасына айландыруу иши акыр-аягына чей
жеткирилүүгө тийиш экендигин баса белгиледи.

Пайдалуу натыйжаларды бере баштаган катуу жана чечкиндүү ча
ралар манчыркап калууга негиз бере албайт. Демек, коомдук турму
шубузда орун алган башка жат көрүнүштөр сыяктуу эле баңгилик
аракечтикти жоюу боюнча элдешкис күрөш туруктуулук менен күч
түлө бермекчи.

**Жыргалбек ТУРДУКОЖОЕВ,**
Кыргыз ССР юстиция министрлигинин улук кө
рн си.

ИЗДЕНҮҮ, ТАБЫЛГА, ОКЕРҮҮ

**Өмүркул Караев**

# Байыркы түрк эстеликтери жана араб-перс авторлору кыргыздар жана Кыргызстан жөнүндө

Макалада байыркы түрк тилиндеги эстеликтердин табылышы, окулушу жана изилдениши, орто кылымдардагы айрым араб-парс авторлорунун эмгектери, алардын кыргыздар, Кыргызстан жөнүндөгү маалыматтарынын мазмуну жана маниси жөнүндө баяндалат. Кээ бир даректердеги кыргызчалаштырылган сөздөр жана сөз түзүндүлөр да келтирилет.

СЫРХОН-ЕНИСЕЙ ТҮРК АЛФАВИТИ VI-VII-кылымдарда пайда болуп, X-XI-кылымдарга чейин колдонулган. Бул байыркы руникалык жазуу негизинен чоң стела таштарга, асканын жылмакай беттерине жана кой таштарга чегилген. Мындан тышкары майда буюмдардын беттерине жазылгандары да белгилүү. Алардын басымдуу көпчүлүгү Хакасия, Тува, Алтай, Монголия, Или жана Кыргызстандын аймагынан табылган. Байыркы руникалык жазууну Борбордук жана Орто Азияда жашаган түрк элдери пайдаланышкан.

Адегенде табышмактуу ташка чиймеленген бул жазуулар жөнүндө биринчи кабар XVII-кылымдын аяк чендеринде Түштүк Сибирден келген. 1721—1722-жылдары немец натуралисти Д. Мессершмидт жана швед офицери Табберт (Страленберг) Енисей өрөөнүнөн таштарга, күзгүнүн сыныктарына жазылган эстеликтерди табышкан. Алар аны биринчи жолу рун жазуусу деп аташкан. Мындан кийинки мезгилдерде окумуштуулар, край таануучулар жана саякатчылар Енисей, Саян, Тувадан көп сандаган руникалык эстеликтерди табышып, алардын көпчүлүгүн 1877-жылы уюшулган Минусин музейине өткөрүшкөн.

1889-жылы Н. М. Ядринцев биринчи жолу Орхон өрөөнүнөн (Монголия) чоң таштарга чегилген көп руникалык эстеликтерди тапкан. Алардын кечүрмесүн В. В. Радлов изилдөөчүлүк кылган атайы экспедиция тартып келген. Монголиядан чоң баалуу рун жазууларын Д. А. Клеменц, Е. Н. Клеменц (1883—1895-жылдары), Г. Рамстед (1909) жана О. Котвич (1912) ачкан. Бул эстеликтер табылган өрөөндөрдүн атынан орхон-енисейлик же байыркы түрк жазуулары деп аталып калган.

1893-1898-жылдары край таануучу В. А. Каллуар, жергиликтүү мугалим Гастев жана Г. Гейкель башчылык кылган фин экспедициясы Талас өрөөнүнөн байыркы түрк жазууларын табышкан. Октябрь революциясынан кийин рун эстеликтерин табуудагы С. В. Киселев, Л. А. Евтюхова, Л. Р. Кызласов, С. Г. Кляшторный,, Д Ф. Винник жана Ч. Жумагуловдун иштерин айрыкча белгилеөгө болот.

1893-жылы даниялык окумуштуу В. Томсен жана орус түрк изилдегичи В. Радлов орхон-енисейлик эстеликтердеги табышмактуу тамгаларды биринчи жолу окушкан. Алардан кийин бул байыркы түрк жазуу эстеликтерин изилдөөгө П. М. Мелиоранский, С. Е. Малов, И. А. Батманов, В. М. Насилов, А. Н Кононов, Н. А. Баскаков, Л. Р. Кызласов, С. Г. Кляшторный, Д. Д. Васильев, Ч. Жумагулов ж. б. көп эмгек сиңиришти.

Байыркы түрк эстеликтерин С. Е. Малов «Памятники древнетюркской письменности» (1951), «Енисейская письменность тюрков» (1952) жана «Памятники древнетюркской письменности Монголии и Киргизии» (1959) деген эмгектеринде жарыялаган. И. А. Батманов Енисей региону боюнча жаңы жана мурунку табылган эстеликтерди кайрадан тактап окуп чыгып, аларды «Памятники древнетюркской письменности Тувы» (1963-1965) деген үч жыйнакта жарыялаган. «Орхон-Енисей текстгери» аттуу коллектив жазган монографияда (1982) биринчи жолу орусча-кыргызча котормосу берилип, ал эстеликтердин фонетикалык, лексикалык жана грамматикалык өзгөчөлүктөрү да каралган. Көп сандаган окумуштуулардын эмгектери орхон-енисей жазууларынын айрым масалелерине ерналгандыгын айта кетишибиз керек. Байыркы түрктөрдүн бул эстеликтерин изилдөөдө Ю. Немет, Г. Рамстедт, В. Банг, А. Габен, Т. Текин, Д. Клосон, П. Аолто сыяктуу чет элкелүк илимпоздордун сиңирген эмгектери да чоң.

Бул рун эстеликтерин ким жазгандыгы жана алар кайсы түрк у-
диги белгисиз. Енисейден табылган № 24 текстте «Муну жазга
на бир сүйлөм кездешет.

Ал эми орхон-енисей эстеликтеринин тили жөнүндө ар кандай ойлор айтыла келе жатат:

В. Радлов—алар байыркы түрк тилинде жазылган.

В. Банг— кок түрктөрдүн тили.

С. Малов — жалпы стандарттуу эпитафий-руникалык тил.

А. Кононов—огуз тилдеринин жазуу эстелиги.

Н. Баскаков—бул жазуунун тили моиолитттүү болгон
камты ган.

И. Батманов—уруулардын ортосундагы жалпыланган тил.

С. Кляшторный—балким, бул тилдин алгачкы негизи ашина (түрк) диале
болуп, кийин түрк каганатынын мамлекеттик тилине айленгэн чыгар.

Орхон-енисей жазуусунун чыгышы жөнүндө да ар кандай пикир
ичинен Н. Аристовдун ою боюнча Орхон рундары түрктөр
де лайда болушу мүмкүн. Ал жазууиун системасында Енисейдеги
нулуп жүрган тамга-белгилердин бар экендигине тарыхчы С. В. Киселев
набайт. Айрым окумуштуулар бул жазууда идиографиялык
«ай» деган сөздүн жаралышы жарым ай түрүндө, «ок» деген сөздүн
жаанын огу сыяктуу белгилердин болгондугуна көңүл бурушат. В.
ранский, С. Малов жана И. Батманов өндүү түрк изилдегичтер
Орхондогу рундардан алда качан мурун болгондугуна күнөм кыл

Айрым көрүнүктүү түрк изилдегичтердин пикири боюнча енисей эстеликтери кыр-
гыздарга таандык болгон. Ал жөнүндө С. Е. Малов мындай деп жа
акад. В. В. Радлов жана проф. В. Томсендин ертынан енисей эстеликтери кы
таандык змес деп эсаптөөгө менин эч кандай себебим жок.» Бул орх
терин биринчилерден болуп изилдеген залкар окумуштуунун айтк
ге калтырышыбыз керек змес. Азыркы кыргыз жана ага жакын текте
эстеликтеринин тилинен айырмалай турган фонетикалыи, грөмматикалык жана
лык белгилёри Енисей доорунан кийин пайда болду деген ойду кийинки
изилдегичтер баса көрсетүүдө.

Азыр кыргыз, тува, хакас жана бшка түрк элдеринин тилинин тары
орхон-енисеи эстеликтеринин тилдик фактылары негизги фундамент ка
кылууда.

Бул рун тексттеринде байыркы түрк, түргеш, карлук, кыргыз жана уйгур каг
тарыкын ички-тышкы саясаттары, алардын башкаруучу-ак сөөктөрүнүн
залоо, VI-VIII-кылымдарда Енисей,Саян-Алтай, Монголияда жашаган элдеринин тары-
хына тиешелүү баалуу маалыматтар бар. Төменде алардан эки үзүндү
Тонукукка арналган эстеликтен (текст):

«Артыкча Кыргыз күчтүү каган жообуз болду. Ал уч каган ойлошуп
Алтын-Жышта кабышалык (биригелик) деген, ошондой (сүйлөшүштү). Чыгы
каганына карай кол жөнөтелүк, ага каршы согушпасак, кандай болсо да, ал бизди
(жеңет)».

Могилян канга арналган эстеликтен:

«Жыйырма алты жашымда чик журту кыргыз (менен) бирге жоо болду. Көм
(суусун) кече (кечип), чиктерге карай жортуулдадым. Өрпөнде согуштум, колун жы
тым (талкаладым). Аз (журтун) элин алдым, багындырдым. Жыйырма жети жашы
кыргызга карай жортуулдадым, найза батымынча карды жирөп, Көгмөн жыш тоосу
чыгып, кыргыз элин уктап жатканда бастым. Каны менен Суңа согуштум. Каганын
түрдүм, элин алдым. Ал жылы түргөшкө карай Алтын жышты ашып, Эртис (Иртыш)
дарыясын кечип жортуулдадым» (Орхон-Енисей тексттери, Фрунзе, 1982, 87, 107-бет-
тер). Бул тексттеги тарыхый окуялар 709-710-жылдары болгон. Анда экинчи Чыгыш
Түрк мамлекетинин аскер башчысы Тонукук жана кагандын уулу Могилян кышында
Саян тоосун ашып, түн ичинде чабуул жасап, бейкут жаткан енисейлик кыргыздарды
багындырган. Бул жана башка алар катышкан саясий окуялар Тонукуктун (716-жылы
каза болгон) жана Могиляндын (735) байитынын үстүнө коюлган ташка чегилген. Мын-
дан орхон-енисей эстеликтеринин авторлору өзүлөрү катышкан же укkан чындык
окуяларды чеккендигин жана андагы маалыматтарын түрк элдеринин тарыхын изил-
дөөдөгү зор маанисин көрүп турабыз.

**Араб** тилинде жаралган тарыхый-географиялык чыгармалардын өнүккен доору IX-X-кылымдарга туш келет. Бул мезгилдерде ондогон саякатчылар жана географтар Орто Азия, Казакстан жана Чыгыш Түркстандын аймагында болушуп, өзүлөрү көргөн же укkан маалыматтардын негизинде көп сандаган эмгектерди жазып калтырышкан. Азыркы күнгө чейин сакталып келген алардын китептеринен I Жети-Суу, Борбордук жана Батыш Тянь-Шандын физика-географиялык шарты, андагы жашаган калктын саясий түзүлүшү, кесиби, тили, маданияты, дини, шаар-кыштактары, соода жолдору жөнүндө кызыктуу маалыматтарды окуй алабыз.

Араб авторлорунун ичинен Кыргызстандын тарыхына тиешелүү эң алгачкы кабарды Тамим ибн Бахрдын күнделүгүнөн кездештиребиз. Анын өмүр-баяны жөнүндө маалымат жок. Тамим VIII-кылымдын экинчи жарымында Чыгыш Түркстанга жасаган саякатында Жогорку Барсхандын (Ысык-Көлдүн жээгинде) аймагында сегиз шаар жайгашкандыгын баяндайт.

Тамимдин кенже замандашы Табари 839-жылы Таберистандын (Каспий деңизинин түштүк жээги) Амул шаарында ирендык ак сеектүн үй-бүлөсүндө туулган. Ал бир топ шаарларга барып, билимин өркүндөткөн. Табари өзүнө сунуш кылынган кызматтардан баш тартып, бүт өмүрүн илимге арнаган. Ал 923-жылы Багдад шаарында дүйнөдөн өткөн. Табари өзүнөн мурун жазылган бир канча тарыхый булактардын негизинде 20дан ашык эмгектерди жараткан. Алардын ичинде анын кап томдон турган «Тарых көрүнүктүү орунду ээлейт. Анда биздин доорго чейин келип жатпаган бир канча автор/ердун эмгектеринен алынган тарыхый баалуу үзүндүлөр бар. Лайниграддык окумуштуу В. И. Беляев Табаринин «Тарыхынан» Хорасан (Ирандын түндүк-чыгыш бөлүгү) жана Орто Азияга тиешелүү маалыматтарды иргап орус тилине которуп чыккан. Анын жакында анын бул жыйнагы окурмандарга тартуулланды (История ат-Табари, Ташкент, 1987). Анда VIII-кылымда Кыргызстандын аймагында болуп өткөн айрым саясий окуялар жөнүндө кабарлар бар. Алсак, ордосу Неваекет (азыркы Камин районундагы Орловка селосу) шаары болгон түргеш каганы Сулу Орто Азияда араб баскычылдыгына каршы күрөшкө көтөрүлүү катышкан. Ошондуктан ал «сүзенеек» деп аталып калган экен. Ал жөнүндө Табаринин «Тарыхынан» үзүндү келтиребиз:

«Хакандын менчигинде чабынды талаасы жана корук тоолору бар эле, аларга эч ким жакындоого жана ал улоого батына алчу эмес. Алар (атайын) согуш максатына сактанган. Чабынды талаанын кеңдиги үч күндүк (жол), тоолордогу коруктар (да) үч күндүк (аралыкка созулган). Адамдар (согушка) даярдана башташты, (алар) малдарын жайытка чыгарышты, ак улоодон алтүрүлгөн айбандардын терилерин ашатып, алардан идиштерди даярдашты, мындан башка жааларды жана жебелерди жасап киришти. Хакан токулган атын жана бир койду алып келүүнү буюрду, аны (койду) барчалап болуп (сүрсүтүү үчүн) илгичтерге илишти. Андан кийин хакан бир канча кылемде туз алып, аны баштыгына салып, куруна кыстарып алды. Ал ар бир түркө ушундай кылуунү буюруп мындай деди: «Арабдарды Хутталдан жолуктурганга чейин бул силардин жол азыгыңар (болот)». (История ат-Табари, Ташкент, 242-б.).

Эртечкы араб географтарынын бири Ибн Хордадбех 820-жылы Иранда ак сеектүн үй-бүлөсүндө туулган жана билим алган. Ал ар кайсы жооптуу административдик кызматтарда иштеген. Маселен, Жибаль провинциясында почтанын начальниги болуп иштеп, өлкөнүн ички-тышкы аалы менен жеткиликтүү кабардар болгон. Ибн Хордадбех бир канча эмгектерди жараткан. Бирок алардын ичинен «Мамлекеттер жана жолдордун китеби» («Китаб ал-масалик аа-л-мамалик») гана биздин доорго чейин сакталып калган. Бул эмгек 846-847-жылдары жазылып, 885-886-жылдары кайрадан иштелип жана толукталып чыккан. Анда Орто Азиянын шаар-кыштактары жана соода жолдору жөнүндө маалыматтар бар. Ибн Хордадбехтин жазганы боюнча Самарканд тараптан Кыргызстандын түштүк аймагында—Куба, Ош, Өзген, Атбашы (азыркы Кошой-Корголон талдыгы) жана Ысык-Келдүн жээгиндеги Барсхан шаарлары аркылуу Чыгыш Түркстанга карай соода жолу өткөн. Ал эми Самарканддан чыккан түндүк соода жолу Шаш (Ташкент), Исфиджаб (Сайрам), Тараз (Жамбыл), Мерке, Неваакет, Боом капчыгайы аркылуу Барсханга келген. Ибн Хордадбех түрк элдериниң тизмесинде кыргыздарды да атап кеткен. Автор 912-жылы дүйнөдөн кайткан. Анын кол жазмасы француз тилиндеги котормосу менен 1889-жылы басылып чыккан.

Ибн ал-Факих Хамадан шаарында туулган. Өмүр баяны тууралу кабарлар жок. Ал 902-903-жылдары бизге толук келип жетпеген «Мамлекеттер жөнүндө маалыматтар китебин» (Китаб ахбар ал-булдан») жараткан. Анын бул эмгегин 1022-жылы Али аш-Шайзары деген бирөө кайрадан иштеп кыскарткан. 1923-жылы Мешхед шаарында ал-Факихтин китебинин экинчи белүгүнүн толук редакциясы табылган. Анда түрк урууларынын аттары, Орто Азиянын шаар-кыштактары жана соода жолдору жөнүндө маалыматтар бар. Ибн ал-Факих Ибн Хордадбехтин эмгегин пайдалангандыктан, алардын Кыргызстандын тарыхы-географиясы тууралу жазгандары окшош. Ибн ал-Факихтин Али аш-Шайзары кыскарткан китебинин варианты 1885-жылы басылып чыккан.

Кудама ибн Жафар Бесра шаарында чиновниктин үй-бүлөсүндө туулган (жылы белгисиз). Ал почта начальниги, текшерүү ведомствонун башкаруучусу болуп иштеген. Кудама бир канча эмгектерди жазган. Алардын ичинен биздин доорго чейин «Жер налогу китеби» («Китаб ал-харадж») гана келип жетти. Бул эмгек болжол менен 928-жылы жазылып, ал автор жогорку аталган кызматтарда иштеп жүрген мезгилдеги чогулткан официалдуу материалдарга жана мурунку тарыхый булактарга негизделген. Кудама Ибн Хордадбех пайдаланган даректер менен жакшы тааныш болгон. Ошондуктан алардын тарыхый-географиялык маалыматтары окшош. Бирок Кудама ибн Жафар Орто Азиянын (анын ичинде Кыргызстандын) аймагындагы соода жолдорун Ибн Хордадбехке караганда толугураак сүреттеген. Кудаманын китеби 1889-жылы жарыяланган. Андан Чүй ереөнү боюнча кеткен жол жөнүндөгү маалыматтын котормосун беребиз:

«Куландан (азыркы Кулан станциясынын жанындагы уранды) бай кыштак Биркиге (азыркы Мерке) чейин 4 фарсах (бир фарсах 6-7 км. туура келет). Биркиден Куландын эң талаасындай болгон талаа менен Аспарага (Ашпара) чейин 4 фарсах. Аспарадан чоң кыштак Нузкетке чейин 8 фарсах. Нузкеттен чоң кыштак Харранжуванга чейин 4 фарсах. Харранжувандан чоң кыштак Жулга чейин 4 фарсах. Жулдан чоң кыштак Сарыгга (азыркы Красная речка урандысы) чейин 7 фарсах. Сарыгдан түрк хаканынын ордосуна (Ак-Бешим урандысы) чейин 4 фарсах, андан Кирмиравга—2 фарсах. Кирмиравдан Неваакет (азыркы Орловка селосунун айланасында) шаарына чейин 2 фарсах. Неваакет шаарынан чоң кыштак Бенжикетке чейин 2 фарсах. Бенжикеттин бир тарабында дагы кыштак бар. Неваакет чоң шаар, андан Барсханга (Ысык-Келдүн түштүк

ал-мамалик») жазып, аны 950-жылы кайра ... Азиянын тарыхы-географиясы боюнча баалуу деректердин ... биздин доорго чейин келип жеткен. Балхинин (X к.) ... акын кеп жерлерин кайра иштеп чыккан жана жаңы ... ган. Айтмакчы, бул эки автор Орто Азиянын айме... географиясы боюнча өзүлөрү көргөн же уккан материалдарды ... тахринин эмгеги биздин доорго араб жана перс тилдеринде ... варианттын ортосунда аныpма бар. Алардын «Маверан а... Азиянын элдери, шаар-кыштактары, соодасы, кен байлыгы ж. б. жөнүндө ... тар жазылган. Анын ичинде кыргыздардын жашаган жерлеринин чек ара... гызстандын аймагындагы Накад, Миян-Рудан, Жидгал (Чаткал), Ош, Эгген, Хайлам, Селат, Хефтех. Ураст сыяктуу шаар-кыштактары жана ... тарыхый-географиялык мүнөздөмөлөр бар.

Истахринин эмгегинин араб тексти 1870-жылы, ал эми анын ... рианты 1961-жылы басылып чыккан. Алардын ичинен Орто Азиянын тарых, геог... фиясына тиешелүү маалыматтар «Материалы по истории киргизов и Киргизии» ... жынакта (мындан ары караңыз: МИКК) орус тилине котормолуп берилген. Төмөнкү ... андан кыргызчаланган үзүндү келтиребиз:

«Андан кийинки шаар Ош. Ал коргон менен курчалган кыймыл-аракеттүү шаар, ... анын ичинде сепил жана эмирдин ордосу бар. Шаар тоого туташ жайгашкан. (Тоодо) ... түрктердүн (кыймыл-аракетин) байкоо үчүн кароол жайы бар.

Узгенд—(эгерде капырлар менен) согуша турган областты карай (бара ... болсо) Фергана (ереенүнүн) акыркы шаары. Анын коргону, рабады (... ли, агын суулары жана багы бар.

Ал эми кыргыздар болсо, алардын (жайгашкан) жери ... океан менен хазраджийлердин жерлеринин ортосунда. Тибеттин жери (... менен Чин мамлекетинин ортосунда жайгашкан» (МИКК, вып. 1, М., 20, 2...

Ибн Хаукал Багдад шаарында туулган. Өмүр баяны жөнүндө ма... Ал 951-952-жылы Истахри менен жолугушуп, анын эмгегин кайра иштеп чыгуу ... детин мойнуна алган. Ибн Хаукал өзү саякаттарда чогулткан материалдардын ... мурун жазылган деректердин негизинде Истахриннин китебин бүт редакциялап ... көп сандаган жаңы материалдарды кошкон. Ал эмгегин «Мамлекеттер ... дор» («Китаб ал-масалык ва-л-мамалик») деп атап, анын биринчи вариантын ... жылдардын аралыгында, экинчисин 977-ж. бүтүргөн. Ибн Хаукалдын Орто Азиянын ... тарых, географиясы боюнча жазгандары Истахриннин маалыматтарына караганда бир ... канча толугураак. Аны төмөнкү үзүндүдөн байкоого болот.

«Кубадан кийинки чоң шаар Ош, анын кеп элдүү медина жана цитадели (бар). ... Эмирдин сарайы жана түрме цитаделде. Мединанын коргон менен курчалган ... бады бар, алар түрктерди көзөмөлдөө үчүн кароол жайы бар тоого туташ (жайгашкан). Мединанын үч дарбазасы (бар): Тоо дарбазасы, Суу дарбазасы жана М... дарбазасы. Мединанын дарбазалары бекемделген.

Узгенд—(эгерде капырлар менен) согуша турган областты карай (бара турган болсо) Фергана (ереенүнүн) акыркы шаарларынын бири. Ал болжол менен Оштун 2/3 (аймагындай орунду) ээлейт. (Узгенддин) цитадели, бекемделген медина жана рабады бар. Базары рабаддын ичинде. Ал (Узгенд) түрктөр менен соода кылуучу пункт болуп эсептелет. Анын багы жана агын суусу бар. («Араб географтарынын библиотекасы», т. II, 394-б.).

Мукаддаси — X кылымдагы араб географтарынын көрүнүктүү өкүлү. Ал 946—947-ж. (ар бир мусулман жылдары христиан жылдарына туша-туш келбейт) Иерусалим шаарында туулуп, болжол менен 1000-жылы дүйнөдөн кайткан. Мукаддаси мусулман мамлекеттеринин көпчүлүгүн кыдырып чыккан. Орто Азиянын аймагында да болгон. Мукаддаси саякаттарда чогулткан материалдардын жана Жахиз (IX к.), Жайхани (X к.), Ибн Хордадбех сыяктуу авторлордун китептеринин негизинде 985—986-жылы «Мамлекеттерди таануу үчүн эң жакшылап белүштүрүүнү» («Ахсан ат-такасим фи маарифат ал-екалим») аттуу эмгегин жазып, аны 988—989-жылы кайра редакциялап чыккан. Анын бул китебинин биринчи варианты борбору Бухара болгон Саманийлер мамлекетинин башкаруучуларына арналган экен. Андыктан Мукаддасинин Орто Азияның тарых, географиясы боюнча жазган маалыматтарынын илимий маанисин чоң. Анын географиясынын «Хайтал» белүмүндө Ош, Өзген, Куба, Мисken, Жидгал (Наркал), Насрабад, Жил, Барсхан, Шельдчи, Сус, Текабкет, Орду, Баласагун сыяктуу Кыргызстандын IX—X-кылымдардагы шаар-кыштактары жөнүндө тарыхый-географиялык маалыматтар бар. Андагы кабарлар башка авторлордун жазгандарына караганда толугураак берилген. Мукаддасинин эмгеги 1877-жылы басылып чыккан. Төмөндө андан үзүндү келтиребиз:

«Ивраз (азыркы Жамбыл) — көп бактуу, жыш курулуштары бар бакам коргонгон шаар. Аны тегерете курчаган аңы (жана) төрт дарбазасы бар. Анын рабадында калк жашаган (жайгашкан), мединанын дарбазасынын жанынан чоң дарыя агып атат, ал дарыянын арты тарабында жолдору бар шаардын бир белүгү жайгашкан. Мүнөрлүү мечит базарлардын арасында жайгашкан.

Жикиль—Тараздан (адамдын үнү менен бир) кыйырык ... шаар. Ал бекам коргонгон базарлар ... шаар. Анын сепили бузулган, мечити ... географ, акын жана саякатчы Абу Дулафтын ... келип, эмир Наср II-нин (914—943) ордосунда ... тегерегинде Бухарадан ... Тянь-Шань тоолору, Чыгыш Түркестан аркылуу өткөн. Анда көргөн жана уккан материалдардын негизинде эми белүмдөн турган «Записканын» биринчи белүмүндө кыргыздын тамак-аш, дини жөнүндө ... («Русалка») жазган тыншкары Борбордук Тянь-Шанда жана Жети-Сууда жашаган ... маалыматтар бар. Мындан дагы турмуш-тиричилиги ... тууралу де кабарлар жазылган. Абу Дулафтын «Записканын» В. В. Григорьева жана П. Г. Булгакова орус тилине ... Орто Азиялык аткаруу окумуштуу-энциклопедист Беруни 973-жылы Хорезмдеги Кят шаарында туулуп, XI-кылымдын орто чендеринде Газнеде (Афганистан) дүйнөдөн өткөн. Ал көп сандаган эмгектерди жараткан, анын ичинен 27си гана бизге чейин жеткен. Алардын ичинен «Ата-бабалардын калтырган издери» («ал-Асар ал-бакийе ани-л-курун ал-халийа») 998—1010-жылдардын аралыгында жазылып, анда Орто Азиянын тарыхына, анда жашаган элдердин үрп-адатына, маданиятына ... баалуу маалыматтар бар. (Абурейхан Бирунн. Избр. произ., т. I, перевод А. Салье, Ташкент, 1957). Автордун 1035—1040-жылы жазылган «Масуддун таблицалары, кен-байлыктары жөнүндө кызыктуу фактылар бар. (Бируни. Собрание сведений..., 1963). Маселен, кыргыздар жашаган жерлерде хуту даярдалган Барсхан шаарында сейрек учурай турган металлдардын аралашмасынан казан, идиш-... ж. б. буюмдар жасаган.

Акын жана ойчул Жусуп Хас-Хажыб Караханийлер мамлекетинин борбору Баласагын (азыркы Токмок келаасынын түштүк тарабындагы Бурана аймагында) шаарында жашаган. Өмүр баяны жөнүндө маалыматтар жок. Ал 1069—1070-жылы «Бактыны алып келүүчү илим» («Кутадгу Билиг») аттуу поэмасын жараткан. Бул эмгек араб дастанынын каторына кошулбайт. Бирок ал поэманын үч нускасынын экөө араб тамгасы менен жазылган. Анын бирее (уйгур тамгасы менен) 1820-ж. Стамбул шаарында табылган, азыр Венанын китепканасында сакталып турат. Экинчиси 1897-жылы Кашгарда табылган. Үчүнчү нускасы 1914-жылы Наманган шаарынан табылып, азыр Ташкенде Бирунн атындагы Чыгышты таануу Институтунда сакталып турат. Алардын фотокопия жана ксерокопиясы Кыргыз ССРынын Илимдер Академиясынын китепканасына жана туркология секторуна алынып келинген. «Кутадгу Билиг» аруу сыр өлчөмүндө, төрт адам ортосундагы диалог формасында, акыл-насыят түрүндө жазылган түрк тилинде биринчи чыгарма болуп эсептелет. Анда акын караханийлер мамлекетин жакшы башкаруу маселесин чечүүгө аракеттенген. «Кутадгу Билиг» өзбек (Юсуф Хас Хожиб. Кутадгу Билиг, Ташкент, 1971), орус (Юсуф Баласагунский. Благодатное знание, М., 1983) жана казак тилдеринде которулуп чыкты. Азыр кыргызчаланган котормосу даярдалып жатат.

Түрколог, тарыхчы, географ жана этнограф Махмуд Хусейн уулу Кашкар шаарында туулган. Анын атасы Ысык-Көлдүн түштүк жээгиндеги Барсхан каласында жашаган. Теги чигил болсо керек. Ал Караханийлер мамлекетинин түзүлүшүнө байланыштуу Кашкар шаарына көчүп барган. Анын уулу Махмуд Кашкар, Багдад шаарларында билим алган. Ал араб жана бир нече түрк тилдерин жакшы билген. Орто Азия жана Казакстан боюнча бир канча жолу саякатка барып, і келечектеги эмгектерине материалды чогулткан. Махмуддун «Түрк тилдеринин сездугу» («Диван лугат ат-турк») атаганы бизге белгилүү. Бул эмгек 1072—1074-жылдардын аралыгында түзүлгөн. Анда түрк элдеринин тилдери боюнча бай, баалуу материалдар чогултулган. Мындан тышкары тарыхый, географиялык жана этнографиялык маалыматтар да берилген. Махмуддун сездугүндө Жети-Суу жана Тянь-Шань тоолору боюнча географиялык маалыматтар көбүрөөк кездешет. Төмөнде алардын аттарын келтиребиз: Ябгу-Арт. Кумми-Талас, Занби-Арт, Арык-Торук, Ак-Сай, Ала, Аргу, Конгут, Кабуш, Торуг-Арт, Кавак-арт. Бедел-Арт, Барсхан, Баласагун тоолору, Кара-Жылга, Жоон-Арык, Баласагун. Атлык, Ордо. Кочкор-Баши. Кенжек-Сенир, Сапллг-Каяс, Урук-Каяс, Эки-Огуз, Чигил, Сусамыр. Жанбалык. Яңкбалык. Узгенд, Ягма, Юлдуз-Көл, Көрүн-Көл, Азыраак-Суу, Ысык-Көл. Сизин-Көл, Каз-Суу, Улуг-Кайкак, Тарық-Кал, Ай-Кел, Ябаку-Суу.

Махмуддун сездугүндө дүйнөнүн тегерек картасы бар. Анда аалымдык борбору катарында Ысык-Көл, Баласагун жана Кашкар көрсөтүлгөн.

«Диван лугат» 1915—1917-жылдары Стамбулда басылып чыккан. Бизде анын азбек ... (Махмуд Кашгарий. Девану лугат ат-турк, т. I—III, Ташкент, 1960—1963) котормосу бар.

Сельджук султандарынын врачы Тахир Марвазинин өмүр баяны жөнүндө маалыматтар жок. Нисбасына караганда Мерв (азыркы Мары) шаарынан чыккан. Ал 1120-жылы «Айбандардын табигаты» («Табаи ал-хайаван») аттуу зоологиялык эмгек жазган. Бирок анда мамлекеттердин, элдердин, алардын ичинде огуздар, түркмөндөр, ягмалар, карлуктар жөнүндө тарыхый маалыматтар өзгөчө. Марвазинин эмгегинин IX-главасынын

ӨНӨР

Леонид Строилов

# Афгандык кыргыздар

## [ЧЕТ ЭЛДИК БАСМА СӨЗ МАТЕРИАЛДАРЫ БОЮНЧА]

Орто Азиянын жана Орто Чыгыштын кылымдар бою [illegible] алдуучу өрчүген тарыхы түркүн элдерди, расаларды аралаштырып жибер[illegible] алардын чачкын, мозаикалуу жангашышы, тарыхый тагдырлары [illegible] лар менен этнографтарды таңдандырып келет. Дүйнөдөгү бул регионго б[illegible] айрыкча акыркы он жылдын ичинде 70-жылдардагы Афганистандеги жана И[illegible] революциячыл окуяларга байланыштуу мурдагыдан да күчөдү. Ошону [illegible] эле советтик окурманды чыгыш өлкөлөрүнүн азыркысы жана өткөндөгүсү менен [illegible] Афганистандын орто азиялык республикаларга этнографиялык жана [illegible] жактары кызыктырат. Бул кызыгуу бир гана окшоштуктан деле пайда болгон эмес, [illegible] бул элдердин жалпы айрым окшоштуктарына карабастан экономикалык жана мадани[illegible] деңгээли советтик элдерга салыштырмалуу кескин айырмаланганы менен де[illegible] ланышкан.

Совет бийлиги орногондон кийин Коммунисттик партиянын жетекчилиги алды[illegible] Орто Азия элдеринин турмушунда социалисттик коом курулуп, эбегейсиз [illegible] лөр болду. Афганистан элдери болсо өздөрү кылымдардан [illegible] турмушту курууну 1978-жылдагы апрель революциясынан кийин гана башташпадык. Ачан калса, жаш республика кылымдык артта калууну өтө оор абалда — [illegible] реакциячыл күчтөр тарабынан тутандырылган, тынымсыз созулган граждандык согуш учурунда жоюуга аракеттенип жатат.

Бул очеркибизде афгандык кыргыздардын турмуш-жайы, коомдук өнүгүү бы[illegible] кычтарына, өзгөчөлүктөрүнө токтолобуз, анын үстүнө акыркы он жыл бою алар ба[illegible] тыштын чет өлкөлөрүнүн басма сөз беттерин ээлеп, кеңири сөңүл бурулуп келатат. Биз ушунун баары кокусунан эместигин көрөбүз. Биздин окуу[illegible]ан үчүн бул афгандык кыргыздардын турмушу менен таанышуу катары эле эмес. Улуу Октябрь революциясынын кыргыз жана башка Орто Азия элдеринин тагдырында жасаган бүтүн[illegible] өлүк мазмунун, маанисин таскыктагандыгы менен дагы кызыктуу болот го деп ойлобуз.

Бирок башкы сөзгө кайрылардан мурда кыргыздар Афганистанга кантип барып калышканын жана кайсыл жерлерде жашашарын айта кеткенибиз [illegible]

Афгандык кыргыздар Памирде жашашкан кыргыздардын бир бөлүгү — алар азыр Афганистандын түндүк тарабындагы Кичи-Памир жана Чоң-Памир деп аталган биздин өлкө менен чектеш аймактарда жашашат.

Бул катаал шарттуу, бийик тоолуу аймакта отурукташуу чет өлкөлүк окумуштуулардын ою боюнча мындан эки жүз жыл мурда башталган. Көчмөн кыргыз эли[illegible] бул тарапка жер которуусуна француз окумуштуусу — тюрколог Реми Дордун бо[illegible] жомунда тейит жана кесек уруулары демилгечи болушкан. «Бул уруулардын жаккы жана күзгү жер которууну башташканы — деп жазат ал,—XVIII кылымда гана башталгансыйт. Мындан мурдараак «чалгын чалуучу», же анча-мынча түтүн отурукташкан учурлар да болгондур. Көчүүнүн башкы демилгечиси болуп тейит уруусу чыккандай, ошондон улам ал эң сонун жайыттарды ээлеп алган. Ал уруунун бул тарапка өтүүсү Памир тоолорун Харгуши — Памир менен туташтырган Кызыларт ашуусу, Алай өрөөнү, андан ары Ак-Суу дарыясы аркылуу өткөн. XIX кылымдын баш ченинде тейит[illegible]тердин бир бөлүгү андан да ары жылып, Сангу аймагынан конуш алышкан. Ал уруунун жер которуусуна Кокон ханы, 1834-жылы Каратегинди басып алган Мухамед-Ал[illegible]нин (Мадали-хандын) зомбулугунан кутулуу максаты түртkү болгонсуйт».* Кесс[illegible]

* Реми Дор. «Афган кыргыздарын изилдеп», Париж, Түркизилдөө басма[illegible] 1975-ж., 73-бет.

...руусунан айырмаланып, Чоң-Памирге Дарвоз жана Шугнан тоо кыр-...нан ашып, батыш тарептен келип отурукташкан. Ошентип, XIX кылымдын ая-...тейит уруусу кар аз түшчү Ырең-Көл жана Кичи-Памирге жайланышып, кеген Чоң Памирди, Аличурду калтыргын, алардын ортосунда анчалык көп эмес ...уусу ...ык уруусунун түтүндөрү жайгашкан.

XIX кылымдын 70-жылдарында Памир Кокон хандыгы, Кашкар эмири жана Жабуу эмиринин ассалы (өкүлү) аркылуу үчкө бөлүнүп калганына карабастан памир-диктер эч кимге баш ийбей, тың жашашкан. Алар тигил же бул жайытка ким көз ...ып, кызыгып жүргенүн да эске албай, эң-эркин көчүп жүрүшкен жайыттардын ...ри деп жогоруда аталган бийлик өкүлдөрүн эмес өздөрүн эсептешкен. Алар бийлик эзелерине дайыма эле салык төлөй беришкен эмес, ал тургай салыкчы-...ы жарак алып тосуп алышып, өздөрү үчүн күрөшүүгө да даяр турушкан. Ушуи-...эркиндикте памирдик кыргыздар Кокон хандыгы кулап, Памир Россияга ...кошу... кезде (1876-жыл) де жашоону уланта беришкен. Бирок бул аймактагы абал 80-жылдарда, Англияның ач көз, бөскынчыл ниялдарына байланыштуу такыр башка-ча болуп өзгөрүлө баштады. Англия өз орбитасына Кашкар эмирин жана афган ...ет бийлигин тартып, өзүнүн орустарга каршы саясатын жүргүзүп, Россияга ...ган Памирди бөлүп өлүүгө түрткүлөй баштады. Бирок Англияның кара ...ойлору Россияның бул территорияда 1891-1892-жылдарда жасаган чечкиндүү ...кетинен улам,— чек аренын бекемделип, Мургебда чек ара посту (Памир посту) ...юшулган соң ишке ашкан жок. Ушунун баары Памирдаги Россиянын бөрүнүн гана ...терүү тим болбостон, бул аймакка көпкө чейин күткөн бейпил турмушту камсыз ...лган.

Ошол учурдагы абалда Англияның Россия менен келишим түзүүгө баруудан ...башка ...ары калган жок, ошону Памирдеги чек араны белгилөө 1895-жылдын 21-февралындагы орус жана англиялык келишиминде чечилди. Памир талашы Англия-нын да пайдасы үчүн чечилди, анткени келишимдеги чекти белүүдө чек ара аймагын-да жашаган, белүнүп жаткан калктын үрп-адаттарынын өзгөчөлүгү, кызыкчылыгы эске ...алынга ...шок. Ошонун натыйжасында Түштүк Памирдик кыргыздар менен тажиктер ...экиге белүнүшүп, бир тарабы Россияга, а экинчилери Афган хандыгынын бийли-гине кошулду.

Ошентип, кесе айтканда, афгандык кыргыздардын жана Советтик Памирдик тарак айрымаланган тагдырлары мурдатан эле чечилип калган.

Феодалдык мамлекетке кошулган кыргыз эли ондогон жылдар бою өз салтын-да, үрп-адаттарында патриархалдык-феодалдык мамилелерди жана көчмөнчүлүктү сактап, мал чарбасын, негизинен кой чарбасын өстүрүү менен жашап келгөн. Анын сакталышында, албетте, Афган Памириниин географиялык абалы — четте белүнүп калганы, башкалар менен болгон байланыштын кыйындыгы себеп болду. Ушундай катаал турмуш шартында алар биздин өлкөдө жана бүткүл дүйнөдө болуп өткөн чоң өзгөрүүлөргө карабастан, 1978-жылдын апрель революциясына чейин жашап келиш-кен. ...ындай катаал турмуш жайында тиричиликти токтотпоо үчүн (деңиз деңгээлинен 3,5—3,9 миң метр бийиктикте) жергиликтүү калк жакын коңшулары аскандыктар, Ба-дахшан жана Кашкар менен айыл чарбасы, соода боюнча карым-катнашты жасап турган. Аскандыктардан алар ан сатып алышса, Бадахшан жана Кашкардан күрүч, туз, чай, кездеме жана башка үй-тиричилигинде керек буюмдарды алышкан. 30-жыл-дардын орто чөмине чейин алар акы төлөө менен жайыттардан пайдаланууга уруксат ...ынан улам Советтик Памир менен да байланышты үзбөй турган.

Жалпысынан алганда, афгандык кыргыздардын советтик эл жана кашкардыктар менен болгон 30-40-жылдардагы карым-катнашы чет өлкөлүк авторлор тарабынан ...рама-каршылыктуу, ары түшүнүксүз баяндалып жүрөт. Ал ойлордун ичинен бир ...ынандырганы бар: «бул учурда афгандык кыргыздардын кытайга жана советтик ...тарапка качып өтүп туруусу басымдуу болду». Бул мүнөздөмөнү, албетте, жалпы ...элге таандык деп айтууга болбойт,— ал кээ бир басмачы бандаларына гана тийиштүү. Алар Афган Памиринде жашынып алышып, мезгил-мезгили менен советтик калкка ...соо салып, мал-мүлктү чаап алып турушкан. Алардын арасында, мүмкүн, ошол кезде ...эле аскере аракет жасагандардын бири кийин Афгандык Памирдин бийлигин колго ...алган Рахманкул болгондур. Рахманкул жөнүндө сөз алдыда.

## Калкы. Социалдык карым-катнаш

Афгандык кыргыз элинин жалпы саны 1971—1973-жылдарда ал жерде болгон Р. Дордун маалыматына караганда биздин кылымдын 70-жылдарында үч жарым миңден ашкан эмес. Алардын төңинен көбү 1978-жылга чейин Кичи-Памир айла-насындагы ...оондордо отурукташып, тейит уруусуна киришкен, ошол уруунун ичин-деги сары тенит (кандын тукуму) бийик абалда турган. Тейиттерден башка да Кичи-Па-мирде жана анын ...оондорүндө кесек уруусунун да бир нече үй-бүлөсү, найман жа-на калмак урууларынын сөгиз түтүнү, кыпчак уруусунан эки-үч үй-бүлө жашаган. Чоң-Памирде кесек уруусу көбүрөөк отурукташкан да алардан белүнүп чыккан кы-зылаяк, жыгжым, мамачар аттуу майда урууларынын саны көп болгон. Апрель рево-люциясынын ...алдындагы Памирдиктердин дагы бир демографиялык өзгөчөлүгү — жаш балдардын өлүмү өтө жогору болгон, бул бир жагынан тамак-аштын биология-лык сапаты талаптагыдай эместигинен болсо, экинчиден бийик тоонун аба-ырайы, шар-ты аялдар жана балдар үчүн катуу зыяндуу таасир эткени менен түшүндүрүлөт. Буга





Рахманкулдун мындай жогорку бийликке тез атырылып чыгышын баяндашкан кыргыз элдик авторлор анын инигиликтеринин баарын ооматтуулугуна ылана инсандык өзгөчөлүктөрүнө төңкөп коюшат же мындан башка да ошол аблда анын ишиндеги чыгып, көптөгөн чачылган кичинекей уруулар «афган коркунучу» алдында бирдиктүү, бир бийликке баш ийүүнү «каалап калышканын» да жазышат. Ошол бир өзгөчөлүк — Рахманкул жөнүндө жазгандар дээрлик бардыгы анын жүзүн агартышып, жакшы сапаттарын макташып, анын чарбачыл колбашчы экенин, кыргыз элинин салтын бек сактаган «журт атасы» катары көрсөтүшүп жүрүшөт — бул сыягы баяндал Памирдеги калктын бир бөлүгүн алып Пакистанга качып өткөн соң батышта мурдагыдан да күчөдү. Памирдиктердин бул трагедиясына биз кийинчерээк дагы кайрылабыз, азыр болсо өзүн хан атаган адамдын басмачылык жана кээ бир башка сапаттарын — батыш басма сөзү совет элине жана афганистанга каршы ишмердикти жүргүзүп жаткандыгынан улам «афган качкындары» жөнүндөгү суроодо жаап-жашырып келишкен жактарын айта кетели. Бул өзгөчөлүктөрдү жаап жашыруу айрыкча американдык авторлорго мүнөздүү, асыресе, аларга Рахманкулдун мурдагы тагдыры жакшы белгилүү болсо дагы. Баягы эле Д. Денкер «Рахманкул бир кезде советтик чек арадан качып жүрүп, жарым жыл камалып олтурганын» өз китебинде билдирет. Американдык басма сөз Рахманкул жөнүндө андан да калыс, туура жана кеңири 50-жылдарда жазган.

Ушуга байланыштуу американдык аял Дж. Боуви-Шорлун кагемине таандык «Сиздин изиңизди кууп, Марко Поло» аттуу китебинен бир чындыктуу, төкпөй-чачпай жазылган ачгемеге токтоло кеткенибиз ылайыктуу. Автор күйөөсү менен үйлөнүү тоюн аткарушкөндөн кийин афган памирinde 1949-жылдын күзүндө үйлөнүү саякатында болгон. Алар таанымал италиялык Марко Полонун (XVIII кылым) изи менен жүрүшүп, ал сыяктуу эле Персиядан Кытайга, андан ары Кичи-Памирге өтүшкөн. Б. Шордун эстегемеси Рахманкулдун кийинки жоруктарынын да чыныгы сырын ачкандыгы менен кызыктуу.

Америкалык саякатчылардын Памирге баргандан мурда Кабулда королдун өзүндө кабыл алынып, ал саякатчыларды узатуу үчүн бир офицерди жана котормочуну кошуп бергенин айта кетели. Алар тез эле Памирге жетишип, ал жерден сентябрь айынын башында Рахманкул менен жолугушкан. Ошол кезде бул аймакта өтө курч абал пайда болуп, Рахманкулдун эли менен кытай чек арачылары кээде куралдуу кармашка чейин жеткен, бирок, алардын себептери американдык саякатчылардан катуу жашырылган. Ошентип, американдык саякатчы жубайлардын андан аркы саякаты

туюкка камалгандай болгон. Анан келсе узатып жүрүшкен афгандыктар че-
рапка жакын барууден кесе баш тартышкан. Ошондо Е. Шорго газет-журнал-
жардам сурап кайрылууга туура келген. Рахманкул өзүн чоң жардам к-
дей көрсөтүп, саякатчыларга узатуучуларды жана ат-
узатуучуларга саякатчыларды чыгырман тоо кыркаларына
руун буйруган. Бирок алардын бактысы бар экен,

ар сүрөшүп, бир нече күн бою кармакка баскан тоо кыркаларынан аттарын
рүп отурушул өздөрү үчүн да күтүлбеген жерден кытайдан эмес
диядан келип чыгышкан. Андагы Келам-Дартчи сепилине жакын
кназдыгынын Мисгар кыштагынан элер үшул кыштактын мэри, англис
ган мугалим менен өңгөмөлөшкөн. Андан Рахманкулдун кеңкор «эрдиктерин
окуяларды угушкан. Саякатчылар ошонун баарын өлгөн географ
(«Нашнл джеографик», 1950, № 98,) е кийин жогоруда аталган
дашкан.

«Мындан эки жыл мурда — деп жазат Б. Шор — Рахманкул жана анын кишилер
орус Памирине кол салып, андагы көрбөндөрдү жана аларды узаткандарды
алышкан. Кийин ыргытуктан качышып Кытай түркөстөнүнө өтүшкөн да, анчейин
эмес чек ара застаасы Минтектен бир аз оолак отурукташкан. Бул жерде да ре
кул бийликтин ишеничине жетишип, алардын дайымкы мейманы болуп калган. Ал
баргандан бир айча эле мурда ал кытайлык офицерди жана анын сегиз
сулман мекемесине байланыштуу конокко чакырыптыр. А кийин
нан-кесири сый карап олтурушканда хан өз жан-жөкөрлөрү менен алардын
чаап салышкан, курал-жарактарын, ат-азыгын тартып алышып.
Кичи-Памирге качып өтүшкөн. «...Ошентип,— деп жазат Боуен-Цзэ
эми баары айкын болду: ...биздин афгандык узатуучуларыбыздын бул аймакты
рэзк калтыргысы келип шашылышканы да, алардын чек арага жакын
лары келбегени дагы түшүнүктүү.

— Бул Рахманкул кол жылдардан бери каракчылык кылып, адамдардын кан
тагуп жүрөт,— деп айтты мэр, биз менен болгон аңгемесин улантып. Силерди
үчүн аяп коюнун мен түшүнө албай олтурамын.

Биз ал кезде бул суроого жооп бере алган эмеспиз, а азыр кепке
кийин баары бизге түшүнүктүү болду — эгерде ошондо Рахманкул бизге
кылса ал Кытайда да, Советтер Союзунда да батпаган сымал анын Кичи-П
конушу тарымак. Так ошол себептен ал бизди чек арага жөнөтүп, а биздин
ларыбызды Файзабадка жөнөткөн...»

Рахманкулдун батыштагы өкүрүм күйөрмандары жана болушуп
жаап-жашырып жүрүшкөн чыныгы мүнөзү-көлбөтү, турпаты дал ушул.

Хандан жана кариядардан кийинки бийлик Чоң-Памирде сот жана анын жүрөм-
чыларынын милдетин аткаруучу аксакал-казылардын колунда болгон, бул наамга ү-
гаигаи аксакал, чоң урууга тектеш адамдар гана шайланышкандыктан алардын
аз. Алардын милдетине негизинен үй-бүлөлөр арасындагы чыр-чатактарды
кирген. Үй-бүлөлөрдүн майда, күнүмдүк, тиричиликке байланышкан талаштарын ө
бир айылдын байы демейде өздөрү чечишкен.

Кичи жана Чоң-Памирдин бүт элин камтыган суроолорду хан, кариядар жана
кал казылар башка аттуу баштуу адамдардын катышуусу менен өткөн мажилисте ч
чишкен. Бирок иш жүзүндө бийлик биз айтып өткөндөй эле Рахманкулдун жана ан
жанын беш-алты адамдарынын колунда болгон.

## Үй-бүлө жана пике

Афгандык кыргыздардын социалдык структурасындагы жогоруда биз айтып ат-
кан өзгөрүүлөр болгонуна карабастан алардын жашоосундагы салттык жана үрп-адат-
тык жайы мурдагыдай патриархалдык бойдон калды. Алардын үй-бүлөлөрү мурдагы
революцияга чейинки Россиядагыдай эле көпчүлүгү үч муундан турат. Мындай үй-бүлө-
нүн башында аксакалы турат да ага баары баш ийишет. Бирок, 70-жылдардын орто че-
нинде үй-бүлөнүн мындай түрү азайып, баягы белгилер көбүнөсө бай үй-бүлөлөрдө гана
сакталып калды. Изилдөөчүлөрдүн байкоолорунча жана радиобөрүлөрдүн билдирүү-
лөрүнө караганда үй-бүлөдөгү патриархалдык бийлик азыр катуу каршылыкка дуушар
болуп жатат. Ошондуктан, мындай үй-бүлөдө ар бир балосы үйлөнөрү менен эле эра-
же катары, өзүнчө боз үйгө бөлүнүп, атасынын малынын бир бөлүгүн зичига алган.
Колунда жок үй-бүлөлөр бул көрүнүштөн алысыраак абалда турушат. Алардын бир
нече мууну бир боз үйдө чогуу жашай беришет. Ошентсе да, көбүнөсө атасы өз
үй-бүлөсүн бага албай калган учурларда анын балдары байларга койчу, бадачы болуп
жалданышып, өз үйүн калтырып чыгып кетишет.

Памирдиктердин үй-бүлөсүнө кеп аял алуу да мүнөздүү. Р. Дордун ою боюнча
бул байларга мүнөздүү, бул бир чети теребестүктөн улам да калып чыккан.

Дордун байкоосунда кыргыз үй-бүлөсүнүн жашоосу өтө ынтымактуулугу менен
айырмаланган. Ажырашуу абдан сейрек. Дагы бир кызыгы, эркек никени өзү бузгусу
келгенде ал аялына үч талак берсе болгону, ал аялы менен ажырашат да мурда өзү
төлөгөн калыңды кайрып алууга укугу жок болот. Ажырашууну аял баштаганда мын-
дан тескөл болгон, анткени бул учурда аксакал адамдар кийлигишип, үй-бүлөнү сак-
тап калууга, жубайларды жараштырууга аракеттенишкен, себеби, кээде бир үй-бүлө-

...ун ...о чатагы уруулар арасындагы талаш-тартыштарды да козгоп жибериши ...ун.

...т. Биз айтып өткөндөрдөй дагы жаңы үй-бүлө курулгарда басып өткөн жолу кызык ...урдек. 70-жылдарда афгандагы Памирде беш кошуу мурдагы салт боюнча ... ата ...кердин эркн боюнча жасалган. Бирок, мурдагы убакка салыштыргында анчалык ...ар 14-16, жигиттер 18-20 жашка толгондо баш кошо беришет. ...ын тандоо учурунда атасы өз баласынын оюн да угат, бирок акыркы чечимди ...кабыл алат. Бирок байдын баласы жинчи жолу үйлөнгөндө эч ким менен кеңеш- ...ала...ан кызга үйлөнө берет.

...дей, ...Жаңы үй-бүлөнү курууда памирдиктер өздөрүнүн көз бир каада-салттарын катуу ...сактаган. Алардын ичинен эң башкысы — баш кошуп жаткан жигиттин афганистан- ...дын түрк тилинде сүйлөгөн группага кириши. Бул талап демейде катуу сакталган да ...ка улуттар менен алар кыз алып, кыз беришкен эмес. Ошондуктан, ата-бабадын ...тажиктер, тажиктер, пахтундар менен баш кошкон учурлары өте сейрек. Түрк груп- ...пасына кирбеген башка улуттар менен: уйгур, өзбек, казак жана туркмендер ме- ...нен баш кошууга уруксат этилгенине карабастан алар да аз учурлаган.

...дан байкалат. Алар калыңдын гана кымбаттыгына көңүл бөлүшпөстөн, кыз алып, ...не кыз чыгарып жаткан жердин тектүүлүгүнө да карашат, ошондуктан, кудаларын өз- ...дөрүнө тең көрбөгөндө баш кошууну бузууга тырышышкан.

...Памирдиктердин үйлөнүүдөгү дагы бир эң маанилүү талаптарынын бири — өз ...атасынын туугандарынын балдарына бешинчи атага чейин, үйлөнүүгө болбойт, атасы ...өз баласынын кайын энесине үйлөнө албайт, мындан сыртқары кайчы куда болуу да ...тыйылган.

Башка көп элдердей эле памирдиктер да үйлөнүүдөн мурда кудалашып, өз уулун үй- ...лөп жаткан атанын сөз айтышынан башталган. Бирок демейде атасы өзү барып макулдукту ...да албай калып осол болбоо үчүн жакын туугандарын куда кылып жөнөткөн. Алардын ...милдети — калыңдын баасын бычуу. Калың алып-берүү, сөп берип узатуу сал- ...ты — адамдык салабетти көмсиндирген. Анткени, деп баса белгилейт Дор бардыгы ...бири-биринен өтүүгө, өзүнүн бай, март экендигин ошону менен көрсеткүлөрү келишет. Дал ошон үчүн кыздын себи ага төленген калыңга баасы демейде барабар болгон. Дордун эсебн боюнча калыңдын баасы 500дөн 4000 афганиге (биздин акча боюнча ...в сомдон 600 сомго чейин) жетип турген. Калың төлөө учурунда байлар тее, бээ, ...голоз, кой сыяктуу малдарды ар бирин жетиден же тогуздан өткөрүшкөн, а кембагал- ...дары эки-үч баш кой берип тим болушкан. Андан бөлөк байлар баш кошкондорго өзүнчө ...боз үй тигип беришкен (кембагалдар ушуну да жасай алышкан эмес) келин болгон ...үйүнө кыз өзү тигип даярдаган ашкана, боз үйдү жасалгалоочу нерселерди өз себине ...ала келген.

Кыргыз аялы үчүн анын тою түшкөн күн өмүрүндөгү эң кымбат, эч кайталанбас ...күндөрүнүн бири катары өмүр бою эсте сакталат. Анан келса анын башка учурлары ...оор түйшүккө, тынымсыз күнүмдүк ишке толгон Тойдун созулушу жана молдугу ...кудалардын акыбалына жараша уюштурулат. Байлар, демейде тойдо кыз алып жаткан ...айында үч күнгө жеткире жасап өткөрүп беришкен. Тойдо меймандарды сыйлаган ...той эти жана камырдан жасалган тамак-аш, оюн-зооктор уюштурулат. Ал оюндаодын ...бири эт талашуу — сыйга берилген тамактын этинен капка толтуруп, аны жипке чыр- ...мап, байлашкан соң кыз алып жана берип жаткан эки тараптын өкүлдөрү экиге бөлү- ...нүп капты бири-бирининн колунан жулуп алуу үчүн тарткылашат. Оюн-зоок учурунда ...кезде бири-бирине ун чачышат, бул той эзлеринин байлыгын, тойдун молдугун далил- ...дегенсийт.

Той каадасынын мындан бөшка дагы үч: кызды кийинтүү, кыз кечү жана ника деп аталган сөзсүз түрде сакталчу бөлүктөрү бар.

Той каадасынын кыл чокусу болуп молдо тарабынан кыйылуучу ника эсептелет. Мурда баш кошуучулар бул диний каадага өздөрү түз катышышкан эмес — ар кимиси гана өз өкүлдөрүн жиберишкен. Ал эми акыркы жылдарда болсо динге өте берилген Рахманкулдун көрсөтүүсү боюнча — ал Меккеге да барып кайтпадыбы, — бул каада баш кошуучулардын түздөн-түз катышуусу менен өткөрүлүп, өкүлдөрү болсо баш кошуучулардын жоопторунун чындыгын далилдөө үчүн гана катышышат.

Андан соң күйөөгө чыгып жаткан кызды кечүүгө даярдашат. Бул үчүн атайын ырлар кошулат. Өзүнүн үйү, туугандары менен ажырашып ыйлай баштаган кызды соо- ротуу үчүн бир эркек ырчы ал келин болуп бара турган айылдын, үйдүн абалын кошуп ырдай баштайт. Биз ошол той ырларынын бир вариантын Дордун жазып алуусунда берабиз.

Тойкананын эшигин о тойлой келдик
Алтын сака колго алып о ойной келдик
Тойкананын эшигин о тойдур бүгүн
Душмен кетип о дос келер күндүр бүгүн
Ол куданын казынасы эл көзүнче
Бул куданын казынасы ким көзүнче
Келин элең айталы го бирдей болуп
Себагынан ачылган о гүлдей болуп
Самаркандан келер о сапар табак
Мен бир элең айтайын о сабак-сабак
Айт-айт десең элеңду о бир деп айтайын
Жыгылганда сүйлөгөн о пир деп айтайын
Атең менен энеңди о мактап айтайын

Азирети пирибиз о Математы
Ич кайгыга мен кошбой о айтайын
Торгой оту чыккан жер о тегун эмес
Пепелебей кергчыгең о жемин жебес
Ьели айдең бети айдай о сулуулардын
Ак ботинен бир епсең о елдум дебес
Кергчыганын тууру о кейик жыгач
Кандай байдын кызысың о кошук кыйга
Айт айт десең еленду о бир айтайын
Атаң менен энеңди о мектеп айтайын
Азирети пирибиз Математы
Ич кайгыга мен кошбой о айтайын
Дайым менин мингеним о селтең серы
Сепкили жок сулуулар о кимдин жары
Сулуу болсо жигиттин о сүйген жары
Суктанышыл ойнор о теңтуштеры
Дайым менин мингеним о чебдерым бең
Женыбарым жергосу о чепкенче бер
Байлар елсе о бир безер елгенче бер
Кыз де елсе о солгончо бер
Жигит елсе кыямат о болгончо бер
Жалгыз елсе шам чырак о ечкенче бер
Ыйлаба кыз ыйлабе о той сеники
Жибек менен чырмаган о чий сеники
Ак ергедең тигилген о үй сеники
Анда барсең кайын энең о орун бесер
Ыйлаба кыз ыйлабе о той сеники
Мында келсең өз энең о чечин сылер
Ыйлаба кыз ыйлабе о той сеники
Анда барсең кенын атаң о орун бесер
Мында келсең өз атаң о чачың сылер
Ыйлаба кыз ыйлабе о той сеники
Кайрылгырдын энеси о кейрылсаңчы
Карз чачым кетти деп о жыгылсаңчы
Бурулгурдун энеси о бурулсаңчы
Бурма чачым кетти деп о жыгылсаңчы
Ак кейнегүң түймесүн о чечти кызың
Ак сүтүңе пейили болуп кетти кызың
Кек кейнегүң түймесүн о чечти кызың
Кеп сүтүңе пейили кыздын о толсун дединг
Кек кейнегүм түймесүн о чечсин дединг
Ак сүтүне пейили о болуп кетсин деген
Кек кейнегүм түймесүн о чечсин деген
Кеп сүтүме пейил болуп о кетсин деген...

Бул ырды аткарып жаткан ырчы кыз алдына өз чентегүне жараша акча жа башка белекти таштайт. Эгерде кыздын көзүнөн бул учурда жаш чыкпаса, тойдо катышып отургандар жактырышпайт.

Ушул кезде аткарылып бүткөн соң кыз келин болуп барчу айылына качат. Ал жаш жубайлар үчүн өзүнчө тигилген боз үйгө киргизилет.

Памирдиктердин үйлөнүү үлпөтүнөн соң үйдүн башка мүчөлөрү менен болгон мамилеси да өзгөрүлөт. Колунда бар, бай үй-бүлөнүн баласы үйлөнгөндө өзүнчө боз үй тигип, атасынын энчисин болуп алып, эч кимге баш ийбегендей болуп калат дагы бирок, анын өз ата-энесин урматтап-сыйлаганы мурдагы эле бойдон калат. Бирок баш кошуу аялдын абалын кескин өзгөртөт: ал өз тоюнан тартып бир үйдүн өзүнчө эжси болуп калат. Ал эркек бала төрөсө анын социалдык абалы мурдагыдан да жогорулайт; күйөөсү көз жумган учурда ал бүт үй эмеректерине, байлыкка кожоюн болуп калган да үлүү эр жетип чоңойгончо өзү билип сарптеген. Ошону менен бирге эле ал кайын ата, кайын эне-инилерине сый көрсөтүүгө, алардын көзүнчө кымсынууга, күлүп сүйлөбөөгө, жылең баш же жылаңаяк көрүнбөөгө милдеттүү.

Ал күйөөсүн да той күнүнөн баштап өз атынан атабай төрөп, «баланын атасы» деп коёт.

Ошентип, памирдин аял колу-бутунан байланбаса да өзүнүн жаңы үй-бүлөсүнүн күңү сыяктуу абалда калат.

Баланын төрөлүшү памирдик кыргыздын үй-бүлөсүндөгү кубанычтуу окуя. Балага болгон сүйүүнү памирдеги кыргыздарга да тиешелүү мына бул «балалуу үй — базар, баласыз үй — мазар» деген эл макалы далилдейт. Мисалга, жаңы төрөлгөн бала жөнүндөгү сүйүнчү-кабар бул учурда атасы айылдан алыста болуп калса чабарман эркылуу алтырылат. Чоң-Памирдеги Жалил байдын айылында, деп белүп көрсөтөт Дор, атасы өз балесын кыркы чыккандан кийин гана көрүүгө уруксат алат, башка айылдарда болсо бала төрөлгөндөн кийин бир нече саат өткөн соң кара беришет.

Балага ат коюу каадасы да башка үрп-адеттер сыяктуу эле аялдын коомдук теңсиздигин мунездейт. Ат коюу бала төрөлгөндөн кийин 10-15 күндөн кийин болот. Эгерде эркек бала төрөлсө ат коюу тою өте мол жасалат, а кыз болсо ал өз үй-бүлөсүнүн ичинде гана аталат. Тойго чакырылгандар жаңы төрөлгөн балага өз белектерин

## Турак-жай, чарбачылык жана күнүмдүк тиричилик

Афган кыргыздарынын башкы жана жалгыз турак-жайы болуп боз үй саналат. Ал өз формасы, сырткы жана ички жасалгалары боюнча мурдагы Алей жана Түштүк Фергана өрөөнүнө таандык боз үйлөрдөн анча айырмаланбайт. Бирок жогоруда биз айтып өткөн социалдык өзгөрүүлөрдүн натыйжасында афгандыктардын, аохандыктардын таасири менен акыркы жылдарда, айрыкча ашкере бай үй-бүлөлөрдө боз үй-ашкана, боз үй-мейманканалар пайда болду.

Боз үй-ашкана тар келип, ыпластыгы менен айырмаланат. Анда күн сайын колдонулуучу идиш-аяктар кармалып, от жагуу үзүлбөйт. Бул аялдардын боз үйү — алар бул үйдө тамак даярдашып гана тим болушпастен чоң боз үйдө меймандар бар кезде да ушул жерде кездеп далда болуп турушат.

Боз үй-мейманкананын андан айырмасы — бул эркектердин жыйымында мейман-дар кабыл алынып, кең жана жасалгалуу—килемдер илинип, шырдактар төшөлүп турат. Өзүнчө белүнгөнү болбосо да анын тер, босого, капшыт деп аталган элдин этнографиялык өзгөчөлүктөрүнө байланышкан жайлары бар.

Боз үйдү мындайча өзгөчө орундарга белуштүрүү, албетте, мейман кабыл алуу салты менен байланышкан — ал жөнүндө да атайын белуп айта кетүүгө арзыйт. Мейманларды тосуп алышканда үй ээлери — атасы жана анын эркек балдары өз күчтөрүнө жараша юрта бериште бир катарга тизилип турушат. Атчан меймандар боз үйгө жакындап бастырып келишери менен эле кызмат кылып сыртта жүрүшкендер алардын аттарын алууга чуркашат. Андан соң калган меймандар үй-бүлөнүн мүчөлөрү менен ар бири менен саламдашып чыгышат — бул кезде эгерде алар социалдык жактан тең өбалда турушса үч ирет кучакташып көрүшөт да, бири-биринин ал акыбалын сурашышат.

Эгерде үй ээлери менен меймандар социалдык жактан тең болбосо алардын кичиреги башын ийип, жогорку даражадагысынын колун өбөт да, баягыдай эле бири-биринин саламатчылыгын сурашат.

Памирдиктердин күнделүк турмуш тиричилиги көчмөн мал чарбачылыгы менен өтүп, жылдын үч мезгилинде орун которушуп олтурушат. Кичинекей үч-төрт боз үйдөн турган айылда 20-30га жакын адам жашайт да, боз үйлөр бири-биринен 20 метрче алыс аралыкта тигилет. Чоң-Памирде көчүү бийикке чыгып, кайра түзгө түшүү менен аяктаса Кичи-Памирде конуш которуу сааттын жебеси сымал түз эле жарда айланып жер которуу менен чектелет.

Малчылар өздөрүнүн кебүрөөк убактысын кыштоодо өткөрүшөнүнөн улам бул жарда алардын негизги чарба мүлкү кармалат: малдар үчүн жасалган акырлар, короолордон баштап кезде мончого чейин бар, мындан сыртиары топоз кыгы үчүн



Эми сөз аягында памирдиктердин суусундуктарына токтололу. Дордун байкоосунда 70-жылдарда памирдиктерд[illegible]е арак, бозо жана кымыз ичүү такыр тыйылган. Буга анын ою боюнча эки нерсе себеп болгон, биринчиден бул ичимдиктерди камсыз кылуу кыйындаса, экинчиден ислам динининн таасири жайылган. Бирок тилекке каршы, алгоголдук ичимдиктердин кыскарганы менен бирге эле наркотика кеңирип тарап кеткен,— алардын баасы чарбачыл кыргыздарды улам кедейлентип бараткандыгына карабастан, бадахшан соодагерлеринен сатып алып турушкан.

Суюк памирдиктер аз ичишет — анын ордуна айран, сүт жана курутту пайдаланышат. Мындан сырткары алардын эте сүйүктүү суусундугу кара чай.

Биз айтып өткөндөн улам афган кыргыздарынын оокат-ашында нан жана камырдан жасалчу тамак түрлөрүнүн көптүгү түшүнүктүү болот. Бирок ун үчүн алар Рак-



...шина кальшчу соодагерлерге өз баасынан үч эсе ашык төлөшкөн. ...дар 1964-жылдын жана 1971-жылдын кары калык болуп, оор түшкөн, ...эмес. Бул жылып өткөн жылдарда кээ бир кембагалдар ачарчылыктан кор... ...ларын памирдик байларга же бадахшандык соодагерлерге сата баш... ...ветте, алардын абалын жеңилдеткен жок. Кабул өкмөтү тарабынан ...калдогондой болду. А 1972-жылы болсо кырсыкка түш болуш ...гандык кыргыздарга биздин өлкө жардам үчүн колун созду — памирга ...жана өнөр-жай товарларын жеткирип берди.

...да, памирдиктер сокет-ашка көңүрү болушкаңы менен алардын ита... ...жеткилең эмес, а бул болсо тоолуктардын дем-соолугуна өтө зыян таасир ...Алар өөрүгө көп кабылып, тиштеринен бала кездеринен эле айрылышат. Ушу ...сары, албетте, ошол 70 жылдарда эле памирдик афган кыргыздарынын тагды... ...келечеги кандайча болоруне суроо коигондой болгон,— аларды, тилекке жарша, ...апрель революциясы чечип, элдин бул трагедиялуу абалдан чыгуусуна ...ачты.

## Эл маданияты жана оюндары

Памирдик афган кыргыздарынын башка элдер менен географиялык жактан чет... ...алуусу алардын элдин байыркы маданиятын жана оюндарын, салтындагы үрп-адат... ...сактап калышына көмөк болгон. Бул айрыкча боз үй жасалгаларына, чеберлер ...чыккан оймолуу шырдак жана түш кийиздерден көрүнөт. Мындан сырткары ...кылдыкорлук, элдик оюндарда да мурдагыдай эле өзгөчөлүктөр сакталып, алар мал... ...келген бир калыптагы түйшүктүү түрмушун кооздоп, көңүлдөрүн ачып келат.

...жилдөөчүлөрдүн байкоолоруна караганда памирдиктер сүйгөн оюндардын ...жана шамдагайлыкты сыноочу оюндар биринчи орунда турушат. Алар ...райынын шарттарына байланыштуу көбүнесе жаз жана жай мезгилинде отке... ...улук арасында кеңири таркаган оюндарга — айрыкча жаштар арасында — ...таш, ашык атмай, күрөш, бука тартыш, аркан тартышмай, чатыр таш, жашынмак, ...рканнан секирүү, зшек секиртмей жана үлак тартыш кирет.

Аталган оюн түрлөрүнөн башка афгандык кыргыздардын негизги көңүл ачуучу ...ожаттарынын бири — ырлар жана обондор (алардын аткаруу чеберчилиги мур... ...азайганына карабастан). Чоң акын ырчылар аз болушкандыктан бул жерде ...эле өз алынын жетишинче ырдап, ырчы, акын болуп калышат. Албетте, эл ...расынан чыгып, таанылып калган, өзүнчө атагы бар ырчыларды дайыма тойлорго ...елген адамды узатууда чакырып ырдатып турушат. Бул ырчылардын көпчүлүгү ...циалдык төмөнкү баскычтан чыгышкан койчумандар, жалданган кызматчылар. Байлар ...болсо өздөрүн эл алдында ырчылык өнөр менен керсетүүнү өөн көрүшөт, бул ...алардын укум-тукумунун баркын төмөндөтөт деп санашат. Кары ырчылар аткарчу ...ырлары көп, алар күндүзү эл алдында ырдашпайт. Алардын аткаруусунда «Манас» ...эпосунан үзүндүлөрдү, Кулмырза, Олжобай менен Кишимжан, Курбан-датка, Жа... ...жалгыз, Чоң теке (Кожожаштын бир аарианты) жөнүндөгү поэмаларды, ула... ...ыштарды жана мактоо ырларын угууга болот. Жаштар булардан айырмаланып, ...негизинен лирика жана сүйүү ырларын ырдашат.

70-жылдарда жаштар өз маданиятынын тарыхына, өз эне тилине көңүлкош мамиле ...жасай башташкан. Ушул өбалды сүреттөп келип Дор мындай деп жазат: «Ошентип, ...өтөп өткөн маселелер келечекте кыргыз тилинин алдына же такыр жоголуп, же ...говорго айланып кетүү деген эки ача жолдун бирин тандап алууга мажбур кылышы ...мүмкүн».

## Эрксиздер

1978-жылдагы Апрель революциясы Афганистандын тарыхында ачылган жаңы барак болуп, анын элине жаңы, бактылуу турмушка карай жолду ачты. Афгандык кыргыздар байлардын эзүүсүнөн эле кутулбай, анын алдында турган татаал маселе... ...лерди чечүүгө да шарт түзүлдү. Албетте, феодал байлар памирдик эмгекчилер кызуу колдоо менен кабыл алышкан революцияны такыр башкача тосуп алышты. Айрыкча езүнүн мурдагы кылык-жоруктары үчүн жооп берүүдөн корккон Рахманкул революцияны терс кабыл алды. Ошентип, ал өзүнүн мал-жанын сактап калуу үчүн айдап алып, эки жүз түтүнчө уй-бүлөнү алдоо жана коркутуу менен көндүрүл, түндүк Пакистанга качып өттү. Аны менен кошо афган памириндеги кыргыз калкынын жарымы жер которду.

Эки жумага жакын созулган Каракорум тоо кыркаларын ашып өткөн кыйын көчүү үйүр-үйүр малдын кырылышына алып келип, качкындар Гильгитке кээ бирлери колунда түгү да калбай жетишип алданган адамдар эми чоң сыноого, кыйын күндөргө туш болушту. Эми койчумандар кайтарар малы жок, көчмөн эл от-очогу жок калды. Боз үй ордуна аларга Эл аралык Улуттар Бирикмесинин (ООН) түзүлгөн комиссия тарабынан качкындарга жардам катары берилген сары, күнгө күйгөн чатырчалар турак-жай болуп калды. Деңиз деңгээлинен 3-4 миң метр бийик... ...тикте жашап көнүп калышкан тоо калкы Гильгит өрөөнүнүн ысык жана нымдуу абе... ...ранын (бийиктиги деңиз деңгээлинен 1200 м., жайында 40 градуска жетип ысыйт) ...кылага көнө албай, өгөйлөп жүрүштү.



АЛАЙЫЙ СЫН,
АДАБИЯТ
ТААНУУ

Капыбек Байжигит

# Азыркы кыргыз повесттери

Улуу тарых алдында көз ирмемчелик учкун тариздеги 1987-жыл биринчи иретте өзүнүн саясий-социалдык, экономикалык жана маданий мүнөзү, мазмуну жагынан өткөн жылдарга караганда бир кыйла айырмалуу болгондугу менен көпчүлүү өзүнө бүрөт. Антсени азыр жалаң гана биздин өлкөнүн турмуш тынабында бекем орной баштаган жаңыча ой жүгүртүү концепциясы масштабы боюнча алганда буга чейинки мезгил өлчөмдөрүнүн бирине да окшобойт.

Суроо туулат. Дегинкиси кайра куруунун теориясы чыңдалып, коомубуздун көп күчтөрү аракетке келтирилип, активдешүү үрөлөнүү жүрүп жаткан чакта көркөм-эстетикалык ой жүгүртүүбүздүн ал-абалы кандай болду, адабиятыбыздагы, анын тигил же бул жанрларындагы изденүүлөр менен натыйжалар үчүрдүн мындай орчун жана өзгөрүл, башкы белгиси болгон жаңылануу духу менен канчалык алакада? Албетте, бул - проблеманын негизги жана жалпы жагы. Эгерде коюлган маселени конкреттештирип карай турган болсок, анда азыркы прозабыздын, асыресе повесть өндүү салаасынын оош-кыйыштыктары, нйгиликтери менен мүчүлүштүктөрү, деген эле жанрдын көркөм ой жүгүртүүнүн спецификалуу формасы катарында өтөп жаткан кызматы, мүмкүнчүлүктөрү жана функциялары тууралында кандай гана адабият ышкыбозу болбосун өздүк байкоолорду ортого салууга чакырбай коймойт.

Бирок канткен менен адабий процесстин тигил же бул мезгилдик аралыктагы кыймылы, анын өзүнчөлүгү, айырмачылыгы, жалпылыктары жөнүндө сөз кыла келгенде, момундай бир объективдүү жагдайды көңүл жадыбыздан чыгарбаганыбыз оң. Себеп дегенде, тигил же бул этаптагы же жыл мезгилиндеги жаратылган адабий күбулуштардын нака көркөм-эстетикалык наркы тууралында кесе бүтүм чыгара, акыркы сөздү айтууга эч мүмкүн эмес. Анткени адабий процесс тигил же бул мезгил аралыгы, жыл өлчөмү таамай ченелчү, аныкталчу көрүнүшкө жатпайт, тескерисинче, ал учурда жашап жаткан кечээкинин алгылыктуу салттарына бекем таянган, аны менен табийгый түрдө өзөктөш, эртенки көркөм өнүгүш менен бекем тутумдан... гын тынымсыз кыймылдагы ...дук-эстетикалык күбулуш ...мындай мезгил өлчөм... балар, алардын ички ... ойлоонун өөрчүшүнө ...шкон салымы, ...ген орду, маанисн, нйгилиги ... лиги тууралында адабий сын ... берилген баа, аныктама дайыма салыштырмалуу, атүгүл шарттуу боло турга... көңүл борборунда кармоо жөн.

Экинчиден, 87-жылдын прозасынын көтөрчү нйгиликтери, бармак ... өкүндүрчү кемчиликтери, ... мунусуна анча кошулбай. ... бөк калгандары да биздин жалпы ... сөз өнөрүбүздүн кечээки абалына, ... цияларына, андагы күбулуштарга ... ныштуу түшүндүрүлгөнү эп ... болуп жаткан көркөмдүк ... гана адабий фактылардын статикалык ... бнн алуу, анын санына карап ... олтурчу учур өлчөмү эмес, 87-... весттери барыдан мурда азыркы ... жылдардагы кыргыз адабиятындагы ... процесстин табигый түүндусу, ... тыйжасы болуп саналат.

(Кыргыз адабиятынын жанрдык ... сында өзүнчө кадыр-барк күтүп, абдан ... ган повесть өндүү жанрыбыздын ... мезгил ичинде сандык жактан ... кыйла эле бараандуу көрүнүш. Анткени, «Ала Тоо» өндүү салабаттуу журналдын былтыркы сандарында 9 повесть жарык көрсө, басмалар тарабынан ушундай сандагы чыгармалар жарыяланган; гый түрдө алардын камтыган турмуштук материалы, тематикасы, проблематикасы ар башка, образдык системанын берилиши, поэтикасы да ар кыл. Повесть жанрынын айдыңында жаралган көркөм тажрыйбалар айныксыз тастыктап тургандай, алардын авторлорунун ичинде реалисттик прозабыздын тегичгишине, көркөмдүк-эстетикалык бийик салттарга ээ болушуна чындап ак пейилден кызмат өтөгөн карыя каламгерибизден тарта, жараткан алгачкы адабий фактылары менен мезгилдүү басма сөз беттеринде кезегинде көрүнө калчу, чыгармачылык жактан делөөрүгөн жаш прозачыларыбызга дейре бар. Ошентип, бул ке-



...ларын, бүгүнкү күндүн адамдарынын турмуш-тиричилигине, моралдык кебетесине, жашоо принциптерине кайрылгандыгында деле эмес. Биринчи иретте, жалемгердин сезимтал чабыты, көз карашы азыркы адамдардын нравалык-психологиялык дүйнөсүн жетик жана түрдүү тармуштук кырдаалдарда элестүү көрсөтүүгө бурулгандыгында, аны көркөм иликтөөнүн предметин билгичтик менен айландыргандыгында. Жаш адамдын граждандык жана ыймандык жактан жетилишинин бурулуш учурларын, ата менен бала ортосундагы байланышты бүгүнкү тиричиликтин фонунда күтүлбөгөн катаал, карама-каршылыктуу шарттардын негизинде ишенимдүү чагилта алгандыгы менен эсте калат.

Газинин турмуштан алган сабагы, жеке тагдыры, Зулайканын мүнөзү, элестөөлөрү, Адгейдин алардын ортосундагы ээлеген орду, алардын өз ара байланышы, турмуштук көз карашы бул жөн гана сырткы эффект чакыра турган ыймандык сабак болбостон, окурманды активдүү ойлонууга мажбурлаган айкын позицияга дейре көтөрүлүп чыгат. Экинчи жагынан окуянын диалогго негизделип курулушу, композициялык ыраттуулук соңку мезгилде биздин прозадагы ашыкча монологдуулукка таянган чыгармалардын тутумунда Т. Сыдыкбековдун өзүнө таандык көркөмдүк стиль, баяидоо манерасы менен айырмаланган тажрыйбалардын катарында турат.

К. Акматовдун «Боз чымчык» аттуу повести деле камтыган турмуштук материалы, автордук позициясы, көтөргөн проблематикасы боюнча белгилүү деңгээлде ушуга жакын турган чыгарма. Бирок анын башкы жана негизги айырмачылыгы адам дүйнөсү нравалык-философиялык жана психологиялык проблемалардын тутумунда өздүк табылгалар менен чечилгендигинде.

Канткен менен К. Акматов жазуучу катарында жаш адамдардын социалдык, граждандык жана психологиялык жактан калыптанышынын урунт моменттерине сергек мамиле жасарын анын мурдагы повесттеринен байкаган элек. Мына ошондогу орун алган өнүмдүү сапаттар анын «Боз чымчыгында» туруктуу сакталганына, чыгармачылык жактан табийгый өнүктүрүлгөнүнө, жаңы белгилер менен байыганына күбө болбой койбойбуз. Жазуучу катарында К. Акматов үчүн башкы нерсе жаш адамдардын жан дүйнөсүн кадимки эле турмуш-тиричиликтин, күндөлүк көрүнүштөрүнүн кесилиштеринде алардын нравалык турпатын таасын жана элестүү баяндап берүү болуп саналат.

Повесттеги ийгилик биринчи иретте анын ички эркиндикке ээ болуусу, автордун сөз өнөрүнүн пластикалуулугунун таасирдүүлүгүн арттырууга жетишкендиги менен аныкталат. Эгерде сөз болуп жаткан чыгарманы бир сөз менен аныктоого мүмкүн болсо, анда аны нравалык-психологиялык эксперимент мүнөзүндөгү чыгарма деп атаар элек. Себеп дегенде, Календи...н адамдык наркы, жаштык тилеги, алоолонгон махабатка толуп, ээ-жаа бербей көбүргөн сезими, абийиринин алдындагы жоопкерчилиги, күтүлбөгөн жерден пайда боло калган экстремалдык ситуациядагы абалы жана анын жо...





ча шайкеш келе бербеген чыгармалардын окурмандардын нравалык-интеллектуалдык дүйнесүн ойготуп, аны байытууга жарамдуу искусстволук кудуретке эгедер образдардын, типтердин жаралбай жатканды-гын көрмөксөндүккө салууга жарабайт.

Эгерде айтылган ой-пикирлерди тастыктоого жогоруда аталган айрым фактылар жетишсиз болсо, анда өткөн жылдагы жарык көргөн И. Гильязетдиновдун «Күүнүн сыры» («Ала Тоо», № 2), А. Камаловдун «Бешик ыры» (Ф.: Кыргызстан, 1987), Н. Атамкуловдун «Атанын өкүмү» (Ак пейил. Ф., Мектеп, 1987), М. Жоошбаевдин «Жаралуу аркар» (Ф.: Кыргызстан, 1987) аттуу повесттери биздин байкоолорубузду дагы толуктап, жетишерлик иллюстрациялап берет деп ойлойбуз.

Окурмандардын назарына илгери-кийинки жазган айрым чыгармалары менен түшүп, алгылыктуу аталган көркөм тажрыйба жарата алууга мүмкүнчүлүгү бардыгын көргөзе алышкан И. Гильязетдинов менен А. Камаловдун бул саамкы журтчулугубузга тартуулаган повесттери турмуштук майда-баратгыкты эзмелеп сүрөттөөдөн ары өтө албаптыр. Авторлор тарабынан коюлган жакшынакай идеялык-көркөмдүк максат өтөсүнө чыкпай, схемалуу жана жасалма окуяларга багынып беришгир. Каармандар табигый өнүгүүгө, эркиндикке ээ болбой, автордук кысмакка алына инерциялуу баяндоо менен коштолуптур.

Ал эми М. Жоошбаевдин «Жаралуу аркар» чыгармасы автор тарабынан окуялуу повесть деген жанрдык аныктаманы алып жүргөнүнө карабастан, камтыган турмуштук мазмуну, сүрөттөгөн окуялары жана каармандары жагынан ага төп келбейт. Он басма табак көлөмүндө өзүнчө китеп түрүндө жарыяланган повестте жыныpмага чукул персонаждар сүрөттөлгөнү менен алардын биринин да элеси окурмандын эсинде калбайт. Турмуштун түрдүү кыйынчылыгына туш келген, анын катаалдыгын башынан кечирген, батышка майданга кеткен жакындарынан, сүйгөндөрүнөн айрылган кыз-келиндердин ар бирин эрикпестен жаралуу аркарга салыштырып чыккан прозачынын автордук позициясы, максаты чыгарманын алгачкы барагында эле белгилүү болот. Андан ары сюжеттик окуянын схемалуу жана жасалма жолуна азгырылган М. Жоошбаев повестин салтанаттуу маанай, жениш келгендигин жарлык кылуу менен бүтүрөт.

Композициялык чачкындуулук, жомоктук сюжет, каармандарды экн лагерге бөлүп алып, аларды кармаштыруу, сагынуу чоюлган керексиз диалогдор, жалган пафос бул чыгарманын негизги жана башкы ка-паты экендигин ачык айтканыбыз он

Макаланын соңуна чыгып жатып, мезгилдеги повесттердин мүнөзү ыштыктары жөнүндө кыскача жасоону зарыл деп табабыз де бир сөз менен айтканда дагы кыргыз повесттери контрастка болду. Биринчинден, повесть азыркы лык көркөм ой жүгүртүүнүн мас арттырууга, аның мазмунун валык, нравалык-философия гнялык проблемалар менен каны аракет жасоодо. Ошону мен жанр катарында өз ачуунун, окурмандардын ишенчин нун үстүндө активдүү аракеттенүүдө дын ички сыймдуулугу артууда. Эк ден, кыргыз повести турмушту гылтуудан, өздөштүрүүдөн лемаларынын үстүндө активдүү ой түүгө өтүү демилгелерин көтөрүп Каармандардын жаны тибин көркөм төө жагдайында жагымдуу аракеттер шоодо. Адам жүрүм-турумун, ич сүн, салт-санаасын мейкиндик анализдөөдө көнүл жубата турган луштар орун алууда. Сюжеттик композициялык-структуралык берүүнүн, стилдик бөтөнчөлүккө нун салттары прозабызды байытууда Үчүнчүдөн, образдуу ойлоонун сфера көркөм-эстетикалык догманы сокур стандарттуулук, каармандардагы статика луулук, имитация азыркы повесттин дүү белгилеринен болуп калууда. жаш прозачылардагы адабий таасирдин же тегинде калуу фактылары кемди болбосун кабатырлантпай койбойт. Натыйжада, окуу лардын, ойдун, каармандардын примитив дүү вариацияланышы жаралууда. Төртүн дөн, айрым повесттернбизде газеттик ле снканын, стилдин кенири орун алышы бай калууда. Сөз кунун, анын көркөмдүк-эстет калык касиетин аздектеген, ага аяр маанае жасаган прозачыларыбыздын саналуу экен дигин, айрыкча жаштар прозасы мына ушул жагынан чукак көрүнүп жатканын баса белгилөөгө туура келет.

Жалпысынан азыркы кыргыз повесттери бүгүнкү жалпы адабий кырдаалда орун ал ган кубулуштар менен тикеден-тике байла нышта, бир кыйла талаш-тартыштуу ой жү гүртүүлөрдүн чыгышына жем таштай түш ган чыгармаларды тартуулагандыгы менен кызыктуу.

**ИЛЬИНА Л. А., 1915. Жазуучу Түгелбай Сыдыкбековдун «Биздин замандын кишилери» романына тартылган сурот.**



Гаалай КУРМАНОВ, 1949.

«Сейтек» эпосуна тартылган сүрөт.



# Ала Тоо

АЙ САЙЫН ЧЫГА ТУРГАН АДАБИЙ-КӨРКӨМ ЖАНА КООМДУК-САЯСИЙ ЖУРНАЛ

КЫРГЫЗСТАН ЖАЗУУЧУЛАР СОЮЗУНУН ОРГАНЫ

## МАЗМУНУ


**БООРДОШ ЭЛДИН АДАБИЯТЫНАН**

**Александр БЛОК.** Досторума, «Көмгөндөн соң жер түбүнө жашырып...», «Кеме келип токтоп калды...», ырлар . . 3

**Владимир МАЯКОВСКИЙ.** Теодор Неттеге — инсанга жана пароходго, ыр . . 5

**Анна АХМАТОВА.** Муза, Түш, ырлар . . 7

**Марина ЦВЕТАЕВА.** «Түйшүктөрүн унутсун деп жөлөгүм...», «Менин күнүм, жөн күн дебе каңгыган...», Цыгандардын үйлөнүү тою, ырлар . . . . 8

**Александр ТВАРДОВСКИЙ.** «Ата-баба айткан көптүн чындыгы...», Жүрүштө, ырлар . . . . . 9

**Николай РУБЦОВ.** Элегия, Түнкү ыр, ырлар . . . . . 10

**Белла АХМАДУЛИНА.** Пабло Нерудага кечиккен жооп, Көпөлөк, ырлар . . 11

**Ашым ЖАКЫПБЕКОВ, Кеңеш ЖУСУПОВ.** Манас. Чоң казаттан, кара сөздө . 13

**Насирдин БАЙТЕМИРОВ.** Ойлорум — учкул канатым . . . . . 64

**Качкынбай ОСМОНАЛИЕВ.** Бүркүтчү, болуш . . . . . 68

**АДАБИЙ МУРАС**

**Байыркы Күлтөгин эстелиги** (VI—VIII кылымдардагы түрк поэзиясынан) . . 96

**ИЗДЕНҮҮ, ТАБЫЛГА, ЭСКЕРҮҮ**

**Кусеин КАРАСАЕВ.** Баштан өткөн мажаралар, эскерүүлөрдөн . . 100

**ЖАШ КАЛЕМ**

**Майрамкан ЖУМАНОВА.** Ырлар . . . 127

**РАЙКАН ШҮКҮРБЕКОВДУН ТУУЛГАН КҮНҮНӨ 75 ЖЫЛ**

**Байдылда САРНОГОЕВ.** Өлбөс сөздүн эзи 129



ГБ Киргизской ССР
1988
имени В. И. Ленина



№ 9

СЕНТЯБРЬ

1988

1931-жылдан бери чыгат

Жеңишбубу Матенова

# Кыргыздардын турак жайынын «Манас» эпосундагы чагылышы

«Манас» — эпосу кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын чалкыган океаны болуу менен бирге, элдин маданиятынын оригиналдуу эстелиги, баа жеткис этнографиялык булагы да боло алат.

Элдик оозеки чыгармачылыктын, фольклордун тарыхый-этнографиялык маанисин өзүнчө изилдөөлүгү менен ачып көрсеткен, же болбосо шарттуу илимий методикалык көз караштар менен жабдылган фундаменталдуу эмгектер жокко эсе.

Ошондуктан мурда жазуу-сызуусу жок элдердин оозеки чыгармачылыгын үйрөнүү — элдин турмуш-тиричилигин да үйрөнүү болуп эсептелерин бышык.

Ушундай «Манас» эпосундагы турак-жайдын чагылдырышында кыргыз урууларына, же кыргыз элине тиешелүү болгон мүнөздүү социалдык мамилелер жана катнаштар өтө айкын жана зор көркемдүүлүк менен ишке ашкан.

«Ата уругун кайсы жан
Ураанын ким, элиң ким
Уругун ким, женүн ким
Ата-баба айлың ким

Айыл — бир нече үйлердун гана жөнөкөй жыйындысы эмес, бүтүндөй бир уруунун же уруктун социалдык мамилелеринин жыйындысы жана анын көрүнүшү да болуп эсептелген. Бул төмөнкү саптардан да ачыгыраак байкалат.

«Айып этип койбосоң
Айыл конгон жериң ким
Ата баба урааны
Жаныңды сурайм элиң ким»

Ар бир уруу белгилүү бир территорияны эзелеп, коомдук өндүрүштүн базасына айлайык, өзүлөрүнө мүнөздүү болгон өндүрүштүк мамилелердин негизинде белгилүү социалдык-экономикалык кырдаалды түзүшкен. Бул С. Оросбаковдун вариантынын мисалдарынан да ачыгыраак көрүнөт.

«Айылы бирге конушуп
Аралаш тууган болушуп
Айылма-айыл конушуп
Ак сакал болгон абамды
Калыс кылып коюшуп»

Же болбосо, «Ата-уругун дайың ким» — деп суралып «жаныңды сурайм айлың» делип толукталат. Демек айылды бүтүндөй бир урук-туугандар же урулар түзүшкен.

Айыл-урук, уруу мамилелеринин гана жыйындысы болуп саналбастан бааридан мурда, территориялык, экономикалык байланыштардын да жыйындысы катарында эсептелген.

Дүйнедеги элдердин турак-жай, үйлөрүнүн айрым маселелери этнография илиминде бир топ даражада чечилген. Байыркы адамдардын турак кылган үйлөрүнөн баштап тигил же бул элдин азыркы мезгилиндеги турак-жай үйлөрүнө чейин изилдөөгөн олуттуу эмгектер этнография илиминде көрүнүктүү орунду ээлейт.

Айрыкча, совет бийлигинин убагындагы бир тууган советтик үй-бүлөдөгү элдердин турак жайларынын түрлөрүнүн жана үйлөрүнүн изилдениши — социалисттик курулуштун салтанаттуу жеңишинин факторлорунун бирин көрсөтүүдө өтө маанилүү ролду ойнойт. Демек, мекенибиздин көп сандаган элдеринин (улуттук) үй-жайларынын этнографиялык жактан ар тараптуу терең изилдениши азыркы мезгилде советтик этнография илиминин алдында турган актуалдуу жана жооптуу милдеттерден болуп саналмакчы.

Советтик этнографтар тарабынан ушул теманын изилдениши, бир тараптан, ар бир элдин улуттук маданиятынын көп кырдуулугунун жана бири бирине тийгизген өз таасирин көрсетүүдө турса, экинчи жактан ар бир элдин үй-жайларынын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн ачуу менен алардын өнүгүү тарыхын түзүп, советтик бийликтин мезгилиндеги үйлөрдүн өнүгүшүнүн өзгөчөлүктөрүн ачып берүүдө турат.

«Манас» эпосунун материалдарынын ичиндеги үнкүрдө жашаган, белгилүү кесиби жок, жапайы жемиш же айбаныттарды жеп жан сактаган элдерди сүрөттөгөн элестер эң байыркы элементтерге жатат. Мисалы Сашаңшандын элинин эпосто баяндалышы. Бул элде күрөл турмак кийим жок. Өзүлөрүнүн арасында меники-сеники дөмек түгүл, жалпы эле бул, же тигил нерсе башка бирөөгө таандык болушу мүмкүн деген түшү-



гунан болуп, жети башка деген элдеи экен» деген кыргыз санжырасындагы кабардын чын экендигин көрсетет.

Мына ошол кыпчактардын кечмөнү XI кылымда (1076-жылга чейин эле) Талас өрөөнүнө да жеткендигин жана Тараз (азыркы Жамбул) шаарынын түштүк жагына «Канжак сангир» деген сепил же шаар («укрепление») кургандыгын үчүрүнда Махмуд Кашгарий өзүнүн айтылуу «Сөздүгүндө» белгилеген. Ал жөнүндө биз «Манастын үйлөнүшү жана тарых маселелери» деген макалабызда («КМ», 1985, 11-июль) мурда да сөз кылган болучубуз.

Эпикалык Манастын Кара-Тоодон (Каратау?) же Самаркандан (эн негизгиси — батыш жактан!) «жер ортосу деп» чыгыштагы Таласка (Канжак сангир?) көчүп келишин жана «Жердегени кен Талас, Жетик экен эр Манас» — деп укумдан-тукумга данкталышы ошол сары-кыпчактардын Таласка оюп келишинен башталгансыйт.

Негизинен Талас өрөөнүндө жашаган жана андан Кыргызстандын башка райондоруна таралган кыргыздын *„саруу"* уруусу (аны *„сары"*, *„сарык"* же *„сары уул"* деген этнонимдин эле варианты десек жаңылбайбыз) *„Кубулдан"* же, «Маджму аттаварих» боюнча, *"Куу уулдан"* (б. а. *„куман-каман-куманды-куу-кижи?"*, *„сары"* — *„половцы?"*) таралган деген кыргыз санжыраларындагы маалыматтарды да эске чыгарууга болбойт.

Андан тышкары, *«саруудан»* же *«Сары бийден»* (*«сары»* дегенди *«саруу»* деп айтып жүрүп, *«саруу»* аталып кетиптир» делет) Таластагы *«тубай»* уруусу *(Тубай? — Үсөн-Көкаман-Үсеин-хан?)*, *«кырк уул»* (тууганларына кошулбай башка жакта көпкө жүргөндүктөн алар «бөлөк чал» делиптир), *«кырк уулдан» «беш камандар»* ж. б. таралган деген санжыра маалыматтары да бар («Тарых сөздөрү». 1923-жылы Таластан жыйнаган К. Мифтаков — Кыргыз ИАсынын кол жазмалар фондусу, инв. № 200, 300-б.; «Кыргыз элинин санжырасы». Жыйнаган М. Байгаринов. Ошондо эле, инв. № 564, 128-б.).

Ошентип, жогоруда келтирилген маалыматтарга караганда *«сары-кыпчактардын»* кайсы бир бөлүгү (мис. *«куу уул»* же *«саруу»* жана аларга таандык *«тубай»*, *«беш каман»*, *«беш берен»*, *«жабагы»* ж. б.) батыш жактагы Сыр-Дарыя чөлкөмүнөн *(Бөжөн? Кангюй* ж. б.) бөлүнүп келип, Таластан жана ага канатташ аймактардан турук алганы, натыйжада, алар кыргыз элинин түзүлүшүнө субстрат-компонент болуп катышкандыгы байкалат.

Бул окуудун тууралыгын бекемдөө максатында этнографиялык экспедициянын материалдарына кайрылсак да болот, анткени Талас, Чаткал сууларынын бойлорунда жана аларга кошулаш жайгашкан тоолуу райондордо жашаган кыргыздардын материалдык маданияты (үй-мүлкү, кийим-кечеси, прикладдык искусствосу ж. б.) башка жерде жашаган кыргыздардыкынан бир топ эле айырмаланып, анда кыргыздарга да, ошондой эле казактарга, каракалпактарга жана өзбектердин кээ бир тобуна мүнөздүү белгилер аралаш орун алгандыктан, «кыргыздын түндүк-батыштагы материалдык маданияты» деген өзүнчө бир комплексти бөлүп көрсетүүгө туура келиптир (С. М. Абрамзон. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. Л. 1971, 68-б.).

Ушундан улам, «Манас» эпосунун байыркы версиясы (сюжет-уюткусу) так ошол *«сары-кыпчактар»* (*«сарыу?»* — *«куу уул?»* ж. б.) менен чогуу келип, акырындык менен башка да кыргыз урууларына, кийин жалпы кыргыз элине таралгандыгын, эл башынан өткөргөн мурунку жана кийинки кылымдардагы олуттуу тарыхый, саясий ж. б. окуялардын таасиринде ал улам толукталып, циклизацияланып жана жаңыланып отуруп, акырында бизге келип жеткен «поэзиянын океанына» айлангандыгын болжолдоого мүмкүн.

* * *

Макалабыздын соңуна сары-кыпчактардын *«сары чачтуу»* («рыжеволосые» — «хардеш») жана *«өңдөрү сары, көздөрү көк эл»* («рыжие люди с голубыми глазами») болгондуктан *«сары»* деп аталышын, кытай тарыхындагы кабарларга караганда, мурда *«Алтай тоолорунун арасында»* («в стране Кин-Ша» — «Алтын-Тоо өлкөсүндө») жашагандыгын, Борбордук Азияда түзүлгөн «Улуу Кидан» же «Улуу Ляо» деп аталган күчтүү мамлекеттин (эпостогу Алоо-ке кан менен Молто кандын? — Т. А.) кысымына туруштук бере албай XI кылымдын 30-жылдарында Батышка жылууга мажбур болгонун, акыры, XI кылымдын ортосунда, Жети-Сууда, орто Сырдын чөлкөмүндө жана анын Кара-Тоосунун жака-белинде жашаган огуздардын жерине согуш менен жеткендигин айтууга тийишпиз (караныз: Агаджанов. Очерк.., 157—158-б.).

*Тоолуу Алтайда* жана андан берки Иртыш талааларында жашаган ошол кимак-кыпчак урууларынын тобу (*«сарылар?»*) XIII кылымдын башына чейин, 200 жылдан ашуун мезгил бою, жалпысынан *«кыргыз»* деп аталышкан делет (Ист. Кирг. ССР. 1984, I том, 429-б.).

Демек, бир эле учурда *«сары»* жана *«кыргыз»* аталышкан кимак-кыпчак урууларынын Орто Азияга оюп келиши эпостогу Манастардын Алтайдан көчүп, адегенде Кара-Тоого, андан Таласка келишин сүрөттөгөн эпизоддорунда көркөм чагылдырылган десек болот. Ошондуктан Каныкейге жуучу болуп барган Жакыптын: «Кара *кыргыз уругум, Азыркымды сурасаң* — Азиреттин *Кара-Тоо* (Каратау?), *Жайланган жайым так ошо, Келген жерим Алтайдан»* деп олуя тааныштырганы же Атемирдин (Каракандын): «Баш жактан (Кара Тоодон?) чыгып калыптыр *Манас аттуу бир балаа, Уруну кара кыргыздан, Аз жыл болду келгени Алтай менен Жылдыздан»* дегени (С. О. 11, 359, 369-б.). Манастардын чын эле *«Алтай тоодон келгенин»* (С. О. 11, 360-б.) жана жалпысынан *«кыргыз»* аталган *(«уруну кара кыргыздан»)* сары-кыпчактардан экендигин маалымдап турат десек туура болот деген жыйынтыкка келебиз.

нуну ошого ылайык жеке мөнчүктү, үкүнү такыр билишпейт. Көзүнө көрүнгөндү, алдынан жолукканды талап, жеп жүрүп отурушат. Бул элди жана анын башчысы Макел деөнү эпосту айтуучулар түшүнүксүз, коркунучтуу кара күчтүн эзси катарында мүнөздөшөт. Мына ушундан үкүрдүн «эзлеринин» жогоркудай социалдык абалына байланышуу мисалдарга таянып, айрым эпосту изилдөөчүлөрдүн, эпостун келип чыгуу, жаралыш мезгилин аныктоо үрүү түзүлүшүнүн, айрыкча анын жогорку баскычы болгон согуштук демократия учурына ыйгарышы ынандыраарлык көрүнүш болуп эсептелет.

Айтылуу Каныкей Манас өлгөндө Абыке, Кебештердин кордук көрүп уулу Семетейди чоң энеси Чыйырды менен Таластан Букарага ала качат. «Ашуу ашып, таш баскан, аркайган бийик тоону ашкан» качкындарды Бакай карыя бир үкүргө корголотот.

«Кара кырдын чоң үкүр
Чоң үкүрдү көрдү эле
Оозун карап отурсаң
Жалгыз адам баткандай
Ар жак жагын карасаң
Алты миң кой жаткандай».

Эпостогу ушул сүрөттөлгөн үкүр менен археологдор тарабынан белгиленген Таш-Көмүр үкүрү экөөнүн ортосунда географиялык жактан өтө дал келгендик бар калат.

«Беш таштын башы бек жайлоо
Бегирээк тоонун жонунда
Берен Бакай кек жалдын
Беш жүз түтүн колунда».

Качкындарды издеп тапкандан кийин аларды жогорку үкүргө орноштуруп коюп, азык-түлүк алып келгени кейра Таласты көздөй өттанат. «Алты күнү жол жүрүп жетинчи күнү» келем деп кетет. Демек, «Беш таштын» башынан Кара-Суунун Нарынга куйган жерине чейин (үкүргө чейин) жети күндө барып келе алышы да чындыкка окшошот. Балким Каныкейлер, Чаткал тоолорун ашып, ушул үкүргө корголошуп Ташкент аркылуу Букарага жетишкен чыгаар. Бул үкүр бир мезгилдерде мүмкүн, кыргыздын ата бабалары байырлаган мекени болгон чыгаар.

Эпостун кээ бир эпитеттеринен үкүрдү үй кылышкан адамдар жөнүндөгү деталдар да учурайт. Токой-талаанын эзси делинген Жамгырчы Бакайга мындай дейт:

«Менин башым сен алсаң
Кара үкүрүм бош калат
Кара токой эзн калат»,
же:
«Кара үкүрдү үй эткен
Карагы токой мал эткен», —

деген сыяктуу деталдардын орун алгендыгынан улам мурдагы мезгилдей эле кээде үкүрдү үй кылып пайдалана берүү картинасын көребүз. Демек, эпосто тарыхтын толук реалдуу көрүнүшү жатат. Бул болсо эпостун баалуулугун ого бетер тереңдетет.

Мындай үзүндү маалыматтар байыркы ата-бабаларыбыздын турак-жай, үйү болуп үкүрлөр да кызмат кылып, кийин адамдар коомунун өнүгүп өсүшүнө карай өзүнүн функциясын өзгөрткөндүгү жөнүндө кабарлайт.

Этнографиялык бир катар изилдөөлөрдө «алачыкты» жалпы эле көчмөн элдердин бир топтору менен пайдалангандыгы айкындалган.

Геродот, чыгыш уруулардын айрымдары туурасында, алардын жыгачтан жасалган үйлөрү болуп, кышында калың ак кийиз менен жабылып, жайында ачык калтырыла тургандыгын белгилеген. С. И. Руденко буга ссылка жасап, тоолуу алтайлыктардын да кийиз менен жабылган конус түрүндөгү «алачыктары» (шалаш) болгондугун көрсөтөт дагы, андан ары ушуга окшогон үйлөр Каспийден тартып Монголияга чейинки Азиянын көчмөн элдеринде дээрлик тарагандыгын айгинелейт. Бул пикирин ал жүргүзгөн археологиялык казып алуу иштериндеги «алачыктын» айрым бөлүктөрүнүн табылышына карап бышыктайт. Бул жөнүндө В. И. Вербицкий да кабарлайт. Анын кабары боюнча алтайлыктарда, жалаң ууктан гана турган боз үйлөр (коническая юрта) «алачык» деп аталган.

Кыргыздардын «алачыктын» пайдаланышкандыгы жана анын түзүлүшү жөнүндөгү маалыматтарды кыргыз этнографиясын изилдөөчү авторлордун эмгектеринен ала алебыз.

«Талаага селген алачык
Ал алачык жанына
Кай адам барган жанашып», —

деп айтылат эпосто.

Бул алачык Манастын бала чагындагы окуяларынын сүрөттөөлөрүнөн кездешет. [illegible]үлүк изилдөөлөрдө алачык түндүк менен уучтан туруп, анда көдөй кыргыздар [illegible]» деп берилип жүрөт. Ал эми Манастын мезгилиндеги алачыктын жайы мын[illegible] башкачараак көрсөтүлөт.

эң эле жаш бала чагынан ете тентек чыккан Манас, талаага балдар менен ба-
дың, ат уулап алачык жасап, анда жашап күн еткерүшет. Манастын минтил ууга чы-
рууларын кайдигер эле уу эмес, чон коомдук маанилүү акт дегы, анткени бул ууга түрдүү
ыктардын өкүлдөрү катышат. Манас ушул уу учурунда «кан» шайланат, ууга барган
ез коркунучтуу душмандарын жеңип кайтышат. Ал эми Манастын ууга барышы Ф. Эн-
гельс жоктуктун аксиомасы катарында карабастан качандыр бир убактарда үй ката-
рында урунган деп кароого жогорку келтирилген мисалдар түрткү берет. Балким бул
жакта белгиленип неткендей (Геродоттун) жана башкалардын баргаи кабары-
торлорунда боз үйдүн эң алгачкы жеңекей түрү болгондур.

Жогоркулар менен бирдикте «чатыр» деген термин менен айтылып лайдаланыл-
ган жомоктордун жүнүндө эпосто кебүрөөк сүрөттелет. Ал бирде, «олжого» түшкен дел айтыл-
ган, ал үй жашоонун ар түрдүү учурларда сейилдикке тигилген деп көрсетүлөт.

«Калк атасы карыя
Каиран Кошой олуя
Кошоп да тикти бир чатыр,
Ал чатырдын кеңдиги
Бакай, Кошой алпы бар,
Бул сыяктуу алптардын
Саны батып жаткандай,
Бир бурчуна кырк чоро,
Кең-кесири баткандай.
Каары толук капырдын
Олжого түшкен чоң чатыр,
Кан Алоока баатырдан
Жатагдашкан жерлери,
Кум арыктын боюнда
Арстан Манас кайраи эр
Ата улуудан жүздөн жан
Ал чатырга киргизип,» —

Ошентип, «олжого» түшкен чатырды тигишил, ага «ата улуунун» өкүлдөрү киргизилет.
Ал олжого түшкен оокаттарды, малды тең бөлүп алуу эрежесине жакын, байыркы-
дардын расмисине окшойт. Айрым бир саптарда.

«Кыраандардан бул тертөө,
Түркүгү алтын чатырды
Сейилдикке тигишип,
Колоо токмок, жез казык
Орното жерге кагышып,
Төрөлөрдүн баарысын
Билимдүү Бакай карысын,
Жел тийгизбей кырк чоро
Ал чатырга багышып,» —

деп көрсетүлгениүнө карай байкоо жүргүзсөк, чатырдын түзүлүшүнүн кээ бир
өзгөчөлүктөрү менен гана таанышса албастан, анын кандай максатка багытталгандыгы ме-
нен да кабардар боло алабыз.

Дагы бир кызыктуу деталды, этнографиялык маалыматтардын жыйындысы дел
септелген С. Орозбаковдун варианттарынан каздештирдик.

«Жалпы колдун баарына
Чатыр тигип бергизди».

«Чоң казат» эпизодунда дээрлик көп кайталанган «эпитеттер». Ушундай ке-
лишүүлөр согушчандардын кайсы бир мезгилдерде колдонгон үйлөрүнүн түрлөрү же-
ндегү божомолдоолорго мүмкүнчүлүк ачып берет.

Бирок, ушундай болсо дагы «чатыр» терминине байланыштуу илимий адабияттар-
да, (айрыкча этнографиялык, археологиялык) жазма булактарда эскерилген жана коз-
голгон маселелер дээрлик жокко эсе.

Биздин максатыбызга ылайык келүүчү археологиялык, этнографиялык, тарыхый
жана жазма булактарда, «Манас» дооруна туура келген мезгилдерге ыйгарылган «ча-
тыр» деген түшүнүктүн кездешпегендигине байланыштуу, айрыкча эпос езү чагылдыр-
ган көрүнүш менен гана түшүндүрүү мүмкүнчүлүгүнө эз болобуз.

Жогорку ыр саптарынан биз окугандай кытайдын Алооке каныиан чатыр олжого
түшөт. Манас ата улуулап, ар кимисинен атайын өкүлдөрдү киргизет. Айрыкча, Бакай
баш болгон кадырлуу карыларды «жел тийгизбей, ал чатырга багышат». Бул улууну
урматтоо, сый көрсетүү традициясын гана белгилебестен, жоокерчилик замандарда
олжого түшкен оокатты тең белүшүү жана калк атасы кадырман Кошой сыяктуу эл-
дин өкүлдөрүнө белекке тартуулоо салтын да белгилейт.

Башка көчмөн түрк элдериндей эле кыргыздардын байыртадан жашаган негизги
үйү боз үй болгон. Бул кыргыз жерине биринчилерден болуп келишкен саякатчылар-
дын, окумуштуулардын эмгектеринде да кеңири орун алган.

Эпостогу маалыматтардын негизинде кыргыздар пайдаланган боз үйлөрдү шарт-
туу түрдө төмөндөгүдей түрлөрге белүүгө болот.

«Жайында кирип ак үйгө
Жыгачтан түндүк кийгизген», —

көрүнүп тургандай биринчиден, жыл мезгилдерине ылайыкташкан жалпы пайдаланыл-
ган үйлөр, экинчиден, ритуалдык же асем үйлөр; андан үйлердүн болгондугу төмөнкү
саптардан ачык көрүнөт.

Ч. Валиханов жазып алган вариантта:

«Тоодоңай бийик боз үйү
Тескей жоңлу тигемин
шону ашка тигемин» — деп берилсе, С. Орозбаковдун

варианты элестүү түрдө:

«Аш берүүчү жерине
Арызданып конгондо
Көк ала байрак көк туюу
Көтөрүлгүр биниктеп,
Көргөн душман көөнүнө
Көрүнөө түшсүн күйүт деп,
Үч жүз миң тиккен үюу бар
Үч ата уулу, бийик бар,
Уюткучун баарысын
Ак маанат менен тыштатып,
Уюктарын учтатып,
Учу санын уюктун
Кура маанат тыштатып,
Кечкен болсо бүктөгөн
Кедүктөргө жүктөгөн,
Көрбөгөндүн баарысы
Көзүн салып, тиктөгөн,
Бай Көкөтөй ашында
Камданышып ошондо
Конок келер бекен деп,
Жасалгасын бекемдеп», деп сүрөттөлөт.

Бул үйлөр, көрүнүп тургандай, жасалгаланып «конок үй» катарында пайдаланылган. «Манас» эпосу баарыдан мурда баатырдык эпос. Эпос, көз каранды болбостукту сактап калуу үчүн айгышкан согуштар, узакка созулган жортуулдар, согуштук жүрүштөр жөнүндөгү элдин эң сонун баяны. Кыйын кезең каардуу кармаштарда атайын арналган үилөрдүн болушу толук мүмкүн. Мына ушундай атайын согуштук кызматтарга пайдаланылган боз үйлөр жөнүндө атайын адабияттарда кабарлар да бар.

К. Юдахин «Кыргызча-орусча сөздүктө» «кош», «котоо» терминдеринин айрым маанилерин убактылуу, жортуулдар убагында же алыска көчүп-конуу мезгилдериндеги боз үй деп берет.

Согушчан мезгилдерде ар дайым эле атайын арналган боз үйлөр пайдаланыла бербесе керек. Муну биз төмөнкү саптардан көребүз:

«Жабыгы бийик боз үйгө
Жамгырчыны киргизди.
Жалпы колдун баарына
Чатыр тигип бергизди».

Жамгырчы кыргыздын бир уруусунун башчысы, мындайча айтканда, кошундун башчысы. Көрүнүп тургандай, аларга атайын үйлөр бөлүнсө керек деген ой пайда болот.

Эпосто «жолум үй» деген термин менен негизделген үйлөр жөнүндө да кабарлар кездешет.

«Бүгүн жолум үйгө түнөтүп
Көргезмөк болдуң конокту
Айттырмак болдук жомокту,» —

деп атасы Манастын өчүн алганы узак жолго аттанган Семетейге жолдо кезиккен Карагул айтат.

«Жолум үйгө барды дейт
Баатыр туулган бу Сейтек
Жылкыны көздөй салды дейт
Туу бээ кармап алды дейт
Жолум үйдүн эшигин
Жыга тартып салды дейт».

Жолум үй кереге жыгачтары бири-бирине көктүн жардамы менен ашташтырылбай, кыл менен бириктирилет. Бул жеңил жана тез жыйнаганга ыңгайлуу болгон.

Көркөм жасалгаланышы жана белгилениши жагынан асемделген үйлөр: «ак ордо, ак үй, боз үй, өргөө» — деп аталган үйлөргө бөлүнгөн.

Эпосто учураган «Ордо» — терминиинин мааниси чоң кызыгууну жана талаш-тартыштарды туудурбай койбойт.

Манастын кырк чоросу, «кырк» жерден келип, Манаска «чоро» болушат. Манас аларга «алдына ат», «үстүнө үй» берет. Бул кырдаал төмөнкүдөй сүрөттөлөт:

«Үйсүз келген чорого,
Кадимкидей кылчайбай
**Ордо** берди зор Манас.
Үйсүз калган чорого
Түндүгү алтын кырчоо жез
Чоң ордого киргизди».

**Ордо** берди зор «Манас» — бул жерде көңүл бура турган маселе «үй берди» деп айтылбай «ордо берди» деп айтылышында.

«Ордо» деген сөздүн маанисине көпчүлүк окумуштуулар, алардын ичинде Ч. Валиханов мындай деп аныктама берет. «Ордо» деген сөз алтын ордодой эле мааниге ээ болгон азыркы убактагы кыргыз-кайсактардын (казактардын) канынын борборунун же ставкасынын кеңири маанисин белгилейт. Эпосто муну далилдей турган саптар көп кездешет.

«Акун хандын чоң ордо
Дарбазасы далай бек,
Токсон кулач бийиги
Сыртындагы калың чеп,» —

деп көрүнүп тургандай тегерете бекемделген ордолор жөнүндө түшүнүккө ээ болобуз:

«Кең Каркыра жүзүнө
Бокмурун барып жетиптир
Баш аягын тордотуп
Көкөтөндүн чоң ордо
Барып тигип эрнотуп».
«Ак үнлүү кан Алооке
Алып салды деп жазган
Түп коргонун түз кылып
Чалып салдык деп жазган» —



— термини Алоскенин коомдук социалдык абалы

сөздөру жогорку маниктен башка даңы бийик

үчүн, сан үйлүү деп түшүндүрөт. Муну төмөнкү саптар айгинелейт:

«Алдеңдеп турган баланы
Бийик ак үйлүү бизге беркиниз,
Жер ортосу Маргалан

Калаңды алып барабыз
Калабызга бир эрке
Ак үйлүү кылып калабыз

К. К. Юдахиндин сөздүгүндө жана эпостун вариантарынын биринин (С. Карала
комментарийинде «ак үйлүү» — өкүл, элчи маанисинде түшүндүрүлөт. Жогор
алтарынын алгачкы экинчи сабы биздин окубуча «ак үйлүү» «канатдуу
белгилесе анын саптагы Сметанди башка элге өкүл катары
дыгын түшүндүрөт. Бир элден экинчи бир элге же бир уруудан экинчи
элчи жиберүү баныржылардын бузулбас салты болгон. Муну В. В. Вер
И. К. Бичурин ж. б. өз учурунда туура белгилешкен.
үйлөрдүн аттарынын же алардагы коомдук сакчы мани
атектеш болуп шартташып турушу, туран жай үйлөрдүн социалдык белги
да кабыл алынышын ого бетер бышыктайт.
Жаңыдан үйлөнгөндөрдө берилген үй «сергеек» деп аталган.
Манас менен Каныкей үйлөнгөндө «чоң ергеекке киргизишет. Бул үйлөр айрыкча
чыгыш менен коошолуп жасалганын.

«Ак учук менен суп манат
Үзүгүнө жаптырган,
Босогонун сыртына
Кааланын бетине
Ажыдаар менен жолборстун,

Сүрөтүн жаптырган
Керген жандар жаптырган
Керегенин бөкөнө
Кеегеден чеге бастырган

үшүндөй жасалганган үйдү жаңы үйлөнүшүнөн Манас менен Каныкеге берип

Боз үй кыргыз элинин кылымдардан бери пайдаланган негизги үйү болуп эле
лген. Демек, эпостогу үйлөр жөнүндөгү ар кыл баяндамалардын ичинен, боз үйлөр
луу маалыматтарга кебүрөөк ээ болушубуза толук эркиндүү көрүнүш. Эпостогу
боз үйдүн жасалышы, белүктөрү, жыйналышы тууралуу да керектүү материалдарды
чуга болот.

Боз үйдүн түзүлүшү, ички жасалгаланышы, үйдүн ээсинин социалдык абалы менен
ете тыгыз байланышта болгондугу белгилүү. Эпостогу каармандарга тиешелүү үйлөр
дун сүрөттөлүшүндө (айрыкча жасалгасы тууралуу) көркөм ойлоодутар, (биздин т
өнүгүбүзгө сиңип келген бай адамдарга тиешелүү деп эсептелген) ашыкча көрүнүш
ор орун алгандыгын эскерте кетмекчибиз.

Атайын изилдөөлөрдө, белгилүү мезгилге ыйгарылган боз үйлөрдүн (жогорку
саптарга тиешелүү) кереге, уктары күмүш, жез, темир пластинкалар менен коопсол
ндугу тууралуу маалыматтар бар.

Эпостогу ыр саптарында келтирилгендей, жасалгасы бар үйлөрүнө көрө, эпостун
бардык каармандарын кандайдыр бир жогорку таптын өкүлдөрүнүн катарына кошуп
коюуга болбойт. Анткени эл, мекенин коргогон сүйүктүү каармандарынын образдарын
түзүүдө көркөм идеалдарын ар кыл боёктору аяшкан эмес.

«Кереге уугу агечтан
Түндүгү болсо жыгачтан
Белекбай уста жасаган, —

деп айтылат эпосто. Боз үйдүн жыгач түлкүн жасаган устөлөр кыргыз элинин аяк чө
берлери, архитекторлору болушкан. Анткени боз үйдүн жыгач түлкүсүнүн бардык бө
лүктөрү бири-бирине ийилип тең келиши өлчөмсүз чеберчиликти талап кылган. Мындай
чеберчиликти элер муундан-муунга өткөрүшкөн.

«Керегенин кешеги
Темир менен тээктүүлө.

Көрүнүп тургандай боз үйдүн жыгач түлкүсү жыгачтан гана жасалбастан аны кер
кемдеп кооздоо жумушу да ишке ашкан. Бул төмөнкү саптардан да ачыгыраак бай
калат.

«Уюктарын учтатып
Учу сайын уюктуп,
Кара манат таштатып», же:
«Босогонун сыртына

Болоттон чеге чыгарган
Кеегенин бетине
Ажыдаар менен жолборстун
сүрөттөрүн жаптырган»

Боз үйдүн түлкүн түзүп, ошондой эле аны жабдып турган белүктөрдөн турун, ар
кайсынысы өздөрүнө тиешелик маанилүү функцияны аткарышып өзүнө оттосо болгон.

Кийиз жасоонун ыкмаларын эпостогу айрым ыр саптары маалымдайт.

«Кедик койдун термел жүн
Тоза жерге жыктырып,
Тесмелдетип кыркгызып

Тогуз жүз кемпир чогулуп
Тыбыркап сабын таптырып

Кийиз боз үйдүн жабдылышынын, жасалгаланышынын бирден бир материалы болуп эсептелет.

«Таласка Алмак конгондо
Туурдукту май кылган
Тушуккаиды бай кылган
Аидаи ары бастырса
Жыртык кара үй турат
Тутуусу каткен бөлүнүп
Көрөгө уугу көрүнүп» — мындай көрүнүштөр,

элдин социалдык айырмачылыктарын гана белгилебестен, боз үйдүн айрым бөлүктөрү жана алардын аталыштары жөнүндө да кабарларды бере алат. Кыргызстандын түштүк батыш райондорунда жашоочулар туурдукту, «тутуу» деп аташарын К. И. Антипина көрсөткен.

«Үзугунун баарысын
Ак манат менен тыштатып», же:
«Жабык баштын үстү-үстү
Алты эли кундуз жээктүү
Боолорунун баарысын
Чылк жибектен чалдырган»,

бул сүрөттөөлөр, боз үйдүн жасалгасына жалак кийиздер гана пайдаланылбагандыгын айгинелейт.

«Акырын басып кылтылдап
Аяк капка кол сунуп
Жан аякка кымыздан
мелтилдете куюшуп» —
же: «Керегенин башында
Өрүлгөн камчы зэр токум»

булар эпосто дайыма кезиге турган дээрлик туруктуу эпитеттер.

Илимий адабияттарда көрсөтүлүп жүргендей үйдүн эки тарабынын өздөрүнчө аткара турган функцияларын, жогорку ыр саптары дагы ачыгыраак маалымдайт.

«Алты кертип жук жыйып
Алдыңкы жолду чаңдатып,
Зайыбын Толтой албайлы».

Белгилүү бир мезгилдерде жыйылган жүктөн улам үйдүн эсинин байлыгын элестетүү.

«Жакып кандын төрүндө
Аюу талпак ак көрпө»,

деп көрсөтүлгендей үйдүн төрү ардактуу орун болгон. Элибиздеги меймандар көлөнөндө ар дайым төргө өткөрүү кылымдардан бери келе жаткан бузулбас салт.

Боз үйдүн жасалгаланышы, элибиздин байыртадан берки келе жаткан нукура маданиятынын белгиленишине негиз түзөт. Боз үйдүн бөлүктөрүнүн жана аны түзгөн элементтердин жасалышы зор чеберчиликти талап кылып, прикладдык искусствонун баалуу түрүнө да кирет.

Эпостогу окуялардын дээрлик көпчүлүгү бир белгилүү гана территорияларда өтпестен, анын чек арасы байыркы Кытайдан тартып, Борбордук Азияны аралап, Орто Азияны, Иранды кесип өтүп, Жер Ортолук деңизи аркылуу Арабиянын чөлдөрүнө жетип, Индостан жарым аралын чарпыйт.

Ошондуктан эки миң жылдан ашуун тарыхы бар, байыркы кыргыздар жөнүндөгү жаңырык бүгүнкү күндө да бизге угулуп турат.

Эпосто кыргыздардын көчүп-конуусу жөнүндөгү маалыматтар эң сонун чеберчиликте сүрөттөлгөн. «Кыргыздардын Алтайдан Ала-Тоого көчүшү», Көкөтөйдүн ашын берүү үчүн «Бокмурундун Каркырага көчүшү» сыяктуу чоң маанилүү окуялар менен коштолгон атайын эпизоддордо байыркы кыргыздардын көчүнүн бирде айбаттуу, бирде кылкылдаган шаан-шөкөттүү көрүнүшүн көребүз.

Кыргыздардын Алтайдан Ала-Тоого көчүшүнүн баяндалышы:

«Кылдыратпай уук чечип
Шылдыратпай суу кечип
Тулпардын бөөрүн байлашып
Күтүп алган сан кара
Түп көтөрө айдашып
. . . . . .
Кароолун жакшы коюшуп
. . . . . .
Азаматын, шерлерин
Найза сайган эрлерин
Айбалта чабаар эренин
Белге таңуу кылыптыр
Кабылан Манас эренин
Көч алдында Жакып бай
Көч артында Акбалта», —

деп толук реалдуулук менен сүрөттөлөт.

Ф. Энгельс белгилегендей, согуш элдик турмуштун регулярдуу функциясы болуп турган мезгилдерде кыргыз көчүнүн жогоркудай көрүнүшү дээрлик чындык. Бейыркы кыргыздардын армиясы (кошуну) С. М. Абрамзон белгилегендей байыркы монголдордун армиясынын түзүлүшү сыяктуу (төмөнгө) миңге, жүзгө, онго бөлүнүп, пайдаланган курал-жарактарына карап дагы өзүнчө топту, отрядды түзүшкөн. Мисалы: эпостун ыр саптарынан көрүнүп тургандай, найзакерлер өзүнчө, айбалта чапчулар өзүнчө д. у. с. болуп топ-топ бөлүнүшүп, согуштун учурунда өз-өзүнчө майданга киришкен.

Көчтүн жогоркудай кароолдор коюлуп, Манас башында турган «найза саяр эрлер, айбалта чабаар эрендар» менен коштолушу ошол замандын мүнөзүнө ылайык закондуу көрүнүштөр. Ал эми көчтүн башында (алдында) Жакып бай, артында Ак-Балта болушун адаттык көрүнүшкө, салттык мүнөзгө ыйгарабыз.

«Күлдүр, Камбар, Чалыбай
Бу да келди таласка
Короо болду Манаска

Азык кандын Акжолтой
Келип конду Таласка
Короо болду Манаска».

Бул саптардан көрүнүп тургандай «Манаска айыл» болду деп айтылбай «короо» деп аталат дешинет. Себеби бупар айылдын составын түзгөн мүчөлөрү гана б. а. алар Манастын өзүлөрүнүн жеке керт баштары же үй-бүлөлөрү менен гана келишкен. «Коюу короолош» ою бирге жоролош» Манастын чоролору болушкан. Демек, «короо», «короолош» айырмаланып, бир бөткөй маанини түшүндүргөн. Бир үй-бүлөнүн, бир керт-башынын жаныдан өзү айылды түзө албайт, составын гана түзөт. Короосу болууга мүмкүн, бирок жалгыз өзү айылды түзө албайт, составын гана түзөт. Манастын жайлоосу, кыргыздардын жайлоого көчүшү (кийинки мезгилдерге чейин эле) чыныгы короого айланган. Жаңы, жакшы кийимдерди кийинишкен кыз-келиндер, көчтүн көркүнө айланган. Эпосто берилгендей аталарга жүктөр жүктөлгөндөй кийии «сарпайы» боюшкан. Эпосто берилгендей аталарга жүктөр жүктөлгөндөй кийии «сарпайы» деп аталып жаап коюу өзүнчө бир адат болгон. Маанилүү сыйктуу күлүк аттарды үргүктөп, «ат» деп аталып алышкан же ылайыктуу бирөөлөрө мингизишкен. Ал эми бул болсо көрсөтүлгөн урмат-сыйдын же атак-даңктын чокусундай эсептелген. (Кийинчерээк чоң жаңжал-дардын, талаштардын чокусундай эсептелген. (Кийинчерээк чоң жаңжал-дардын, талашуудан чыкпадыбы).

Эпосто турак жай, үйлөр жөнүндөгү маалыматтардын ичинен «шаарлар», «ак сарайлар» деген терминдер менен шартталган көрүнүштөр да кебүрөөк орун алган.

Байыркы Багдад, Кабул, Бээжинден тартып Ташкан, Маргалаң, Аижыян шаарларына чейин эскерилген саптар жолугат.

«Жылдыздуу Кең-Кол, көң Талас,
Жер соорусу турбайбы
Муну жердеген адам тынбайбы», —

деген саптар дээрлик туруктуу эпитеттер. Эпосто Талас өрөөнүн мындай ардактоо, сыйлоо жердин байыртадан берки саясий-экономикалык маанисинен келип чыккан.

Жогоруда эскерилип кеткендей, Талас өрөөнүндө каармандардын аттары менен байланышкан, же аларга тиешелүү «ак сарайлардын» бир нечелери берилет.

«Бул жердин жайын сурасаң
Каныкейдин ак сарай
Каалгасы темир сом калай.

Айчүрөктүн ак сарай
Айланасы чеп коргон
Кымбаттыгы бир далай,

«Жакып кандын ак сарай
Жалгызым Манас барында,
Жасатып берген абыдан
Каалгасы сом калай», —

деген сыйктуу саптардын эпостон алган орду кеңири.

Биринчилерден болуп 1893-жылы бул өрөөндүн айрым эстеликтерин караган В. В. Бартольд Садыр-Коргон калаасы менен бирдикте Ак-Төбө калаасын да өзүнүн эки макаласында баяндап жазган.

Анын Ак-Төбө калаасын чыныгы шаар болбой, көчмөндөрдүн токтоочу жайы болгон деген пикири жогоруда келтирилген ыр саптарынан мазмунуна дал келгендиги бир топ ынандыраарлык жагдайды түзөт.

Ал эми кээ бир көрүнүштөр, эл арасында айтылып калган легендалар менен түз-кыйыр-түз байланышта. Мисалы:

«Кан Кошойго барарда
Кайран Ажың жол тартып,
Күндүз эмес түн жүрүп,
Ашуусу бийик тоо ашып,
Агыны катуу суу кечип
Чеч-Төбөнүн боюна,
Кара-Тоонун оюна
Кан Кошойдун коргонго
Казыналык ордого

Кең Таластын оюнда
Үч Кошойдун бетинде,
Таластын куган четинде
Терткүлдүн төмөн чагында,
Атагы калган баштагы
Манастын сайган багында,
Кайнардын кара көзүндө
Как чынардын өзүндө,
Дарбазалуу коргондо
Каныкейдин ордодо», —

сыйктуу саптар олуттуу көңүл бурууну талап кылат. Демек бул сыйктуу көрүнүштөр, көчмөн элдин бир жерден байыр алган конушу катарында эсептелинет. Жогоруда көрсөтүлгөн Ак-Төбө калаасынын Бартольд тарабынан, чыныгы шаар болбой, көчмөндөрдүн конушу (ставкасы) катарында эсептелиши да эпостогу ыр саптарында мүнөздөлгөн айрым көрүнүштөр менен үндөшүп турат.

Байыркы шаарлар, коомдун социалдык-экономикалык структурасына негизделип, өзүнчө бир тарыхый категорияны түзүшөт. «Шаар» деген түшүнүктү, социалдык-экономикалык көрүнүш катарында, азыркы мезгилдеги, шаар жөнүндөгү түшүнүгүбүздүн рамкасынан, байыркы мезгилдеги бул тууралуу элдик түшүнүктү ажырата билүү зарылчылыгы да турат. Шаар дайыма структуралык функционалдык мүнөздөгү бирдиктүү система катарында (өзүнүн планы, өндүрүштүк борбору монументалдуу түзүлүшү, шаардык маданияты, ж. б. лар) каралат.

«Манас» эпосунда өтө сүйөнчүлүк менен сүреттелген окуялардын бири Каныкейдин Маңаска күмбөз салдырышы болуп эсептелет.

«Жети миң эркек бир кырып,
Кыш бышырып бек салды
Жети кылым аткуче
Жетимгимдин күмбөзү
Бузулбай турсун деп салды».

Бул көрүнүш, өлгөн баатырга күмбөз салуу, кыргыздардын арасында байыртадан бери келе жаткан салтты гана аныктабастан материалдык маданияттын үлгүсүнө да күбө боло алат. Муну Каныкей тарабынан Манастын күмбөзүнө Манастын жана башка баатырлардын сүрөтүн тарттыруу да аныктайт.

«Мээнетти тарткан калың кол
Муну тартты сүрөткө
Ак куланы мингизип
Ак олпок тонду кийгизип
Кабылан Манас баатырды
Аны тартты сүрөткө

Ак Балтанын Чубагы
Калмактардын Жолойу
Кан Чубакка сайдырып
Аны тартты сүрөткө

Жыйырма бир чагында
Казасы жетип окко учкан
Упак кандын Сыргагы
Аны тартты сүрөткө

Алтын андар чок белбоо
Азиз кандын жалгызы
Муну тартты сүрөткө,
Кырктын башын кыргыл чал
Кыялы жакшы эр Шууту,
Эрлерди тартты сүрөткө!»

Чыгыш түрк урууларындагы «Кул-Тегиндин урматына коюлган эстеликте» Кул-Тегин аталаш агасы Мочжо өлгөндө кыргыздын ханы башында болгон анын көп санда-ган душмандарынын төштан сүрөтүн койгонун айтат: «Менин агам кагандын урматына кыргыз каганы баштаган балбал тиктим». Өлгөндөрдүн урматына таш сүрөт балбал коюу расмиси IX жана X-кылымдарда Жети-Сууда жашаган карлуктарда жана түрктерде, монголдордо болгондугун В. В. Бартольд көрсөтөт. З. Мамытбеков Манастын күмбөзүнө Манастын жана баатырлардын сүрөтүн тартканынын айтылышы кыргыздардын арасына ислам дини тарала элөктөн мурда эле эпоско киргизилсе керек деген пикирди айтат. Эпосто Көкөтөйдүн урматына да ак сарай (күмбөз) салдырганын кабарлаган маалыматтар бар.

Бул байыртадан бери көчмөн калктардын арасында ишке ашырылып келе жаткан салттын, өнөрдүн бири. Өлгөн адамга коргон же күмбөз салуу түрк-монгол урууларынын арасында кеңири тарагандыгын Волга боюнда Саян-Алтайда, Тянь-Шанда жүргүзүлгөн археологиялык жана байыркы түрк жазуулары аныктайт.

Виктор Бутанаев

# Кыргыз-хакастын сөз казнасы жаатындагы тарыхый байланыштары

Саян-Алтайды жана Тянь-Шанды мекендеген калктардын өз ара ал... байланыш маселеси 200 жылдан бери изилдөөчүлөрдүн көңүлүн бур... келет. Ошто кылым заманында бу эки аймакта тең «кыргыз» деген на... менен белгилүү калктар жашаган. Тарыхтын нагыз өзү боюнча жазылган эмгектер, бу маселе боюнча ар башка көз караштар айтылат. Тарыхчылардын айрымдар... аталган калктардын байланышын Энесай кыргыздарынын кыйласынын Тянь-Шанга жо... содарып келиш маселеси менен далилдешет, а дагы бирлери алардын экөөн тең ... ошол аймактарды байыртан жердеп келаткан түпкүлүктүү элден куралган деп тастык... ашат. Кийинки кезде изилдөөчүлөр арасында кыргыз калкы Саян-Алтайдан жана Бор... бордук дөңсөөдөн жер ооп келген уруулар менен жергиликтүү элдердин ширөөсүнөн ... пайда болгон деген пикир көбүрөөк жайылып баратат.

Ушул убакка чейин бу аталган маселе негизинен жазма жана археологиялык ма... териалдарга таянылып гана иликтенип келди. Биз бу чакан макалабызда кыргыз менен ... Энесай кыргыздарынын мураскору болгон хакастын тарыхый байланышын эки элдин сөз... казнасындагы жаңылыктарды өз ара салыштыруу жолу менен кароону сунуш этебиз.

Кыргыз, хакас экөө тең — мал чарбачылыгы менен оокат кылып келген эл эме... белгилүү. Чарбачылыктын ушул тармагына байланыштуу терминологияны салыштыр... керегинде, андагы сездердүн эң көбү бирдей, окшош экени байкалат. Мында ... кышкы жер бетинин түзүлүшүн, табият көрүнүштөрүн, өсүмдүктөр дүйнөсүн, жан-жа... ныбардын атын туюнткан сездердүн да кыйласынын мааниси жакын. Маселен, малды ... жайы-кыш оттошуна абдан кыйынчылык келтирчү жердин жазгы сыйгалак учуру хакас... ка «ойгах» деп аталат. Бу термин кыргыздын «сойгок» дегени менен толук маани... леш болуп турат. Хакастын жазгы ала шалбырттан кийин суук жүрүп, жердин тоңголоо... болуп кетишинен малдын өлүм-житимдүү болушун туюнткан «улегин» деген сөз... да кыргыздын «өлөөгөн» деген сөзүнө далма-дал келет. Тоонун түштүк жакы бети... түшүк кыргыздар «чагат» деп атайт. Хакастан бугө үндөш «сагыт» сөзү менен көктө... маалында кары кеткен бөксө тоолордун күңгей бетин туюнтушат. Чөп өспөгөн такыр ... жердин кыргызча аты «каксоо», хакасчасы — «хахсаг». «Кыян» термини менен кыргы... өкөрүлүп мол аккан жаан суусун айтат. А хакаста «хыян» деп кышкысын түндүктө... бөлчү муздак шамал аталат. «Чыкыроон» кыргызча — аба ырайынын аздыр-кептүү ... шамал аралаша суук тартып турган учуру. Хакаста да бугө үндөш «чыхыроон» дегө... термин бар; аны менен күздүн күнкү боз кыроо учуру белгиленет. Жаш карагайла... кыргыз «балаты» дейт, а хакас буга үндөш «пилет» сезү менен жаш кызыл карагайды ... атайт. Бөгөнөктүн түнөгү кыргызда «уюк» делет, мунун хакасча атамасы — «хоо... (аарынын хоогы). Кыргыз «бабырган» деп жалалак тукумуна кирген куштү, а хакас ... «пабырган» деп канаттуу тыйын чычканды айтат. Кыргызча «ызгыч» деген чулдуктар ... тукумуна кирген чымчыктын бир түрү, хакасча «ызыгас» — жылкычы чымчык. Үкүгө ... кыргыз — «жапалак», а хакас «чаба хулах» дейт ж. б.

Тарыхый байланышты иликтегенде малдын кыял-кешпирин туюнтуучу терминдер... да маанилүү экени сезилет. Башын ала качып, жүгөн каттырбаган кески жылкыны кыр... гыз — «кажагай», а хакас «хачагай» деп атайт. Учкаяк атты кээде кыргыз «чуркамы ... жакшы ат» деп да коёт. Хакасча «солгаминг ат» — алыска чабылчу ат дегеиди билди... рет. Семиз, кара эти толук жылкы кыргызда «көбөөрүгөн жылкы» делет. Ал хакаста ... да ушундайча аталат: «кобеерген чылгы». Кыргызча «көбүз» деп чөпке тойгондо ку... сагы бөлүнүп салаңдап калчу арык козуну сыпаттайт. Бу сөздүн хакасча «кибее» дегэн ... сөз менен маанилик жакындыгы бар: хакаста «кибее» деп мурда аччылыктан кезү ... катып калган, ошондон улам тамакка өте эле опкок кек карын баланы айтат. Эки э... да тең жырткыч айбанаттар жалпысынан «карсак» (кырг.) же «харсах» (хак. харсахтыг ... аң) деп аталат. «Алтай» деген кыргыз сөзү карышкыр тукумундагы сырттан айбанат... тардын эпитети катары кызмат кылат. Мунун түпкү теги хакастын «адай» — ит дегэн ... сөзүнө байланыштуу экени анча күнөм туудурбайт. Бу теги бир сөз кыргыз, хакас ... тилдеринде гана бар, башка түрк тилдеринде жок. Мифке айланган «Хубай хус» ит ... жөнүндө улама хакастын бардык жеринде айтылат. Уламанын мазмуну боюнча: ... ит жапайы каздын жумурткасынан чегилип чыккан: андан бир да жырткыч, бир да ка... наттуу качып кутула албайт. Хакасча «хубай хус» сөзүн кыргыздын миф кейипкери — ... иттин түпкү бабасы, колдоочусу дегенди туюнткан «кубагыш» менен бирдей карасаң ... болот. Бирок хакас «хубай хусу» белгилүү кыргыз жомогунда эч бир жырткыч качып ... кутула албайт деп сыпатталчу «кумайыкка» абдан жакын. Кыргыз жомогунда да Ку... майык канаттуудан — кыраан куштан туулган деп айтылат эмеспи. Ушул жагынан алганда, бу аталган сөздөрдүн уңгусу бир деп болжосо болот.

Кыргыз-хакас сөз казнасынын жалпылыгы мал чарба азык-түлүгүн иштетүүнү билдирген сездерден да көрүнөт. Мисалдар: хакасча «**хаидыр**» — териинин бучкагы; кыргызча «**кондур же кондурдай**» — арык, териси менен эле сөөгү калган жандык (б. а. бучкагындай жука); хакасча «**сылгый**» — жакшы ийге кирбей, өңделбей турган тери, кыргызча «**чылгый**» — сууга чыланган же жаңы союлган малдын териси; хакасча «**іспік**» — аркан эшкенге ылайыктап түйдөктөп коигон кыл (жүн), кыргызча «**үшмек**» — ийрип атканда жерге түшүп кетпөс үчүн түймөк жиптен турган манжага илип алма бүчү; кыргызча «**талпак**», хакасча «**талбах**» — жерге салынчу малдын же башка айбанаттын териси; кыргызча «**суксур**», хакасча «**сипсир**» — камчы өрүмүнүн өзгөчө бир түрү.

Кыргыз-хакас сөздөрүндөгү окшоштук ошондой эле үй-жайдын, анын жасалгасынын, эмеректин улут кийим-кечегинин аталыштарынан да көп учурайт. Кыргызча эшиктен кире бериш жерди (көбүнчө боз үйдүн) туюнткан «**улага**» сөзүнө хакасча боз үйдүн түбү дегенди туюнткан «**улага**» сөзү туура келет. Туурдукту бекиткен арканды эки эл тең бирдей сөз менен атайт: кыргыз — «**кырчоо**», хакас — «**хурчаг**». Кыргыз тилинде «**элчи жак**» деген — боз үйдүн аялга таандык буюм-тайым турчу жагы. «**Эпчи**» — кыргызда тилдин байыркы доорунун бир дареги катары гана сакталып калган сөз, азыр өз алдынча колдонулбайт. Бу сөздү азыр түрк тилдүү элдердин ичинен жалгыз хакас гана «**ипчі**» деп аял маанисинде колдонот. «**Ипчі**» деген «**иб**» (эп) — үй, боз үй дегенден жасалган туунду сөз; башында ал «үйгө таандык» дегендей аныктоочтук маани туюнткан. Суу токтоп калган чуңкур жерди кыргыз «**көлмө**» деп коёт. Муну хакасча «**колбе**» — тепши деген сөз менен салыштырып көрсө болот. Орто кылымдарда кыргыз ичинде күнөкөр чылгый төө терисинен жасалган «**коок**» делчү баш көп тартылып жазаланган. Хакастын оозеки сөз өнөрүндө да «**хоох порік**» деген баш кийим аты учурайт; аны көбүнчө малайлар кийгени айтылат. Азыркы хакас тилинде «**хоох пас**» сөз айкашы (сөзмө сөз — «**хоох**» тумагынын ичиндеги баш) менен чачы түшүп калган адам сыпаты берилет. Бу маани «**коок**» баш кебин тартардын алдында күнөкөрдүн чачын тасырайта кырып, анан тарткандан келип чыкса керек. Аталган туюнтмалар ошондой эле байыркы кыргыз менен хакастын күнөкөрдү жазалоо амалынын да бирдей болгондугун ырастайт. Чачыла менен жээктелип, оймолонуп жасалган ат жабуу кыргызда «**жебилге**» деп аталат. Бу сөз хакасча «**силөрге**» — деп кыз-келин тартынчу боркокту кооздоочу чачыла дегенге туура келет. Баш кийимдин бир тилкеси кыргызда да, хакаста да «**талаа**» аталат. Тондун жогорку өңүру кыргызча «**боор**», а хакасча «**паар**» ж. б.

Кыргыз менен хакастын улуттук тамак-ашы көбүнчө эт-сүттөн жасалган. Эки тилде тең бышкан этти жана анын белүктөрүн (устукандарын) тартуунун байыркы рәсми сакталып калган. Маселен, төш (хакасча — «**тос**» аялдарга, кыргызча «**токмок жилик**» (дагы бир аты — жото жилик»), хакасча — «тохпах чилин» деп аталчу устукан эркектерге гана тартылат. Хакастын дагы бир салтында эркекке кый сүбө (хакасча — «**субе**») берилип сыйланат. Ушундан улам хакастар эркектин бир кабыргасы — сүбесү жетишпейт деп санашчу. Бу салт кудай таала аялды эркектин «суба» деп аталчу кабырга бөлүгүнөн жасаган деген библиялык мифинен келип чыкса керек. Хакастын салты боюнча каргышты (хакасча — «**хааргыс сиир**») үй-бүлө мүчөлөрүнүн баары тең бөлүп жешкен. Аны чайнап жатып минтип каргыш айтышкан: «каргаганга каргыш тийсин». Мунун хакасчасы мындай: «Мині харгаан кізіні харгирзың». Муну айтса, киши ар кандай сырткы кырсыктан сакталат деп ишенишкен. Эгер каргышты бир эле киши жеп алса, анда каргыш ошо жагендин өзүнө тиет деп коркушкан. Малдын толорсугу (хак. **толарсых**), томугу (хак. томых), ашыгы (чүкө дегендин синоними; хакасчасы — хазых) кут сактоочу мүчөлөр катары таанылган. Ошон үчүн аларды тышка ыргытып жиберишкен эмес. Хакастар балабыз түрү суук болуп калат деп, томукка бычак тийгизип албай этин аярлык менен жешкен. Кыргыздар да кызыбыз керктүү болсун деп, томукту таза мулжушкен. Сөөктүн борпоң, жумшак жерин кыргыз «**кемик**», хакас «**имиртки**» дейт. Кыргызча ийин муунун туюнткан «**ургун**» сөзү хакасча «**чалгын канат**» дегенди билдирген «**хургун**» сөзүнө туура келет. Сууга айран катыкталып коюлган суусундун аты эки тилде тең үндөш: кыргызча «**чийдем**», хакасча «**сеедем**». Даамсыз, суюк тамакты кыргыз «**супсак**», хакас «**сухсак**» дейт. Казандын түбүнө күйүп жабышып калган тамак калдыгы кыргызча «**кырмычык**» хакасча «**хырымчых**» деп аталат ж. б.

Кыргыз жана хакас тилдеринде адамды, коомдук-экономикалык мамилелерди мүнөздөө үчүн иштелип чыккан сөздөрдүн далайы бирдей. Мисалдар: «**балтыр бөшик бала**» (кырг.), «**палтыр пізік пала**» (хак.) — эмчектеги бала; «**мадыра баш**» (кырг.), «**падырбас**» (хак.) — жаш, жетиле элек бала; «**жөнтөк**» (кырг.), «**чултөк**» (хак.) — карапайым, тартынчаак; — «**аксым**» (кырг.), «**ахсымай**» (хак.) — албуут, кыялы чукул; «**тапан**» (кырг.), «**табан**» (хак.) — амалкөй, кандай болсо да сез таап кутулуп кетчү; «**кыйды**» (кырг.), «**хыйтых**» (хак.) — куу, ичим тап; «**нез**» (кырг.) — айланасында эмне болуп жатканы менен иши жок киши, «**никс**» (хак.) — камаарабаган киши; «**мунжу**» (кырг.), «**мунчух**» (хак.) — эч иш колунан келбеген, шалакы; «**кашка**» (кырг.) — уруу башчысы; «**хашха**» (хак.) — VII кылымдагы Энесай кыргыздарына таандык княздык титул; «**кылдат уста**» (кырг.), «**хыдат узы**» (хак.) — чебер уста (сөзмө сөз-кытай уста дегенди билдирет)

Кыргыз менен хакаста балдар ойуун туюнткан сездердүн да далайынын үңгүсү бир экен. Маселен: «**оромпай**» (кырг.), «**орақмай**» (хак.) — балдар ойну; «**мурчу**» (кырг.), «**мулчу**» (хак.) — чүкөнүн солгун атылып калышы ж. б. Манжалардын атын сөнөп, «ичинөкөй баланы ойноткон оюн Түштүк Сибирь менен Борбордук Азиянын көпчүлүк элине таралган. Хакастар бу оюнду «арба хоор-хоор» деп коёт. Бу оюнда манжа-

лардын аты кыргызда да, хакаста да бирдей аталат: «баш бармөи», (кырг.), «пас маймах» (хак.)—чоң манжа; «бадал жүрөк» (кырг.), «падан чүрек» (хак.) — сөөмөй; «оюп чийме.» (кырг.), «ойым чібек» (хак.)—аты жок; «чып-чылалак» (кырг.), «лобейек» (хак.)—кичи манжа (оозеки сөзүүдө чыпалакты хакастар да «чымалчых» деп кыргызга үндөш айтат:).

Кыргыздын диний ишениминде хакастын шамандык түшүнүктөрүнө үңүлөш мусулманчылыкка чейинки диндин издери, сөздүк туюнтмалары сакталып калган. Мисалдар: «тайы» (кырг., хак.) — курмандыкка чалуу; «алаткак» (кырг.), «алатпах» (хак.) — жин, шайтан; «аал: ит аалы» (кырг.) — мифте айтылчу айбанат (эркеги дөбөт, үргаачысы аял түспөлүндө сүрөттөлчү), «аал: адай аалы» (хак.) — элге зыяндуулугунан киши колдуу елген нттин жаны; «булоо» (кырг.) — суюктуктун буусу дегенди туюнткан сөз, «пулаг» (хак.) — курмандыкка чалынган бодо мал (анын этинен чыккан буудан тоонун, асмандын колдоочулары аэыктанган), «албарс» (кырг.) — болот кылыч, «алабарс» (хак) — доолбастын же анын туткасынын каймана аты; хакас мифи боюнча, андай доолбас шамандын колуна тийгенде ар кандей шайтан-шабырга каршы күралга (кылычка) айлантат ж. б.

Кыргыз менен хакастын элдик медицинасынын дарыгерлик ык-каражаттары, дартка койгон атоолору көп жагынан окшош. Мисалдар: «оозул» (кырг.), «алсып» (хак.) — балдардын ооз көндейүнүн оорусу; «кобук» (кырг.), «хобых» (хак.) — колдун манжаларынын оорусу; «тирсек» (кырг.), «тірсек» (хак.) 1. кирпиктин түбүндөгү бездердин ириңдөп сезгениши; 2. ахиллес согончогу; «кодоо» (кырг.), «кодее» (хак.) — малга (көбүнчө жылкыга) жана адамга чыгуучу жара, күйдүргү; «чер» (кырг.), «сир» (хак.) — катуу коркунучтуу шишик; «шыбоо» (кырг.), «сымоо» (хак.) — буттун жыты ж. б.

Ошентип, жогортон бери келтирилгендей лексикалык материалга таянсак, кыргыз, хакас тилдери түбүндө уңүлөш экенине ынанбай коюуга болбойт. Чарба жүргүзүү жол-жоболорунун бирдейлиги, материалдык жана руханий маданияттагы окшоштуктар, уйкаш жана маанилеш келген тарыхый лексика, биздин оюбузча, кыргыз менен хакастын ортосунда түпкүлүктүү тарыхый байланыш бар экенине күбө болуп берчү айныбас далилдерден. Биз бу сапар ушул эки элге таандык гана сөздүк катмарды ачып көрсөттүк. Бу элдердин энесайлык кыргыздар менен да тике алакасы бар экени анча шек туудурбайт. Эки башка аймакты жердеген түрк тилдүү калктын экөөнүн тең «кыргыз» деген бир этноним менен аталып калышы кокусунан эмес да. Кыргыз менен хакастын экөөндө тең бар сездердүн кыйласы Саян-Алтайды мекендеген башка түрк элдеринин тилинен да учурайт. Демек, кыргыз каны ал элдердин уюткуланышына да тике катышкан деп болжоого толук негиз бар.

**Абакан шаары.**



# Ала Тоо

АИ САЙЫН ЧЫГА ТУРГАН АДАБИЙ-КӨРКӨМ ЖАНА КООМДУК-САЯСИЙ ЖУРНАЛ

КЫРГЫЗСТАН ЖАЗУУЧУЛАР СОЮЗУНУН ОРГАНЫ

## МАЗМУНУ


**Казат АКМАТОВ.** Күнду айланган жылдар, роман . . . . . 3

ЖАШ КАЛЕМ

**Абдрахман АЛЫМБАЕВ.** Мен бейиркы улуу тоолук күн элинин ургаагы, Огуздар, Октябрь революциясы жана кыргыз эли, ырлар . . . . . 61
**Фатима АБДАЛОВА.** «Эсепек жаным эзилип», «Күнгө — ишенби», ырлар . 63
**Айбек ТУМОНБАЕВ.** Түш, аңгеме . . 64
**Чынарбек АЙДАРОВ.** Сүйүүм менин!.. ыр 70
**Семидин СТАМБЕКОВ.** «Коштошуунун окунучу журектү», «Мелтиреп уч-кыйырсыз созулган жол», «Айлуу түн», ырлар 72
**Бекбосун БАЙТОКОВ.** Н..., «Түш» ырлар түрмөгүнөн, «Мен керүп бир кездеги тереземи», ырлар . 74
**Жамила МОЛДОШЕВА.** «Азамдалган унутулгус күндөрдөн», «Сыр чечүүнүн босогосу ачылаарда», «Р...гө», ырлар 76
**Алим АКИМАЛИЕВ.** Аяздагы от, Эргежээл Пиночетке, Ак-Буурөнүн ырлары, Шерт, ырлар . . . . . 77
**Барчынбек БУГУБАЕВ.** Каркыралар, Ак бата, Кара кагаз, ырлар . . . 80
**Жаныбек ӨМУРАЛИЕВ.** «Өчсүн такыр өндүрүштүк «малайлар», Кеч арзуу, Дөңгөлөкчөн уч комут, Автогенктар, Шайыр жазга, Акыркы гитара, ырлар . 82
**Мекап АЛИЕВ.** «Кан дүргүп жүрсө денеде», «Дайрадан бойлоп өзөндү», «Көз жашке толгон жазактан», ырлар . . 83
**Султанбек ЖУМАГУЛОВ.** Каныкей, аңгеме . . . . . 85
**Темирбек ЧАЛОВ.** Отун, аңгеме . . 92
**Мематжан САБЫРОВ.** Баатыр, Автобуста, аңгемелер . . . . . 97
**Эсен ЖУСУМАТОВ.** Мурас, аңгеме . . 102

АДАБИЙ МУРАС

**Селижан ЖИГИТОВ.** Тыныстанбадуу акындык өнөрү макала . . . . . 114
**Касым ТЫНЫСТАНОВ.** ырлар . . . 126



№ 10

ОКТЯБРЬ

1988

1931-жылдан бери чыгат



ГБ Киргизской ССР
1988
имени В. И. Ленина

ОЧЕРК, ПУБЛИЦИСТИКА

Имель МОЛДОБАЕВ. Саян-Алтайга саякат . . . 134

ӨНӨР

Асан КАЙБЫЛДАЕВ. Кыл кайрыгындагы өмүр . . . 144

АДАБИЙ СЫН, АДАБИЯТ ТААНУУ

Мукаш ТУЛӨГАБЫЛОВ. Балдардын сүйүктүү жазуучусу . . . 151

РЕЦЕНЗИЯ

Аскар МЕДЕТОВ. Бир китептен улам . . . 156

«АЛА ТОО» КҮНДӨЛҮГҮ

Журнал уюштурган китепкана. «Ала-Тоонун» меймандары . . . 159

«АЛА ТОО»
ЕЖЕМЕСЯЧНЫЙ ЛИТЕРАТУРНО-ХУДОЖЕСТВЕННЫЙ И ОБЩЕСТВЕННО-ПОЛИТИЧЕСКИЙ ЖУРНАЛ

□

ОРГАН СОЮЗА ПИСАТЕЛЕЙ КИРГИЗИИ

БАШКЫ РЕДАКТОР Кеңеш ЖУСУПОВ

РЕДАКЦИЯЛЫК КОЛЛЕГИЯ: Шабданбай АБДЫРАМАНОВ, Сагын АКМАТБЕКОВА, Мар БАЙЖИЕВ, Камбаралы БОБУЛОВ, Өскөн ДАНИКЕЕВ, Ашым ЖАКЫПБЕКОВ, Асан ЖАКШЫЛЫКОВ, Төлөгөн КАСЫМБЕКОВ, Эсентур КЫЛЫЧЕВ (жооптуу секретарь), Акбар РЫСКУЛОВ, Жамил САДЫКОВ, Асанбек СТАМОВ, Каныбек ЭДИЛБАЕВ (башкы редактордун орун басары), Сүйүнбай ЭРАЛИЕВ.

Техн. редактор Н. Кузиненко. Корректорлор З. Мамбетсалиева, Ж. Айткулова

«Ала-Тоо» басмасы

Коп жазмалар рецензияланбайт жана кайтарылып берилбейт.
Журналдагы полиграфиялык жактан көткөн өксүктөр боюнча Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин басмасынын басмаканасына кайрылыңыздар.
Журналга жазылуу жана жеткирүү маселелери менен «Союзпечаттын» жергиликтүү областтык жана республикалык бөлүмдөрү иш жүргүзөт.

Редакциянын адреси: 720301. ГСП. Фрунзе ш., Киров көчөсү, 205. Телефондор: Башкы редактор — 22-12-70; Башкы редактордун орун басары — 26-40-16; Жооптуу секретарь — 26-55-12; Белүмдер — 22-18-94, 26-49-95, 22-38-29

Терүүгө 21.07.1988-ж. берилди. Басууга 24.08.1988-ж. кол коюлду. Кагазы типограф. № 2, форматы 70×108 1/16. 13,65 шарттуу түстүү боёк. Бардыгы 10 басма табак. 14 шарттуу б. т. 15,8 учет. б. т. Заказ 1536. Д—01834.
Тиражы 68000. Баасы 70 т. Инд. 77300.

720301. ГСП. Фрунзе, типография издательства ЦК Компартии Киргизии, ул. Правды, 24.

© Издательство «Ала-Тоо», 1988 г.

Казат Акматов

# Күнду айланган жылдар

## (Айкел)

РОМАН

«Эсилим!
Эгер кайра туулсаң,
биздин жерде туула көр...»

*Иакинф*

### I БӨЛҮМ

Эки буту шал болуп, он-чакты жылдан бери майыптардын коляскасынан түшпөй келаткан Урумбала чон үйдүн экинчи катындагы күйөөсүнүн кабинетинен чыкылдап угулуп жаткан машинканын үнүн илгиртпей тыншап отурду. Кабинеттин эшиги жабык, ошондуктан чыкылдак бирде угулса, бирде үзүлө калып даана эмес. Эгер Урумбала коляскасын бөлмөсүнөн айдап чыга алса анда жакын барып тигил дабыштардын кайсынысы эмне экенин жаземдебей айрып турмак, а бирок антейин десе коляскасы босогодон өтпөйт. «Ушул өлүгүндү көрөйүн босогону балталап салгыла», — деп уулдарына кез келген сайын какшап келатат, а уулдарында болсо тырмактай да чолоо жок.

Ангыча машинканын үнү тына калды. Урумбала жоолугун кулагына кайра салып эңкейип коляскасынан кулап түшкөнчө эңилип тыншап, алеп-желеп болгон жүрөгүн бир азга күчтөп токтотуп турду. Кагазын эле алмаштырып жатса мынчалык эмне узакка токтойт машинка? Же азыр кайрадан чыкылдайбы? Жок, унчукпайт. Көпкө дейре унчукпай калды.

---

Казат **АКМАТОВ** 1941-жылы Ысык-Көл районундагы Бостери айылында туулган. Кыргыз Мамлекеттик университетинин филология факультетинин журналистика бөлүмүн, ВЛКСМ БКнын алдындагы жогорку комсомолдук мектепти бүтүргөн. «Боз улан», «Ыйык журт», «Мезгил», «Мунабия» деген китептердин, «Ажырашуу» аттуу жана башка пьесалардын автору. СССР жазуучулар союзунун башкармесинин жана ВЛКСМ Борбордук Комитетинин Н. Островский атындагы сыйлыгынын лауреаты.

---

• Журнал үчүн кыскартылган вариант


Индекс 77360
Бласы 701
Ала Too
9·1988
1-160

Ала Тоо

КҮНДӨЛҮГҮ

# Редакцияга келген каттардан

* * *

Мурда «Ала-Тоо» журналыңызды тийип-качып окучумун. Жакшы роман же повесть чыгыптыр дешсе, ошону сурамжылап, издеп, таап окуйт элем. Өткөн жылдан жакшы саамалык баштадыңар. Алдын ала кандай материал кетерин кулактандыруу, анан чыккан авторлорду тааныштырууну баштадыңар. Бул өтө жакшы. Кубаттай турган, колдой турган жосун.

Мына ошол жакшы саамалыгыңарга азгырылгандардын бири мен. Кийинки номурларда паланча-түкүнчө басылат деп эскерттиңер эле, ошол үчүн калып калбайын деп быйыл жазылдым. Буга негизинен нептин чыны эки себеп болду:

1. Чыңгыз Айтматовдун «Кыямат» романы.

2. Исхак Раззаков женунде эскермелердин материалы. Экинчи күткөнүм басылып чыга элек, бирок күтүп жүрөм. Буюрса окуймун го. Анан дагы бир мени өтө кубандырган жакшы көрүнүш, журналга авторлордун сүрөтүн кошо басып, куш тилиндей тааныштыруу бере баштаганыңар болду. Кимди окуп жаткаңынды билип турганың жакшы да.

Мен «Ала-Тоонун» экинчи номурунан Нууман Сайдуллаев деген лейлектик баланын «Жылдын он эки ирмеми» деген повестин окуп чыктым да, ушул катымды жаздым.

Мен кептин чыны алгач повести окуганым жок. Баарактадым. Формасы, анан андагы эскиче жылдар кызыктырып калды. Ошондон окуй баштадым. Чындыгы ыраса жакты. Тили жакындыктан го дебегиле? Мындагы биздин турмушту даана өзүндөй кылып жазганы болду. Ошону бар боюнча берген. Окуганга да жеңил. Эзилме сүйлөмдөр жок эсе.

Мунун баалулугу деп мен муну түшүндүм; айыл турмушунун он эки көрүнүшүн берүүгө аракет болгон. Айыл жобосу десе да болот. Каада-расимдер, меймандосчулук, ыймандын тазалыгы, пухаралык, оюн-шоок, кулласи айылдын азыркы тирилигин даана берген. Анан айларды эскиче алып, ага түшүндүрмө берген, ошого ыкташтырып макал кошкону жакты. Дагы бир белгилей кете турган жери — шүүдүрүм шумдук көп. Көп күлесүң. Нууман шүүдүрүм шум бала окшойт. Болбосо муну паамдап тапканын кер. Анан биз анча этибарга албаганда паамдаганы, мисалы, чайдын чама турушун жоруу, чакмак таш ойноо. Мунун баары алда качан унутулган да. Кала берсе мен да унуткан экенмин. Эсиме салды. Куду мени жазгандай эле түшүндүм. Дагы эсте кала турган майдадай жагы — мурунду жөңү менен аарчуу, биз да бала чакта ошентип мурун аарчып, энебизден жеме үгүп катта болдук.

Чоң проблема деп эле оолуга бербей биздин турмуштун мына ушундай тиричилик жагын да көз салып, жазып жүрсөңөр. Билбей бараткан жаштар үчүн жакшы. Кыргыз салтын жайылтуучулар силерсиңер да. Силердин жазганды окуп үйрөнөт. Мына ушул жактан алганда ушул повесть бир топ жакшы экен. Повестте майдадай көрүнгөнү менен чоң темалар жык-жыйма. Ашыр кыйшыктар бизде азбы? Ашым шоопурдай адамдар жоголуп баратат. Ал деген өтө ак көңүл, меймандос. А бизде мына ушул жагы жыл өткөн сайын азайып, ыймандын куну учууда.

Повесттеги жакшы жагын жаза берсем сөз көп. Кептин ток этери ушул: ушул сыяктуу повесттерди үзбөн жарыялап тургула. Окуучуңар артат. Ал эми Нууман Сайдуллаевге айтып койсоңуз, дагы көл-көп жаза берсин. Мен мурда аныкын окуган эмес экенмин. Бир китеби да чыккан экен. Ылайым чыга берсин!

**Сатыбалды ОРМОНОВ,**
**партиянын, согуштун, эмгектин ветераны.**
**Кызыл-Кыя шаары.**

Эгерде журналга бул катты бассаңар анда гонорарын маданий фондго менин атымдан өткөрүп койгула. Журналга баса албасаңыз, анда оюмду калтырып, жакшылап ондоп газеталардын бирине бастыртып коюңуз.

* * *

Азыр Ош пединститутунда кыргызча лекциялар, сабактар өтүлбөй калды. Физиктер, биологдор, математиктер, музыканттар кыргыз мектептерине барып сабак бергенде канчалык кыйын болорун ойлонуңузчу? Бүт орусча терминдерди кыргыз балдарына ошол бойдон жеткиришет. Өзгөн районуида бир да кыргызча бакча жок. Баардыгы орусча. Райондун Жыланды кыштагындагы орус мектепте 556 окуучунун 21 басы орус, 535 бала кыргыз. Мугалимдеринин 80%ти кыргыз. Орус мектеп. Бүт бардык жерде орусча ураандар. Өткөн жылы болуп өткөн интернационализм тууралу илимий практикалык конференциядан кийин деле эч нерсе өзгөрүп кеткен жок.

«Литературный Киргизстан» журналы тил, кош тилдүүлүк тууралу тегерек столду уюштуруп, макалалар жазып чыкты. «Ала Тоо» болсо, бул тууралу ооз ачып, үн кошподу. 60 миңден ашык окурманы бар «Ала Тоо» кыргыз элинин көзге сүртөр, ооздо басар жаңгыз адебий журналы болуп туруп, жалпы элдин ой-мүдөөсүн чагылдырган, азактү ерттеп өксүүнүн бөксөсүн толтурган макалаларды эмнеге жазбайт? Өзбектердин «Шарк Юлдизи» журналындай тилди, салтты сактоо тууралу, эч жок дегенде бир кыргызча бала бакчаны эмнеге шефке албайсыздар. Аларда «Шарк Юлдизи» балалар арасында» деген рубрикасы бар. «Ала Тоого» окурмандерды тартууну бала бакчадан баштоо керек.

«Жаштарга атеисттик тарбия берүү» деп эле биздеги гезиттерде кыйкыра беришет.

Жакында Мырза Аки кыштагында 40 жаштагы коммунист дүйнөдөн кайтты. Обкомдо инструкторго чейин көтөрүлүп, пас кызматы парторг болуп иштептир. Өзүнө жараша папка көтөргөн достору бар экен, алар жаңжал салыптыр. «Орусча кылып көмөбүз, костюм шым кийгизип, гробго салып көмөбүз», дешип сууга алып бүтүп, жаназага коюлгандан кийин жазыксыз өлүк эки тарткын талашка түшүп, бир саатка жакын кыжы-кужу болуп, акыры ата-бабаларыбыз кандай көмүлсө ошондой эле көмүшмөк болушуптур. Өлүк эки метр ак дакага оролуп, түбөлүктүү жайында жатып калыптыр. Ушинтип «Өзөктөн чыккан өрт жаман, ездөн чыккан жат жаман» дегендей, өзү елбөс баштанып, елсе да элден өзгече елүп, көмүле тургансып, асмаидан түшкөндей ата-бабанын салтын жериген нигилисттерге сокку уруу керек. Албетте устатчылык менен...

**Акбаралы МУСАБЕКОВ,**
**Өзгөндөгү трыхый археологиялык музейдин башчысы.**

Кымбаттуу редакция!

Журналдын № 3 (1986-ж.) санына жарыяланган «Мектеп, мугалим жана адабият» аттуу маегиңерге мен дагы ез пикиримди кошкум келди. Чындыгында эле бардык ийгилүү иш, жаңы башталыштар мугалимдерге байланыштуу. Ооба, бул жерде сиздер абдан олуттуу маселени козгогонсуңар.

Менин айтайын дегеним — бардыгы мугалимдин идиректүүлүгүнүн натыйжасында экендиги. Мисалы, мен өзүмдүн эле агай-эжейлеримди айтайын. Мен аларга сын айтып, минтсин-тигинтсин дебейм, болгону оюмду ортого салгым келет.

Мен 9-класста окуп жүргөндө шартка байланыштуу коңшу колхоздогу мектептен барып окууга туура келди. Ошондо ошол мектептеги адабиятчы эжейибиздин мага калтырган таасири өте зор болду. Эжейибиз бизге чыгармачылык жактан өтө чоң көңүл бурчу. Ар бир жуманын аягында изложение же ез алдыбызча аңгеме жазып келүүгө тапшырма берчү. Анан аны бүтүндей класс боюнча талкуулап чыкчубуз. Бир жолу эжейибиз менин бир ырымды класстагы балдарга окуп берип, кенешин айтып, көңүлүмдү көтергөнү али да эсимде. Ошол жылы менин эки макалам райондук газетага жарыяланды. Мунун баары, албетте, аябагандай зор ийгилик деле змес болчу, бирок жаңыдан жаза баштаган мен үчүн чоң демөөр эле.

10-класстан кайрадан мурда езүм окуган мектепке которулдум. Ошондон баштап адабиятка болгон кексөөм сууй баштады. Анткени, ал жерден агай-эжейлеребиздин бир да бири мурдагыдай адабиятка сүребедү. Ошентсе да кереге газетага аңгеме же ыр жазып чыгарып жүрдүм. Бирок мугалимдердин бирөөсү да ага көңүл буруп: «Оо, биздин окуучулардын арасында да жазчулар бар тура. Мындай жазылып калыптыр, минтип ондосо болчудай», — деп айтышпады.

Ошентип адабияттык ынтызарлыгыма эч ким көңүл бурбагандыктан бара-бара адабияттан алыстап калдым.

Деген менен дале болсо адабияттан кол үзүп кетким келбейт. Ушинтип жүргөнүмдө Сиздер жарыялаган Маек менин делебемди кайрадан козгоп койду. К. Бобуловдун таамай айткан сездөрү кагаз бетинде окулбай кулагыма угулууда. Анын езгече: «Чыгарманын күчтүү таасирин алып, эстетикалык моокумун кандырып, китеп бетине көз жаштарын тамчылатпаса, окуган китептөрдүн улуу таасиринде жалгыз олтуруп емүрүндөгү эң бактылуу, ширин минуталарын башынан кечирбесе, ал турмуштагы эң эле жарды, бечара ексүк киши болуп өсөт. Эстетикалык көрөңгүсү бош калган баладан мыкты техник, технократ чыгышы мүмкүн, бирок чыныгы атуул, тарбия көрген инсаи чыкпайт. Көп учурларда мугалим окуучуларга жазуучулардын тигил же бул чыгармаларын супсак гана маанисин кайталап берет. Албетте, мындай учурда аттуу-баштуу чыгарманын маңызын бөксөртүп ийебиз. Ошондой сабактар көп болгондуктан адабиятка келген жаш калемгерлер 30-35 жашка келгенде араң жетилишүүдө», — деген саптарыңыз!

Мен буга бүткүл жандүйнөм менен кошулам!

**Жылдыз ЖУМАЛИЕВА,**
**Фрунзе шаары.**

* * *

Кымбаттуу редакция!

Мен сиздерге биринчи жолу кат жазып жатам. Жазганымдын себеби төмөнкүдө: Мен сиздердин журналыңыздын (№ 1, 1988-ж.) «Мектеп, мугалим жана адабият» деген мектептерде окуу жөнү менен окуп чыктым. Ошону менен бирге өз оюмда жүрүп турган тартиш.

Мен 1987-жылы 10-классты ийгиликтүү бүтүмдөн кийин Ош пединсти-тутунун филология адистиги боюнча окууга кабыл алынып, бирок ата-энем тапшырып, бирин-серин албай калдым. Азыр ойлонсом...

Ооба мугалимдерибизге биздин да адабият, кыргыз тили сабактары өтүүчү. Сиздер жаз-ган макала жумасына эки жолу, кыргыз тили бир жолу болчу. Бул, албетте, өзүнчө жакшы. Анткени,..... 45 мүнөттөн гана окуучубуз (Ошондо бир жаздуунуку өттү, анын түсүнө жеткиликтүү, анларга берилип, шыктанып, начар окуучу бүткөнүн, би-рактан учун начар окуучу, анын өмүр бакыл кайгы-жыбынга чайма окучубуз. 45 мүнөттө өзү окуучулар бир эмес, мугалимдердин өздөрү дале эгей албай калаа-дыбыш. Чынын айтсам мен адабият сабагында айбат көргөн кезүмүн. Анткени, китептеги өтө кызыктуу жазылган баарын окучуп.

Мектеп окуучулар тажаганчы көп керүүнөт деп айтышат, ал туура. Андан бол-бош чын адабиятын учебникке кызыктуу жазып керек да. Адабият сабагын окуп жатканда гана өзүнө, үйдөгү окуя турган кылып жазууга нега болбосуң! Мисалы, ...ган Кемелович «Профессор Доулдин сапын, Сапарбаевдин «Жетимдер», Сейта-...-Абас дүйнөм, Касымбекованын «Жапон» ж. б. чыгармаларды окуп чыктым. Ишенимдүүдөр, түнү тект учка чейин окуп бүтүрдүм ар бирин. Алардын ар бири...ларымдын ысык эң сонун көрөөт. Ушундай учурларда телевизорду жыйыштыра-...

Бизге адабият сабагынан II Конноз деген эгей берүүчү. Жаңы түшүндүрүп, сабакка кызыгуучулук туудурчу. Бирок адабият учебнигин начар болсо алардын ...нан жакшы эле! Чындыгында эле ошондой эмеспи.

Анан да начар тааныч боюнча окуу китеби өздөн начар, окуп түшүнүү өздөн ...кайын бир окуучулар эмес, эгей ошо да оорго түшүнчү.

Бизнеси окуу китеби да ошондой. Көнүгүүлөрү бири бирине көшөндөй окшош. Анан түшүнө жумасына бир жолу окучан, аны өздөштүрмөк кандай! Ал эми математика, физика сабактары жумасына 4—5 жолудан кирип башка адабиятка орун калабы?

Бул маселенин тез арадан ичинде чечими керек. Ансыз келечекте балдар адабият жөнүндө эч нерсе билбей калышлары толук ыктымал.

Түшүндө эле Г. Хетагурова деген айтканбай. Ошто балдарды пахтага өтө көп иш-тейт. Окуу жылга сентябрдын ондорунда толтон, анан ал кайтып декабрдын бешто-сүндө гана үлөнат. Программадан артта калып, кургуштатуп сабак өтөбүз. Ошонда ...нын жүрүшүнүн!

Айтайын дегеним ошол, бирок алардын баарын жазага түшүрүш ыйбын...

**Гүлзан АЙДАРАЛИЕВА,**
**Ош облусту, Кара-Суу району, Кара-Суу совхозу.**

* * *

А. Алдашеевдин «Кадыл айтылган маселелер» аттуу макаласына пикир.

— Макалада республикада малдын максатка ылайыксыз кабыл алынып жаткандыгы туурасында жана ал туура белгиленген. Анткени, ал республиканын жайыттарынын сыйымдуулугун толук пайдаланган азайып, кунары начык баратканын шарттап жатат. Азырыз тапа ансыз да 100 гектар жайытка 108 баш кой-эчки, 13 баш уй, 3,5 баш жылкы туура келүүдө (Ошол себептүү республиканын колхоз-совхоздору мындай жыш жайгашкан малды тоют менен камсыз кыла албай жатышат);

— ал эми автордун республикада негизинен уяң жүндүү койлордун тукумун кө-бөйтүү боюнча кошкон дүйнө менен кошулууга болбойт. Анткени, ошол эле уяң жүн-дүү ак койлор бир гектардагы кунарлуу койлор сыман бийик тоолуу жайыттарда бл-...ун кошпогондон кем эмес жүн берүүдө жана этинин сапаты боюнча кыр-...тардын кадимки кунарлуу койлорунун этинин сапатынан кем эмес. Төлү да арбын.

Мисалы, уяң жүндүү коюлуу өзүр бийик тоолуу Атбашы районунда өстүрүлүп жатат. Алар кышкы жайдыр Ак-Сай Арпа жайлоолорунун жаныттарында.

Азырыз тапа республиканын мал чарбасы боюнча окумуштуу-селекционерлери ...дык уяң жүндүү коюлорунун тукумун дагы жакшыртуунун үстүндө белсендүү ...жатышат. Ал эми уяң жүндүү койлордун тукуму республиканын бардык чарба-...рында өстүрүлүүдө. Ал саны боюнча Союзда советтик меринос жана кавказ тукумдары коюлорунан кийинки үчүнчү орунда.

Ошонда уяң жана жарым уяң жүндүү койлордун санын дагы көбөйтүү боюнча ...ттуу маселе жөнүндө А. Алдашеевдин бир учурдагы кылчык жүндүү кой-...ун өстүрүү программасында көтөрүлөн проблемасы республикада кой чарбасынын ...нын бөлүгүн берк эле болгондо мындан 40-50 жыл мурдагы абалына кайрадан че-...үнү болор эле.

Аргументтерге маселен боюнча:

— ... жүндүү коюлор менен англиялык пикольм тукумундагы койлорду ...ргаландыруучунун натыйжасында уяң жүндүү тең-шең тукуму жаралды. Бул койлор ...үгүшүп өткөн Нарын облусунун үч районунун чарбаларында өстүрүлүүдө;



— ... жерлерибиздин кыйыр-бийыр тоо-таштуу кыйыр-бийыр жерлеринде ...ыктуу кыйрыктуу койлордун тукуму жакшы тоют айрым өзгөчө ...горлерде гана талап кылат. Аны аргындаштыруунун эч кандай кереги жок, ...л-мазы ысык шарттарда чыгарылган жайдарым койлордун тукумун ушу ...дуу койлордун тукуму менен аргындаштыруу кандайдыр бир чен-нетыйжа ...дуу мүмкүн.

— ... жогорулыктуу кыргыз койлорунун генофондунда чыгарылган өзүнчө тукуму ...ндигинен келечектүү тукум болуп калары шексиз. Бирок азыр жарым кылчык жун-...дүү алган тукумду бир катар ийгиликчилыктарга дуушар болууда, антсоюн жарым кылчык ...жундү сатып алуу баасы өтө төмөн. Ошондуктан аны өстүрүүгө жеткен чарбалар экономи-...ликтан чыгымдарга кирип калууда.

Албетте, аргындаштыруу жолу менен койдун тукумунун сапатын асыпдандыруу, ...ошол аркылуу арбын азык-түлүк алдыруунун камсыз кылуу республиканын мал чарба ...дистиктеринин, окумуштуу-селекционерлеринин милдети.

**Б. МЕЗЕНЦЕВ,**
**КиргНИИЖдин уяң жундуу ной боюнча белумунун башчысы,**
**М. ХОМЯКОВ, С. ДУЙШЕКЕЕВ,**
**белумдун улуу илимий кызматкерлери.**

* * *

Кымбаттуу редакция!

Биз журналга жарыяланган Абдулкай Алдашеевдин «Кадыл айтылган маселелер» деген макала Ат-Башы районундагы Коммунизм колхозунун № 2 бригадасынын Ак-Тал участкасындагы кой багуучулары, аттеанын Шоңкоев менен бирдикте окуп чыктык жана талкуулаадык.

Алдашеевдин көтөргөн маселеси өтө туура. Айрыкча биик тоолуу суук климаттагы биздин Ат-Башылыктар үчүн уяң жүндүү ак коюду багыш, андан төл алып өстүрүш өтө кыйынга түрүп жатат.

Ошондой эле малдын сөнү де жөп, жаныттар болсо текшерийбү. Аксей, Арпа жайлоолорубузда илгерки дөңсө кылган жайкалтан шибер жок. Жайкыкын мал бир аша жеткирбей эле топурагын чыгарып салат. Чөптүн сапрек чыгышынан мал төлөп-тагыдай самирбейт. Ошондуктан биз, малчылар, зоотехниктер Алдашев өзүйдын сунушун толук колдойбуз жана бизге жакшы продукция берген чыдамдуу кой өстүрүү жагын республикабыздын жетекчилери жана окумуштуулары ойлонушаар деген макалат менен сиздерге кайрылып, № 2 бригаданын чабандары:

**МААМАТОВ Кочкынбай, АЗАРМАТОВ Кочкын, УСӨНОВ Шергазы,**
**ТЫНАЛИЕВ Согунбай жана зоотехник ШОҢКОЕВ Төмирбек.**

* * *

Профессор А. А. Алдашеевдин макаласындагы Кыргызстанда кылчык жана жарым кылчык жүндүү койлордун тукумун өстүрүү боюнча сунушун терең изилдөө талап кылынат.

Азыр республиканын бир катар чарбаларында алий жана тянь-шань тукумундагы жарым кылчык жүндүү койлорду өстүрүү боюнча иштер жүргүзүлүүдө. Кыргызстандын мал чарба илимий-изилдөө институту менен экономикалык илимий-изилдөө институту биргелешип, мындай койлордун азык-түлүктүүлүгүн жана экономикалык жактан пайдалуулугун эсептешүүдө.

Профессор А. А. Алдашеевдин республикабыздын жаныттарынын абалы улам начарлап бараткандыгы тууралуу коогасы эң эле орундуу. Азыркы талпа Кыргызстан жайыт жана тоют технологиялык илим-изилдөө институту менен чарба адистери чогуу-чарак жайыттарды ыраеттуу пайдалануу, анын сапатын жакшыртуу боюнча иштиктүү чараларды иштеп чыгышты. Анда жайыттарды эс алдыруу, кыртышты сактоо, өлөө чөптөрдөн арылтуу, суу чыгаруу, биик тоолуу Суусамыр, Кара-Кужур, Алай жайлоолорунда бир жылдык чөптүн ордуна көп жылдык чөптүн уругун себүү ж. б. лер каралган.

Республикада малды максатка ылайык кармоо боюнча чаралар белгиленди.

Мына ушул сыяктуу иш чаралар жайыттарды сактап калуу жана алардын түшүмдүүлүгүн арттыруу боюнча зор өбөлгө түзмекчү.

Жайыттарга жер семирткичтерди чачуу, гербициддер менен иштетүү жагы да тартипке келтирилмекчи.

**П. ЗАХАРОВ,**
**Кыргызстан жайыт жана тоют технологиялык илим-изилдөө институтунун директорунун орун басары.**

* * *

Урматтуу редакция!

Өлкөдө жүрүп жаткан кайра куруу «Ала-Тоо» журналына да таасирин тийгизди деше болот. Журналдын тышы, жасалгаланышы, мазмуну өзгөрдү. Очерк, публицистикага орун берилип жатат. № 3 — санда Т. Кылычбектин, М. Мамазаировдун повесттерин окурмендер кызыгып окуп жатышат...

«АДАБИЙ МУРАС» рубрикасында жарыяланган В. Бартольддун «КЫРГЫЗДАР» тарыхый очеркин өтө кунт коюп окуп чыктым. Бул жакшы саамалык. Мүмкүн болсо дагы башка окумуштуулардын тарыхый эмгектерин орусча, кыргызча китеп болуп бе-

сыйлап чыгышына көңүл бурсаңыздар. Анта кетчү нерсе — Р. Н. Стивенсондун бир эле китеби эмес турмуш ал кемеси 200 жыл мурда жаралып, бүгүнкү күнгө чейин ушундай — кызыктуу окуялар менен толуп, сонду тарыхый чагылдырган эмгектер басылып ага дене окурмандар табылып келүүдө. Жалпы китепкананын жалпы планын түзүүдө — жазуучу китептерин, интернационалдык тарбияга көңүл бурулгандыгына көз

Г. К. Чуковдун эмгектерин, А. Чапыкчыковдун повесттерин, «Победан алтоо жигит» сыяктуу басып чыгарууга даяр болгонуна Г. Стивенсондун удаа удаа 150 жылдан бери чыгарылып келе жаткан, кызыктуу, ар кимге ыңгайлуу жазуучулардын китептерин басуу, жарга басууга көңүл бөлүү керек, алар жок болуп чыгга жолугуп турабыз.

«Ала-Тоо» жандай керек басылат (№ 1 тип)! Тиражы эмнеге 15 миң. Чыгып жаткан ни журналдарда жандай ушул сыяктуу территориялары жайдалышыбат! «Ала-Тоо» жаңы жылдан жыйырма жети миң экземпляр менен басылсын... Бирок мында кереги жок!

Кыскача редакция ээ ишинде жетишүүнү каалоо менен бай ыңгайлуу турсун керек!

**Салам менен А. ЧОМОНОВ.**
**Жаңы Жол району, «Кызыл Жар» совхозу.**

* * *

Кымбатуу «Ала-Тоо» журналынын редакциясы! Мен журналдын окурманы катары өзүмдүн ойлорумду айтым келет. Биринчиден, сүйүктүү романдан үзүндүлөрдү сандан санга берүүнүн эч кажети жок деп ойлоймун. Себеби, бир аны жок үзүндүлөрдү окурмандар кызыгып окушпайт. Андан көрө басмага берилген романды окуган редактор өзүнүн пикирин жазат го, ошол пикирди журналга жарыялап, романдын мазмун-мазмуны ачылып берилсе, жакшыда китеп болуп чыгарып, кызыктуулугу айтылса. Аны окуучулар издеп таап окуганча шашкандай болбос. Романдан үзүндү эмнеге болгонго жакшынакай повесть, поэма, аңгеме, драма жайгаштырылса окурмандар үчүн кызыктуу болор деп ойлом.

Кол жаздар повесть, аңгеме, драмаларын, сындарын, ырларын көтөрүп чыркап жүрүшөт, ошолорго кең орун берилсе. Ишенген жазуучулардын чыгармалары дагы эле журналга берилип берет. Алар тарапынан жазуучулар болгондон кийин туз эле китеп болуп чыгарылып болбойбу. Жаштарга журналдан арбын орун берилип турсе.

Журналга драмалар аз жарыяланат. Ар бир санына бир актылуу пьесалар берилип турса жаман болбос эле. Көркөм очерк, публицистика да аз. Жаратылышты коргоо боюнча жазган адистердин ич тамырыбасы, ой пикири берилсе. Ушул темага байланыштуу атаандык конкурс уюштурулса.

Областар боюнча атайын баш сөзү менен жаштардын чыгармалары кезек менен берилсе, журналда мындан көрүнүштөр болор элек. Бакыгы эле Фрунзеде жашаган жаштардын бирин-экин ырлары, аңгемелери жарык көрөт. Бул пикирим, балким туура-дыр же туура эместир, өзүңүздөр байкап көрөсүздөр да.

**Салам менен ИСАКОВ КАЛЫК.**
**Ысык-Көл областы, Жети-Өгүз району, Боорсоок селосу.**

Салижан Жигитов

АДАБИЙ МУРАС

# Тыныстановдун акындык өнөрү

Биз, совет адамдары, ушу тапта жалпы коомубуздун кескин козголуу, ат
тараптан изденүү, аста-асталап өзгөрүү мезгилин башыбыздан кечирип
отурабыз. Төнкөрүшчүл кайра куруу саясатынын шарапаты менен Ок тябрь
революциясынан бери карай басып өткөн тарыхый жолубуз ашкере сынчыл көз менен
кайрадан каралып, анын оош-кыйыш жактары, кыңыр кеткен жерлерн, айтылбай
келген окуялары, мурдагы официалдуу пропаганда терс көрсөтүп жүргөн фактылары
жаңыча баа алып жатат.

Бу сапар совет коомунун жалпы өнүгүш тарыхын антарып, көмүскө жа рын
серпип ачып, жакшы-жаманын тескеп келгенде зоболого сыйынуу практикасынын жа-
на идеологиясынын социалисттик курулушка тийгизген кесепеттери, Сталин менен
анын жан-жөкөрлөрүнүн партияга, мамлекетке, элге-журтка карата жасаган оор кыл-
мыштары КПССтин XX съездинен кийин деле акыр-аягына дейре ашкереленбей кал-
ганы таасын билинди. Жаңы жарыяланган материалдардын, фактылардын, изил өө-
лөрдүн жарыгында Сталиндин жалпы өлкөгө жеке бийлигин орнотуу далбасасында
партиялык жетекчилердин ленинчил гвардиясын, көрүнүктүү аскер башчыл ,
адал ниеттүү чекисттердин чыгаандарын, советтик интеллигенциянын каймагын ак
жеринен боо түшүрүп кырып таштаганы алаканга салгандай көрүндү. Ошону менен
бирге өлкөбүз өсүп-өнүкпөй дымып турган кечээ жакында сталинизм курмандары-
актоо процесси токтолуп, атүгүл кээде артка чегинип кеткени да айкын болду.

Кийинки эки жылда Сталин тарабынан «эл душмандары» деп жексенделген өө
жабылган, тарых баракгарынан таптакыр сызылган партиялык жетекчилер, кол баш
чылар, илимпоздор, дагы башка бейкүнөө адамдар кур жалаалардан арылып, бөөдө
жаманаттыдан кутулуп, кайрадан «тирилүүдө». Азыр Сталин заманында, Хруш
түшунда, Брежнев-Суслов маалында караланган жазуучулар, тыюу салынган чыгар
малар кайрадан адабиятыбызга, элге-журтка кайрылып келүүдө. Администрациялык
командалык идеологиядан жапа чеккендердин, ыдык жегендердин, «унчукпоо зона
сына» түшкөндөрдүн кайра жанышы — башыбыздан кечирип жаткан өтө кызыктуу
учурдун жакшы бир жышаяны.

Арийне, 1930—40-жылдары арааны жүргөн саясий-идеологиялык зулумчулуктан
жаш кыргыз адабияты да четте калган эмес. Тактап айтсак, «Сталин Конституциясы»
кабыл алынганга удаалаш жүргөн массалык камап-кыруунун капшабында улуттук
адабиятыбызга негиз салышкандардан Сыдык Карачев, Касым Тыныстанов, Сатыбалды
Нааматов тындым кылынган. Ырас, алар КПССтин XX съездинен кийин жок жерден
таануланган күнөөлөрүнөн тазаланып, бардык жагынан акталган. Бирок алардын ат-
тарынын басма сөздө ачык айтылып турушу, тарыхый китептерден өздөрүнө ылайык
орун табышы, чыгармаларынын жарык көрүшү көп кыйынчылыктарга туш келди. Ай-
рыкча Касым Тыныстановдун көп жактуу мурасынын иликтенүү, кайра караалуу, элге
энчиленип берүү тарабынан жолу өтө катуу болду. Мунун себептери абдан көп, алар-
дын баарын санап, тескеп-териштирип, аныктап отурганга азырынча чама жок. Анын
үстүнө бу маселенин бир кыйла татаалдык жагы да бар.

Талашсыз нерсе ушул: Касым Тыныстанов — Октябрь революциясынын кудуреттүү
шары менен кыргыздан адеп өйдө калкып чыккан советтик интеллигенттердин бири,
улуттук жазма-чиймеге, басма сөзгө, мектеп таалимине, көркөм адабиятка, тил или-

**Салижан ЖИГИТОВ** 1936-жылы Ош областынын Өзгөн районуна караштуу Көлдүк кыштагында туулган. 1959-жылы КМУнун филология факультетин бүтүргөн. Филология илимдеринин кандидаты. Кыргыз ССРинин мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты.

«Ымандай сырым менин», «Жылдар жаңырыгы» аттуу ыр китептердин, «Ырлар жана жылдар», «Жаңычылык жолунда», «Көркөм сөз маселелери» ж. б. адабий сын жыйнактардын автору. Н. Хикметтин, М. Каримдин, С. Экзюперинин чыгармаларын кыргызчалаткан.

мине негиз салгандардын, кошумча кошкоидордун көрүнүктүүсү. Анын агартуучу, коомдук ишмер, журналист, илим уюштургучу катары да тарыхта өз жайы бар.

Албетте, К. Тыныстановдун көп кырдуу коомдук жана жаратмандык иш-аракетинин ар бир тарабы өз алдынча изилдегенге, сөз кылганга кадыресе арзыйт. Асыресе анын улуттук тил илимиинин жаралышына, телчигишине, калыптанышына сиңирген кызматы тууралуу атайын илимий эмгек жазса болот. Жашыруун сыр эмес, тил илимиин кыргызча түшүнүктөрүн, терминдерин, эрежелерин Касым Тыныстан уулу акылынан сыгып чыгарган, европалык лингвистиканын мин жылдык тажрыйбасына, ошондой эле салыштырмалуу дурус өнүккөн түрк жазма тилдериндеги тил илимиинин үлгүлөрүнө таянуу менен ойлоп тапкан. Кыргыз өзөктөй речин жазма түрүндө түзүлүрүүнүн принциптерин, Iстактап айтканда, улуттук жазуунун, орфографиянын, пунктуациянын эрежелерин адеп иштеп чыккан да ошо киши. Эне тилибиз боюнча алгачкы окуулуктардын көпчүлүгүн жараткан да ошол эсил кайраныбыз.

Чын-чынын айтканда, Касым Тыныстановдун илимпоз тилчилик иш-аракети өз убагында сыйга алынган эмес, партиялык токтомдордо каралаган эмес, тескерисинче, заманында эле жогору баалануп, авторун адегенде доцент (1932), андан кийин профессор (1936) наамдарына эгедер кылган.

Касым Тыныстановдун жалпы жаратмандык иш-аракетинин көп жылдардан бери «көкбөрү» болуп тартылып келаткан тарабы — көркөм сөз жаатындагы мурастары. Ал поэзияда, поэзиялык котормодо, прозада, драматургияда күч сынаган.

Жазуучунун прозалык чыгармалары негизинен төмөнкүлөр: «Мариям менен көл жээгинде» деген узун аңгеме, (Ташкенде чыгып турган «Жас кайрат» журналы, 1924-жыл, № 1—2; 3—4), «Окуу китеби» (1924) үчүн жаш балдарга арналып жазылган кара сөздөгү миниатюралар. Булардын арасында идеялык кыйшык-муйшуну барлары жок.

Касымдын драматургиясы 1930-жылдардын башында Кыргыз драмалык театрында «Академиялык кечелер» деген жалпы наам менен үч күн катары коюлган спектаклдер сериялырына таканчык болгон пьесалардан турат. Ушу жерде бир эскерчү нерсе: «Академиялык кечелердин» адабий материалын жазууга К. Жантөшев, К. Карасаев, Сопиев жана башкалар катышкан, бирок орчундуу драмалык сценкалар К. Тыныстановго тиешелүү. Тилекке каршы, аталган спектаклдер сериялырынын түбүнө жаткан пьесалардын тексттери азырынча табыла элек. Тек гана алардын К. Тыныстановдун калеминен чыккандары (сыягы, баары эмес, негизгилери го) автор тарабынан орусчаланып, Максим Горькийге жиберилген экен. Так ошол драмалык сценкалардын (жалпы аты — «Көз көргөндөрдөн» же орусча «Из того, что видели глаза») машинкага басылган нускасы улуу пролетариат жазуучусунун архивинен табылып, акыры лөк калемгерибиз Түгөлбай Сыдыкбековдун колуна келип түшкөн. Азыр ошо машинкаланган кол жазма аталган кишинин энчисинде. Албетте, «Көз көргөндөрдөн» деген менен эле жалпы «Академиялык кечелер» тууралуу сөз козгош кыйын. Ар кыл архивдерден издеп көрсө, «Академиялык кечелердин» башка пьесалары да чыгып калышы мүмкүн. Экинчиден, «Академиялык кечелердин» составы, бөлүмдөрү, мазмуну жөнүндө А. Токомбаевдин атайын жазган сын макалаларынан да, ошондой эле спектаклдер сериялары тууралуу өз учурундагы газеталык анонстардан да учкай маалыматтар алууга болот. Айтор, бу маселе боюнча бир жаңсыл пикирлер айтыш үчүн көп убакыт талап кылган изилдөөлөр керек.

Касым Тыныстановдун акындык иш-аракетинин акыбети негизинен анын «Касым ырларынын жыйнагы» (Москва, 1925) дегенин орун алган. «Өзгөрүш ырлары» (Фрунзе, 1926) аттуу поэзиялык котормолордон куралган китепче да анын акындык өнөрүнө тиешелүү. 1925—1936-жылдары башка маанилүү коомдук жумуштардан түк чолосу тийбеген себептен Касым ыр жазганга анда-санда бир кайрылган.

К. Тыныстановдун жаратмандык мурастарынан өтө «чырдуусу» — анын поэзиясы, асыресе «Касым ырларынын жыйнагындагы» айрым бир чыгармалар. Ошон үчүн ал китептин ичиндегилерди түгөл бойдон конкреттүү сыпаттап, тескеп-териштирип, жалпылап чыгуу муктаждыгы бар. Бирок бу сөзгө тикелей кирерден мурда акындын өмүр жолунан кыскача кабар берип алуу да артыкбаштык кылбас.

К. Тыныстанов 1901-жылы азыркы Ысык-Көл районуна караштуу Чырпыкты кыштагында дүйнөгө келген. Анын атасынын ошо кездеги коомдук абалы (кедей же колунда бар болгону) жайынан ишенчиликтүү маалыматтар жок. Тыныстан бай болбосо да, итке минген кедейлер катарында жүрбөгөн шекилди. Анын мусулманча сабаттуу экени, баласын өз айылынан тышкары жерлерде окутканга дарамети жеткени бу божомолго кыйыр далил. Касым кат-сабатын өз атасынын жардамы менен ачкан. 1909—1912-жылдары өз айлы Чырпыктыда бир баштооч мусулман, 1913—14-жылдары Ысык-Көлдүн күнгөй тарабындагы Сазановкадагы өзбек, 1914—16-жылдары Пржевальск шаарындагы орус-тузем мектептеринен таалим алган. Түндүк кыргыздарынын онунан чыкпаган көтөрүлүшкө катышкан көпчүлүк уруулары далбасалап чет элге качканда Касым да жердештери менен кошо кеткен. Ошондо анын каякта жан корголоп жүргөнү, кантип күн өткөргөнү, эл-жерине кайра качан кайтканы, кантип келгени жөнүндө да кагазга түшкөн даректер жок. Тек гана белгилүүсү ушул: 1919-жылы ал Ташкенге барып, жаңы ачылган Казак-кыргыз агартуу институтунун (техникумунун) даярдоо курсуна кирген. 1920—24-жылдары ошол окуу жайында окуган. Окуу менен кошо 1923—24-жылдары казакча мезгилдүү басма сөз органдарында, Түркстан АССРинин эл агартуу комиссариатына караштуу Казак-кыргыз билим комиссиясында айлыктуу кызмат өтөп, улуттук жазма-чинме жаратуу, кыргызча китептер басып чыгаруу, мектеп окуулуктарын курап жасоо жумуштарына активдүү аралашкан. 1924-жылы ВКП(б)нын мүчөлүгүнө өткөн. 1925—26-жылдары Кыргыз авто-



Баркалып калгандыр. бул ырда Октябрь революциясынын жүзөгө ашканы, жаңы замандын жарк этип келгени сутканын эң орошон учуру, жарык күндүн туулуп маанк элеси аркылуу кайманаланып берилет. Албетте, андагы аллегориялык сүрөт төмө көркөмдүк жактан жеткилен, идея жагынан татаал, терен, оригиналдуу деп эмес. Тек жаш акындын жаны коомдук түзүлүштүн жаралышын, эзилген эмгекчи калктын азаттык алышын түз сызыктуу, эч кандай метафорасыз, бүт бойдон чакырык ураан шекилинде айткандан качканы гана жаңылык.

---

[1] «Ан» деегидин биринчи тамгасы түштүк кыргыздарынын «мака» («мякя») деген сөзүндөгүдөй тыбышты туюндурат.

«Булбылга» деген өлөң да дал ушундай жай баяндоо манерасында жазылган

Сайрашы, акын булбыл, күбүлжытып,
Дүйнөдө түрлөндүрүп мын күбүлтүп.
Айналып түл жайнаган кең өрүстү,
Ал салшы, биз тыңдайык дамын жутуп.

Үй тиккен кең өрүскө барлык алаш
Гүл жарган өзгөрүлүп ар түрлү аташ.
Күлпырып күйгө түшүп өсүмдүктөр,
Бул кезде кең өрүстө бари аралаш.

Карасаң мал жайнаган кең өрүскө,
Байкашы, кате барма өзгөрүстө?

Тигилип кең жайлауга ак отоолор
Бир түрлү ак, адемиң көз көрүскө.

Кар кеткей жыпжылуу боп Алатоодан,
Көбөлөкшөп кыз-келиншек малын сууган.
Умыткан кең өрүсү кайта келип,
Алашың кутылып тур дүспан-жоодан.

Мине, көр алашыңдын кең өрүсүн,
Кайтадан жапжаңы боп өзгөрүсүн.
Кең өрүс кутты болуп ар алашка
Төрт түлүк тукум туып өнүп-өсүсүн!

Көрүнүп турбайбы: каралай үндөө түрүндө жазылбаган эки ыр төө соңунда чакырыктар менен аяктаган. Ал эми «Жастарга», «Кыз-карындаштарыма» дегендер баштан-аяк насаат айтуу, сүрөмөлөө, чакыруу шекилинде жазылган. Мисалга биринчи аталган ырдан үзүндү келтирели:

Оян, жастар, ойлан, жастар,
Карап жатпа, көзүңди аш!
Сал аякты, ири адымда,
Умтыл энди, алга бас!
Артта калган сорлу журтка
Жол көрсетип, билим шаш!
Ашык жүзбен, шат көңүлмөн
Куанышка жансын тас.

Ойла, жастар, ойна, жастар,
Аткан таңмөн шыкты күн.
Жүрөктөгү дартты жоголат,
Кара булутту кетти түн.
«Алаш элин алдажүр», — деп
Калк-калайык кылсын дүң
Тулпар минип, туды устап
Сал айгайды, шыксын үн.

Жогоруда келтирилген саптардан айгине болду белем: сөзгө алынган ырлардын баарында Октябрь революциясынын туулушун, жаңы замандын келишин куттуктап тосуу, Совет бийлигинин идеяларын ырга кошуу, ошо кездеги большевиктер ураандарын жар салуу демилгелери бар. Тек гана ошол ырлардын арасында кыпчылып жүргөн «алаш» деген сөз алардын жалпы социалисттик духтагы мазмунуна өгөй жанырык берип турат. Ырас, «алаш» сөзүнүн аталган ырларда колдонулушун «казак-кыргыз» деген мааниде түшүнсө болот, себеби айрым бир кыргыз уламыштарында, дастандарында, санжыраларында эки бир тууган элдин (казак менен кыргыздын) түп атасы бир, ал Алач же Алаш аттуу киши дегендей кабарлар бар. Демек, революцияга чейинки кыргыздардын аң-сезнминде казак-кыргыз ата теги жагынан бирбиз, жалпы жонубуздан «алач» аталабыз дегендей түшүнүктөр кандайдыр бир өлчөмдө жашап келген (тек муну да айтып койбосо болбос: казак уламыштарында, шежирелеринде Алаштын алты тарам тукумуна кыргыз кембагал кошулбайт экен). Бирок «алаш» сөзүн жалан «казак-кыргыз» (эки элдин жалпылама аты) деп туюнганда да, анын түп маанисинин революциядан кийин кескин өзгөрүп кеткенин эске алууга тийишпиз. Арийне, Октябрь төнкөрүшүнөн сонку жылдары «алаш» деген сөз буржуазиячыл-улутчул казак партиясынын жарты наамы («Алаш-орда»), ураны жана тилдик эмблемасы болгон эмеспи. Ошондон улам илгери «казак-кыргыз» («бүткүл казак») деген-денден башка кыныр түшүнүгү жок айыпсыз сөз терс мүнөздүү саясий маани, ачык антисоветтик жанырык алып калбадыбы. Ушундай семантикалык орун которуунун айынан «алаш» деген сөз Касым Тыныстановдун ички мазмундук өзөктөрү социалисттик идеяларга эле ширелген ырларына кош маанилүү боек сүртүп, шектүү караганга аргасыз кылат, кыябын таап катуу сынга алганга да «жем» таштайт.

Бир чети Касым Тыныстанов казактын «Алаш-Ордо» партиясы, анын идеологиясы жана ураандары менен тааныш болгон эмес деп, «алаш» деген сөздүн революциядан кийин өз маанисин өзгөртүп ийгенин да таптакыр билген эмес деп терс кайрык какканга эч жүйөө жок. Студент чагында ал алашордочул интеллигенттерден дарс угуп, алардын карапайым калк мүдөөлөрүнө кайнаса каны кошулбаган опурталдуу саясий иллюзияларына таасирленип, казак буржуазиялык улутчулдарынын адабият жаатындагы идеологдорун ээрчимиш болгон. Алашордочул идеяларга жаш чагында кадыресе азгырылганын Касым өзүнүн айтылуу «Мен баскан жол, менин чыгармам, менин бетим» деген актануу макаласында («Кызыл Кыргызстан» газетасы, 1932, 9-июль) мойнуна алып, саясий тобо келтирген. Ошол азгырылуунун издери анын «Алашка» деген ырында, «Жаңыл мырза» поэмасынын лирикалык чегинүүлөрүндө таасын бар. Мына, «Алашка» дегендин толук тексти:

Бир уакыт көштүн, Алаш, этип сайран,
Сапырып сары кымыз, сүтпен айран.
Кең жайлау, үйди тигип жаткан шакта,
Бармеди, эр Алашым, сенде арман?!

«Сени, Алаш, сениме!» — деп түрткөн жау жок
Жүрибиш эң ой ойламай, асирет-уай.

Батырың жауга карсы найза устаган,
Көсемин журтын жыйып, жол бастаган.
Малын көп, эш кайгын жок, төрт түлүк сай, Шешеңиң сөз сөйлейтин булбылга оксап,
Шалгынды (көк) майсада жатувшы эң жай. Артына өлгеннен соң из тастаган.



«Сен жаман, мен жаксымын» де
Биябирдей, мине, даурен

Ырас-ак жакшы заман, ниети кең,
Кәрі-жас, әел-эркек баринне тең.
Бирдей деп оку окуман бекер жатпа,
Баскага, окымасан, боларсын

Алашым, кандай эди бурынгы шак,
Ол кандай кара туман ортагы тап!
заман — оку, билим заманасы,
Иске кир, бели буы бекем

кемуна эмес, жалпы казак-кыргызга кай
байт. Аның аякқы үч строфасында теңчил
ның өкүлдөрүн илим-билимге чакыруу
саптарында казак-кыргыздын колониялык
көрүнөө көтөрө чалып мактоо, идеал катары
какыя пафосу абдан күчтүү. Ариине, мындай идеялык кай
Совет бийлигинин алгачкы жылдарында өкүм сүргөн
кошмочулук түзүлүштү эмгекчилерге жексур көр
жагынан өзгөчө установкаларына караманча
терең чыныгын көзү менен карап, жөнөкөй калкты
ленин-лениндик позициядан териштирип
партиясына кошулганча таптык жактан үч жикт
көрбөй, үч кимден ыдык көрбөй, кара жанын багу
йлеринин, берешен байларынын, камкор баатырларын
баары тең чамыр-жумур каймакташып, жыргап-куунга
түрмүштүк таканчыгы жок курулай элес экени айк
Азиянын ыкылымдарда эле жаралган тарыхый уламы
аталат дарамасына көтөрүлгөн. Автор кечээки жоокерчилик заманда эле алачтын а
мат уул-кыздары, көрөөндүү тукумдары бай кедейге бөлүнбөй, бөтөн элге
Байкерчиликке түнүп, бакты-таалайга маарып жаткан эле дегендей иде
змегин кайра-кайра тастыктай берген. Ал өз поэмасынын кээ бир жерлеринде
түнө торгой жыртказаган» чөгилдин кайра таптырбай жылас кеткенине ка
ген, ошо замандын арманын айтып зарлап да жиберген..
Белгиленген кемчилик идеялык кайрыктарды Касым Тыныстанов өз көзү менен к
гендердей же өз калкынын духовный тажрыйбасынан эмес, көбүнчө алашчыл
логиядан, атүресе «кечиме туруш шартын мактап ырдаган, өтмүш хандар
идеализациялаган, панисламизм жана пантүркизм жагынан үгүт айткан»[1] казак ак
ны Магжан Жумабаевдин чыгармаларынан кабыл алган.
Ал эми «Касым ырларынын жыйнагында» алашчыл адабиятта жар салынган идея
ларга үлеш ой жоруулардын жүрүшү бир катар объективдүү жана субъективдүү
себептер менен шартталган.
Биринчиден, революциядан мурунку кыргыз жамаатында буржуазиялык деңгээ
деги улутчулдук көз караштарды өз алдынча ойлоп чыгарып, өөрчүтүп, таратып
рууга жарамдуу интеллигенция катмары таптакыр жок болсо да, кат тааныган үркө
дөй кыргыздарга пансламизм жана пантүркизм идеялары белгилүү өлчөмдө кел
жеткен[2]. Мындай залакалуу иллюзиялар (жалган элестер, түшүнүктөр, пикирлер
кыргыздын түнт айыл-кыштактарына казак менен татардын жаңыдан телчигип
латкан, ошого карабай, бир кыйла курч улутчулдук жыт чыгарып турган мезгил
басма сөзү, айрыкча көркөм адабияты аркылуу жайыла баштаган. Ошол адабият
Октябрь революциясына жуук жылдары казак-кыргыздын аз сандагы кат-сабатт
жаштарына бир далай күчтүү таасир эткен. «Биз өз убагында улутчул адабият
духун кан-жанибызга аябай сиңиргенбиз, ошо адабияттан башка эчтеме көргөн эмес
пиз, — деп жаш чагын эскерген казак совет адабиятын баштагандардын бири Бейи
бет Майлин. — Бизде айыл жаштарын башка багытка салып, улутчулдук жолдун
каталыгын түшүндүрүп берген мугалимибиз болгон эмес»[3]. Келтирилген логика
өбөлгөлөр абай менен томонкучө божомол айтууга негиз берет. К. Тыныстанов жа
заманга дейре диниз (светский) мектептен дурус эле таалим алган кыргыз жашт
нын бири болгон себептүү, жазма адабият үлгүлөрүнө ынтызарланып, көркөм

[1] Бейсембиев К. Победа марксистско-ленинской идеологии в Казахстане. Ал
ты, 1970, 211-б.
[2] Алтмышбаев А. Ленин и пропаганда марксизма в Киргизии. 1905—1921 гг
Фрунзе, 1967, 22—33-б., Чукубаев А. А. Классовая борьба и общественная мысль
Киргизии 1900—1917 гг. Фрунзе, 1967, 62—64-б.
[3] Цитата алынды: История казахской литературы. В 3-х томах. Том 3. Алма
1971, 25-б.

чыгармачылыгына ынтаа коюп жүргөн себептүү түрк тилдериндеги басма сөз туундуларынын таасирине чалдыкпай, ишкисине тартылбай, идеялык пафосуиан аздыр-көптүр алыктанбай калбаса керек. Бу жоромол өз кезегинде мындай сүйөмө тыянак жасаганга мүмкүнчүлүк берет: тестиер маалындагы, өспүрүм чагындагы окуган китептери жана идеялык-эстетикалык кызыгуулары Касымдын али жашык жан дүйнөсүндө революция алдындагы жылдары эле анча-мынча улутчулдук түспөлдөгү маанай, элес, түшүнүк пайда кылган шекилди.

Экинчиден, улуттук чет-жакалардын көпчүлүк калкы дале сабатсыз, саясий жактан дале демилгесиз бойдон туруп, каерде болбосун билимдүү кадрлар жетишпей жаткан алгачкы революциялык мезгилде Казак жана Түркстан автономиялуу республикаларында куралган конкреттүү коомдук-тарыхый шарттар «агартуу органдарынын, китеп басмаларынын, газета-журналдардын кээ бирлери алашордочул интеллигенттердин энчисинде калышына»[1] алып келген. Белгилүү казак философунун жазганына ишенсек, ошо кездеги «адабий чыгармаларында, окуу китептериңде, басмага чыккан айткан-дегендеринде улутчулдар Казакстандын хандар башкарган өтмүшүн, реакциячыл-монархиячыл көтөрүлүштөрдүн баатырларын даңазалашкан, орус-казак калктарын өз ара өчүгүштүрүү далбасасында казак окурмандарынын улутчулдук туйгуларын козгошкон, жаш жеткинчиктердин советтик түзүлүшкө, орус элине каршы духта тарбияланышына жанталашкан... Ошол убакта басылып чыккан көпчүлүк материалдарда бир ооздон тастыкталган: адабият майданында дал 1924—25-жылдарга чейин негизинен улутчул жазуучулардын арааны жүрүп келген. Атүгүл а кезде буржуазиячыл-улутчул адабият эмнегедир «гүлдөп» кеткен дегендей сөздөр да айтылган»[2]. Демек, жаңыдан көз жарган Совет бийлиги өз мүдөөлөрүн, идеяларын, ураандарын жар салдырыш үчүн казакча газеталар, журиалдар, китеп басмаларын ачса, алар улутчул жазуучулардын көркөм да, көркөмдүү жок да чыгармаларын көбүрөөк жарыялап жибергенинин башкы себеби өйдөкүдөй жагдайда жаткан турбайбы! Албетте, казак улутчул адабиятынын күнү бүтөр алдындагы кыска мөөнөткө жалбырт-жалбырт жанып турушу дал ошол татаал, карама-каршылыктуу учурда адабий чыгармачылык жолуна түшкөн Касым Тыныстан уулуна терс таасирин тийгизбей коигон эмес.

Үчүнчүдөн, Касым Тыныстанов революция мезгилинин таңында эле тууган жеринен тышка чыгары менен бир нече жыл бою казак улутчулдук кыймылынын жарчылары өкүм сүргөн маданий чөйрөгө келип түшкөн. Ишенчиликтүү жазма маалыматтарга караганда, Түркстан республикасынын улутчул маанайдагы жетекчилеринин бири С. Хожанов Казак АССРинин советтик органдарынан айдалган алашордочулардын бир далайын атайын Ташкенге чакырып алып, жооптуу кызматтардын башына отургузган. «Ташкенден сыйкыт тапкан алашордочулардын бир даары Хожановдун колдоосуна арзыды, — дейт философия илимдеринин доктору К. Бейсембиев.— Ал гана турсун, Түркстан АССР Борбордук аткаруу комитетинин (ЦИКтин) казак-кыргыз бөлүмү басып чыгарган органдар («Ак жол», «Шолпан», «Сана») факт жүзүндө улутчул интеллигенттеринин органдарына айланды... Алар газеталарды гана эмес, казакча китеп басмаларын да өз энчилерине басып алды»[3]. Ушундай эле мазмундагы маалыматтар Сабит Мукановдун мемуардык романында да бар: «Хожанов Түркстан республикасын башкарып турганда (1922—25-ж.) «Алаш-Ордо» партиясынын көсөмдөрү... Ташкенде ошо кишинин канатынын астына корголошкон. Анын аркасы менен «Ак жол» газетасында, «Шолпан», «Сана» журналдарында тиги алашордочулардын улутчул, а кээде ачыктан-ачык антисоветтик мүнөздөгү чыгармалары жарыяланган»[4]. Келтирилген авторитеттүү күбөлөмөлөргө кошумчалап койчу дагы бир факт: Ташкенге оолп келген казак улутчулдарынан алашчыл акын Магжан Жумабаев Касым окуган институтта сабак берген, дагы башкалары студент Касым окуудан кол үзбөй кызмат өтөгөн газета-журнал редакциялары менен илимий-методикалык уюмдарда жооптуу орундар ээлеп отурушкан.

Төртүнчүдөн, Касым Тыныстановдун адепки акындык чыгармачылыгы бир кыйла эле татаал тарыхый, саясий, психологиялык кырдаалда өткөн. Ал мезгил кыргыз коомунда советтешүү процесси жаңыдан гана жүрө баштаган, социалисттик өнүгүштүн саясий, экономикалык, идеологиялык өбөлгөлөрү арак зорго түптөлүп келаткан учур эле. Анда калың кыргыз калкынын ан-сезими көбүнчө эски идеологиялык элестердин алкагынан чапчан серпилип чыга элек болучу; бүтүндөй оозеки формада, төмөн деңгээлде, системасыз жүргүзүлгөн коммунисттик пропаганданын таасирине али кадыресе тартыла элек болучу. Атүгүл «төл башы» кыргыз интеллигенттеринин катарына кошулабыз деп тырмышып жүргөн кат-сабаттуу жаштар да айкын идеялык багытын ары-бери урунуу, чайналуу менен таап жаткан. Капитализмге чейинки коомдук мамилелердин шартында балакаттан ашкан ошолор үчүн жаңыча саясий түшүнүктөрдү сиңирүү, жаныча көз караштарды акыл энчисине айландыруу өтө кыйын болгон.

Эң акырында белгилеп өтчү нерсе: курагы жагынан али жаштыгы, турмуштук тажрыйбага чукактыгы, жалпы билим тарабынан жашыктыгы, саясий майданда башы анча бышпагаиы да Касымдын революциядан шыдыр кийинки татаал социалдык-тарыхый жагдайда эч айныбай идеялык туура жол табышына, алашчыл идеологиянын жарамсыз маныэын, калайыкка кас багытын таасын байкашына кадыресе жолтоо кылган.

---

[1] Бейсембиев К. Аталган китеби, 201-б.
[2] Бейсембиев К. Аталган китеби, 202—204-б.
[3] Бейсембиев К. Аталган китеби, 200-б.
[4] Муканов С. Школа жизни. Книга третья. Алматы, 1966, 87-б.

«Касым ырлар жыйнагынын» идеялык жактан жаңылыш [illegible] турларын түшүндүрүү кыргыз басма сөзүндө, тактап айтсак, «Кызыл Кыргызстан» [illegible] дан ары кыскартып «КК» дейли) газетасында биринчи жолу кеп козгогон [illegible] ге жаш журналист Айткулу Ыбыке уулу (Убукеев) болгон[1]. Андан [illegible] түргүү [illegible] Токтор [illegible] Жолдошев «Кара булак» псевдоними менен [illegible] К. Тыныстановдун ыр китебинде чын эле алашчыл кай[illegible] белгилеп, бирок ошону менен бирге ал кайрыктардын келип [illegible] түүгө аракет жасаган[2]. 1930-жылдардын башында Алы Токомбаев [illegible] каты» («КК», 1932, 22-август) «Жаңы жолбашчылыкка жаңы темп» [illegible] 24-декабрь) жана башка сын макалаларында, республикалык жазуучулардын [illegible] съездинде жасаган «Мазмуну социалдык жана форму улуттук [illegible] табиятты [illegible] жана чыңдалып жатат» деген докладында [illegible] («КК», 1934 [illegible]) «Касым ырлар жыйнагында» жолуккан идеялык жаңылыштар тууралуу [illegible] кайталап айткан.

Бирок К. Тыныстановдун биринчи да, жападан-жалгыз да ыр китебин [illegible] чыккандар анда жат идеологиялык таасирлерге чалдыкпаган, «алаш» [illegible] опурталдуу мааниси бар сөз менен эч булганбаган, атүгүл баштан-аяк [illegible] пафоско ширелген ырлар да бар экенин эсепке алышкан эмес. Мас[illegible] жылындагы казакча ырлардын арасынан «Бүгүнкү күн» деген ыр аттуу [illegible] гана бөлүнүп турат. Анда кара түндүн үмүтү чорт үзүлүп, күндүн [illegible] чыкканы, ар адам өз энчисин алып, тилеген максатына жеткени, кас душ[illegible] [illegible], жалпы эл кол кармашып, ураан салып, кызыл туунун түбүнө [illegible] келет да, аягында мындай делет:

Ойнса ар бир адам айран бүгүн:
«Түстү, — деп, — бизге сәуле кайдан бүгүн»
Кызыл туы сәлем берип жаркырайды:
«Бейнеткор, майрам бүгүн, майрам бүгүн».

Жолдастар, туы көтерип тур, алга бас!
Тек жатпай бекер үйде, журтпен жанас.
Макал бар карыялар айтып кеткен:
«Шет болгон көпшиликтен өлсе-оңбас».

Казакча ырлардын арасында «Айга», «Байшешекке», «...га», «Ысык-Көлгө» сыяктуу [illegible] гендей акындык кайрылуу иретинде жазылгандары бар. Саналгандардын биринчисинде [illegible] лирикалык каарман Айга карата сени мен жакшы көрөм, сен да мени өлсөм тирилт[illegible] аласын, мени сүй, шоолаңа бөлө, эркелет, үстүмдөгү кара булутту нурун менен тар[illegible] дегендей каалоо-тилектер айтып келип, аягында мындай дейт:

«Өшкөн от кайта жанбас болсо өтирик,
Бир кара мен сорлыга жүзиң бурып.
Көрерсиң сонда менин жатканымды,
Энтигип, демим шыкпай, алым курып.
Жарык Ай!.. Уы берсең де, су берсең де,
Жайым жок сени менен турмас жуык!..

«Байшешекке» дегенде жаш акын эрте жазда кар астынан кылтыйчу [illegible] гүлгө карата анын көккө карай бой көтөрүп өсөрүн, ар күнү миң порумда кубулуп [illegible] көрүнөрүн, тынбай орун которуштуруп турарын, кайгы-касиретке айланчыктап, он[illegible] күлкүгө ынак экенин учкай белгилейт да, аягын төмөнкүчө бүтүрөт:

Карашы эй, байшешекей, жүрген Айды,
Сен-сол Ай, сен сулуы турган жайгы.
Жетип күз, жүзип жүргөн Ай де батса,
Басыңа сонда түсер асан-кайгы!..

Өйдөкү баяндоолор менен цитаталардан деле байкалып калгандыр: эки ырда тең [illegible] ай менен байчечекейди карандай акындык сонуркоонун объектилери же жоомарт [illegible] табияттын ашкан көркөм кубулуштары катары мактап ырдоо гана эмес, сулуу кыздын [illegible] (сүйгөн жардын) жакшынакай элестери сыягында символдоштуруу далалаттары да [illegible] бар. Буга «Айга» ырындагы: «Мени сүй, нурыңды шаш, жүрөк тынсын, Эркелет, кур[illegible] шап турган кайгы сынсын», — деген, ошондой эле «Байшешекке» ырындагы: «Өзиң [illegible] дей бир байшешек устай алмай, Биз жүрмиз жаратканга кылып өпкө», — деген саптар [illegible]

---

[1] Ыбыке уулу Айткулу. «Касым ырлар жыйнагы», — Кызыл Кыргызстан, 1928, № 20.

[2] Кара булак. Көрктүү адабият жана акындарыбыз. — Кызыл Кыргызстан, 1928.

кыйыр далил боло алат ко, сыягы. Тилекке каршы, жердин тубаса шериги менен эрте жаздын эрке гүлүн символдоштуруу аракети да, акындык издектөө түрүндө жай ырга кошуу демилгеси да алчысынан түшпөй, анча акыбетсиз далбаса бойдон калган. Эки ырда тең айтылган ойлор өтө чачыкы, конкретсиз, бүдөмүк; ал ойлордун тилдик каражаттар жана поэзиялык ыкмалар аркылуу туюнтулушу да алымсынарлык даражада эмес.

Болжолу, сөз кылынып жаткан эки ыр башка тилдердеги жазма адабият үлгүлөрүнүн, асыресе күн чыгыш китептик поэзиясын даарыш күчү (воздействиеси) менен жаралгандай. Алардын ичине катылган ой-сезимдердин, образдык ассоциациялардын, дагы башка мазмундук-формалык элементтердин тууранды жаңырыктар туудуруп тургансы билерман окурманга бир окуганда эле дайын болот. Кокус автор ал ырларын жеке керт башынын турмуштук таасирлерине гана таянып жазса да, ошол таасирлерин тилдик жана ырдык калыпка салып жатканда китеп поэзиясындагы жансыз тилдик туюнтмалардан, ашмалтай көрком элестерден, «алчы-таасын жеген» поэзиялык ыкмалардан арбын пайдаланып, натыйжада айтайын деген ой-сезимдерине анонимдүү, болжолдуу, шаблондуу кебете берип алган. Албетте, мунубуз — жөн гана болжол. Чынчынына келгенде, «Айга» жана «Байшешекке» дегендердин идеялык ачыткысы түгүл, образдык-эмоциялык камыры да китептик поэзиядан «карызга» алынган дешке көбүрөөк негиз бар.

Ал эми «Ысык-Көлгө» жана «...га» деген эки ырдын ичиндегилер автордун жеке өмүрлүк тажрыйбасынан агып чыккан деп айтууга болот. Алардын биринчи аталганында акын киндик кесип кир жууган жерине кайрылып, анын сөөлөтүн сагынып жүргөнүн айтат, Ысык-Көл айланасындагы жер аттарын, табият байлыктарын, сулуулук көрүнүштөрүн маашыркануу менен санайт. Ырда дурус эле жандуу эмоция серпиндилери, тамшануу ыргактары, элжирөө туйгулары үстөмдүк кылат. Экинчи салам кат шекилиндеги ырда лирикалык каарман көл кылаасында калган сүйгөн кызына («каухар тасына») кайрылып, өзү ыраак жакта («журт үшин алыс жерде») жүрсө да, жакшы көргөн жарын оюнан чыгарбай жүргөнүн айтат, ага узактан салам жолдойт, аны убадага бек турбаганы үчүн: «Айтыскан сергин менен колын кана? Кабарсыз неге жаттың, кыйылган кас?» — деп кинелейт, каяктагы бир кыялый атаандаштан кызганат...

Казакча ырлардын дагы бир-экөө жай баяндоо манерасында иштелген. «Шакирт» дегенде түн бир убак болсо да, тирүү жандын баары терең уйкуда жатса да, түз жанбаган чырактын жарыгында өз улутунун келечек мүдөөсү үчүн китеп окуп отурган окуучунун элеси тартылат. Ырдын аягында автор бөлмөдөгү үй заттарына тиги баланын жаш талабы асыл экенин, жакында а да күн чыккандай жарк этип чыга турганын айттырат. Ал эми «Аруак» деген кыска сюжеттүү ырда өлгөн кимдир бирөөнүн жаны (арбагы) токтолго таба албай күйүп-жанып дүйнө жүзүн айланып, зарлана күңгүрөнүп, бирдемелер издеп безилдеп жүрөт; эмнегедир душман колунда калган жетимдер кайгысын тартып кыйналат; анан бир күн ал бир мекенге кез келип, көңүлү балкып, бою жибип, а жерге кайрылат да, китеп менен кагаз кучактаган жаш баланы көрөт. Ал бала сааты чыгып бирдемеден (сыягы, эрксиздик же жетимдик туткунунан го?) «кутулган» Козубай деген экен! Тубаса жигер оту, жалын чачкан өрттүк жайы, «жалындаймын, жайыламын» деген шерти бар ошо жаш жанды көргөн соң арбак жабырдан башын азат кылып, тамырынан аянычтуу жаштар төгүп, «кыз турпаты боорлорун табар» деп кабырдан тынч жай алып жатып калат...

Ырдын тексти чү деген эле жеринен шарттуу-символдуу мүнөздө башталып, кандайдыр бир сырдуу, тумандуу кайманасы бар мазмунга ширелип турат. Арбак дегени өзү эмне? Кимдики? Кандай ойду туюндурат, кандай образды канкуулайт? Козубай деген ким? Анын жөн-жайы кандай? Ал кайсы конкреттүү идеянын туюнтмасы? «Арбак» ырынын текстинде катылган реалдуу маани-маныз өйдөкүдөй соболдордун бирине да айкын-ачык жооп бербейт.

«Арбак» аттуу ыр, сыягы, орус классикалык поэзиясында көп иштелген демонизм темасындагы чыгармалардын түз же кыйыр түрткүсү менен жазылса керек деп кыйла эле саксынуу менен болжолдоого мүмкүн. Эгер чын эле ошондой болсо, анда К. Тыныстанов орус сөз өнөрүндөгү демондук образдардын көптөн бери уланып келаткан семантикасын жакшылап андай албай, чыгаан орус акындарынын ошол салттуу образдар аркылуу актуалдуу идеялык-эстетикалык маселелер чечүүдөгү өзгөчөлүктөрүн таамай кармай албай калган. Экинчиден, демондук образдардын символикалык маанисин өз акылында кайра бышырып чыкканга, айдан ачык мазмунга ээ кылганга, конкреттүү улуттук темага ылайыктуу ыкташтырганга жаш кыргыз акынынын шаасы жеткен эмес.

Касым Тыныстановдун азыр эле кеп болгон ондон ашуун казакча ырында сөздөрдүн өз маанисинде турушу, ылайыгы менен колдонулушу, грамматикалык жана логикалык жактан өз ара айкалышы, поэзиялык кубулуштар түрүндө уюштурулушу кандай? Ал өлөңдөр жалпы жонунан көп эле кыргыздын казак арасына барганда казакча чалып сүйлөгөнүндөй чыгып калбады бекен? Өздөрүнө тушташ жаралган казак совет поэзиясынын фонунда кандай көрүнду экен? Азыркы казак ыр өнөрүнүн кур дегенде орточо идеялык-эстетикалык өлчөмдөрүнө салып караганда Касымдын казакча жазгандары кандай кабыл алынат экен?

Бу суроолорго байланыштуу казак адабиятчыларынан поэзиянын түпкү табияты менен поэзиялык речтин жөн-жайын жакшы түшүнгөн, эстетикалык туюмун назик сезимтал абалга жеткирген, кара кылды как жарган калыс, курулай көнүл улай бербеген принциптүү бирөө басма сөз бетинде салмактуу ой-пикир айтса жакшы болор эле.









...суйүүгө кайрылып, өзүнүн
...ыйпалыгынан күйгөн, айтор,
...аларып караганына ийибек...

...баштаганда эле эркиндеги орус ...
...Ne dой, красавица, при мне ... жи...
...ры А. С. Пушкиндин ошол ырына
...поэзиялык ыкмалары.

...-көрөн ашылык күйүттүн ыр тилине ... тек ...
...чыккан ой-сезимдерге
...ырак акындык техника менен ...
...ө төкпөдөн. Анык строфаларынын арасында өтүүгө
...ө айтылган сөптөр бар:

...ем, таң алса,
...шкен келишип,
...ө кезиңди бир алса,
Тургунда өзүдөн өбүшүп!

...ынын ичинде аттын кашкасындай жаңып тургандай, а
...өгөн ыр. Анын мазмунунда китептик ассоци...
...өрөлүнө жаткан ой-сезимдин,
...сүзүлүү алынганы күнөмсүз. Ырдагы ...
...ъ эркиндүү калкып чыгышы, музыкалык жаңыр...
...а-ын башталыш саптары:

...атанга шай жүктөп,
...ынга бирдей шай жүктөп,
...ндүү элим көчкөндө,
Сүйгөн берк башта сенселип,
...ында жерге тенселип,
...ыме көңүл өскөндө,
...ген, төөгө кериле,
...ышууга аттан эринип,
...ндеги кымыз ичкенде,
...ганда ыңгыр кымыздын,
...ата ооздон сыбызгы,
...ынган эске түшкөндө,
...ынамын, жазам кат,
...арың, балаң саламат!

...ө ыр атымы үшүдөй эле жеңил таскак уруп, саптар бири
...ышып алган темпинен жазбай жүрүп отурат. Экинчиден,
...ема жолду ката тирешсиз ассоциацияларга чарпылбай, ойт...
...нөтөй, көрт үзүлүп өксүп калбай, талап кылынган логи...
...бүтөктөнүп бара берет. Тактап айтканда, тууган
...ынын аралыгын тоо арасында калган арзып сүйгөн жары ...
...ынан аллага ай нуруна балкып, туш тараптан кайберен
...ын түртөөнө алжирей эсине салат, маашырканып кыялына
...ларынан алыста сарсанаа тартып, бушайман
...ө айратка алыстыгын самал зарланганын, бирок жолунан
...ынан чыкпа да, алдарына бапалуу бойдон, берген антына
...ынан жакшы жетпей тынбасын ыр тилинде сайме

...ашаанга» ыры ар кандай окурманга күчтүү таасир этет, а
...ынын жеке өмүрдүк тажрыйбасынан
...ынын мазмундук
...ынын ырдын алкакка чөгөрүлгөн

...орошон ыр «Ала-Тоо» деп аталат.
...ынан ата журтун булуттан жоолук салып
...ынын моюн созуп жол караган, бейпайга
...ынын кайтып келишин сагынтып, дайра кылып агызган ак чач эне
...ынын жаны деле, оригиналдуу
...үйөлүк адабиятта атам заманда...
...ынын бирок ошол жаңы поэзиялык түрлөтүм бу сапар капылес ийкемдүүлүк к
...ынын маселесинде эркин сөйлөтүп, улам жаңы ырларын чыгарып, улам жаңы
...ынын күбүлүп отурган акырында ашмалтай мүнөзүнөн арылган жаркын
...ынын дарегасына көтөрүлүп барат. Баарынан абзелиси ал образ автордо өз жерине



...перситтик мээримин, урмат-сыйын, ак тилегин от жалынынан өксүтпөй айтуу үчүн толук мүмкүнчүлүк берет.

«Эркиндеги ажырашканга» менен «Ала-Тоо» жөн Касым Тыныстановдун күчтүү акындык таланты, ыр төгүү жагынан дүрүс эле бай тажрыйбасы өткүр тилдик туюмду жаңдоо көркөм табити барын айкын көрсөтөт. Болжолу, Касым кагаз бетин караган ыр жаза баштаганча эле ырдык речь менен сүйлөө жөндөмүн жамаатчылык деңгээлден өткөрүп, үйрөнчүк токтоо ырчылыгына жакындатып барса керек. Ошону менен катар ал башка тилдердеги классикалык поэзиядан да таалим алып, тыкмалуу, шыпыт ыкмаларын өзү өстүрүп сыйктуу. Ушундай жөндөмдүү кылганга өйдөкү жи ырдын ич жагын ...ырдын поэзия менен китептик ыр өнөрүнүн салттарын камтып тургану жатат берет.

Тилекке каршы, «Касым ырлар жыйнагындагы» ошо «Эркиндеги ажырашканга» менен «Ала-Тоо» деген тете келген башка лирикалык туундулар жок. Жаш акындын көпчүлүк ырлары адабий булактардан агып чыккан, мурда жазма акындар көп мүдөгөн ой-сезим штамптарынан азыктанып жаралган, китептик ассоциациялар менен ширеленген. Булардын баарын Касым, кыязы, көбүнчө революциянын наркын берген...жарык көргөн татарча жана казакча поэзиялык китептерден, аздыр-көптүр орус поэзиясынан кабыл алган.

Чынбы, биздин акын өзү кызыгып окуган поэзия туундуларын сөкүр туурап, казакча же татарча көчүрүүлүү ырлардын кыргызча вариантларын жарата берген эмес. Ал эң оболу башка тилдердеги китептик ыр маданиятынын идеялык духун, жанрдык ...мондорун, образдык-эмоциялык мотивдерин, туюнтуу ыкмаларын өздөштүрүүгө жан ...ргөн. Бирок тыштан кабыл алган адабий таасирлерин ал өз чыгармачылык органи...зминде толук бойдон «аш кылып», өз духовный тажрыйбасынан оригиналдуу поэзия ...өлөтөрүн өндүрүү үчүн пайдалана алган эмес.

Арийне го, жалан китептик таасирлерден жаралган поэзиялык чыгармалар өркөнү...өскөн адабий системаларда дегеле барктабайт, эч кимге кереги жок иерселер деп эсептелет. Бирок китептик поэзияны тууралысы, чагылмасы, кайталанмасы түрүндөгү ырлардын мааниси жанынан жарала баштаган улуттук адабиятта башкача баалануусу мүмкүн. Белгилүү эмеспи, профессионалдык өнүгүш жолуна түшкөн адабият сыртын идеялык-эстетикалык азыктар алып турбаса, алдыга илгерилеп кете албайт. Ал эми жазма адабий салттары жок жамаатта мурдатан өнүп-өсүрчүгөн адабияттардан кабыл алынган образдык штамптар жана ой стереотиптери, эскирген сүрөттөө ыкмалары жаңычылдык касиетин алууга жарамдуу болот, өстүрүүчү көркөм сөз «ферменттерин» ...штеп чыгууга активдүү катышат, оозеки ырдык речтин адабий калыпка салынышына көмөк көрсөтөт.

Экинчиден, акын наамын алабыз деп талпынган жаштар, айрыкча чиймелеп жүргөндөрүн басма сөз бетинен көрсөк деп элеп-желеп самагандар демейде өздөрүн ышкыдар кылган поэзия өрнөктөрүнүн темаларын, образдарын, интонацияларын, ыргактарын белимчилеп туурап, прессада жарыяланган ого эле көп ортосаар ырларга бардык жагынан окшоштуруп, газета-журнал редакцияларынын күнүмдүк муктаждыктарына жана талаптарына ынгайлаштырып жазат эмеспи. Албетте, мындай жаратмандык иш-аракеттен чыныгы көркөм дөөлөттөр келип чыкпайт. Бирок тууранды чыгармачылыкка көп убакыт, эмгек, күч сарп кылынбаса, мурунку калемгерлердин көркөм тажрыйбасын өздөштүрүү, адабий техниканын сырларын үйрөнүү, менчик жөндөм-шыкты чайлатып-коолатып өстүрүү такыр мүмкүн эмес. «Айтылуу акындарды туурап ыр жазуу бала акындын өз алдынча жолго чыгышына, өз үнүн же дидаарын табышына аралжы болот, — деп белгилейт жаш жеткинчектердин адабий чыгармачылыгын изилдеп жүргөн Вл. Глоцер. — Туурап жазуу аркылуу жаңы үйрөнчүк автор өзү жакшы көрүп калган акындан пайдалуу сабактар алат, анын кийимин өз боюна чеңеп кийип көргөнсүйөт, өз тилдик байлыгын арбытат. Жекече акындык «мендин» (өзгөчөлүктүн) көп жылга созулчу телчигүү процесси жүрүп жатканда ошо бирөөнүн кийимчи өз кийими катары аздыр-көптүр кызмат кылат».[1]

Эгер ушул эки моменттин же чындыкты эске алсак, анда К. Тыныстановдун китептик таасирлерге даарылып ыр жазганын законченемдүү, жөндүү көрүнүш деп таппаска айлабыз жок. Анткени ал, биринчиден, эми «көз жара» баштаган адабиятка негиз салып жаткандардын бири эле, экинчиден, өзү да жаңыдан жазып жүргөн жаш калемгер эле. Демек, анын алгачкы акындык иш-аракетинде өйдөкү эки момент бири бирине дал келишип, ашташып, тогошуп калган экен. Ушу жагынан алып караганда К. Тыныстановдун поэзиясы көз көрүнөө идеялык-көркөмдүк өксүктөрүнө карабастан, улуттук ыр өнөрүбүздүн тарыхындагы кадыресе маанилүү көрүнүш болгон. Канткен менен ал поэзия ичиндеги ой-сезимдер, образдык курулмалар, ырдык формалар тарабынан жаңы эле. Атүгүл көп ырларынын тууранлылык мүнөзү да жаш акыныбыздын дурус эле бийик жалпы билими барын, өнүккөн жазма адабияттардан, асыресе китептик поэзиядан жакшы таалим алганын күбөлөгөн бир кыйыр далил эмеспи. Биздин акын башка элдердин поэзиялык үлгүлөрдөн күчтүү дем-шык үрөп алган, ошону менен өз калкынын ырдык речин кыйла эле жаңыча, өзгөчө, сулуу, жаңырыктуу сүйлөтүүгө жетишкен. «Касымдын кийинки жылдардагы жазганы өнкөй кыргыз тилиниде сулуу жазылган, — деп белгиленген «Касым ырлар жыйнагындагы» кириш сөздө. — Булары тил жагынан кадыры артык. Кийинки ырларында биздин адабиятка моюн суна элек олдоксон тилибиздин болочок адабиятка канчалык чебердигин бар экендигин абдан жакшы көрүнөт». Чынында да К. Тыныстановдун поэзиясы ырдык техника, тилдик курулуш жагынан өз учурунан алдыга озуп турган көрүнүш эле. Форма, көркөмдүк тара-

[1] Глоцер Вл. Дети пишут стихи. М., 1964, 79-б.

## Ысык-Көлгө

Кайдасың көң Ысык-Көл тууган жерим,
Киндигим кесип, киримди жууган жерим!
Көргөн жан саулетиңди сагынады,
Жайнаып сен Каракол алтын көнүм!?
Бармасың Туя, Жыргалаң, эки өзөн суу?
Үстүңө кездер түсип салган кыйкуу.
Жайылган саудегердин койларындай.

Көл батин бермеүши эдиң үрөк бөн куу!
Айналаң ашык эмес, калың тогай.
Ушады тогайыңнан сайрап торгой,
Турады көз алдымда бул күнгидей.
Кетпейсиң кекиректен мине сол жай!

Жалтырап тоудан аккан сувың кандай!
Балапан конып, ушкан кувың кандай!
Сайсайдай кешки турым аншыркаган
Бүраң бел арувыларың сенин кандай!!

Ав жерим! Жаңылдырдың мени эсимнен.
Таянып түскениңде күн бесимнен.
Кең дала көрүнши эд бейишке оксап,
Макпал жел коңургак пен самал эскен!..

1920-жыл.

## Ала-Тоо

Кечиккен соң зарыгып:
«Унутту» деп таарынып.
Коргоол менен күн санап,
Жүргөндүрсүң камыгып.
Түндө жатып уктабай,
Күндүзүндө токтобой,
Жолоочудан жол сурап
Куругандырсың Ала-Тоо!
Баламдан кабар өчтү деп,
Санаймын эрте-кечти деп.
Кагылбаган жаш балам,
Кандай жолго түштү деп.
Зардап ыйлап үн салып,
Башыңа түшпөй күн чалып.
Дөңдөн түшпөй эрте-кеч
Тургандырсың Ала-Тоо!
Айлар, жылдар өттү деп,
Кабарсыз болуп кетти деп,
Катпаган балтыр баламды
Кимиси мерт этти деп.
Булуттан жоолук оронуп,
Ак чачың музга боелуп.
Көз жашың менен сай-сайды
Жуугандырсың Ата-Тоо!

Балама залал болор деп,
Кийимсиз болсо тоңоор деп.
Жолдо болсо жаш балам,
Жүрүүгө болсун оңой деп
Каршы туруп ызгаарга,
Күч көрсөтүп муз, карга
Түштүк-түндүк катнашын
Буугандырсың Ала-Тоо!

Жер сагынбас эл болбос,
Эл сагынбас эр болбос.
Жатка моюн сунгандай
Эр жүрөгү кир болбос.
Какпаган кирпик көзүңдү,
Муңканып айткан сөзүңдү.
Ким унутуп кетмекчи,
Зарыкпагын Ала-Тоо!

Жардамчы болгон кезде арбак
Эр жигит кимге сайдырмак.
Канжыгадан баш чечпей
Кимге мөрөй алдырмак.
Эрмин деп сенден мен туулсам,
Эр деп мени сен туусаң,
Мени ким мерт этмекчи
Камыкпагын Ала-Тоо!

Жаңы тестиер болгондо,
Эл жайлоого конгондо.
Козу жайып өндүргө,
Ышкынга жыргап оңгондо.
Чакырышып той берип,
Мартсынышып бой көрип.
Жуурат куйган жалпак таш

## *Урматтуу окурмандар!*

Келерки 1989-жылда «Адабий мурас» рубрикасынан Асанкайгы, Жээренче чечен, Жөжө, Балыкооз, Чөп ырчы, Жеңижок сыяктуу элдик акылмандар менен чечендердин, ак таңдай ырчылардын түркүн жанрдагы жарыялана элек чыгармалары, Молдонияздын, Осмоналы Сыдык уулунун, Алдаш Жаныке уулунун, Молдо Кылычтын, Боогачынын, казак акыны Шаакеримдин, ошондой эле 20-30-жылдардагы кыргыздын туңгуч акындарынын мурастары жарыяланат. Ушул эле бөлүмдөн кечээ жакында эле көзү өткөн А. Осмонов, А. Токомбаев, Ш. Садыбакасов, М. Сейталиев, Ж. Мамытов, И. Мансуров сыяктуу белгилүү акын, жазуучуларыбыздын чыгармалары да сунуш этилмекчи.

«Изденүү, табылга, эскерүүдөн» Б. Солтоноевдин «Кызыл кыргыз тарыхы» деген эмгегинин уландысы, А. Бернштамдын байыркы доорлордон берки кыргыз тарыхына арналган изилдөөсү, окумуштуу Бичуриндин (Иакинф) табылга-изилдеелерү, Ю. Худяковдун Енисей кыргыздарынын тарыхы жөнүндегү очерки, Г. Симаковдун элдик оюндар тууралу ой жүгүртүүлерү, В. Радловдун күнделүгүндегү кызыктуу ой-пикирлер менен тааныша аласыздар. Акын Токтогул, окумуштуулар А. Поливанов, К. Юдахин, К. Тыныстанов, Т. Жолдошев, жазуучу М. Элебаевдин өмүрү жана чыгармачылыгы жөнүндө кеңири баяндамалар чыгат.

Прозадан Ч. Айтматовдун, Т. Сыдыкбековдун, К. Каимовдун, Ж. Мавляновдун, Т. Касымбековдун, Ш. Бейшеналиевдин, С. Жетимишевдин, Ө. Даникеевдин, С. Өмүрбаевдин, Б. Жакиевдин, А. Саспаевдин, М. Гапаровдун, М. Мураталиевдин роман, повесттери жарыяланат.

Поэзиядан С. Эралиевдин «Кесиринсан» деген жаңы поэмасын жана Н. Байтемировдун, Р. Рыскуловдун, Б. Сарногоевдин, А. Токтомушевдин, С. Акматбекованын, С. Тургунбаевдин, К. Ташбаевдин жаңы ырларын окуй аласыздар.

«Публицистика», «Өнер», «Адабий сын» белүмдөрүнде советтик-партиялык ишмер И. Раззаков тууралу очерк, Аджубейдин Н. С. Хрущев жөнүндегү даректүү баяны, кыргыз окумуштууларынын Монголия Эл Республикасы, Якутия жөнүндегү очерктери, ошондой эле кыргыз элинин байыркы музыкалык аспаптары, «Манас» эпосунун мифологиялык сездүгү, кыргыз маданиятынын тарыхына байланыштуу маселелерди баян эткен макалалардын сериясы, учурдагы адабий турмуштун орчун маселелерин камтыган ой жүгүртүүлөр жарыяланат.

«Дүйнелүк адабияттан», «Совет прозасынан», «Совет поэзиясынан», «Ысык-Кел форуму» аттуу рубрикалар алдында дүйнөлүк жана кеп улуттуу совет адабиятынын кенчине кирген чыгармалардын айрымдары менен таанышасыздар.

**Урматтуу окурмандар! Келерки 1989-жыл үчүн «Ала-Тоо» журналына жазылууну унутпаңыздар!!**

**Быйылкы жылдан тартып басма сөзгө жазылуу тартиби өзгөрүлгөнүн дагы бир ирет эскиңизге салабыз. Жазылуу жыл бою жүргүзүлүүдө. Каалөөңүзгө жараша уч айлык, алты айлык мөөнөткө же болбосо бүтүндөй бир жылга жазылсаңыз болот.**

**Кийинки айларга жазылуу үчүн ар бир айдын 12-нине чейин «Союзпечаттын» бөлүмүнө кайрылуу керек.**

**Журналга жазылуу «Союзпечаттын» баардык түйүндөрүндө жүргүзүлөт жана жазылууга чек коюлбайт.**

**Бир жылга жазылуунун баасы 8 сом 40 тыйын.**

ГЕРЦЕН Т. Т., 1935. «Айчүрөк» [«Семетей» эпосуна тартылган сүрөт-
төрдөн]



# Ала Тоо

АЙ САЙЫН ЧЫГА ТУРГАН АДАБИЙ-КӨРКӨМ ЖАНА КООМДУК-САЯСИЙ ЖУРНАЛ

КЫРГЫЗСТАН ЖАЗУУЧУЛАР СОЮЗУНУН ОРГАНЫ

## МАЗМУНУ


**КПССтин БҮТКҮЛСОЮЗДУК XIX ПАРТИЯЛЫК КОНФЕРЕНЦИЯСЫНАН КИЙИНКИ ОЙЛОР**

**Турар КОЙЧУЕВ.** Интернационалдык жана улуттук өнүгүүнүн диалектикасы . . . 3

**Калыйнур УСӨНБЕКОВ.** Кайра куруунун кайта жанбас кубаты . . . . . 13

**Эрнис ТУРСУНОВ.** Ырлар . . . . . 16

**Казат АКМАТОВ.** Күндү айланган жылдар, роман . . . . . 20

**ДҮЙНӨЛҮК АДАБИЯТТАН**

**АБУ АЛИ ИБН СИНА.** Рубайлар . . . . 65

**ӨНӨР**

**Мар БАЙЖИЕВ.** Алтынчы күнү кечинде, комедия . . . . . 71

**ИЗДЕНҮҮ, ТАБЫЛГА, ЭСКЕРҮҮ**

**Кеңеш ЖУСУПОВ.** Белек Солтоноев жана анын мурасы . . . . . 94

**Белек Солтонкелди уулу СОЛТОНОЕВ.** Кызыл кыргыз тарыхынан . . . . . 106

**АДАБИЙ СЫН, АДАБИЯТ ТААНУУ**

**Кадыркул ДАУТОВ.** Барпынын адеп-актык ырлары . . . . . 145

**РЕЦЕНЗИЯ**

**Дөөлөтбү МУСАЕВА.** Акын неден чарчады? 152

**Ибраим АБДУВАЛИЕВ.** «Накыл сөздөр» . 156

**АЗИЛ, МЫСКЫЛ, ТАМАША**

**Михаил РОНКИН.** Сатиралар . . . . 158



**№ 11**

НОЯБРЬ

**1988**

1931-жылдан бери чыгат



Кинорежиссер Г. Базаров менен М. Абдиевдин сүрөттөрү



# Ала Тоо

АЙ САЙЫН ЧЫГА ТУРГАН АДАБИЙ-КӨРКӨМ ЖАНА КООМДУК-САЯСИЙ ЖУРНАЛ

КЫРГЫЗСТАН ЖАЗУУЧУЛАР СОЮЗУНУН ОРГАНЫ

## МАЗМУНУ

КЫРГЫЗ ССРинин ЭЛ ЖАЗУУЧУСУ ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ 60 ЖАШТА


Кыргызстан жазуучулар Союзунун башкармасынын куттуктоо каты . . . . 4
Түгөлбай СЫДЫКБЕКОВ. Тилегим . . . . 6
Мустай КАРИМ. Күздегү ырлар . . . . 8
Михаил ДУДИН. «Акыр замана» (Чыңгыз Айтматовдун китебине жазуу) . . . . 9
Арстанбек АЛТЫМЫШЕВ. Чыңгыз Айтматов жана фармакология . . . . 9
Насирдин БАЙТЕМИРОВ. Уча бер иним, Чыңгызым! . . . . 11
Геннадий БАЗАРОВ. Устаттын сабактарынан 12
ШУКРУЛЛО. Тост айтамын . . . . 15
Салижан ЖИГИТОВ. Чыңгыз кантип чыгып калды? . . . . 16
Байдылда САРНОГОЕВ. Алп таланткa ак дилден . . . . 21
Цао ГОВЭЙ. Айтматов . . . . 22
Пу ЛИМИНЬ. Фантазияны жандандыруучу азыркы заман кaлемгери . . . . 34
Чэнь СЮЕСЮНЬ. Горький жана Айтматов 37

Чыңгыз АЙТМАТОВ. Бахана, жаңы романдан . . . . 40

Илья ЖАКАНОВ. Обон . . . . 51

УСТАТТЫН ӨНӨРКАНАСЫ

Чыңгыз АЙТМАТОВ: Адабият — рухий дөөлөттүн башаты . . . . 68

Сүйүнбай ЭРАЛИЕВ. Кесиринсан, поэма 72

ОЧЕРК, ПУБЛИЦИСТИКА

Таштанбек АКМАТОВ. «Жайыт биздин баа жеткис байлыгыбыз...» . . . . 87

ИЗДЕНҮҮ, ТАБЫЛГА, ЭСКЕРҮҮ

Токтобүбү БАЯЛИЕВА. С. М. Абрамзон жана кыргыз совет этнографиясы . . . . 97
Саул АБРАМЗОН. Кыргыздардын этногенетикалык жана тарыхый-маданий байланышы . . . . 100



ГБ Киргизской ССР
1988
имени В. И. Ленина



№ 12
ДЕКАБРЬ
1988
1931-жылдан бери чыгат

ӨНӨР

Леонид СТРОИЛОВ. «Фудзиямадагы кадыр түн» чет элдик сахнада . . . . . 110

ОСМОНКУЛ БӨЛӨБАЛАЕВДИН ТУУЛГАН КҮНҮНӨ 100 ЖЫЛ

Абдыкерим АБДЫРАЗАКОВ. Октябрдын жарчысы . . . . . 115

ИЗДЕНҮҮ, ТАБЫЛГА ЭҢСКЕРҮҮ

Зияш БЕКТЕНОВ. Туңгуч окумуштуу тилчи . . . . . 120

АДАБИЙ СЫН, АДАБИЯТ ТААНУУ

Кеңешбек АСАНАЛИЕВ. «Манастан» — азыркы эпоско . . . . . 125

Камбаралы БОБУЛОВ. Чыгармачылыктын жаңы тилкеси . . . . . 132

Абдылдажан АКМАТАЛИЕВ. Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары боордош элдердин адабий сынында . . . . . 147

АЗИЛ, МЫСКЫЛ, ТАМАША

Достук шарждар . . . . . 154

1988-жылда «Ала-Тоо» журналында жарыяланган чыгармалардын мазмуну . . . . . 156

# Кыргыз ССРинин эл жазуучусу ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ 60 жашта!

Калып барат токой, талаам шиберлүү,
Коштошподум, бет алдынан бир өтүп.
Кагылайын короо жайым, силерди
Сагынганым мени сорор түгөтүп!

Дүйнө неге мынча таш боор курулган,
Кээде ыйлайсың тагдырыңа өпкөлөп.
Тамырларым, туугап жерден суурулган,
Тыным бербей сыздап жаным жеп келет.

Азыр мезгил атом менен жан алек,
Бул бир бүтпөс азап болду дүйнөлүк.
А биз эмне? Жай бир жаткан эл элек,
Эгин эгип, соко менен күн көрүп...»

(Уландысы кийинки санда)

БИБЛИОТЕКА

Таштанбек Акматов:

# «ЖАЙЫТ БИЗДИН БАА ЖЕТКИС БАЙЛЫГЫБЫЗ...»

КПССтин XXVII съездинин чечимдеринде «Агроөнөр жай комплексинин негизги милдеттери — айыл чарба өндүрүшүнүн туруктуу өсүшүнө жетишүү, алгачы айыл чарба сырьесу менен толук камсыз кылуу, Азык-түлүк программасына ылайык жогорку натыйжаларга жетишүү үчүн комплекстин бардык тармактарынын күч-ара кеттерин бириктирүү керек»,— деп баса белгиленген. Демек, агроөнөр жай комплексинин негизги тармагы — мал чарбасын өнүктүрүү республикабыздын эмгекчилеринин алдына коюлган учурубуздагы зор милдеттердин бири болуп калды. Бул милдеттерди жүзөгө ашыруудагы ашыгуда жайыт маселесинин мааниси ото чоң.

Ошол себептүү журнал бир жылдан ашуун убакыттан бери жайыт тууралу талкуу уюштурып, бир катар материалдарды жарыялаган.

Талкуунун жыйынтыгын чыгаруу максатында кабарчыбыз жакында Кыргыз ССРнын Жогорку Советинин Президиумунун Председатели Таштанбек Акматовго суроолор менен кайрылган.

«...Өмүр бою малын айдап көчүп жүрүп өскөн тиричилигин өткөрөн ата бабаларыбыз тоо ариндагы табигый жайыттарды мал үчүн пайдалана да билишкен, баага да билишкен. Биз азыр ошол зор тажрыйбадан тыянак чыгарып аны азыркы мезгилдин талабына жараша пайдаланып, мыкдан ары өркүндөтө берүүгө тийишпиз...»

«...Жаратылыш — бул түпкүү байлык эмес, андан керегиңди чекиз ала албайсың: бир жеринен алсаң, экинчи жеринен ошончолук берүүгө тийишиң...»

Т. Акматов. «Коллективдүү подряддын шартында кой багуунун өзгөчөлүктөрү» деген китебинен.

— Кыргызстан төлүү өлкө. Кыргызстан жашыл ыраң жайлоолорго бай өлкө. Республикабыздагы айыл чарбасына толук жарамдуу жердин [illegible] түн табигый жайыттар түзөт,— деп баштады сөзүн Таштанбек Акматов. — Жайыт биздеги жалпы эле төөт өндүрүүнүн негизги жана [illegible] сырьелорду ал өтө баалуу азык-түлүк — сүт, ет, май менен бирдей жайыт Кыскасы, биздин республикабызда өкмөт менен партиябыздын күн тартибине коюгон азык-түлүк маселесин ийгиликтүү чечүү жайытка да

байланыштуу. Ошол себептүү 1986—1990-жылдарда жана 2000-жылга чейинки мезгилде СССРдин экономкалык жана социалдык өнүгүшүнүн негизги багыттарында кой чарбасы менен эт багытындагы мал чарбачылыгын өнүктүрүү үчүн табигый жайыттардын сапатын жакшыртуу жөнүндөгү маселе коюлган. Бул ой партиянын XIX Бүткүл союздук конференциясында да баса белгиленди. Ал эми мындай милдеттин өтөсүнө чыгып, республикада мал чарбасын кирешелүү тармакка айландыруу үчүн биз бүгүн жайытты өтө сарамжалдуулук менен пайдалана билүүгө тийишпиз...

**— Таштанбек Акматович, андай болгондо республикабыздын жайыттары тууралуу кыскача токтолуп өтсөңүз?**

— Мал чарбасынын коомдук тоют базасы — табигый жайыттар менен талаачылыктан алынган тоюттардан түзүлөт. Тоют базасынын структурасы, составы жана мүнөзү бир жагынан мал чарбасынын өндүрүштүк багыты менен, экинчи жагынан айдоо аянттарынын, табигый жайыттардын жетиштүү болушу менен шартталат. Албетте, бийик тоолуу республикабыз жерди, өзгөчө жайыттарды үнөмдүү пайдалануунун өзгөчөлүгүнө таасирин тийгизбей койбойт. Момундай бир цифраларды эске алалычы: биздеги пайдаланылып жаткан жалпы 10 миллион 400 мин гектар жердин 8,5 миллион гектары, же 81 процентти табигый тоют жайыттары болуп эсептелет. Демек, мына ушунун өзүнөн эле азык-түлүк маселесин нйгиликтүү чечүүдө республикада жайыттын мааниси кандай экендиги өзүнөн-өзү көрүнүп турат. Ошондуктан биз бүгүн жайыт туурасында кеп кылып, анын келечегин ойлоштуруп жатканыбыз кокусунан эмес. Бизде жайыттар жыл мезгилдерине жараша: жазгы, жайкы, күзгү жана кышкы жайыттарга бөлүнөт. Малдын көпчүлүгү — койлордун 80—90, уйлардын 60—80 жана жылкылардын 70—75 проценти жылдын сегиз-тогуз айы ошол жайыттарда гана багылат. Дагы бир момундай цифраны айтайын: колдо багылган бир койго кеткен чыгым орточо 16,6 сомду түзсө, жайытта багуу учурундагы чыгым бар болгону 3, 46 сомго барабар. Жайыт бизде мына ушунусу менен баалуу. Ал эми бизде не деген гана жайыттар жок! Ак-Сай менен Арпа, Кара-Кужур менен Каркыра, Сон-Көл менен Суусамыр, Чаткал менен Алай, Көк-Ойрок, Челек, Балгарт, Алайку... көзгө көркөм, көңүлгө кубаныч ажайып кооз дүйнөлөр булар!..

Ооба, жайыт биздин баа жеткис байлыгыбыз, алтын казынабыз. Бирок биз аны кандай пайдаланып жатабыз? Кеп мына ушунда. Ачыгын айтуу керек — биз анын кадырына жетип кастарлабай, таман алдында таптап кор тутуп жатабыз. Минтип биз бар байлыгыбызды орду толгус ысырапка учуратып жатабыз. Бир учурлардагы тулаңы тукабадай, бетегеси белден, караган-черлүү, калын балтыркандуу кадимки кан жайлоо жашыл жайыттарыбыз бүгүн супарадай болуп такырга айланып баратат; токойлору тонолуп, токол болуп баратат; булактары соолуп, саксоо болуп баратат; дыңкылоон жердин ташы чыгып, кыйма-чийме жол түштү... Ошондуктан биз кечигип болсо да азыртадан анын кейиштүү абалын жакшыртуунун жолун ойлонбосок, аны көздүн карегиндей сактап, ага аяр мамиле кылбасак, эгер биз антпесек, анда азыркыдай ыкшоолугубуз, кайдыгер мамилебиз өзүбүз гана тургай өзөктү өрттөп чыккан урпактарыбызга да жасаган душмандыгыбыз болоор эле...

**— Таштанбек Акматович, Сиз маекти өтө эле көңүл чөгөт сөздөрдөн баштадыңыз. Бирок анткениңиздин да жөнү бардай. Мунун мынчалык кейиштүү абалга чейин жетишинин негизги себептерн эмнеде деп ойлойсуз?**

— Азыр мал башы көбөйдү. Республикада анын жалпы саны 13600 миңге жетти. Малдын көбөйүшү менен жайыт тарыды.

Мындай фактыга кайрылалы: **эгер өлкөбүз боюнча жалпы жайыттардын ар бир гектарына — 1, Казакстанда — 0,5 койдон туура келсе, ал эми бизде ар бир гектар жайытка 2 ден кой туура келет.** А уйчу? Жылкы менен эчкичи? Буларды кошуп эсептесек, анда жайыт танабы





— Таштанбек Акматович, окумуштуулар, адистер, ал турма- жогор тодо Сиз айтып өткөн Бирикме жайыттарды мал жебеген отоо чөптөрдөн тикендерден арылтуу үчүн ар кандай гербициддерди чачуу зары- дешет. Ал тургай аларды жер-жерлерде кеңири пайдаланышууд- каттардын зыяндуулугу белгилүү. Бул боюнча Сиздин оюнуз кан

— Кыргыздарда «сууга төккөн адам саманга жармашат» нун макал бар. Биз ошентип жатабыз. Анткени учурунда нлимий ойлонуп чара көрбөгөндүктүн кесепетинен азыр жайыттарга мал жебе ген мзрал кулак, төө куйрук сыяктуу отоо чөптөр айдагандай өстү. Ал жыл өткөн сайын улам жаңы аянттарды кучагына алууда. Эмн ка да болсо алардан арылуунун зарылдыгы келип чыкты. Мынтпесе Ошондон улам жайыттарды ар кандай гербициддер менен ништетишип табият үчүн өтө зыяндуу мүмкүнчүлүктөрдү айласыздан пайдаланып жа- тышкандары ырас. Мынтип алар Каркыра жайлоосундагы тамырлап жыш чыккан марал кулактын 500 гектарын мекопроп гербицидн менен ништетишти. Ошондой эле көлдө төө куйрук коолап өсүп кеткен 1,5 гектар жерге сангор гербицидн чачылды. Бирок гербициддерди демей гидей туш келди эле чачып салышпастан жерди тилке-тилкелерге бөлүп чачышып, ошол эле учурда ништетүүнүн технологиясы так сакталды Жайыттарды гербициддердин жардамы менен зыяндуу чөптөрдөн ары туу экономикалык жактан өтө пайдалуу болуп чыкты. Бирок канча кы ганы менен химиянын нши химия да! Бирине пайда, а экиичисине зыян Сөз тоолордогу пренделер менен пайдалуу курт-кумурскалар жөнүн болуп жатат. Сөз тоо көлүндөгү балыктар менен дары-дармек чөпт р дүр-дүйнө нары назик да, нары кооз гүлдөр жөнүндө болуп жатат. Т бият те жеринен эле ашык-кемн жок, бир бүтүн болуп жаралган жандуу дүйнө. Биз, адамдар, ага негизсиз «ондоо» киргизүүгө акыбыз жок. Эге биз минтип «ондой» берсек, табият бизди бир учурда аеосуз жазалай турганын ойлонууга тийишпиз... Ошондой болсо да бүгүн жайыттарды жакшыртуунун мал менен жанга, өсүмдүктөр дүнөсүнө залалы тийбей турган жолдорун изден таап, акыл-эстүүлүк менен иштөө керек. Ошондо гана табиятты коргоонун да, экономикалык жактан пайда алуунун да өтөлүнө чыга алмакчыбыз...

**— А андай жолдор барбы?**

— Албетте, бар. Бирок издениш керек, изденген табат дейт эмеспи Ал эми такырга айланып же түшүмдүүлүгү бнротоло төмөндөп кеткен табигый жайыттарды өздөштүрүп, аны калыбына келтирүүнүн резервде- ри ириде уюштуруучулук, чыгармачылык жагдайга байланыштуу. Ма- селен, жайыт жерлерин эс алдыруу, аларды сезондорго бөлүштүрүп пайдалануу, сугаруунг — табигый жайыт аянттарын калыбына кел- тирип пайдалануунун деңгээлин жогорулатуудагы натыйжалуу жолдору деп эсептээр элем.

Төтөн жайытты жакшыртуунун негизги жолу — жайытты кезеги менен эс алдыруу. Ошондо чөп табигый түрдө уруктанып, тамырлап, ал эми ным тийсе дароо эле дүркүрөп өсүп чыгат. Азыр республикада өз- гөчө жазгы-күзгү жайыттардын абалы өтө начар. Ириде мына ушул жерлерди калыбына келтирмейинче биз мал башынын азыктуулугун жо- горулатуунун муктаждыгынан кутулуп кете албайбыз. Ошондуктан чар- балар ал жерлерге жылтыркаи менен таргылдын уругун себүүнү прак- тикалай башташты. Буга чейин республика булардын уругун Өзбекстан менен Казакстандан өтө кымбатка —ар бир кнлограммын 7 сомдон са- тып алуучу. Бирок кийинки учурларда алардын үрөнүн республиканын өзү топтой баштады. Мисалы, өткөн жылы Кенес-Анарханга эгилген 1000 гектар таргылдан 150 тонна үрөн топтолду. Албетте, муну жакшы баш талыш деш керек. Бирок көп жерлерде табигый жайыттарды мына ушун- дай арзан жолдор менен өздөштүрүүгө алн да болсо жетиштүү маани бербей жатканы өкүнүчтүү. Болбосо дагы бир момундай фактыны ала- лы: негизинде Кыргызстандын тоолуу райондору сууга өтө бай келет. Манда көлчөлөр да оголе көп. Ошондой болсо да чарбалар суу кадырын билишпеи, аларды өтө аз пайдаланышат. Жайыттарга суу алып чыгаруу







— Таштанбек Акматович, биз кыргыз республикалык газеталарга нал чарба проблемасы жарыяланды. Мазмунунда ошондой болсо да, айталы, дүкөндөрдө жетиш
ал эми анда-мында сатылган эттердин көпчулүгүнө
үн себебин эмнеде деп ойлойсуз?
— Ырасында эле маалыматта ушуя үстүбүзөн
ында өткөн жылдагыга салыштырганда эт 7 процент
— 8 процентке көбөйгөн деп айтылган...
— Кечиресиз, эмне үчүн өткөн жылга салыштыр
өткөн жылы эт, сүт арбын беле?
— Эгер элди азык-түлүк менен камсыз кылуу 19
жетиштүү болбогондугун эске алсак, анда эсеп-кы
жетишкен мындай көрсөткүчтөрү иштин начаптуу
жандыгынан аян бергенсийт. Чындыгында эле бий
Бирок кантсе да бүгүнкү күндө тыныктыгы бетке
Ошондо бүгүнкү чындык кандай? Жылдын ушул се
тарбабанан мамлекетке 124950 тонна эт тапшырылга
пу? Бул — жылдык планын жарымына гана жакы
калган төрт айда план боюнча этүнү жарымынан
тийиш. Анткени, мал чарба адистери дале болсо кайра ку
текчилери, мал чарба адистери дале болсо кайра ку
жаткан учурунда баягы эле дымып туруу мезгилин
менен жашап жатышат. Ошентип алар мамлекетке м
акарына калтыруучу жаман өнөктөрүнөн алп да а
ошондон улам эт дүкөндөрүө өз учурунда жетиш
тат. Ал эми колдо бар эттин сапатынан начардыгы
тарбалар жайкы жайытты туура пайдалана алышпа
малды арык боюнча тапшырып жатышса, ал эми кой
дон семиз түшкөн малды жер-жерлерден эт комби
дарга кабыл алышпай жумалап создуктуруп жибе
нен түшүп, ошондон улам дасторконубузга чыйын
кой сөөк жетүүдө. Ошондой эле бийик сүттүү абалы

эмес. Чарба жетекчилери менен адистердин ойлонуп иш кылбагандыктарынын айынан жана контролдуктун жогунан республика боюнча Ушу сегиз айда 250 тонна сүт пландан кемип калган. Анткени алар сүттү ар-бын алуунун учуру — жай айынын ыңгайын туура пайдалана алышкан эмес. Ысык-Көл, Ош областынын айрым чарбалары саан уйларды жайыт оту начарлап кеткен учурга чейин жакага түшүрүшпөй, жан тынчына карашып күзгү жайытка калтырып коюшкан. Ошонун айынан Ысык-Көл областы — 925 тонна, ал эми Ош областы — 883 тонна сүттү мамлекетке кем тапшырышкан. Менимче мындай фактыларга комментарийдин кереги деле жок го дейм. Ошондой болсо да областтардын агроөнөр жай комитеттери ишти тез аранын ичинде ондоолору тийиш.

Ойлоп көрөлүчү: эмне жайыт жалаң эле экономиканы көтөрүү боюнча кызмат өтөйбү? А экологиялык маанисичи? Республикада жаратылышты коргоо жөнүндө закон кабыл алынган. Анда жаратылыштын бир бөлүгү болгон табигый жарактуу жайыттарды өндүрүмдүү пайдалануу менен катар анын адам баласы, жалпы табият үчүн мааниси өтө зор экендиги, жайытты коргоо, сактоо, демек, бүгүнкү табиятты сактоо деп так жазылган...

**— Таштанбек Акматович, «Коллективдүү подряддын шартында кой багуунун өзгөчөлүктөрү» деген китебинизде Сиз жайыттарды сезонго бөлүштүрүү тууралу абдан көп токтолгонсуз. Анын себеби эмнеде?**

— Биздин дыйкандарыбыз тоюттук өсүмдүктөрдүн түшүмдүүлүгүн жогорулатуу, жайыттардын жана табигый чөп чабындыларынын продуктуулугун арттыруу максатында кыйла аракет көрүп жатышат. Айдоо аянттарынын структурасында мол түшүмдүү, райондоштурулган сорттогу көп жылдык жана бир жылдык чөптөрдүн үлүштөрү улам барган сайын көбөйтүлүүдө. Тоюттук өсүмдүктөрдүн структурасында кесек тоют, сенаж, жашыл тоют, ошондой эле гранул үчүн өстүрүлүүчү көп жылдык чөптөрдүн үлүшү басымдуураак болуп баратат. Бирок табигый көк чөп малга жагымдуу, жегиликтүү келет. Анын составында малдын нормалдуу жашоосуна жана өсүшүнө керектүү минералдык заттар, микроэлементтер, витаминдер көп болот. Жайып откоргон учурда да, чаап алып көк бойдон же кургатып берген учурда да табигый чөптү мал башка тоюттарга караганда жакшы жейт. Биздин тоолуу шартыбызда өсүмдүктөрдүн вегетациялык мөөнөттөрүнүн ар түрдүү болушуна байланыштуу табигый жайыттар да сезондуу пайдаланылат. Адатта июль айынын башында эле жака жери турмак бөксө же ички жайыттардын чөбү куйүп кетет. Ошондо оттуу жер издеп калган учурлар көп болот. Жайытты сезондуу пайдалануунун эффективдүүлүгү мына ушу жерде сезилет. Бирок жайыттарды сезонго бөлүштүрүп пайдалануунун артыкчылыгы өзгөчө ирилештирилген чабандык бригаданын шарттарында жогорулайт. Анткени мында мал жаюуну системалаштырууга мүмкүнчүлүк түзүлөт. Демек, жайыттарды сезонго бөлүштүрүп пайдаланууда тоолуу шарттарда мал чарбасын ургаалдуу өнүктүрүүгө негиз түзө турган табигый жайыттардын продуктуулугу кескин жогорулайт, жайыт оборотун киргизүү женилдейт, аянттарды системасыз пайдаланууга бөгөт коюлат. Ошентип, эң акырында, келерки жылы чөбү түшүм бербей калгыдай абалга жеткенге чейин бир эле жерде мал жая берүүгө жол берилбейт жана эрозияны пайда кылуучу себептер токтолот. Ошондуктан бул ыкма, биринчиден, жайыттын жакшырышына шарт түзсө, экинчиден, малдын семиз болушун камсыз кылат. Кыскасы, бир айга бекиген жайытты тебелетпей, аны үч-төрт тилкеге бөлүп мал жайса, жер түшүмдүүлүгү 20-30 процентке жогорулаарын тажрыйба көрсөттү...

**— Таштанбек Акматович, жайыттын чыныгы кожоюну ким болууга тийиш?**

— 1987-жылы Фрунзеде өткөн «Кой өстүрүүчүлөрдүн республикалык слетунда» жайыттарды туура пайдалануу, алардын сапатын жогорулатуу максатында РАПОдо жана чарбаларда шалбаа-жайыттарды өздөштүрүүчү атайын агрономдордун кызматын киргизип, аларга таби-



...тоот жайыттарын коргоо жана тууралуу айдаланышын, ан... жакшыр-
...ыштын контролдоо боюнча чаректтик инспекторлорун укуктуу ис-
...у керек жана да... жайыттардын начарлоо процессин токтотуу үчүн ар
...у фермага, кой чарба жана башка бригадага бекитип, участкаларды
...муну тийиштүү документтер менен бекитүү керек, бүгүн бул баса
...жайытка чыныгы кожоюн керек, бүгүн бул баса
...жайытты пайдаланганы та карбасы, өзгече кой
...жайыттарды жакшыртуу жана карбастан
...менен совхоздордун иш
...чарбалардын бардыгында
...ангандарды сыйлоо, ал эми
...менен мамиле кылган
...жетти деп ойлойм.

— Албетте, чарбалардын өздөрү бул иштерге
...иш алып барбаса республикада табигый жайыттарды
...боюнча эч натыйжа чыкпасы белгилүү. Анткени жайыттарды
...алардан пайдалануучу чарбалардын өзүнө жана
...маселесине, анын баалуу ролуна
...састтык чарба жетекчилери, адистери
...аткандыгы өкүнүчтүү. Ооба, жайыттарды
...де мамлекеттин эсебинен жүргүзүү керек. Бирок бул иштерди не-
...гизинен чарбалардын өздөрү алып баруруга тийиш. Ал турмак жайыт
...эсиз — чарбалар мал чарбасынан алынган каражаттарынын бир белгүгүн
...жайыттарды жакшыртууга бөлүп коюшса да болот эле. Анткени азыркы
...шарт ошого ылайыкташтырылып, өз пайдана өзүң кожоюн бол деп ошо-
...го үйрөтүп жатпайбы...

— **Таштанбек Акматович, баятан** сөрү жайыттарды интенсивдүү пайдалануу, аны коруу, сактоо боюнча чарба жетекчилери менен адистердин ишине токтолдуңуз. **Бул иш боюнча малчылардын жекече мүмкүнчүлүгү туурасында эмне айтаар элеңиз?**

— Табигый жайыттарды интенсивдүү пайдалануу жана алардын продуктуулугунун жогорулашы, арийне, көп уюмдардын иш-аракетине байланыштуу. Ал эми буга малчылар өздөрү демилге көрсетүп, ага активдүү катышпаса иште эч кандай жылыш болбосу белгилүү. Анткени жайыттардын абалын малчылардан ашык эч ким билбейт. Бирок ошондой болсо да ар кокутуда жалгыз үй олтурган малчынын, албетте, жайытты жакшыртууга чолосу да жок, чолосу тийсе колунан келбейт. Малчы тек гана өзүнө бекитилген жайытты ирээти менен үнөмдүү пайдалана алат, өзүнө тийиштүү гана жайытка жооп бере алат. Ошондуктан начар-лап кеткен жайыттарды калыбына келтирүүгө акылы канчалык жетип турса да, башка жактан жардам болмоюнча ал ишти өзү жалгыз бүтүрө албайт. Мындай мүмкүнчүлүк коллективдүү ижара боюнча иштеген ирилештирилген чабандык бригадада гана түзүлүшү мүмкүн. Ошондо да алар өзүлөрүнө бекитилип берилген мал жайыттарын рационалдуу пайдалануга, оту өтө начарлап кеткен чакан жайыттарды жакшыртуу боюнча айрым гана жумуштарды жасоого чама-чарктары аран жетет. Алар короого жакын жазгы-күзгү жайыттарды малалап, кык чачууга, жазгысын кар суусу менен сугарууга гана жөндөмдүү. Ошондуктан, айта келсе, ирилештирилген чабандык бригаданын өзү да жайытты түп тамырынан бери жакшыртуу маселесин өз алдыларынча толук чече албайт. Мына ошол себептүү уюштуруучулук, аткаруучулук милдеттери көбүнесе чарба жетекчилери менен адистерге жүктөлөт. Деген менен малчы бул иштин бардыгынын активдүү катышуучусу болууга тийиш...

— **А малчы деген ким?**

— Мен аларды бир сөз менен Баатыр адам деп айтаар элем. Малчы бул, жашоо жагдайын жакшы туя билген, өз өмүрүнүн кыйла кызык-

чылыктарын эл мүдөөсү үчүн кыйып койгон, түмөн түйшүккө түткөн табияттын баардык мүшкүлүнө чыдаган чыдамкай, токтоо, момун, адамгерчиликтүү, эгерим мунбаган адам. Антпесе ким деген көкөсөн тоонун көнөктөгөн кара нөшөрү менен ак кар, көк муздун аяздуу суугуна чыдап бере алат? Ким деген жыл он экн ай улуу тоодо улардай болуп жалгыз үй жашай алат? Малчы мына ушундай адам. Азыр республиканын алыскы жана ички жайыттарында ошондой 30 миңден ашуун малчылар үзүрлүү эмгектенип жатышат...

Биздин милдет — бүгүн алардын көңүл төтөбүн таап, ойдогудай шарт түзүп берүү...

**— Мисалы...**

— Ошол малчылардын көпчүлүгү жаштар. Тактап айтсак, чабандардын — 60, ал эми уйчу, жылкычылардын — 65 проценти жаш улан-кыздар. Алар кечээ эле айылдык мектептерди, райондогу, калаадагы кесипчилик-техникалык окуу жайларын бүтүрүшкөн оюн-зоокко күмар жандар. Алар жылуу үй, жумшак төшөк эмне экенин жакшы билишет, клуб, кино, театр, эс алуу багы... деген эмне экенин эн сонун түшүнүшет. Кыскасы, алар жашоонун баардык сонундарына куштар, тансык. Бирок алар ошолорго кайыл, эгерим кабагым-кашым дешпейт. Алар үчүн жашоо кызыкчылыгы бир гана эмгек болуп калган. Бирок биз муну үчүн сыймыктанып, ага мактанууга тийишпизбн? Бүгүнкү күндүн талабы да, суроосу да башка. Биз кантсе да алар үчүн эн зарыл, эн керек баардык мүмкүнчүлүктөрдү жасап берүүгө милдеттүүбүз. Анткени алар ага акылуу...

**— Таштанбек Акматович, биз маектин соңуна чыгып бараткандайбыз. Ачык айтып, ак сүйлөөнүн духунда жайыт маселеси тууралуу көп айтылды, түзүлгөн азыркы абалдан чыгуунун жолдору белгиленди, малчы жагдайында эскердик. Эми өзүңүз жагдайында бир-эки суроо...**

— Угайын...

**— Эгер өмүрүңүздү кайра башынан жашоого туура келсе, анда аны кандайча жашаар элеңиз?**

— Дагы да ушул жолду тандап алмакмын. Адамдын жашоо жолунун түзү — ал өзү басып өткөн жол деп бекеринен айтышпаса керек...

**— Сиз тоо, жайлоо кадырын кадик билген кишисиз. Эми калаада жашайсыз. А калаанын иши калаа. Тоону, жайлоону сагынган учурунуз болобу?**

— Адам оюна, кыялына чек барбы? Эмнелер ойго келип-кетпейт. Бирок ошолордун ичинен эн орчундуусу жашооно, ишине байланыштуу ойлор болуу керек...

**— Сиз турмушуңузда ушундай өзгөрүү болуп кетет деп ойлодуңуз беле?**

— Жок. Бирок адам кайда жана кайсы кызмат ордунда болбосун эмгегинин элге, коомго арналаарын сезип жашашы керек. Эмгек баардык жерде эмгек, анын ара-төрөсү болбойт...

**— Сиз турмушунузга ыраазысызбы?**

— Силер, журналисттер, деги эле кытыгылуу суроодон кыя өтпөгөн жансынар... Ырасын айтсам, ыраазы болуп, ырахаттанууну сезүүгө чоло жок...

**— Рахмат, Таштанбек Акматович!..**

**Маекти жазып алган Шаршеналы АБДЫЛДАЕВ**

# С. М. Абрамзон жана кыргыз совет этнографиясы

Советтик белгилүү окумуштуу, тарых илимдеринин доктору, этнограф Саул Матвеевич Абрамзон өзүнүн бүткүл илимий чыгармачылык өмүрүн кыргыз этнографиясын изилдөөгө арнаган. Ал 1905-жылы 5-июлда мурдагы Орлов губерниясынын Дмитровск шаарында туулган. Мектепти бүтөөрү менен Ленинград мамлекеттик университетинин география факультетинин этнография бөлүмүнө кирип окуйт.

Ленинград мурда Петербург кезинде эле этнография илимининн бешиги болуп, ал Петр I негиздеген антропология жана этнография музейи, Орус Географиялык коому этнографиялык изилдөөлөрдү жүргүзүп келген. Миклухо-Маклай, Богораз-Тан, Ч. Валиханов, Штернберг өндүү көптөгөн залкар окумуштуу-этнографтар өздөрүнүн илимий ишмердигин ушул жерден баштаган.

Совет бийлигинин алгачкы жылдарында эле этнография илимининн мааниси айрыкча жогорулады. Анткени совет мамлекетинин аймагында, жетилген улуттар менен катар Ыраакы Чыгыш, Сибирь, Кавказ, Волга боюнда, Орто Азияда жашаган көптөгөн элдер да болгон. Аларга мамлекеттик, автономнылык статус берүүдө территориялык, чарбалык, тил жана маданий, психологиялык тектештикти кеңири изилдеп, тактоо төнчө мааниге ээ болгон.

Ушундай кырдаал С. М. Абрамзондун атуулдук жана этнографтык изденүүлөрүнө, калыптанышына чоң таасир тийгизген.

Университетти бүтүп жатканда, ал Кыргызстанга барып иштөөгө сурангап жана анын бул чечимин окутуучулары С. Е. Малов, А. Н. Самойлович чон кубаттоого алышкан. Ошентип, ал 1926-жылы Кыргызстанга иштөөгө келген.

С. М. Абрамзон Фрунзеге келгенде ошол мезгилде жаңы гана уюштурулуп жаткан областтык музейге (азыркы борбордогу тарых музейи) башчы болуп дайындалат. Музейдеги иштн ал кыргыздардын этнографиясы жана жаратылышы боюнча убактылуу экспозицияны ачуудан баштаган. Музейдин экспонаттарын топтоо максатында С. М. Абрамзон 1927-жылы Алай өрөөнүнө этнографиялык экспедиция уюштурат.

1928-жылы республиканын Эл комиссарлар Советинин алдындагы край таануу изилдөө институтунун ачылышы кыргыз элинин тарыхын, маданиятын, чарбасын өнүктүрүү багытында илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүгө негиз салган маанилүү окуя болгон. Ушуна ушул илимий институтту ачууда С. М. Абрамзондун демилгеси да зор.

1930-жылдардын башы С. М. Абрамзондун илимий чыгармачылыгынын жана уюштуруучулук иштеринин өөрчүп турган мезгили болду. «Кыргызстанды изилдөө» коомун уюштурууга, «Жаңы маданият жолунда» журналынын редколлегиясына, Терминологиялык комиссияга мүчө болуп, белгилүү музыка таануучу А. В. Затаевич менен бирдикте кыргыздын элдик музыкасын жазууну уюштурууга катышкан, педтехникумда коом таануу сабагын окутуп жана да илимий-атеисттик тарбия боюнча көптөгөн лекция жана дакемелерди өткөргөн. 1931-жылы Край таануу илим изилдөө институтунун негизинде эки институт түзүлгөн. Анын бири — мал чарба илим институту, ал эми экинчиси — маданий курулуш институту. Жаңы ачылган бул институттун биринчи директору да С. М. Абрамзон эле. Баса, ал 1920-жылдарда Тянь-Шань, Алай, Чүй жана башка өрөөндөрдө этнографиялык экспедицияларды жүргүзүп, музей үчүн жыйнап келген көптөгөн буюмдар азыркы күндө да тарых музейинин эн баалуу экспонаттары болуп эсептелет.

С. М. Абрамзон ошол мезгилде актуалдуу маселелер боюнча илимий жана илимий популярдуу макалаларды да үзбөй жазып, жарыялап турган. «Советская этнография», «Известия Центрального Бюро Краеведения РСФСР» өндүү журналдардын беттеринде: «Кыргызстандагы этнографиялык иштер», «Октябрь жана край таануу», «Кыргызстандагы край таануу жөнүндө», ошондой эле революцияга чейинки соцналдык институттардын бири болгон «Манапчылык жана анын тамыры», «Манапчылык жана дин» деген теориялык жана ошол күндүн орчундуу маселелеринин бири болгон дин жана таптык калдыктарды жоюу боюнча практикалык маанисн бар көп макалаларды жарыялаган.

Натыйжада ал кыргыз элинин тарыхын, маданиятын, турмуш-тиричилигин кеңири илимий чөйрөгө алып чыккан Ошол эле учурда кыргыз тарыхын, маданиятын жогору баалап, жергиликтүү алдерди аны билүүгө, терең үйрөнүүгө чакырган.

1931-жылдын акиринда С. М. Абрамзон СССР илимдер Академиясынын этнография институтунун чакыруусу боюнча, анын Ленинграддагы бөлүмүнө улук илимий кызматкер болуп которулуп кетет. Бирок илимге кыргыз этнографиясы менен адеп практикан окумуштуу кыргыз элине жана анын этнографиясына болгон ыкласын өмүрүнүн акырына чейин өчүргөн жок.

Согуш жылдарында эвакуацияга Ташкентке келип илимий изилдөөсүн уланткан, анын жыйынтыгы «Кыргыз элинин маданиятынын очерки» деген китеби болду. Бул китеп кыргыз басмасынан 1946-жылы жарык көргөн. Китепте автор кыргыз элинин традициялуу жана совет бийлигинин жылдарында өсүп-өзгөргөн турмушун, чарбасын, материалдык жана рухий маданиятын нрээттүү изилдеген.

С. М. Абрамзонду кыргыз элинин залкар эпосу «Манас» өтө кызыктырган. Ал кезде, айрыкча 1930-жылдарда бул эпостун орусча котормосу толук болбогондутуна, ал түрсүн эпостун кыргызча варианттары да жазылып бүтө электигине карабай С. М. Абрамзон «Манас» эпосун изилдеп, анын негизинде «Баатырдык «Манас» эпосу кыргыз маданиятынын эстелиги», «Кыргыздын «Манас» эпосундагы этнографиялык сюжеттер», «Кыргыздын баатырдык «Манас» эпосу — этнографиялык булак», «Кыргыздардын аскерий уюштурулушуна жана техникасына мүнөздөмө», «Кыргыздардын уу асырап алуу салты» ж. б. илимий макалаларын жазган. Бул изилдөөлөрүн С. М. Абрамзон «Манас» эпосун этнографиялык изилдөөдө кириш сөз» деп гана жупуну атаганы менен, ал советтик этнографтардан биринчи болуп, «Манас» эпосун этнографиялык жагдайда изилдөө проблемасына жол ачкан.

Анткени ал кыргыздардын көп кырдуу турмуш-тиричилигиндеги, салт-санаасындагы унут болуп кеткен көптөгөн этнографиялык кызык окуялардын, фактылардын «Манас» эпосунда чагылышы эпостун этнографиялык булак катары тендешсиз материал берерин жана аларды изилдөө кыргыз маданиятынын тарыхын, анын ар түрдүү этабын ретроспективдик түрдө карооно, анын эн байыркы элементтерин ачууга мүмкүндүк берет деп белгилеген.

С. М. Абрамзондун этнография илимин изилдөөчүлүк диапозону өтө эле кеңири. Ал инне-жибине чейин терең изилдеген проблемалардын бири — кыргыз үй бүлөсү. Ал советтик кыргыз үй бүлөсүнүн тарыхын, формасын, түзүлүшүн, бала тарбиялоо системасын терен изилдөө менен бирге, андагы байыркы социалдык институттун калдыктарын да тапкан. Айтсак, чон патриархалдык үй бүлө, левират (күйөөсү өлсө, анын иниси турмушка чыгуу), соорат (эжеси өлсө, анын синдисине үйлөнүү) ж. б.

С. М. Абрамзон кыргыз этнографиясынын баардык тармактары боюнча биринчи болуп изилдөөлөр жүргүзүп, жаңы ачылыштарды жасаган. Бул каэнеттер анын кыргыз көчмөн мал чарбасы жана дыйканчылыгы жөнүндөгү, кыргыз коомунун социалдык түзүлүшү, айрыкча анын «уруулук» жана «айылдык община» тууралындагы изилдөөлөрүнө тиешелүү. Ал эми С. М. Абрамзондун «Көчмөндүк» проблемасындагы ошондой эле «Орто Азия көчмөндөрүнүн патриархалдык-феодалдык мамилелеринин маңызы» тууралындагы изилдөөлөрү жалпы эле Орто Азия, Казакстан историографиясына кошкон чон салым.

С. М. Абрамзон дайыма «кыргыз эли өзүнүн көп кылымдык тарыхында бай жана көп кырдуу маданиятты жараткан. Ал өзүнүн рухий сулуулугун, жогорку эстетикалык табитин бай оозеки чыгармасында кайталангыс жана байыртан келе жаткан колдонмо өнөрүндө чагылдырган» деп айтуучу.

Кыргыздардын диндик көз караштарын этнографиялык изилдөөдө да С. М. Абрамзон биринчилерден болгон. Ал кыргыздардын динине синкреттүүлүк мүнөздүү экендигин, б. а. официалдуу ислам менен бирге, исламга чейинки байыркы диндердин калдыктары кеңири таралгандыгын илимий далилдеген.

С. М. Абрамзондун көп жактуу илимий изилдөөлөрүнүн ичинен басымдуу орунду анын кыргыз элинин келип чыгышы (этногенез), анын составы жана этникалык түзүлүшү, андагы этнонимдер тууралуу изилдөөлөрү ээлейт. 1945-жылы «Советская Киргизия» газетасында жарыяланган «Кыргыз деген аттын келип чыгышы», «Советская этнография» журналында «Кыргыз этнонимдеринин семантикасына карата», «Кыргыз элинин этникалык структурасы» — деген макалалары бул проблеманы окумуштуу мурдатан эле иштеп жүргөнүн күбөлөйт.

1952-1955-жылдарда Кыргыз илимдер Академиясы менен СССР илимдер Академиясы археология жана этнография боюнча комплекстүү экспедиция уюштуруп, ага Москва, Ленинграддын көрүнүктүү антрополог, археолог, этнографтары менен бирге Кыргызстандын окумуштуулары да катышкан. Бул комплекстүү экспедицияның максаты кыргыз элинин келип чыгышын изилдөө болгон. С. М. Абрамзон этнографиялык бул экспедицияны башкарып, Кыргызстандын дээрлик бүт аймагындагы кыргыздарды кыдырып, кыргыздардын этногенези тууралындагы материалдарды гана эмес — кыргыздардын маданий-материалдык турмушу, кол өнөрчүлүк искусствосу жөнүндө көп кырдуу этнографиялык материалдар жыйнаган.

Натыйжада окумуштуунун кыргыз элинин келип чыгышы тууралуу изилдөөлөрү дагы терендеп, толукталган.

С. М. Абрамзондун чыгармачылыгына кеңири планда изилдөө мүнөздүү болгон, б. а. ал кыргыз элинин этнографиясын коңшулаш Орто Азия, Казакстан, Түштүк Сибирь, Чыгыш Түркстан элдеринин тарыхы жана маданияты менен байланышта караган жана бул багытта көптөгөн эл аралык конгресстерде орчун докладдар менен чыгып сүйлөгөн.



Саул Абрамзон

# Кыргыздардын этногенетикалык жана тарыхый-маданий байланышы

Кыргыз элинин жаралыш тарыхы Борбордук Азиянын этникалык тарыхындагы талаш-тартышы көп өтө татаал аспектилерден. XVIII кылымдын экинчи жарымынан баштап бул маселе орус, батыш европа, чыгыш тарыхчыларынын, географтарынын жана хронистеринин көңүлүнүн борборун ээледи. Кыргыздардын этникалык тарыхын ар тараптуу изилдөөдө толгон-токой гипотезалар жаралды, ой жоруулар жана божомолдор айтылууда. Биздин күндөрдө да кызыгы тарабаган бул маселенин көңүлдүн борборунда болушу «кыргыз» деген бирдей наам менен тарыхый булактарда эки этникалык коомчулуктун бири байыркы кезде — Түштүк Сибирде, Енисей боюнда, экинчиси кийинчерээк — Орто Азиянын чыгыш бөлүгүндө, Тянь-Шань жана Памир-Алай тоолорунда орун алганы жана да көптөгөн башка себептер менен түшүндүрүлөт. Кыргыздардын этникалык тарыхына өтө кызыгып, көңүл буруунун дагы бир себеби: азыркы кыргыз элинин кубар-зан, ата-бабаларынын байыркы замандарда жана орто кылымдарда жашаган бир катар элдердин жана уруулардын тарыхый тагдырынын түп орду менен өзгөрүшүндө өзгөчө ролду ойногондугуна да байланыштуу.

Акыры кыргыз элинин этногенезин жана этникалык тарыхын изилдөөдө үч багыт пайда болду. Анын бири окумуштуу А. Н. Бернштамдын кыргыздар Тянь-Шанга 1300-1400-жылга созулган мезгил ичинде «көп этаптуу» көчүп келгендиги жөнүндөгү гипотезасы. Бул гипотеза монголдор басып алганга чейинки кезде эле кыргыздар Тянь-Шанда жашап турушкан деген ойду жактоочуларды жаратты. Кыргыздар Тянь-Шанда, Памир-Алай тоолорунда байыртан бери жашап келатканын жактоочулардын багыты да А. Н. Бернштамдын гипотезасы менен жакындашканы рас. Бул көз карашта Н. Я. Бичурин, Ч. Ч. Валиханов, Н. А. Аристов өндүү XIX кылымдын изилдөөчүлөрү бекем турушту. Бул маселедеги Ч. Ч. Валихановдун көз карашын биздин күндөрдө, айрыкча кийинки кездерде А. Х. Маргулан кеңири өнүктүрдү жана негиздеди. Ч. Ч. Валиханов айткан бир топ ойлордон улам А. Х. Маргулан IX—X-кылымдарда кыргыздардын саясий биримдигинин борбору Турпандын түндүк тарабындагы Үрүмчү шаарында жайгашкан деген жыйынтыкка келген. Анын айтканына караганда: Тянь-Шань тарапка көчүп келаткан айрым күчтүү топтор бул жерде жашаган элге да кыргыз наамын беришкен.

Кыргыздардын негизги бөлүгү байыртадан бери бул жерде жашайт деген ойду бекемдегендер да бар. Бирок кыргыздардын автохтондуулугу (кыргыз эли байыртан бери бир гана жерде жашаган деген божомол — ред.) же негизги бөлүгү жашаган дегендин далили жок, анткен менен бул ой айрым бир теорияларга таянуу менен азыр да сакталып келатат. Маселенин бул багыты Кыргызстандын айрым тарыхчыларына белгилүү таасир көрсөтүүдө.

Үчүнчү багыт окумуштуу К. И. Петровдун изилдөөсүнөн пайда болуп, ал кыргыз этносунун «Енисей-Иртыш дарыяларынын аралыгынан» эки-үч этаптуу көчүп келишине байланышат да, ал кийинчерээк болгонун, көчүп келүү 300-400 жылга созулганы айтылат.



...ындагы Кыргыз эли жергиликтүү жана көчүп келген элдердин ...ык аралыз байланышынан жаралган. Анын башка өзгөчөлүгү, ...нын жүргендой, «көп кырдуулугу» кыргыздардын этникалык тары- ...борбордук Азиядагы, Түштүк Сибирдеги, Орто Азиядагы, азыркы ...стандагы чөл кендиктериндеги этникалык кубулуштардын ар түр ...ндеги байланышынан барып жаралгандыгын эске албоо кыйын ...гыз эли жараткан уруулардын калыптануу процесси өтө ...ында жүргөн жана узак убакытты талап кылган. Азыркы изил- ...рдун көпчүлүгү кыргыз урууларынын кубаранан ата бабалары- ...аралашында эң байыркы сак жана усун, динлин жана гүнн уруу- ...дары менен байланышы бар деген жыйынтыкка келишти.

...Кыргыз элинин этникалык тарыхын жана этногенезинин проблема- ...рдоо жаралган маселелерге этнография илими туура жооп ...ы белгилүү.

Кыргыз элдүүлүгүнүн түзүлүшүнө алып келген этникалык процесс- ...туура түшүнүүдө «кыргыз» этноними маселеси тигиндей же мын- ...трактошкалоо белгилүү мааниге ээ. Албетте, кыргыздардын «бурут» ...на байланыштуу этнонимдик тарыхына жана этимологиясына ...пей туруп бул жерде анын этникалык мазмуну жөнүндө бир ...й айтууга болот. Бирок бул ойлор өзүнүн жаралганынан бери бир- ...никалык мазмуну бар «кыргыз» этнонимин каалагандай пай- ...ануу (мурда ошентишкен, азыр да кээ бир изилдөөчүлөр ошентет) ...бербейт.

Бул маселени чечүүдөгү барып турган кыйынчылык «кыргыз» этно- ...таандык эл (эң эле кур дегенде XVI-XVII-кылымдарда) бир эле ...илде Түштүк Сибирде, Чыгыш Түркстанда, Тянь-Шанда, Памир- ...йда, Орто Азияда, казак чөлдөрүндө, Уралда (башкырлардын ара- ...нда), башкача айтканда, бири экинчисинен алда канча алыс турган ...риторияларда жашагандыгы менен түшүндүрүлөт. Мунун өзү эле ...гыздардын этникалык тарыхы Орто жана Борбордук Азияда, ага ...наша орун алган областтардагы көптөгөн уруулардын жана элдердин ...лыптануу тарыхы менен тыгыз байланыштуу экенин далилдеп олтурат.

Енисей дарыясынын башатынан ары алыста — Түштүк Батышта ...катан Ура-Төбөгө, Афганистандын Бадахшанына чейинки аралыкта ...кыргыз» наамын алып жүргөн элдин жашап жатканын деги кантип түн- ...ндурсө болот? Биздин доордун 1 кылымынын аягында бул наам ким- ...ерге таандык болгон: саясий биримдикебн, уруулардын башкаруучу- ...территориялык же аскерий-көчмөн ынтымактыгынабы? Эгерде ошо кез- ...IX—X кылымдар) кыргыз мамлекетинин болгондугу жөнүндөгү та- ...рыхый булакка таянсак, анда аны уруулук салттар башкарган алгачкы ...феодалдык типтеги мамлекет болгон деп түшүнүүбүз зарыл. Ал мамле- ...кет биримдигине кирген уруулар өз этнонимии, уруулук наамын сактап ...луушу да мүмкүн эле. Андыктан IX-X кылымдарда кадимкидей калып- ...нып калган «кыргыз» наамындагы элдүүлүктүн болгондугу жөнүндө- ...кө кээ бир окумуштуулардын далилин тануу кыйын.

Сыягы этникалык жалпылыктын тарыхый этабы кабылдаган кыр- ...гыз элдүүлүгүнүн түзүлүшү бир топ кыйын болгон окшобойбу. «Кыргыз» ...деген наамды эч ким өзүнө «ыйгарып алган» эмес, ал бара-бара тарыхый ...өнүгүүнүн жүрүшүндө, кыргыз этносунун түзүлүш процессинде гана эт- ...никалык жеке наам катары бекемделген. Мындан ондогон жылдар ил- ...гери кыргызмын деп өзүнүн улутун атаган адам сөзсүз түрдө уруусунун ...наамын да кошумчалаганы мына ушуга байланыштуу болушу ыктымал.

XX кылымдын башында тээ алыскы Куэнь-Лунь тоолорунун арасын- ...да жашаган кыргыздардын негизги тобунан четте калган кичине топ ...кыпчакпыз дешкени менен негизинен өздөрүн кыргыздар деп эсептешкен. ...Анткени өткөн кылымдарда өздөрүнүн негизги «ядросунан» ар түрдүү ...себептер менен бөлүнүп калган бир катар уруулар саясий бирнмдикке ...тиешелүү жалпы наамды кабыл алуу менен бирге өз уруусунун наамын ...да жоготушкан эмес.